

Рыскулбек БОБУКЕЕВ

# ТАГДЫР ОЗУЙПАСЫ

Рыскулбек БОБУКЕЕВ

# ТАГДЫР ОЗУЙПАСЫ

*Повесттер, аңгемелер, ырлар*

ТОГУЗ-ТОРОУСКАЯ районная
ЦЕНТРАЛЬНАЯ БИБЛИОТЕКА
ИНВ № 3251

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана
Инв.№ 32203

«Турар»
Бишкек – 2015

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4
Б 72

**Бобукеев Рыскулбек.**
Б 72 **Тагдыр озуйпасы**: Повесттер, аңгемелер, ырлар. – Б.: Турар, 2015. – 300 б.

ISBN 978-9967-15-466-7

Автордун алгачкы «Мимоза», «Ак кайың» аңгемелери, «Үйдүн көркү» публицистикалык макаласы «Ленинчил жаш», «Советтик Кыргызстан» газеталарына жарыяланып, Кыргыз радиосунан берилген. «Мимоза» аңгемеси алтын фондуга алынган. Ал «Күн көтөргөн адам», «Аппак маанай», «Эмгек үзүрү», «Айлымда бир жылдыз бар», «Сыймыктын конушу», «Классташыма сыймыктанам», «Баатыр менен барабар» ж.б. көркөм очерктери, «Көктөмдөгү эмгек шаңы», «Ор-Казган жөнүндө ой» ж.б. көпчүлүктү түйшөлткөн публицистикалык макалалары аркылуу өз мезгилинде басма сөз беттеринен окурмандарына белгилүү болгон.

Колуңуздагы китепке автордун повесттери, аңгемелери жана жаңы ырлары топтолду.

Б 4702300100-15

УДК 821.51
ББК 84 Ки 7-4

ISBN 978-9967-15-466-7

© Бобукеев Р., 2015

# ПОВЕСТТЕР

# АБАСКАНДЫН АРМАНЫ

Так ошол чыкылдаган чилденин күндөрүндө куу мурут, куу сакал, ак каш калчылдап жинденген абышкалардын багаар-көрөрүнөн ажыраган көз оттору өчкөн, тиштери шалдырап түшүп бүйлөлөрү калган, баштары калчылдаган карыялардын жатаканасын кыдырып жүрүп, өзүмдүн жердешим, бир айылдык, болгондо да менин бир кезде жазган очеркимдин каарманы, айылдын жакшылык-жамандыгында бирге болгон жакын таанышыма туш болдум. Алгач көргөндө анын бул жерге келгенине ишенгеним жок. Кроватта жаткан абышкага салам айтып, колун кармадым да: – Качантан бери бул жердесиз? –дедим. Ал мени тунарган көзү менен жалдырап көпкө үн-сөзсүз тиктеп турду. Мен кроваттын кырына көчүк басып отурганымда, ээги кемшиңдеп ыйлагысы келип, бирок көзүнө жаш келбеди. «Мени эми тааныды го» – деп ойлодум. Менин суроомо ал ушул бозоргон көз жашы, кемшиңдеген ыйы менен гана жооп берди. Көрсө, колу да, буту да иштебей, кулагы укпай, тили булдуруктап сүйлөй албай калган экен. Кайран киши, баатыр киши! Фашизмден эл-жерин коргогонго катышып, анын азап-тозогунда жүрүп өлүмдөн зорго суурулуп чыккан эр киши! Ушул минутада Нодар Думбадзенин: «Эгер менин эркимде болсо, Улуу Ата Мекендик согушка катышкандарды да, андан курман болгон ар бир жоокерге Советтер Союзунун Баатыры деген наамды ыйгараар элем» деген сөзү эске түштү. Мен да бул кишини Советтик жоокер, Концлагердин азабын тарткан, Сибирдин сүргүнү катары тагдырдын азап-тозогун моюбай көтөрүп, акыры өзү туулуп өскөн айылына келип, сүймөнчүлүктүү адамы болгондуктан «баатыр» намын ыйгармак элем. Кудайдын жөнөкөй бир пендеси! Ууру кылбаган, ушак айтпаган,

бирөөгө жамандыгы жок, маңдай тери, ак эмгеги менен күн көргөн, болгондо да кужурмөн эмгекчил адам эле. Ошол тарткан мээнети менен очор-бачар үй-бүлө, өзүнчө дөөлөт күтүп калган. Ошол балдар-кыздары туруп ушул жерге келгенине бир чети тагдырдын салган озуйпасына таң калдым, бир чети зээним кейиди.

Ал жөнүндө Улуу Ата Мекендик согуштун 45 жылдыгында «Ленинчил жаш» газетасына «Баатыр менен барабар» деген очерким чыккан. Ал башын жаздыктан көтөрүп-көтөрбөй менин колумдагы блокнотумду карады да башын ийкеңдетип койду. Көзүн бардап-бардап алып мени жалдырай карап калды. Анын бул көз карашы «мени дагы жазганы келген турбайсыңбы» дегенди билдирип турду. Мен анын селейип муздап калган колун кармадым да: «Ооба, жазганы келдим» – деп блокнотумду көрсөттүм. Ал: «Менин эмнемди жазмак элең тагдыр озуйпасы мени ушул абалга алып келгенин көрүп турбайсыңбы» дегенсип мунарган көз караш менен башын шылкыйтты. Анын ушул акыбалын көрүп жүрөгүм сыздап кетти.

Аңгыча ак халатчан толмоч аял эшиктен кирип келди да: – Кечиресиз гражданин, бул киши сиздин туугандардан эмеспи»? – деп сурады.

– Айылдашы болом.

– Анда жакшы экен, баласымын деп бир мурутчан килейген кара жигит алып келген, экинчи келе элек, айтыңыз, үйүнө эле алып кетишсин. Кечээтен бери төмөндөгөндүн үстүндө.

Анын сөзүнө макул болуп башымды ийкедим.

Көзүн гана ирмегенге жараган бул армандуу кишини кыя албай бир аз турдум да коштошуунун ишаратын жасап, муздаган колун кыса-кыса кармадым.

Жолдо келатып армандуу адам жөнүндө жазган очеркимдин айрым эпизоддору көз алдыма тартылып жатты…

* * *

Батышта кан күйгөн мезгил эле. Абаскан да көп катары согушка аттанды. Аскерге кетип жаткандардын ага

туугандары, ата-энеси, өмүрлүк жары ыйлап, кээлери болду айтып «өзүңө өзүң тың бол, бул жакты сагына бербе, беттеген жоону жеңип кел» деген акылдарын беришсе, энелер менен келиндер эки көздөрүнөн күчүн чыгарып шолоктоп ыйлагандын үстүндө. Ал эми Абасканга акыл айтаар эч кимиси жок. Өзү томолой жетим, атасынын жакындары, ал турсун тууган-уругунун дайыны жогуна Абаскандын жүрөгү сыздайт. Анын таэжесинен бөлөк ага тууганынын жогуна арманы күч болду. Ал ушу согушка бара жаткандардын ичинен жалгыз обочо отуруп алып өксүп ыйлады. Аңгыча беш жашар баласын жетелеп, көпчүлүктү аралап жүргөн таэжеси Калипа Абаскандын жалгыз ыйлап отурганын көрө коюп анын жанына келди да, экөө кучакташа ыйлашты. Бирок Калипа ыйын токтото калып: «Жаман жорукту баштабай ыйлабайынчы» – деп өзүн токтото калып, жүзүн жууган көз жашын жоолугунун учу менен аарчыды да, Абасканга жалынып акыл-насаатын айта баштады:

– Болду эми ыйлаба, армияга сен эле эмес элдин баары, сендей сомодой жигиттер баратат. Андан көрө аманчылыгыңды тиле, аман барып аман кел, жалгыздын бир аты Кудай дейт. Кудайым өзү сактасын» – деп көңүлүн жубатты.

Аңгыча: «Катарга?» деген үн чыкты. Абаскан чуркап барып аскерге кетчүлөрдүн катарына какайып туруп калды. Командир буйрук бере сүйлөп жатты: «Ар бириңердин үч күндүк тамагыңар болсун, жылуу кийим алгыла, дабандан аша албай калсак жолго жатып калабыз. Эч кимиңер качпайсыңар, качсаңар душман катары атыласыңар. Менин командамсыз эч кимиң өз эркиңерче басып кетпегиле. Кана эмесе, даярдангыла! Солго кадам шилтегиле!»

Катар бузулбай көчөнүн этегине чейин марш менен барышты да, андан ары узак жол. Ар кимдин ата-энеси, жакын туугандары, колуктусу, деги өзүнө күйгөн кишилери дабандын түбүнө чейин кошо узатып барышты. Мына ушул жерден ыйлаганды айтпа. Алардын ыйынан адамдын бүткөн бою калтырайт. Баласынын мойнун кучактап ыйлаган эне,

аялын, баласын кучактап ыйлаган аскерчи. Деги Калдама ашуунун ушул түбү ыйга толду. Ар биринин армандары айтылды. Бирок Абаскандын дагы бир арманы айтылбай калды. Абаскандын дегдегени айылда көңүлү түшүп жүргөн бир кыз бар эле, аты – Сыягүл. Ал көпчүлүк арасынан көрүнбөйт. Кур дегенде анын колунан кармап: «Кош бол» – деп айта албады. Казарман мектебинин бардык класстарын калтырбай кыдырып чыкты. «7-класс» деген жазуусу бар класска эки жолу баш бакты, кыз жок. «Бүгүнкү кымгуутта сабак болмок беле. Мугалимдерден да аскерге жөнөп жатпайбы» – деп ойлонду. Ал ар биринин арманын, бышактап ыйлагандарын тыңшап коюп угуп олтура берди. Анын ой-санаасы, эс тутуму бир гана Сыягүлдө болду. Сыягүл менен мурда эле таанышып алса болмок. Өзүнүн тартынчаактыгынан, мококтугунан, уялчаактыгынан анын жүзүнө тик багып карай албады. А балким, жаш жүрөгүнүн сүйүүсү кыздын колунан кармоого даап тута албагандыр. Чыныгы сүйүүнүн сүрүбү, айтор, бир курдай мектептен келе жаткан Сыягүлдүн астынан тоскону жакшы эле бел байлап чыккан, каскактуудай болуп бир тууган байкесинин үйүнө жеткенде жеңеси үйүнө чакырып албадыбы. Ошондо Сыягүл Абасканды бир карап алган. Ошол карашы Абасканды эритип ийе жаздаган. Ал Сыягүлдү карап нес болгонсуп туруп калган. Бүткөн бою чымырап, денесин калтырак баскандай болуп кеткен. Эгер жеңеси болбогондо Сыягүл экөө учурашышмак. Анын колун кармап жүрөгүндөгү, көөдөнүндөгү, көз отундагы сүйүүнүн бир белгисин билдирмек. Абаскан тоо таяна ашуу жолунда Сыягүлдү көз алдына элестетип, ага акыркы өз оюн, өз сүйүүсүн айта албай, кыз колун кармай албай калганына арманда болуп баратты.

Аскерлер ашуунун туу белине чыкканда беттеген душманды жеңгенсип ураалашып тумактарын, тебетейлерин көккө ыргытышып, тоо абасынан кере дем алып, киндик кан тамган жерин, анда калган ата-энелерин, бир туугандарын сагынуу менен кайра келип кайрылып көрөөрүн чоң үмүт менен бир топко карап турушту. Абаскан да: «Кош,

Алтын-Чөйчөк Ата Мекеним, кош, Сыягүл» – деди да тебетейин баса кийип жол тартты.

* * *

Ал согуш майданына барганчакты эки ай даярдоо курсунда болду. Таң сүргөндөн жатарга чейин жер тепкилеп, жыланча сойлоп, чуңкур казып, жүгүрүп, бийиктиктен, узундуктан секирип, найзалуу мылтыкты иштетүүнү үйрөнүп, майдан талаасында кадимкидей жоо менен атышып, замбирек, пулемет сүйрөп, деги согуштук машыгууну өткөрүп жүрдү. 5 саат гана уйку аралабаса солдаттык тартип болгондо да Сталиндин темирдей тартибинде жүрдү. Сыягүлгө кат жазганга колу бошободу. «Айылда жүргөндө эмнеге кат жазган жокмун, бир жагынан кат жазбай эле Сыягүлдүн колунан кармайын дегем. Ал мага кантип колун сунаар экен. Анын колу өтө назик, жылуу, жумшак, аппак болушу керек эле. Мен ошол колду, жумуру татынакай ак билекти кармагым келчү. Ошол колду учурунда кармай албай, мына эми кармайм деп жүрүп минтип арманда олтурганымды кара» – деп өзүн өзү жемеледи.

Бүгүн аскердик окуу, үйрөнүү, машыгуу талаасына барышкан жок. Солдаттарды эртең менен тамактандыргандан кийин мончого алып барды. Мончодон кийин эс алуу берди. Жоокерлер колдоруна кагаз, калем сап кармашып үйлөрүнө кат жазышты. А Абаскан кайсыл үй-бүлөсүнө жазмак эле. Апасынын бир тууган эжеси бар эмес беле. Жети жаштагы Абаскан апасы кайтыш болгондо ошол таэжесинин үйүндө болчу. Ошол таэжесине кат жазабы, анын баласы дагы согушка кеткенине бир жылдан ашып калбадыбы. А кемпир ойдо жок жерден эле: «Уулум Макеним аман-эсен келсе, ушул Сыягүлдү келин кылып албасамбы» – деп ой жоруп кобурап калганын укканда Абаскандын ичи таарый түшчү. Эмнегедир Сыягүлдү эч кимге ыраа көрбөй, кол тийгизбей, сөз айттырбай ичи тарланчу.

«Эмки жумага жетпей согуш майданына аттана тургандан кийин эмнеге кат жазмак элем. Жазганда эмне деп жазам. Машыгууда болдук, согушка жөнөгөнү жатам деп жазмак белем. Кызга биринчи катты ушундай супсак кылып жазбайт, бир учкундуу сөздөрдү таап, аны окуганга мажбурлагандай кылып ой айтып жазыш керек. Мен согуш талаасында, согуш майданындагы айыгышкан кармашты сүрөттөп Сыягүлгө кат жазып турам» деген ойго чөмүлдү да колундагы актай баракты төрт бүктөп төш чөнтөгүнө салды.

Аскерлерди төрт катарга тизип, темир жол станциясына алып келишти. Анын өйүз-бүйүзүндө, жол бойлорунда, чакан аянттарда эл толуп кеткен. Чуру-чуу түшүп, топ-топ болуп бакылдап жаткан эл.

– Гитлердик каракчылардын таш-талканын чыгарып, Жеңиш менен келгиле! – дешип, душманга кыжырдануу менен бакыра сүйлөгөн карыялардын үндөрү угулат. Абаскан элдин арасынан бир кыз аскерчи баланы кучактап, бети-башынан өпкүлөп, жөнөө үчүн паровоз сигналын бакыртып кыйкыртканына карабай жигит кызды таштай албай, кыз-жигиттен айрылгысы келбей турганын көрүп аргасыздан Сыягүлдү армандуу эстеди.

Эшалон күнү-түнү бирдей добуш менен күпүлдөп, лакылдап такылдап, Батышты көздөй баратты. Поезд кайсы бир станцияга келип, 5–10 мүнөттөн ашыгыраак токтоп туруп калды. Ошол замат радиодон Москванын алдында айыгышкан салгылашууда Советтик аскерлер гитлердик Германиянын мизин кайтарып артка сүрүп баратканын кабарлады. Бул сүйүнүчтүү кабардан улам вагондордун ичи ураалаган үндөргө толуп кетти. Поездде бараткан аскерчилердин бардыгынын кабагы ачык, бардыгы жайдары шайдоот, алар Жеңиш биз тарапта болоорун толук ишеним менен айтып жатышты.Абаскан да бардык аскерчилердей эле жайдарылана сүйүнүп, буюрса душмандын көрүнө казык кагып, Жеңиш менен эл-жерине бараарын, Сыягүлгө жолугаарын элестетеге кыялданып жүрүп олтурду. Поезд таң сүрөп калганда Волга

дарыясынан өтүп, «Н» станциясына токтоду. Анын сол тарабында да, оң тарабында да талкаланган курулуштар, бомбадан оюлган чуңкурлар, каршы-терши сунулган карагайлар, кабыргалары каркайган үйдүн дубалдары, жолдордун бузулганы аскерчилерге суук көрүндү. Суунун аркы өйүзүндө бир кыштак өрттөнүп жатты. Станциядан көп алыс эмес жерден тытыраган октордун, онтогон снаряддардын жарылганы угулат. Поезддеги аскерчилер перронго түшөөрү менен: «Катарга тизилгиле!» деген буйрук угулду. Мына ушул жерден алар тымтыракайы чыгып, аскердик бөлүктөргө бөлүндү.

Согуш талаасынын алгачкы чеги. Ийри-буйру казылган окоптон башын кылтыйтып чыгарган солдаттар. Көп өтпөй заматта күн бүркөлгөндөй боло түштү Абасканга. Көрсө, душмандын самолеттору согуш майданынын үстүнөн кара таандай каптап келатыптыр. Асты менен күпүлдөтө бомба ташташты, андан соң ок жаадырып, шукшурулуп майдан талаасына кирип келди да, кайра асманга көтөрүлүп жатышты. Бул учурда жер астын-үстүн болгондой эле сезилди. Жанындагы орус жигити: «Ма-ма!» – деп чаңырып алды да, чалкасынан кеткен боюнча суналып жатып калды. Аны көргөн Абаскан аман калуунун аракети жөнүндө ойлобой да калды. Суналган денеси күкүм болуп чачылган өлүктөрдү көргөндө өзүнүн жаны да заматта көз ачып-жумганча чымындай учуп кетээрин сезди. Ажал огу качан болбосун бүгүнбү же эртеңби, айтор, кезеги келгенде тиери ага белгилүү болду. Абаскан бул ойдон суурулуп чыгаары менен душмандын жер жайнаган танкалары ок бүркүп келатканын көрүп жүрөгү түштү.

Душмандын аба майданындагы самолеттору ташталган бомбалардан, танктардан атылган снаряддардан, жер жайнаган желдеттеринин таманынын астынан тирүү жан калбоочудай туюлду Абасканга. Кудайдан болуп түз эле Абаскан тарапка келаткан танктан өрт чыгып бықшып түтөп, тыбырчылай жатып ок аталбай токтоп калды. Ичиндеги немецтер сыртка чыга баштаганда эле бута аткандай үчөөнү ыргыта атты. Көптөгөн душмандын танкалары биздин көзгө атаар

мергенчилердин колунан алга жыла албай кара түтүнгө айланып жатты. Танктардын далдаасынан душман желдеттери жакындоодо. Бул кезде: «Атака!» деген команда угулду. Биздин солдаттар окоптон секирип чыгып, ураалап алга жылышты. «Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде» дегендей эл-жерибизди коргоо ар бир солдаттын милдети, менин да милдетим. Окопко башын катып өз жанын коргогон корккоктор арттагы көзөмөлчү командирдин огунан мерт болгуча душман менен кашык кан калганча таймашуу керек. Намысына келген Абаскан мына ушул минутада душманга карай атылган огу менен кошо окоптон учуп чыкты. Айгай салган аскерлер менен кошо шиштелген мылтыгынан ок чыгарып, ураалап баратты. Бышкып түтөп жаткан немец танкасынан өтө берээрде оң бутунун балтыры «тыз» дей түштү. Кызуулугу менен 15–20 метрдей чуркап барып бутун сүйрөй албай боортоктоп жатып калды. Ажал огу Абаскандын үстүнөн тиер-тийбес болуп чуулдап өтүп жатты. Абаскан жардамга келчү аскерлерден көзү өтөт. Аскерлер болсо боортоктоп сойлоп, ыңгайы келгенде көз ачып-жумганча багыт алган чуңкурга чуркап барып жатып калып,кайрадан андан секирип чыгып автоматтан ок жаадырып бара жатышты. «Жардамга!» деген Абаскандын үнүн уккан жоокер бүкчүңдөп чуркап ага жетип келди. Бомба тийген чуңкурга Абасканды сүйрөп келип бутун чече койду, өтүгүнүн кончуна кан толуп кетиптир. Абаскандын ички көйнөгүн чече коюп, ок тешип кеткен балтырын бекемдеп таңа баштады.

«Эчтеке эмес, бул жараттан өлбөйсүң, санпунктка эптеп жетсең болду. Андан көрө душманды кууп баратканыбызга сүйүн.Орус эли эч качан душмандан жеңилген эмес. Биз гитлерди капут кылабыз. Кудай бар, ишен!» Ата Мекенине берилген орус элинин чыдамкай, өжөр чыныгы уулунун душманды жек көрүү менен кыжырлана айтканы ок тешип кеткен бутуна кайыл болгон Абаскандын көңүлүн көтөрүп, өмүр максат үчүн күрөшүүгө шыктандырды. Чепеңдеген, чекчеңдеген орус жоокери Абасканды чуңкурдан чыгарып,

траншеяга сүйрөп алып келди. «Сен эптеп окопто октон калкаланып туруп тур. Бул траншея менен сени санчасттагылар алып кетет. Кош, мен алга кеттим. Фашисттерден ата-бабаларыбыз үчүн, өлгөн жоокерлер үчүн өч алабыз!» – деди да, чуңкурдан секирип чыгып көздөн кайым болду.

Абаскан анын атын сурап калбаганына кейиди. Бир аздан соң эки орус кыз келип, Абасканды носилкага салышты, анын көзүнө алар төртөө-бешөө болуп көрүнүп, башы айланып жер көчүп турду.

* * *

Госпиталда канча күн, канча түн жатканын Абаскан билген жок. Бир кезде көзүн ачса керебетте жатканын сезди. Ар жактан онтогон добушту укту. Сол буту селейип тоңуп калгандай кыймылсыз. Ал оң бутун бүгүүгө аракеттенди, колдорун кыймылдатты. Оор үшкүрүнүп алды да, окопко сүйрөп келген орус солдатын издеди. Кыймылга келген Абаскандын жанына көз айнекчен орус кызы келип, анын кеберсиген ээрдин нымдалган марли менен сүртүп койду.

– «Тынчтаныңыз, тынчтанып жатыңыз. Карачы таң агарып келатат.Сиз эң жакшы операциядан өттүңүз. Бат эле сакайып каласыз» – деди да нары капталдагы онтогон жарадарларга кетти. Медсестраны көргөндө Абаскан Сыягүлгө жолугушууга барганда анын колун кармай албай калганын эсине түшүрдү.

– Менин минтип чала жан болуп жатканымды Сыягүл укпаса, билбесе экен, – деди ичинен. Ушул абалында да Сыягүлгө кат жаза алмак эмес. Ал өзү кат жазгысы да келбеди. Эгер согушта эрдик көрсөтсө анда жазмак.

* * *

Абаскандын госпиталда жатканына эки айга жакындап калды. Балдакчан эшикке кирип-чыгып калды. Колуна калем кармап, киндик кан тамган жерин сагынганын билгизип таэжеси Калипага кат жазды.

«Ала-Тоо койнундагы Алтын-Чөйчөктүн атыр жыттуу абасынан дем алып, жашыл кымкап жамынган жеринде жашап жаткан эжем Калипага жаралуу кийиктей болуп госпиталда жаткан Абаскандан сагынычтуу салам кат! Эже, сак-саламатта жүрөсүзбү, уулуңуз Макенден кат-кабар алып жатасызбы? Мен Алтын-Чөйчөк жергесин, Сизди аябай сагындым. Үйдө ким менен жашап жатасыз,уулуңуз Сагынбек жаныңыздабы. Ал чоңоюп калдыбы? Менин ал жакта Сизден бөлөк кат жазарым жок экенин билесиз да. Айылдагы жаңылыктардан билгизип,кат жазып туруңуз». Абаскан: «Сыягүл кайда?» – деп жазып алып, аны кайра өчүрө салып: «Балдар-кыздар эмне иш жасап жатышат» – деп оңдоп жазды. Ал госпиталдын адресин жазып, катты почта ящигине салып жиберди.

Госпиталдан сакайып, бүгүн-эртең чыгат деп жаткан учурда ага таэжесинен армандуу кат келди. Макенден кара кагаз келип, 12 кабыргасы ыдырап сөгүлүп, ичинен кан жутуп, өлөйүн десе жан таттуу, кирейин десе жер катуу экенин, айла жоктон чыдап өлбөй тирүү жүргөнүн, баласы Макенге ылайык көрүп жүргөн Сыягүл кайсыл бир айылга турмушка чыкканын жазыптыр. Айрыкча Сыягүлдүн турмушка чыкканын окуп алып, Абаскан токмок менен төбөсүнөн бирөө ургандай эле болду.

* * *

Госпиталдан чыккан Абаскан мурдагы эле полкуна кайра келди. Полк Двина дарыясынын сол жээгиндеги салгылашууда душмандын чабуулунан улам аргасыздан коргонууда эле. Анткени полк танкалык десанттын коргоосу астында айылды фашисттен тазалап, эми мына бир аз болсо да дем тартып эс алып алалы дегиче болбой суунун оң жээгинен душмандын аёосуз жыш ок атуусу болду. Полктун командири үчүнчү батальонду түндүн ымырт караңгылыгында эч шек билгизбей тымызын сууда сүзүп өтүүнү буйрук кылган.

– Сен жигит суудан сүзгөндү билесиңби? – деп сурады мурутчан старшина.

– Билем, жолдош старшина, – деди ал. Абаскан Нарын дарыясынын жээгинде жашап жүрүп шар аккан дарыянын наркы өйүзү менен бул өйүзүнө чабак уруп сүзүп чыгып, кээде суу кирген мезгилде эки өйүздүн элинин аттарын тизгиндеп суунун «өйүз-бүйүзүнө» алып чыгып бергени эске түштү. А, бирок Абаскан мелмилдеп жай аккан Двина дарыясынан эмне үчүн өйүзгө өтүшүн жана бул буйруктун аткарылышын камсыз кылуунун стратегиясын билген да жок. Тек гана жамгырдай жааган окко карабастан дарыядан сүзүп өтүү милдетин гана билген. Батальондун курамы дарыдан текши чыга берээрде душман туюп калса керек, миномет менен пулеметтон ок жаадырып киришти. Буга жооп кылышып шалбырап суу болгонуна карабастан ар чуңкурга паанала-ган Абаскандар да ок менен жооп берип жатышты. Чоң түп кайыңга далдаланган Абаскан душмандын эки пулеметунун уюгун жок кылды. Жоокерлер калың бадалга далдааланган учурда полктун командирине рация аркылуу артилериянын огун немистер ээлеген дөңсөөнү көздөй мээлөөнү өтүндү. Ошол замат артилериядан тынымсыз аткылоодон улам душман алсызданды көрүнөт. Абаскандар шамдагайлык менен душмандын окобуна кирип барышты. Абаскан душмандын пулеметчигин ыргыта атып, анын пулеметун ээлеп алды. Ушундан кийин негизги күчтөрү дарыядан өтүп, фашисттерди артка чегинүүгө аргасыз кылышты.

* * *

Орус кышынын каардуу суугу тим эле жандан өтөт. Жол жүрүү өтө татаал болду. Жоокерлер түн жамынып токой аралап душманга шек алдырбай тымызын жөнөштү. Абаскан кызмат өтөгөн полку шаарга жетээри менен коргонууга өтүштү. Бирок душман полкту курчоого алып, артыкчылык техникасы менен аларды колго түшүрүштү. Колго түшкөн жоокерлерди батышты көздөй айдап жөнөштү. Туткундарды чоң шаардын чет жакасындагы лагерге алып келишти. Ал жерден үч немистин кайтаруусунда Абаскандар урандылардагы

кыштарды чогултат, токойдон отун даярдашат. Бир күнү жыйырмага жакын туткундар үчкө бөлүнүшүп, кайтарган үч немисти шап кармашып оозун таңып, карагайга байлап автоматтарын алып токой аралап качып жөнөштү. Туткундар үч күнү-түнү тынбай жүрүп олтуруп дармандары кетип калган кезде бир кыштакка келишти. Кыштак эли аларды жылуу кабыл алышып, тамак-ашын берип, шөлбүрөп суу болгон кийимдерин кургатып чарчаганын эс алдырышты. Бирок кыштак тымтыракайы чыгып талкаланган. Андагы кары-картаңдар өлбөстүн күнүн көрүп жашап жатышкан эле. Эртеси кыштактын бойго жеткен орус кызы келип, качкындардын бардыгын бир сыйра карап чыкты да, аларды партизандардын отрядына ээрчитип келди. Бул жерден топ-топко бөлүнүп партизандык иштерди аткара башташты. Абаскан бөлүнгөн чакан отряд душмандын дары-дармек, азык-түлүк ташыган машиналарын тосуп, аларды колго түшүрүп андагы жүктү ат арабага жүктөп партизандык отрядга жеткирип турушту. Бирок партизандык отряддын жанындагы кыштакка немистер кол салып, кыштак ичи түндүн бир оокумуна чейин жалындап күйүп жатты. Партизандар артка чегинип бир күн кечке жөө жүрүп отуруп, Полтавага жакын жердеги советтик жоокерлерге кошулушту.

Деги согуш дегениң согуш. Көз ирмеген сайын өзгөрүүлөр, жүрөк үшүн алган коркунучтар болуп турду. Ал өмүр жолундагы мындай кан кечкен, адам чыдагыс өтө оор күндөрдү басканына өзүнчө сыймыктануу менен өмүргө тике карачу. Себеби кайда жүрбө, кайда болбо баары бир башта бир өлүм. Ажал жеткенде жарык дүйнө менен коштошуу ар бир пендеге парз. Деги согуштук турмуштун кайгысы да, кубанычы да бар экен. Айрыкча биздин катюшалар жалындай сойлоп, миналардан ок бүркүлүп, самолёттор абадан бомбасын себелеп кеткенде кара жер оор онтоп, асты-үстүнө карап калат. Ал эми душмандын жамгырдай жааган огун аралап, «Рама» самолетунан түшкөн бомбадан топуракка тирүүлөй көмүлүп, айрым жоокерлердин денеси топурак менен кошо

туш-тушка чачырап жатканын Абаскан өз көзү менен көрүп, мындай балакет кырсыктардан аман калганына бир чети таң калса, бир чети сүйүнүп жүрдү.

Согуштагы оор кырдаалдардан бар тобокелге салган чечкиндүүлүгү, шамдагайлыгы аны бир топ такшалтып койду. Анын бул сапатын баамдаган командири чалгынчылар тобуна кызмат өтөөгө чакырып алды.

Бай тажрыйбалуу чалгынчылар Попов, Ушаков, Земянин менен бирге чалгынчылыктын жоопкерчиликтүү тапшырмасын аткарып жүрдү. Бул жолу душмандан «тил» кармап келүү жана душман келүүчү жолдорду миналоо үчүн Поповдун чалгынчылары тапшырма алышты. Алар нөшөрлүү жамгыр аралап, Дон дарыясынын наркы өйүзүндөгү токойго кирип кетиши керек эле. Калың токойго кирүүгө бута аттам калганда алдыда бараткан камандир бир караанды көрө коюп, жер менен жер болуп жата калды. Анын артынан келе жаткан Абаскандар да жерге жатып калышты эле, заматта душмандын мөндүрдөй жааган огу үстүлөрүнөн тийип-тийбей чуулдап өтүп жатты. Абаскандын артында келе жаткан Земянинге ок жаңылды көрүнөт: «Мама!» – деп бакырып ийди да, ың-жыңсыз болду. Абаскандар эми турган жерин өзгөртүп, боору менен жыланча сойлоп артка чегинүүгө аргасыз болушту. Алар токойго аралап кирери менен душман оор артиллериядан үстөкө-босток аткылап киришти. Попов менен Абаскан жыгылган карагайдын астындагы чуңкурга барып башын катып жатып калышты. Ушаковдун дайыны жок. Бир кезде артиллериядан атылган ок токтой түштү эле, токойдун ичинде иттерди абалатып желдеттер тинтип кирди.

«Силер тезинен токойго кире качкыла, мен силерди коргоп автоматтан ок чыгарайын» – деди Попов, бирок Абаскан: «Өлсөк бир чуңкурда бололу» – деп душмандын желдеттерине карай автоматтарынан ок бүркту. Ошол кезде кайдан-жайдан келгени белгисиз он метрдей алыстыкта түшкөн снаряддын жарылганынан Попов менен Абаскандын кулактары тунуп, эч нерсе сезбей бири-бирине жөлөнүп туруп калышты. Абаскан менен Попов эс-учун жыйгыча душмандын желдеттери

келип, тепкилеп киришти. Эки колдорун артына байлап салышты да, артынан айдап жөнөштү. Дайыны жоголгон Ушаков да ошол жерден колго түштү.

Түн жамынган нөшөрлүү жаан алдында үчөөнү жер төлөгө киргизип камап ташташты. Сууга түшкөн тооктой болушуп, суу кийими менен шүмтүрөп жер төлөдө тикелеринен тик турушуп таң аткарышты. Алгач Поповду алып кетишти. Арадан эки саат өтпөй Ушаковду жетелеп кетти. Андан соң Абасканды желкеге койгулап үйдүн алдынкы жер төлөсүнө алып келишти, бул жерде да Попов менен Ушаков сурак берип жатышыптыр. Поповдун өңү таанылбайт. Жаагынан ылдый кан агып, саргыч чачы уйпаланган. Поповдун жанына келген фрицер:

– Сен командирсиңби? – деп сурады.

– Мен коммунистмин! – деп жооп берди. Суракчы ошол замат аны желкеге автоматтын кундагы менен коюп алды. Попов бүк түшүп жыгылды. Эки фриц аны топтой тепкилеп киришти. Абаскандын көз алдында байкуш Попов чала өлүк жыландай болуп, онтогонго алы келбей сулкуюп жатып калды.

– Сен солдат коммунистсиңби? – деди суракчы.

– Мен улуу орус элинин өкүлүмүн! Ушаков суракчынын жообун тоңдоосун кабыл алды.

– Сен кызмат өтөгөн армияда канча согуштук техника бар?

– Билбейм!

– Айткын!

– Билбейм! – деди Ушаков. Ошол замат Ушаков шалак эте кулады. Анын кантип жерге кулаганын Абаскан байкаган жок. Ушаков оор онтоп жатты. Тиги эки фриц Ушаковду сүйрөп Поповдун жанына таштады. Ушул көз ирмемде Абаскан өзү да Попов менен Ушаковдун катарында суналып жатарын сезсе да суракчыга шек алдырбай какайып туруп берди.

– Сен кайсы Армияда кызмат өтөдүң?

– Советтик Кызыл Армияда. Бул жооптон кийин суракчынын колундагы таякча жаагына шак дей түштү.

Чыңгыз Айтматов атындагы
райондук борбордук китепкана



Тогуз-Тороуская районная
центральная библиотека
Инв. № 32-51

– Сен да улуу оруссуңбу? –деп мыскылдады.

– Жок. Мен тоолук кыргызмын.

– Оо, тоолук кыргыз, сен кызмат өтөгөн Армияда канча согуштук техника, канча солдат бар экенин айтчы.

– Мен жөнөкөй солдатмын. Мендей жөнөкөй солдат Германиянын армиясында да бар.

– Сен да айтпайсыңбы? – суракчы тигил эки фрицке колун шилтей белги көрсөтөрү менен төбөсү каңк дей түштү эле жаш ыргайдын түбүнө курч балта мизи тийгендей жалп дей түштү. Абаскан мындан наркысын билген жок. Бир маалда Абаскан оорлонгон башын көтөрө албай көзүн араң ачты. Каракуш тарабы ооруп, сай ташындай салмактанат. Кабырга сөөгү өпкөсүн кысып, дем алуусун оорлондурат. Абайлап айланасын карады. Темир тордун ичинде кужулдаган эл. Кээси оңтоп, кээси ыйлап, кээси бакырып жатат. Көпчүлүгүнүн беттери тамтыксыз жараланган. Баштары, колдору таңылган. «Фашисттик концлагер деген ушул турбайбы» – деп ойлоду Абаскан. Жанында командири Попов да, катардагы жоокер Ушаков да жок. Ал экөөнү ушул туткундардын арасынан жакшылап абайлап, көз жүгүртүп чыкты.

«Командир Попов!» – деп кыйкырайын деди эле кыйкыра албады. Эмне үчүн алардан бөлүп, өзүн темир торго алып келгенин түшүнбөдү. Туткундардын өлгөндөрүн сүйрөп машинага салып жатышканын көрүп: «Поповдор да өлгөн го» – деп ойлоду. Ушул калыбында кыймылдай албай көпкө жатты да: «Менин дагы көрөр күнүм, ичээр суум бар экен» – деди ичинен. Мына ушул ажал торунун ичинде өлүк менен тирүүнүн арасында жашаганына бир айдай болуп калды. Ачкачылык өкүм сүргөн концлагерде күн сайын 50–60тан адамдын өлгөн денеси машинага жүктөлөт. Ачкачылыктын айынан көзүнө эмне көрүнсө ошону жегиси келет. Күндө бир маал чала бышырылган эки тоголок картошка же бир сындырым кара нан. Бирок Абаскандын токмок жеген жери айыгып, кара кушу салаңдабай бир аз сергип калды. Темир тордогулардын ичинен тыңыраагы Абаскан болду. Андагылардын



Чыңгыз Айтматов атындагы
районный борбордук китепкана

сынган колу-буттарын таңа коюп, табыпчылык ишке да жарап жүрдү.

Күндөрдүн биринде темир тордогулардын ичиндегилерден өзү басып, тыңып, ишке жарактуу болгондорун иргеп, өзүнчө бөлүп сыртка алып чыкты. Алардын катарында Абаскан да бар эле. Аларды эки катарга тизип алып, овчарка иттери менен немец солдаттары айдап жөнөдү. Кыштактын чыга беришинде төрт атчан немец офицерлери туткундарды көз алдынан өткөрүп турушуптур. Ортодогу боз атчан офицер негедир Абасканга тааныш өңдөндү. Ал айылдашы, болгондо да таякеси Сарыбай экенин таанып-тааныбай баратты. Качан ал боз атчандын тушуна келгенде: – Сарыбай аке! – деп кыйкырып жиберди. Боз атчандын буйругу менен туткундардын колоннасы тык токтоду. Ит жетелеген эки солдат заматта Абасканды желкелеп боз атчанга алып келишти. Боз атчан офицер камчысы менен жон талаштыра эки-үч жолу чапты да:

– Эмне бакырасың? Сен кимсиң? – деди. Эки колу артына байланган Абаскан Сарыбайдын өзү экенине ишенип, өз таякесин көргөндө сабаганына кайыл болуп, анын үзөңгүнү чирене тепкен бутуна башын жөлөп: «Сарыбай таяке!» – деп буркурап ыйлап жиберди.

– Сарыбай аттан эңкейе анын желкесинен кармады да: – Эй, сен кимсиң деп жатам? – деди заарын чача.

– Мустапанын баласы Абаскан эмесминби? – Сарыбай тааныса да таанымаксан болуп, же тигил коштоп жүргөн офицерге шек билгизбес үчүнбү, айтор, буту менен Абасканды тээп жиберди эле ал чалкасынан жыгылып калды. Сарыбай жан-жөкөрүнө Абасканды бир жакка алып кет дегендей колун көрсөтө немисче бирдемелерди айтты. Эки жоокер Абасканды өйдө тургузду да туткундардын катарына кошпостон өзүнчө бөлүп, асфальттанган чоң жолдон өтүп, поезд жолу менен айдап жөнөштү.

Согуш чыгардын алдында Армияга жаңы алынган Сарыбайды айылдан райондун борборуна чейин ат менен жеткизип келгенин, өз апасы менен бир тууганынын баласы

Абасканды тааныбай калганына, тааныса да тааныгысы келбей жыга тээп, эки немистин алдына салып берип: «Атсаңар атып таштагыла» дегендей кайдыгер болуп койгонунан улам өмүрүнүн мындай коркунучтуу тагдырына, өлүм күтүп турганына өкүндү. Эми качан эки немистин автоматынан татыраган үн чыгарын, кайсы чуңкурга келгенде атышаар экен деп эки жагын карана, денеси дүркүрөп эси чыгып баратты. Алар көп узабай токтоп турган поездге келишти. Бирок поездди көзөмөлгө алган аскерлердин кийген кийимдери башкача бир формачан, немистерге окшобогон эле. Алардын сүйлөгөн сөзү да башкача. Эки аскерчи Абасканды поезддеги көзөмөлчүлөргө тапшырып жатып далысынан таптап: «Италия, Италия» – деди эле Абаскандын бүлбүлдөп өчүп бараткан жашоо үмүтү кайра жангандай боло түштү. Ошентип Абаскан немистер кармаган туткундардын катарына кошулуп, поездде кетип баратты. Поезд шакылдап, кээде озондоп кыйкырып коюп бир калыпта термелет. Термелген поезд, Абаскан да терең ойго чөмүлүп Сыягүлгө жетпей калганынын, эмне болгон күндө да аны бир көрүүгө кумардар болгонун, бирок «Италия» деген өлкөгө барганда да Сыягүлдү эзели көрбөстүгүн ойлонуп, бул арман дүйнөнүн артында өз тагдыры кандай болорун элестете албай, ой-санаа мейкининде термелип баратты. Термелген поезддеги туткундар да өлүм менен өмүрдүн бычактын мизинде турганын, ажал чиркин качан чарт кыйыларын күтүп жаткандай бири-бирин кооптуу карашат. Эмнегедир туткундардын ичинде өңдөрү кара тору, сары чач, көк көз орустар көрүнбөйт. Поезд шакылдап баратты. Бир кезде Абаскандын капталында отурган туткун:

– Баурум казаксыңбы? – деп сурады. Мындай өзүнө жакын сөздү көптөн бери укпаган Абаскан сүйүнүп кетип, анын колун кыса кармап: – «Кыргызмын, тоолук кыргызмын, сиз кимсиз?» – деп жиберди.

– Мен казакмын. Казак-кыргыз бир тууган. Бир тууган турмаймызмы, тагдырымыз бир экен, таанышып алалы. Атың ким?

– Абаскан.

– Менин атым – Нөпөрбай.

– Бизди Италияга алып барат дейби?

– Немистер колго түшкөн туткундарды концлагерине батыраалбай калбадыбы.

– Концлагерге алып барышканын эс-учумду жыйгандан кийин билдим. Анда болгонума үч айдан ашты.

– Биз эми кимге кызмат этерибизди, кимдин автоматын кармап, аны кимге багыттаарыбызды билесизби? Абаскан таң калгандай, «жок» дегендей ийнин куушуруп жооп берди.

– Эмесе баурум, угуп тур. Биз эми «Алаш ордочуларбыз», орустардан бөлүнүп Түркстан өлкөсүн куруу үчүн бараткаными билип кой! Бул жөнүндө кабарың жок турбайбы баурым, анда угуп тур. «Алаш-Ордо» идеясы мындан кырк жыл мурда пайда болгон пантуркизмден келе жаткан агым. Пантуркизм дүйнөдөгү түрк тилдүү элдерди бириктирүүчү өзөк. Ал өз кезегинде «Туран» партиясы деп аталчу. Октябрь революциясынан кийин орустар Орто Азиянын элин өзүнө каратып алганда, «Туран» партиясы совет өлкөсүнүн бирден бир душманы болгон.Ал партияны жок кылуунун шылтоосу менен Казакстандын, Кыргызстандын көптөгөн эр-азаматтары атылган. Мүмкүн, сенин чоң аталарың да атылгандыр? Менин атам Казакстандын Билим берүү министрлигинде иштеп турганда: «Туран» партиясына мүчө экенсиң – деп кармап кетишкен. Кийин атылды деген кабар келди. Атамдын сөөгү кайда экени дайынсыз. Мына ошо бейкүнөө атылып кеткен аталарыбыздын өчүн алуу үчүн «Алаш-Ордонун» өзөгү болгон Түркстан легионунун кызматын аткарганга кетип баратабыз» – деп Абаскандын далысынан таптап койду.

Муну уккан Абаскан «Алаш-Ордо», «Түркстан», «легион» деген сөздөр эмне экенин түшүнбөй башы маң болду.

– Эми дагы согушпу? Өз элибизге, бир туугандарыбызга, бир боордошторубузга ок атабызбы? Орустар жалпы эл үчүн, биз да жалпы СССР эли үчүн душман менен салгылашып жатсак... эми кайра аларга каршы ок атабызбы? Кудайым

жер жүзүнө адамдарды бирдей даражада жасаган болуш керек. Анан эмне үчүн бири-бирине кастарын тийгизет. Биринин мүлкүн бири басып алууга, ач карышкырдай жутунган айбандар болуп чыга келишет. Болбосо адам канын төгүп, тытынып жатканын эмне менен түшүнүүгө болот? Карасаң, эми бир кандан жаралган элге кылыч кезеп, мылтык сундуруп жатканын»...

Абаскан баш катырган ушундай суроолордун кучагында турган убакта, күтүлбөгөн жерден тарсылдап-күрсүлдөп оор артиллериядан туш-тараптан ок атыла баштады. Термелип бараткан поезд чайпала түшүп вагондор бири-бирине уруна калдырап-шалдырап барып токтоп калды. Көрсө, Советтик Армия поездди токтотуп, аны толук курчоого алышкан экен. Вагондордогу туткундарды: «Эркиндикке чыктыңар. Өз эл, өз жериңерге барасыңар» – деп Советтик аскер тараптан кабар берилди. Вагондордон түшкөн туткундардын кээ бири ураалап кубаттаса, кээси кыңк дебестен, үн чыгарбастан моюн сунуп беришти да, калың токой аралап Күн Чыгышты көздөй жүрүп отурушту. Абаскандын сүйүнүчү койнуна батпай орус солдаттарына барып: «Братя» – деп кол кармаша учурашып жатты.

Бирок Абаскан күткөн эркиндик оңунан чыкпады. Колго түшкөн туткундарды Советтик Армия маңдайынан сылап өз үйлөрүнө коё беришкен жок. Гитлердин чынжырынан эптеп бошонгондор эми андан кем калышпаган Сталиндин темир торуна түшүштү. «Алаш» тобунун мүчөлөрүн Совет өкмөтүн бөлүп-жарууга катышкан анын душманы, «согуш саткындары» катары соттошуп, көпчүлүгүн Сибирге сүргүнгө айдап жиберишти. Абасканды да немистерде тутканда болгону үчүн жыйырма жылга эркинен ажыратып, Сибирдин жандан өткөн суугуна айдады.

Ал өмүр тагдырынын мынчалык азабында калып, Кудайдын каарына калганына зээни кейип ыйлагысы келди.

–Мен Кудайга эмне жаздым. Эмки өмүрүм ушул сүргүн менен өтүп кеткидей Кудайга эмне күнөө кетирдим – деп,

Кудайга тил кайрыды. Сибирдин ызгаардуу мунарыгында мелтиреп теребелди тиктеп олтуруп, эмне кылаарын билбей ойлоно берип башы зыңылдап ооруп кыйналып кетти. Ал терең үшкүрүндү да бир топко ойлоно калып, кайра өзүнө өзү кайрат айтты:

–Дени-кардым таза, кубат-күчүм Кудайга шүгүр. Кандай иш болбосун колумдан келет. Концлагердеги: «Качан эми атып өлтүрөт, сенин түбөлүк жаткан жайың ушул болчу» – деп, бир чуңкурга таштагандан деги кутулдум. Оору-сыркоодон Кудай сактасын, денеме күч-кубат берсе Сибирдин сүргүнүнөн бир күнү сүрүлүп чыгаармын – деп өзүнө дем берди. Эми ал мүңкүрөп, башын шылкыйтып жер карабастан маңдайына жазылган өмүр тагдырынын озуйпасын аткарууга киришти.

Алгач карагай кыйып, анын көк тиреген учу кай тарапка жыгыларын чалкалай карап, ал күп эте жерге боюн таштаганда бутагын бутап, метрлеп бөлүп, араалап трактор чегилген чанага жүктөп жүрдү. Кийин жер астына кирип, жер түбүн көөлөп, кум-шагылдарды чукулап вагондорго салат. Ал сыртка чыккан соң, кайда кеткени белгисиз. Туннелдин ичи жагымсыз жыт. Жер алдындагы туткундардын алы кетип, эптеп илкий басып, тыштагы жарыкчылыкты көрүүгө эки көзү төрт болчу. Кечээ эле жер үстүнө эптеп жанын сүйрөгөн сүргүндө жүргөндөрдү көрүп, концлагердеги көрүнүштү элестетип коёт. Кээде сыртка чыгарганда элдин көпчүлүгү үйүлгөн шагылдарды түзөп, анын үстүнө шпалдарды тегиздеп коюп, поезд жүрүүчү рельстерди улап киришет. Өз денесин өзү көтөрө албагандар жерге күп жыгылып суналган боюнча жан бергенде машинага салып кайдадыр алып кетишет. Бирок Кудай жар болуп Абаскан өз жанына тың, чыйрак жүрдү. Тайганын жан какшаткан суугуна моюн бербей жүрүп, Сталин олгондон бир жылга жетпей көкүрөгүндө арман толгон 8 жыл убакыт анын өмүрүнөн сызылып өтүп кетти.

* * *

Кар жамынып, уйку-соонун ортосунда тунжурап жаткан Сибирдин тайгасынын карагайлуу токою оронгон ак кардан арыла баштап, жаздын илеби келип калган эле. Абаскан Сибирдин жан чыдагыс ит турмушунан кутулганына сүйүндү. Бирок боштондук кагаз алганы менен жан кагазына өзгөчө белги салып берди. Ал белги «барган жеринде үч күндөн кечикпей тергөө органдарынын көзөмөлүндө болуусу керек» деген. Түрмөдөн чыгып, «Н» шаарынын темир жол вокзалына келди. Поезд бүгүн кетпей, эми 4 күндөн кийин Орто Азияга жөнөйт экен. Вокзалда ары-бери элеңдеп басып жүрүп, эшик тазалап жаткан аялга жолугуп калды. Аял Абаскандын каякка барып баш катарын билбей турганын айттырбай эле билип, менин атым Настя деп таанышып, үйүнө ээрчитип барды. Настяныкында эки күн түнөп калды. Эки күндүн аралыгында аялдын чарбалык ишин жасашып, короосун ирээттеп, огородуна күрөк сайып, картошкасын тигип жүрдү.Настя Абаскандын жасап жаткан ишин көрүп, жайдарылана жанына келип: «Азаматсың, ушул огород сени эле күтүп жаткан тура» – деди. Абаскан: «Эч нерсе эмес, эртең поезд кеткиче кол кабыш кылышым керек да» – деп тим болду. Аял заматта дасторконун жайып тамактандырып, мактап жатты. Ал Абасканга эмне жакшы нерсе болсо баарын берүүгө даяр эле.

«Сен кетпей эле койсоң болчудай. Бул жер сага жагат болуш керек» – деди Настя. Абаскан унчуккан жок. Анткени өзүнөн бир топ улуу аялдын көрүнүшү көңүлүнө жага берген жок. Бирок аял Абаскандын маңдайына отуруп алып, анын тамак жегенин кызыгып карап жатты. Тамактанып бүткөндөн кийин Абаскандын колун шап кармады да, жаагына басты. Делебеси козголгон Абаскан Настянын кучагынан чыга албай калды. Настя Абасканга эч нерсеге салыштыргыс үзүр тартуулады. Алар көпкө унчугушпай жатышты. Абаскан аялзатынан өмүрүндө биринчи жолу кумарланышы эле. Бирок ошол күндөн кийин Абаскандын ичинде уйгу-туйгу

тынчсыздык пайда болду. Айрыкча Сыягүлдү жан дүйнөсүнөн чыгаргысы келбеди. «Настя таза аял эмес, көрүнүшү да көңүлүмө жакпайт. Өзүмдөн да улуу» – деп өзүнчө кобурады.

«Сен үйдө отура бер. Милицияга барбай эле кой, менин таанышым бар. Сени учетко алдырам», – деп Настя Абасканды көчөгө чыгаргысы келбеди. Ал Абасканды кол бала катары багып алгысы келет.

Түштөн кийин Настя көз айнекчен купкуу болгон арык милицияны ээрчитип келди. – Сен бошонгонуңа беш күн болуптур, а эмне үчүн өзүң милицияга барып учетко отурбай жүрөсүң?

Настя милицияга: – Жок, жок, өзүнүн келгенине үч эле күн болду. Эс алып жатты, кечирип кой, мындан кийин такай барып турат – деп Абаскандан мурда жооп берди.

– Кечирип коюңуз деген сөзгө араң жарады Абаскан.

– Кечирип кой, мага ишен, мындан ары өзүм алып барып турам, Ваничка.

Настя Ваничканын колунан жетелеп, ашканага алып кетти. Абаскан аларга барган жок. Милициянын суроолорунан кутулганына ыраазы болду окшойт, терезе жакты жалдырап карап, тигилердин шарактап күлүп жатканын угуп олтурду.

Туулуп өскөн жерин бир көрүүгө зарланган Абаскан бул аялдан кутулууну ойлонуп жүрдү. Бир жумадан кийин Настянын жумушка кеткенинен пайдаланып, качып кетти. Эми Абасканда туулган жерге жетүүнүн гана жолу калган эле.

* * *

Карагайлуу токойду аралап келатып, темир жолго чыкты. Түн жамынган кезде шакылдап келаткан поездге жармашып керектүү багыт боюнча кетип баратты. Поезд станцияга келген кезде таң агарып калган эле. Поездден түшүп Орто Азия тарапка кетүүчү поездди издей баштады. Абаскан кыргыз түспөлдүү бир жигитти көрүп, сүйүнүп кетти. Анын жанына жете барып: – Кыргызсыңбы? – деп сурады. – Жок, казакмын,

Алма-Атага баратам – деди. – Жакшы болбодубу, экөөбүз бир багытка барат экенбиз – деп Абаскан казак жигит менен таанышты. Шакылдаган поезд казак талаасын аралап келатты. Абаскан термелип келатып, ойго батты:

– Эмне үчүн мен дале милициянын көзөмөлүндө болушум керек. – Согуштан качпасам, көптөгөн жоокерлер менен душманды жеңүү үчүн күн-түн дебей согушуп жүрдүк. Эгер контузия болбосом душманга кармалмак эмесмин да. Деги адилеттик кайда?» – ал өзүнө өзү суроо берет.

Бир жума жол жүрүп, акыры Абаскан өзүнүн туулуп өскөн жерине келди. Ал күн уясына аркан бою калганда ашуунун айры белине чыкты. Бул бийиктиктен алдыдагы Алтын-Чөйчөк өрөөнү алаканга салгандай даана көрүнүп турду. Абаскан өрөөндү көргөндө эреркеп, энесин көргөнсүп кубанып, ички көңүлү уйгу-туйгу болуп, «экинчи көрө албай калам го» деген дүпөйүл ой санаада өткөн согушка кеткен мезгилин эстеди. Андан кийинки адам чыдагыс азап-тозокту көрүп, өлүм алдынан суурулуп чыкканына кудайдан тилеген тилеги кабыл болуп, киндик кан тамган өрөөнүн көрүп ыйлагысы келип кетти. Эгер ал согушта курман болсо ушул ажайып кооз, туулуп өскөн жеринин жаратылышын кайдан көрмөк эле. Ал араң кайрат кылып тиштенип ь йын токтотуп, теребелге көз чаптырды. Тигинде Аралбай-Арча өзөнү, анын үстүндө Саймалуу-Таш, ага канатташ Миң-Жылкынын жайыгы, сол тарабында Көк-Дөбө, Үйрүм-Баш, Көк-Зоо. Мына ошол бири-бирине чиркелишкен тоолор уйдун тогуз катындай каткат болуп, бири-бирине өбөктөй, биринен бири бийиктей менменсип көккө бой керип, ааламга көмкөрүлүп турган көк асманга түбөлүк түркүк болуп тургансыйт. Бийик тоонун мөңгүсүнөн сарыгып тыным албай агып түшкөн суулар арча жытынын илебине кошулуп, дүпкүрлүү токойдун бутактарынан сыгылып чыккансып, тээ жашыл талааларга барганда бири-бирине биригип, Нарын дайрасынын куймаларын жаратат. Ал акырын өз ичинен күбүрөнүп, эми ушул улуу тоолордун кучагында «эркин жашоо» озуйпасын өткөрүп,

өмүр жолун кайрадан баштоону ойлонду да, ашуунун ылдый жагындагы Аралбай-Арча өзөнүн бет алып жөнөдү. Ылдыйды көздөй бирөө артынан түртүп жаткансып бийик беттен буту токтобой дегдеңдеп ыкчам эле тоо түбүндөгү булакка жете келди. Жер тамырынан оргуштап чыгып жаткан булакка жата калып аптыга суу ичти. Бир кездеги экинчи көрөмбү-көрбөйүмбү деп кетип баратып кайрылып кочуштап суу ичип, кош айтышкан булагын кайра көргөнүнө кудайга ыраазылыгын билдирди. Булактын сол тарабындагы үй ордундай жалпак кара таш, ошол таштын ортосунан жарып чыккан жалгыз түп арча. Анын бутактарында бир элидей айрынды чүпүрөктөр илинип калыптыр. Абаскан согушка кетип бара жатканда ининген чүпүрөктөр бар же жок экенин байкабаптыр. Бирок ал алгачкы жолу көргөндөй эле жапжашыл бойдон экен. Абаскан ошол арчанын түбүндө олтуруп өзүн ушул арчадай жалгыздыгына өкүнүп ыйлаганын, эжеси Калипа келип соороткону эстегенде көзүнөн жаш кылгыра түштү. Ал арча менен адамча сүйлөшүп кирди: «Жашыл арча! Мен жалгызды сен жалгыз күткөн экенсиң, эми экөөбүз жалгыз эмеспиз, Кудайым сени да, мени да бутактатып өстүрсүн. Кош, жашыл арча! Мен сага жыпар жытыңды искегени келип турам». Ал арчадан узап баратып ата-энеси жок жалгыз болгонун эстеп дагы бир жолу жүрөгү сыйрылды. Атасынын жакын бир туугандары да жок эле. Ал кайсы бир жактан келип, ушул айылга туруп калган, апасы менен турмуш куруп, өзүнчө түтүн булатып калганын кийин эс тартканда билип олтурат. Абаскан 7 жашка чыгайын деп калганда апасы каза болуп, таэжесинин колунда калган эле.

Жол арытып келатып: – Таэжем кайда болду экен? – деп кобурап алды. Душмандын колуна түшөр жылдан бери кат келген боюнча кабар ала элек эле. «Деги тирүү болду бекен». Ал түн жарымда айылга келди. Айылдын котур көчөсүндөгү үйлөрдөн иттердин үргөнү угулуп турду. Көчөнүн баш жагындагы үйдүн жалгыз көз терезесинен бүлбүлдөгөн жарык көрүндү. Өзүнө тааныш жакынындай ылым санаган үй,

баягы согушка кетип бараткандай эле жайдак этек, бопбоз ылай там. «Үйдө ким бар болду экен» – деп эшик алдына келди да каалганы акырын ачты. Сасык май куюлган бөтөлкөдө биликтин жүлүндөй шооласы, үйдүн ичин тумандата күңүрт жарык кылып турат. Эшикке оро-пара салынган супарадагы жаргылчактын четинде, тизеси ийнинен ашкан кемпир капилеттен үйүнө кирген адамды чочулай карап, обдулуп өйдө тургусу келди.

– Амансыңбы, эже! – Абаскан кемпирди ийнинен өйдө кош колдоп көтөрдү.

– Ээ, айланайын сен ким элең? –деп кемпир бүшүркөй анын жүзүнө үңүлдү.

– Абаскanмын, эже! – Ал чөк түшө кемпирди белинен кучактады.

– Абаскан! О-оо, кагылайын жалгызым! – кемпир буулуга буркурап жиберди. Эки колу титиреп, тула бою калчылдап, Абаскандын ийнинен, башынан сылап, маңдайынан жыттап бетинен өптү.

– Ээ, Жараткан, чын көрдүмбү! – Ээ, Кудай! Өңүмбү же түшүмбү! – Кемпир кучагын жая кубанганынан, жүрөгү жарыла сүйүнгөнүнөн Кудайга жалына буркурап ыйлап жиберди.

Таэжеси көзүнүн жашын буурчактата төгүп жүрүп, идиш-аягын калдырата бир кара кесе таап чыкты да, ага суу куюп, улагадан үч жолу топурак чымчып салып, Абасканды эшик алдына жетелеп келип, аны чөгөлөтө эңкейттирип, бирдемелерди күбүрөп айтып башына үч жолу суу айлантып эшикке чачып жиберип, кайра кирип Кудайга жалынып, жээнин өз баласындай мойнунан кучактап жыттап көз жашын төгө ыйлады. Байкуш кемпирдин арманы көөдөнүнө батпай, ый менен күн көрүп, ый менен жашоосун улантып келаткан эле. Согушка кеткен күйөөсүнүн дайыны жок,согуштагы Макенинен кара кагаз келген. Абаскан согушка кетээрде үйдө калган 10 жашар баласы Султан кара тумоодон каза болгон экен. Тагдырдын бул кордугуна чыдай албаган кемпир

Абасканга нары эреркеп, нары арманын ачык айталбай: «Мен куу баш» – деп өксүп ыйлап кирди.

Ошол түнү эки адамдын кепедей болгон үйдүн ичинде бир жагынан жакшылыктын, кубанычтын, сүйүнүчтүн үнү жаңырып жатса, экинчи жагынан кайгылуу көз жашы куюлуп жатты.

* * *

Эртеси Калипа эжеси Абасканды ээрчитип ээр белиндей белести арта салынган ат жол менен жүрүп олтуруп, мүрзөлөргө алып келди.

– Султанымдын мүрзөсү ушул жерде, балакетиңди алайын Султанымдын арбагы арчанын жытын жыттап турсун деп арчанын көчөтүн отургуздум эле. Жума сайын келип суу куюп турам, тамыр алып калган чыгаар. Куурап калбаса эле болду. Алдыңа кетейин Султанымды согушка кеткен атасы менен акесинен биротоло түңүлгөндө Абас байке келгенде чогуу жашайбыз дегеничи. Сага төлгө тарткан сайын төлгөбүз төп түшүп калганда жакшылыкка жоруганымда аябай кубанар эле. Ушул сөздөрүн айтып жатканда Калипанын көзүнөн он талаа болуп жаш куюлуп жатты: «Мен куу баш, соксоюп жалгыз калбадымбы» – деп буркурайт. Абаскандын жүрөгүн ооруткан, сыздаткан «жалгыз калбадымбы» деген сөзү болду.

– Антип айтпачы эже, мен келбедимби – деп эжесин кучактап өзү солкулдап көз жаш алды.

– Ооба, садагаң болоюн. Куран окуюн, курандан башка айла жок. Калипа жоолугунун учу менен көз жашын аарчып, шыбырап куран окуду. Андан соң куураган куу турмуштун айынан бырыш баскан тарамыштуу колу менен бос топурак жамынган баласынын мүрзөсүн сыйпап келип, арчанын жашыл бутактарын аяр кармалап: «Султаныма көлөкө бол» – деп көкүрөк көөдөнүндөгү кууратккан кусалык, саргарткан санаа коштогон ыйы менен үйүн көздөй илкий басты.

* * *

Абаскан келгенден бери үйдүн короо-жайын ирээттеп, тамдын сыртын шыбап, кире беришке каридор салып, Калипаны тыңытып койду. Ай сайын райондун борборуна келип милициянын көзөмөлүнөн өтүп турат. Бош жүрбөй колхоздун башкармасына кирип иш сурады. Колхоздун балдакчан башкармасы устаканада иштеген Афанасьев абышкага жардамчы кылып дайындады.

«Сен давай, жакшылап иштесең бара-бара менин ордумду ээлейсиң. Мен карып баратам. Ушул устакананы өз колум менен курдум эле. Анда сен ат-отуң менен жоксуң. Атаңды таануучумун, билем, сен кичине кезиңде апаң экөө ажырашып кетип, атаң Жалал-Абад жакка кетип калган. Ыраматылык апаңдын өлгөнүн билип калдың болуш керек. Эми сен атаң иштебеген ишти иштеп, колхоздун белдүү устасы болгун», – деп Абасканды далыга таптап койду. Бирок Абаскан өзүнүн жалгыздык тагдыры жөнүндө дагы бушайманга түштү. Жарык дүйнөгө келип, жетиге чыгып чыкпай энесин да билип-билбей калды. Энесинин ордуна таэжеси Калипанын колунда болду. 8ге чыгып калганда каякта бир алыс жактан көгала сакал киши келип Абасканга: «Менин баламсың» дегенде ага жолобой, Калипанын артына корголоп турганын эстеди. Калипа да ал кишини жек көрүү менен каргап-шилеп:
– Жети жылдан бери көрүнгөн жакта тентип жүрүп, сага эми бала керек болуп калдыбы? Кантип бетиң чыдап ымыркай балаң менен оорулуу аялыңды таштап кеттиң? – деп урушканы эсинде.

Абаскан Афанасьев абышканын да колун узартып койду. Чарбанын ишин абышкага айттырбай-дедирбей эле, көөрүгүн басып, темирди эритип, аны сагыздай чоюп, соконун, тырмоонун сынган тетиктерин оңдоп, аттарга така жасап, малчылардын, бригадир-активтердин аттарын такалап, жаны тынбай жумуш жасап жүрдү. Устаканга Афанасьевдин кызы Соня дайыма тамак алып келет. Андан Абаскандын көзү өтүп, кээде аны короодон узатып калчу. Ага Афанасьев көңүл

бурчу эмес.Үйгө келген сайын эжеси Калипа: «Жаз чыгаары менен үйлөнүп ал. Балалуу болсоң өлбөсөм мен эле багып берем. Деги айылда көп эле кыздар жүрөт. Алардын бирине үйлөн, үйлөнө турган жашың өтүп баратат» – деп калат.

Жүрөгүнүн тереңинде дале катылып жүргөн Сыягүлдүн элеси Соня жолуккандан бери жоголуп кеткен эле. Бул күнү Соня адатынча устаканага тамак алып келсе, атасы тамеки алганы дүкөнгө кеткен эле.

– Келиңиз, атам келгиче сиз тамак ичип туруңуз! – деп Абасканды чакырды. Ал колун жууп тазаланган соң Соняга бир нерсе айткысы келди. Эмне деп сөз баштаарын билбей, жүрөгү уйгу-туйгу:

– Соня, сен менин дайыма эңсөөмдө жүргөн кыз болуп калдың – деп Сонянын колун кармады.

– Мен түшүнгөн жокмун, эмне деп жатасың, эңсөө деген эмне? – деп Соня колун тартып алды.

– Сени көргөндөн бери сага болгон эңсөөм күчөп барат, бассам-турсам сени эстейм, сени сүйөм, Соня!

Ал кайра Сонянын колун кармалады. Абаскандын эңсөөсүн кабыл алгансып, Соня бул жолу колун тарта албады. Абаскан Соняга жакындаган сайын бүткөн бою ымыр-чымыр болуп, ашыктыктын, кумарлануунун бир белгисин туйду. Сонянын алтын түстүү сары чачы Абасканга жылуу илеп чачып тургансыды. Аңгыча атасы Афанасьев эшиктен кирип келди.

– Аа, Соничка келдиңби, кана бүгүн кандай тамак алып келдиң Абас экөөбүзгө.

Абышка тиги экөө кийинки кезде ынак болуп баратканын билип, тамак алып келген сайын «Абас экөөбүзгө» деген сөздү кошуп айтчу болду.

– Картошка, жумуртка, максым – деди Соня. Абышка тиги экөөнү алмак-салмак тиктеди да столго отурду. Тамактанып бүткөндөн кийин Афанасьев:

– Силерди мен эми түшүндүм. Экөөңөр үйлөнүп алсаңар мен каршы эмесмин – деди. Соня идиштерди алып шашкан

бойдон эшикке чыгып кетти. Абаскан артынан жөнөдү эле эшик ачып караса, Соня чымын-куюн болуп жүгүрүп баратты. Ушундан кийин экөө бири-бирин түшүнө билип, бири-бирин жүрөктү ээлеткен көз караш менен тиктеше турган. Көп өтпөй Сонянын ата-энеси макул болуп, экөө үйлөнүп алышты. Калипа эжеси келиндүү болгонуна сүйүнүчү койнуна батпай, нике кыйдырганы молдону чакырды. Бирок молдо келип: «Мусулман динин тутса анан нике кыйылат. Болбосо шарият жол бербейт» – деп койду.

Муну уккан Афанасьев: – Сен молдо, баарыбыздын Кудайыбыз бир экенин билбейсиң, мен деле кудай деп, сен деле Кудай дейсиң. Бирок азыркы шартта диндин кереги жок. Мен азыр башкарманын полутуркасын сурап келем да, баарыбыз машинага түшүп ЗАГСга барабыз – деп ал башкармага кетти. Көп өтпөй машинага кемпири Нинаны, кошунасын, Калипа, Абаскан, Соняны салып ооз кыягын созолонто тартып, нике кыйдырып келгени кетишти. Ошол күнү түштөн кийин келиндүү болгон Калипа айылдаштарына чакан той өткөрдү. Афанасьев кемпири Нина менен, Абаскан Соня менен частушканы бийлешсе, тегеректеги айылдаштары эки жубайга каалоо-тилектерин билдиришип, сармерден айтышып ыр ырдап жатышты. Түн жарымына чейин комуз менен ооз кыяктын мукам үндөрү созолонуп турду.

Үйлөнүү тоюнан бир жыл өткөндөн кийин чарбалар ирилешүүгө өтүштү. Уй-Булак, Маркс, Кызыл-Октябрь колхоздорунун эли Атай колхозуна көчүп келе баштады. Устакана кеңейип, түйшүк күчөдү. Демек, барскан, дөшү, көөрүктөн башка электр жарыгы келип, станоктор иштетиле баштады. Эми кайната менен күйөө балада тыным жок. Бирок Афанасьев жылдан жылга менти тайып, оорукчал болуп баратат.

– Абаскан, мен карып баратам, барсканды көтөрүп кызарган темирди чабууга алым келбей калды. Башкармага айтып, мен сага устаканымды берейин – деди.

Бул чечимге Абаскан макул болду. Устаканага ээлик кылган Абаскан чарбанын устачылык түйшүгүн өз мойнуна алып,

көөрүк басып, кызарган темирди, барскан менен дөшүнүн ортосуна салып сагыздай чоюп, чарбада аттын күчү көп колдонгондуктан, атка такаларды жасап, ат такалап, сынган шаймандарды жамап, узартып, чоюп,улап, арабаларды оңдоп колунан көөрү төгүлгөн «Уста аке» аталып калды. Бул кезде Абаскандан: «Концлагерден жамбашына немистер мөөр салышыптыр» деген сөздөр бара-бара эл оозунда айтылбай, милициянын көзөмөлүнөн да кутулуп, өз башына өзү ээ болуп калды. Ошентип чарбанын кайнаган жумушу Абаскандын жүрөгүндөгү өйүтөн дартты соруп алып, согуштун зилдеринен чүнчүп бараткан адамдын үстүндөгү калдайган кара булут сүрүлүп, күндүн жаркыраган аптабы тийип тургандай болду. Бул кезде Абаскандын түйшүгү да көбөйдү. Чарбадагы механизаторлордун дээрлик көбүнүн жумушу «Уста акесиз» бүтпөй калды. Тракторлорунун, соколорунун, тырмоолорунун, жана да көптөгөн шаймандарынын сынган тетиктерин заводдон жаңы чыккандай кылып каңдап, ширетип берип турду.

Колунан баары келген уста, иштерман жанын жай алдырбаган эмгекчил Абаскан эжесин өз энесиндей багып, анын мурдагы эски тамын бузуп, төрт бөлмө үй, короо сарай салып, жашоо турмушун оңой баштады. Бул анын сөөлөтү эмес мээнети эле. Ал эми Соня чуурутуп балдарды төрөп берсе, аларды багып өстүргөнгө эжеси Калипа колунан келген жардамын аябады.

– Кудай берсе балдарың эми эле артыңды карагыча өсүп чоңоюп, өзүңдөй болуп калат. «Баштан чукак болгуча, аштан чукак бол» – дейт. Соня төрөп түшүп тукумуңду улай берсин – деп эжеси Абаскандын эмгекчилдигине, иштермандыгына баа берип, кудайдан анын өмүрүн тилеп, өзүнүн ушул жашоо турмушуна шүгүрчүлүк кылат. Бирок кайнатасы Афанасьев үч жылдан кийин эле Россияга кетип калган. Соняга кээде кат жазып турат. Ошол каттарынын биринде Соняга: «Абаскан менен урушпай-талашпай жакшы жаша, кайнежеңди кайнененңдей сыйла, ага тил тийгизбе, капа кылба. Чиедей балдарыңды торолтуп бакканга ошол киши жардамын аябай

бергенин унутпагын», – деп жазганын Соня кайнежесине окуп берсе, ал киши кудасынын айтканына аябай ыраазы болуп, терисине батпай кубанды.

Абаскан бир чоң чарбанын бакандай устасы экенине сыймыктанат. Эртеден-кечке тер баскан денесин көл-шал кылып, көөрүгүнөн шамал үйлөтүп, көмүрдөн кыпкызыл чок кылып, узун кычкач менен кызарган темирди кармап, барскан менен кериле чапкылап, чарбага керектүү тетик, аттарга така жасоо, ат такалоо, ал турсун элдин темирден, тынике менен калайдан күнүмдүк керектүү буюмдарын жасап, алардан сый-урмат көрүп турду. «Иштесең – ичесиң» дегендей ар дайым түрсүлдөп, чаңкылдап темирдин доошу айылга угулуп турган мына ушул устакана Абаскандын багын ачкандай болду. Кээде Абаскандын көз алдына концлагердеги жүрөк үшүн алган мезгил, андан да көзү көрбөгөн, кулагы укпаган «Алаш Ордого» мүчөсүң деп кайдагы бир жалаа менен Сибирдеги сүргүн эсине түшкөндө кудайдан тиленген тилеги кабыл болуп, жарыкчылыктын ушул түйшүгүн тартып, ичээр суусу, көрөөр күнү бар экенине ыраазы болуп кетет. Андан да «балалуу үй – базар, гүлүстан» дегендей балдары менен бактылуу болгон өз турмушуна өзү ыраазы. «Кудай буйруса балдарым менен канат-бутагым жайылып – укум-тукумум өсүп өнүгөт. Абаскандын балдар, кыздары дешип эл-журтка таанылам» – деп өз санаасы менен байып калат.

* * *

«Мезгил учкан куш» деген чын тура. Ал канатын карматпай зымырык куштай билинбей уча берди. Бирок самаган турмуш узакка созулган жок. Эми калктын жашоосу өзгөрдү. Абаскандын утурумдук жашоосуна тирек болгон эжеси Калипа каза тапты. Чарбадагы шылуундыр короо-сарайларды бөлүп, малдарды, трактор машиналарды талап, жерлерди менчиктештирип кетишти. Абаскан дөшү менен көөрүгүн кучактап кала берди. Бирок анын чыдамкайлыгы, бир жумушту аягына чыгара бүтүрмөйүн жанын ташка урган көктүгү, таш

боор тагдырга каршы койгон аракети тозокту да жеңгендей болучу. Бирок мезгил билинбей өткөн сайын Абаскандын жаштыгы, күч-кубаты жашына уурдалып жатса, карылык камынтпай кирип келгенин билбей да, сезбей да калды. Жыл өткөн сайын ал күч-аракетинен эмнегедир тайгансып бараттЫ. Ата-энесин багууга жарап калган балдарынан да үмүтү үзүлө баштады. Удаа төрөлгөн эки баласы – бири Сашка таятасы Афанасьевге, экинчиси Жыргал салдатка кеткен боюнча кабарсыз. Улуу кызы Сонунбү англис тилин окуп жүрүп чет өлкөгө турмушка чыгып кетти. Андан кийинки уулу Махмут мусулманчылык динин тутуп биротоло дабаатчыл болуп, кээде үйгө келсе келет, келбесе жок.

Турмуштун улам оорлоп баратканы Соняны да убайымга салды. Колундагы кызы Роза быйыл 10-классты бүтөт. Балким, ал окуусун бүтсө: «Кандай жерге турмушка чыгаар экен» – деп айласы түгөнөт. Россияда, дабаатта жүргөн балдары ата-энесин таштап, карабай кеткенден уялышкан, арданышкан да жок. Ал турсун атасы менен апасынын турмуш абалын сурап коюшпады. Бир кезде: «Балдарым чоңойсо атасы үчүн кандай гана шарт болсун ку ›мандыкка чейин барар» деген ой-тилеги кабыл болбой калганына өкүндү Абаскан. Бирок ал балдарынын аманчылыгын, ден соолугун Кудайдан тилеп өкүнүчүн баскысы келет. «Замандын бул оорусунда балдарым да менден бетер кыйналып жүрүшкөндүр» – деп калат.

Абаскандын ден соолугу турмуштун запкысына туруштук бере албады. Бир кездеги немистин өлүм лагеринде, андан да Сибирдеги тозоктун сыйыртмагында кыйноо тарткан учурга моюн бербеген Абаскан денесин карылык басып бараткандан улам өткөн мезгилдер түтүндөй тарап кеткенине мөгдүрөп отуруп калды. Колунан көөрү төгүлүп, колхоздун далай жумушун жасап бер дегенин жасап, аткар дегенин аткарып жүргөндөгү мезгилин эстейт. Бирок таэжесинин кайтыш болгонуна, андан да атасынын тууган-туушкандарынын жоктугуна зээни кейийт. А тууган го тууган, алардын бөлөк үй-жайы бар. Ал эми өзүмдүн балдарым кайда? – деген

суроого жооп бере албай калат. Ооба, балдарынын ар бири жарык дүйнөгө келип төрөлгөн сайын кубанычы койнуна батпай сүйүнүп, ким сүйүнчүлөсө сүйүнчүсүн, көрүндүгүн берип, колунан келишинче, байлыгынын болушунча батырата той берип, өзүнүн мураскору катары, алардын сак-саламатта, ден соолугу чың болушун Кудайдан тилеп тамак-аштан, кийим-кечеден кем кылбай багып өстүрүп, киши катарына кошподу беле. Өмүр жолунда кажынып иштеп жүрүп чоңойткон балдары топ таштын ташындай ар кай жакта чачырап кеткенине жүрөгү өрттөнөт.

«Жаман айтпай жакшы жок» дегендей, эгер мен көзүм өтүп кетсе, балдарым атакелеп чыркырап ыйлашып, көрүмө топурак салаар бекен. Ушул үмүтүмдү актаар балдарым азыр каякта жүрөт болду экен. «Сашка, Жыргалды кантип чакыртам. Махмут уяты болсо келээр» – деп күбүрөп келатып үйүнүн эшигине барганын баамдабай калыптыр. Үйүнө келсе эч ким жок, кызы мектепке кетип, кемпири уй сарайда эле. Ал кайра эшикке чыкты да, отургучка отурду.

– Балдарына тили өтпөгөн, аларды башкара билбеген мени эл эмне дейт. Карыганда балдарын көрүнгөн жакка тентитип ийип, бул Абаскан жинди болгон го дешсе эмне деп жооп берем. – Ал эки колу менен башын мыкчыды. Айрыкча кийинки күндөрдө кайнатасы Афанасьевге кеткен баласы Сашка, солдатка кеткен Жыргалды көп эстечү болду. «Капырай, алар соо эмес, кайнатам менен кайненемдин өлгөндөрүнө төрт жылдан ашып калса да алар кимдин колунда жүрөт болду экен. Жана «рекет» деген немеге кошулуп кеттиби». Абаскан «рекет» деген сөздү айтып алып жүрөгү оозуна кептеле түштү. Аңгыча уй сарай жактан Соня келип калды.

– Я, Соня, балдарыңдан кабар барбы? – деди. Соня Абасканга Жыргалдын кабарын айтып коюга оозун таптап баратып токтоп калды. Солдатка кеткен Жыргалы бир солдат баланы бычактап өлтүргөндүктөн кесилип кеткенин мындан бир жума мурун угуп, Абасканга айтпай койгон. Анткени жүрөгү ооруган Абасканды аяган эле.

– Түндө түшүмдө Жыргал терең жарга түшүп кетиптир. Тартып алайын деп аркан алып келем, бирок арканым да жетпей койду. Баламды жардан кантип чыгарарымды билбей кыйналып жатыптырмын.

Бул түштү уккан Соня Абасканды таянып алып, бышактап ыйлап жиберди.

– Жаман жорукту баштап ыйлабачы, ыйыңдын төркүнүн мага деле айтчы, эмне болду? – Соня бышактап ыйлап жатып: «Түшүңдөгүдөй балаң милициянын колуна түшүптүр» – деп калган сөзүн айтпай буркурап ыйлаган боюнча үйгө кирип кетти. Абаскан эмне деп айтаарын билбей, каккан казыктай турган жеринде турду. Соня бир топтон кийин чакасын каруусуна илип сарайга бараткан кезде: – «Болду эми ыйлаба, андан көрө балаңдын аманчылыгын тиле» – деп Абаскан аялына кайрат айкандай болду.

Капалуу болгон Абаскандын өткөн өмүрүнүн дарагы өрттөнүп күйүп бараткан кезде көзү чаарала болуп, кулагы чуркурап, көңүлү айнып, отурган отургучтан кулап түштү. Жалгыз уюн жаңы эле саап, торпогун эмизип байлап, чакасын көтөрүп келаткан Соня абышкасынын жерде оонап жатканын көрүп чочуп кетип, чакасын жерге коё коюп, башын көтөрүп: «Эмне болду! Тур, турчу!... Роза, кайдасың? Келчи бери» – деп кызын кыйкырып жатты. Роза мектепке кеткенин унутуп, Соня кыйкыра берди. Ал күрмөсүн чечип, башындагы жоолугун ага ороп абышкасынын башына коюп көчөгө элеңдей чыкты. Кошунасы Суранды кыйкыра жардамга чакырды. Алар келгиче Абаскан оодарылып көмкөрөсүнөн жатып калыптыр. Абышкасынын топурак болгон бети-башын алаканы менен тазалап, Суран экөө үйгө алып кирип диванга жаткырышты. Суран Абаскандын тамырын кармап көрүп: «Тамыры жай согуп жатат. Жакшы болуп кетээр» – деп Абаскандын жанында бир топ турду да сыртка чыкты. Соня балбалактап ыйлап: «Ошондой эле болсо экен, оозуңа май» – деди да Абасканга жакындай отурду.

Ал күнү кызы Роза экөө жашын тыйбай ыйлап жатышты. Абаскан эртеси түшкө жакын көзүн ачты. Соня анын жанына барып отурду да, абышкасынын муздак колун кармады. Абаскандын алы аябай кеткендиктен колун көтөргөнгө дармети жок. Сүйлөй да албай көзү эле жалдырайт. Кемпиринин жанына келгендигин сезген Абаскан ага көз карашы менен рахмат айткандай болду. Кызын кучактап өпкүсү келди, бирок кыймылдай албай койду. Кулагы угат окшойт дубалда илинген саатты карады. Ал өлүм алдындагы минуталарды чыкылдап санап жаткан эле.

– Саатты карабачы, менин ак көңүлүм. Экөөбүз турмуш курган 30 жылга жакын сенден жаман сөз уккан жокмун, сени кантип өз колум менен узатмак элем – деп Соня буркурап ыйлап кирди. Абаскан аны жалдырап карап кабагы бүркөлө түшүп көзүнөн мончоктой болгон удаа-удаа жаш кулап кетти. А балким, балдарын эстеп сагынгандан жаш кулап жаткандыр.

Райондун борборуна барып доктур чакырып көрсөттү. Доктур: «Жаткан жеринен кыймылдатпагыла, үйдө тынчтык болсун, киши киргизгенге болбойт» – дешти да 10 тоголок дарыны 2 маал берип турууну сунуштап кетти. Сонянын берген тамагын ичпей да калды. Абаскан туулуп өскөн жеринин көркөмдүү кооз жаратылышын, жарык дүйнөнү, Соняны таштап тиги дүйнөгө кете албай кыйналып тургандай болду.

Кайдадыр дайынын таптырбаган сакалчан Махмут дабаттан келип калыптыр. Ал молдо алып келип атасын 2–3 күн дем салдырды, бирок жылыш болгон жок.

Соня атасы Афанасьевге кеткен эки баласын чакыртты эле экөөнөн тең дайын жок. Атасы жыгылган күндүн эртеси Бишкекте жүргөн кызы Алина менен сакалчан Махмуттун келгенине жетине албаган Абаскан обдулуп тургусу келди. Соня жуурканды аста сыйрып төшөккө отургузду. Атасынын отуруп калганына балдары да сүйүнүп калышты. Абаскандын үмүтү кайра жанды. Баласы менен кыздары кечке атасын карап, анын жанында болушту. Махмут менен

Алина апасы Соняны көндүрүп, карылар үйүнө жеткирүүнү чечишти. Абасканды Бишкектеги доктурга көрсөтөбүз дешип аны алып кетишти. «Карылардын үйүнө бардык керектүү өздүк кагаздарын тапшыргандан 2 күндөн кийин Алина иш издеп Россияга, сакалчан Махмут дабатка кетти…

Абаскан балдары менен коштошконго жарай албады, ичинен алардын аманчылыгын тилеп кала берди. «Балдар да өз күнүн өзү көрөт. Ар биринин териси да, денеси да, жүрөгү да бөлөк эмеспи» – деп армандуу үшкүрүнүп койду ичинен.

Ал сүйлөй албай, ал турсун кыймылдоого алы келбей жатып Афанасьев айткан атасы жөнүндө ойлонду. Абаскан чоңоюп, эс-акыл кирип калганда, атасынын өлгөнү жөнүндө кабар келген. Бирок баруугa шарты жок эле, аны ээрчитип барганга жакын адамы жок болучу. Эжеси Калипа ооруп төшөккө жатып калган. Ошентип атасынын мүрзөсүнө барып топурак салганга, ал турсун куран окутканга жараган жок эле. Абаскан өзү араң абалда жатып атасына жасаган бул мамилесине өкүнүү менен өксөдү. Өзүнөн башка эч ким туйбаган, эч ким сезбеген бул өксүү өз башына келгенине өкүндү.

Балдары менен жашагысы келген анын муштумдай жүрөгү араң согуп турду. «Өлгүчөктү балдарымдын жакшылыгында өмүр сүрсөм» деген Абаскандын үмүт-тилеги орундалбай, эми минтип көр оозунда турганда «балаң жакшы чыкса өргө чыгарат, жаман болсо көргө тыгат» болуп жанында эч ким жоктугуна акыркы жолу жүрөгү сыздады. Тагдырдын озуйпасында өмүр жолу арман менен бүткөн Абаскандын каны качкан жүзүн боору таш, мерес адам гана карабаса, жөнөкөй адам карай алмак эмес эле. Көп узабай анын арман толгон карт жүрөгүнүн чымын жаны ааламдын чексиз мухидине карай чөгүп баратты.

# СҮТАК

*«Неге апа ак куу болгон чачтарың?*
*Балким, ошол чачтарыңдын агына,*
*Күнөөлүүдүр менин мерез жаш чагым!?»*
***(Автордон)***

## «Бөйрөк-Кайың»

Өзөндү тең жара бөлүп агып жаткан көк кашка дарыя кара сур тарткан «кой таштарга» денесин урганда, күмүштөй күкүмдөрү туш-тарапка чачырап, кайра бириге калып төмөндү көздөй мөңкүп жөнөйт. Анын серүүн илеби тиги төш боорундагы түбөлүк жашыл арчалардын, түркүн гүлдөрдүн буруксуган жытына жуурулушуп, коктунун абасы жыпар жыт чачып аңкыйт. Суу бойлоп жарышкан ийрелеңдеген жол мени жайык кечүүгө алып келди.

Ат ооздук кемирип, тизгинди тартканга болбой, суунун ортосуна келгенде агымга каршы туруп, чыкыйды какшаткан мөңгү суусунан мурдун дердеңдетип жутуп жатты. Алтүндө суутулган аттын кулагынын түбү гана нымшыптыр. Өр тарткан тоо жолунда муюп койчудай эмес.

Кечүүдөн өтүп, каптал жол менен өр тартып, улам бийиктеген сайын өзөн суусунан алыстап бараттым. Бир калыпта шоокум салган Көк-Ирим суусу күмүш сызмадай созулуп, күн нуруна жыландын боору сымал жалтылдайт.

Сур коёндун таманы эми кызып, таскагы чыгып, ооздук кемирип тизгинди коё берсең, алып учуп сызчудай. Бирок калың чөп аралаган каптал жолдун секиртмектери бар жолду бөгөгөн таштары оркоёт. Деги, тоо жолу опурталдуу. Ат болсо кез-кези

менен бышкырынып, шамдай болгон кулактарын тез-тез кыймылдатып, утур бир тарапка жалт тосо коюп, болоор-болбос табышты да шырп алдырбай сергек сезип баратты.

Аттын «бөрү жортуш» жүрүшү менен гана жай жүрүп отуруп, Көк-Белдин кырына бат эле чыга келдим. Тоо жели дароо бетимден аймалап каршы алды. Күндүн илеби серүүндөп, жел аргы жортот. Бет алдымда чоң жайык суналып жатты. Тоо арасындагы бийикте жаткан бул түздүккө эми жеткенимде тизгинди тартып атты токтоттум да, теребелди бир карап алууга куштарландым.

Эркиндик жөнүндө эстегенде асманы жакын бийиктикте туруп, жыпар жыт чачкан абасынан кере жутуп, теребелге магдырай көз чаптырган адам эркиндиктин ырахаты ушул деп сезээрине ишенем. Ашуунун белине чыгып, түштүктөн-түндүккө карай созулуп жаткан Фергана кырка тоолоруна суктана карап турдум. Көк-Бел, Миң-Жылкы, Саймалуу-Таш, Көк-Арт, Калдама, Муз-Төр тоолору тиги миң түркүн айбанаттар мекендеген Кан-Ачуу тоолоруна чейин созулса, түндүгүндөгү Молдо-Тоонун Жылаңач-Бугу чокусу ак булутту мүйүзүнө илип алып, кырка тоолорду тепчип чуркап бараткансыйт. Түштүгүндөгү камчынын сабындай болгон Ак-Шыйрак тоо кыркасы тээ мунарыкка чөгүп кеткенсийт. Мына ушул тоолор бөксөлөрүндөгү түздүктөрүн көк-жашыл этектерине салып көтөрүп, Кудайдан ириде бейкуттукту, береке менен молчулукту тилеп, Көкө-Теңирди карап тургансыйт. Тээтетиги көз учун алган мунарыкка чейин катып калган деңиз толкунундай түрмөктөлө чөгүп жаткан тоолор менин туулуп өскөн жерим – Тоо өлкөсүнүн кучагында, анын кереметтүү бир бурчунан орун алган, табият марттык менен тартуулаган укмуштуу бир ажайып сонун жер экенине сыймыктанам.

Жашыл кымкап жамынган алп тоолор бир бирине моюн алышып турушу көз алдымда көшөгөлөнөт. Тигине Үйрүм-Баш тоосунун чокусу. Аны «Моло» деп коюшчу. Ал калган кырка тоолордон мойнун бийик созуп, сур булуттарды

челип турду. Мен бара турган айыл ошол тоонун өндүрүндөгү көк жайыкта. Мына ушул Көк-Белде, анын көк жашыл мейкининде, а тиги бийик беттердеги дүпүйгөн карагаттардын түптөрүндө менин балалыгымдын элестери жашынып жүргөнсүйт. Гүлгүн балалык өткөн, чыбык ат минип чоңойгон жеримди сагыныптырмын. Аны ак чач болгон кезимде кайра кайрылып келип, бир мезгилдеги шар суунун жээгинде, кайыңдуу токойдун арасында жылаңайлак жүргөн эселек кездерим көз алдыма тартылып, бадырайып көрүнө калгансыйт. Деги эркиндикке чыкканымданбы, айтор, бүткөн боюмду кандайдыр бир сырдуу толкун аралап, маанайым жаркып, көңүлүм көтөрүлүп, эрксизден, кайрадан бала болуп кеткенсип, өзүмчө өрөпкүйм. Айылга да аз калды. Бирок менин алдыман жүгүрүп ким тосуп чыгат болду экен? Мааданбек аке таанибай да калды көрүнөт. Бара турган жеримде мен үчүн кандай шаттык же кубаныч болоорун элестей албайм. Анткени бул айылда ата-энем да, бир туугандарым да жок. Апам кайда болду экен? Мен көптөн бери дегдеп, мындан аркы жашоо-турмушумду апам менен гана өткөрө турганымды, апама гана барып пааналай турганымды түп сезимимде туям.

Ээр белиндей белести аша бергенимде зор тоону бөксөлөй кеткен анча чоң эмес тектирчеде бутактарын дүпүйткөн, жалгыз алп кайыңга туш келдим. Ушул бийик жайыкта, асман тиреген тоонун бөйрөгүндө, өзөндүн чар-тарабына көз чаптырып турган бул кайың (ушул аймак Бөйрөк-Кайың аталат) дүйнөдөгү арууулукту, сулуулукту, бейкуттукту, пакизалыкты баалоочу чен-өлчөм сыяктанат. Тынымсыз жүрүп турган тоо желине жалбырактарын желбиретип, дирилдетип күн нуруна чагылыша калганда күмүштөй жаркырай калат. Кучак жеткис бакжайган зор кайыңдын сын-сыпатын көргөндө ички дүйнөмдү ырахатка бөлөгөн өзгөчө бир сыйкыр сезим пайда болду мага. Жүрөгүмдү куунак маанай бийлеп алгансып, көөдөнүмдү жара тепкилейт. Кайыңга улам жакындаган сайын тулку боюм ымыр-чымыр болуп, эң аянычтуу арую сезим торуна капталып жаттым. Бирок ал кайың мени өз энем сымал

күндүн ачуу аптап илебинен калкалап, өз бооруна алды. Мен анын коңул бырыш баскан денесин сагынычтуу кучактадым. Алп кайың, жашыл кайың! Баягы мен селкинчек салгандагы өң-кебетең өзгөрүлбөптүр. Ошол эле бойдон, көккө боюн сермеп, жалбырагын шуудуратып турат. Бир гана жери, мен селкинчек салган бутакгын аркан өйкөп кетилткен жеринен жогор жагы гана тартайып куурап, жомоктогу мастан кемпирдин шыпыргы минип учуп бараткан кебетесин элестетет.

Алп кайыңдын түбүндөгү Кара-Көз булак да баягы мен эселек кездеги пакиза кыз кебетесинен жазбайт. Тордолгон тамырларынын арасынан оргуштап чыгат да, суналган ичке белин карматпай, ылдыйды көздөй токтобой жөнөйт. Бул алп кайыңга карыбастыктын мүрөк суусун ичирип, картайбастыктын маңызын шимиртип турган сыяктанды. Ооба, ал экөө тең баягы эле бойдон, эч картайбаптыр. Булардан мен гана айырмаланып турам. Чачтарымды буурул каптап, көздөрүмдүн айланасы кыл майда бүктөмдөргө толо баштаган. Мүнөзүм да токтоо тартып, балалык кезимдеги дилимде жаткан мерездиктин, көктүктүн бир да кыпыны, бир дагы өөнү калбаган.

Бул алп кайың, сулуу кайың, ак кайың, карт кайың өмүрүндө нени гана көрбөгөн, не деген бир ажайып окуяларга күбө болбогон, не бир кыйын кезеңдерди башынан кечирбеген дейсиң... Ал өз теребелин ойлуу карап момурайт. Небаккы өткөн көөнө окуялар тууралуу ойлонуп, алар жөнүндө менин эсиме салып, жалбырактарынын шуудурактары менен мага жобурап жаткансыды... Жүрөк деген назик, сезгич келет эмеспи, кайыңдын денеси көшүлүп, өткөндөр жөнүндө узун сабак санаттарды шыбыштаганын илгиртпей туюп турду. Ал сырдуу шыбыр өзүмдү толкундатып жүргөн ойлорду кайрадан көз алдыман чубуртуп өткөрүп, аларды талдап, таразалап, кандайдыр бир чечимге келүүгө аргасыз кылып турду...

* * *

Атамды согуш бүткөндөн кийин да «мына келет, ана келет» деп жүрүп, акыры «кара кагаз» алып, апам экөөбүздүн

үмүтүбүздүн бырын-чырыны чыгып талкаланды. Тууган-туушкандар: «Өлгөндүн артынан кошо өлүп калбагандан кийин, адамга тиричилик керек. Өлбөгөн жанга жаз келди. Эл катары иштеп, өз оокатыңарды өткөргүлө» – дешип, жыл маалына жеткирбей, апамдын карасын алып коюшту. Ошол жылы жазда апам Жакып уйчунун короосуна саанчы болуп барганы эсимде. Ошондо биздин боз үй төш түбүндөгү Казган-Конушка тигилген. Боз үйдүн эшиги чоң түп кайыңды карап турчу.

Ошол кайыңдын түбүндөгү Бото-Көз булак чыгыш тараптан Күндүн алтын кирпиктерин карегине батырып, ошон үчүн сырдуу касиетке ээ болгондой сезилчү. Ал эми алп кайыңчы?.... Күндө эртең менен төшөктөн турганда, бүтүндөй тоонун бетин көрсөтпөй көшөгөлөгөн дүпүйгөн шактуу, тармал чачтуу зор кайыңды жана анын түбүндөгү мөлтүр булактан суу бакандап баратышкан кыз-келиндерди көз алдыман өткөрчүмүн. Апам да алар менен чакалап суу алып келүүчү. Кайыңдын узун чач бутактарынын арасынан суурулуп чыккан апамдын бакандап суу көтөрүп келатып, бир ийнинен экинчи ийнине алмаштырып, шыпылдай басып баратышын өз ичимден жактырчу элем. Анткени өз кыялымда, өз оюмда апамды ак кайыңга, ак кайыңды апама окшоштура берчүмүн.

Кайыңдын айланасында ак таңдан иңирге чейин чурулдаган балдардын үндөрү, кыз-келиндердин шаңкылдаган күлкүлөрү өкүм сүрө турган. Алар канат кере селкинчек тээп, тээ кыл учуна жакын туура кеткен бутагына чейин күүлөнүп учуп жетишип, оozдоруна кайыңдын жалбырактарынан тиштеп келгени атайын мөрөй алышчу. Бул мөрөйдүн алгачкы жеңүүчүсү апам болгон эле бир жолу...

...Эсимде, биздин айылга үй ферманын башчысы Калык баштап бир топ активдер келген. Аларды коноктоп Калык аке өзү козу союп, жылкычылардын айылынан кымыз алдырган. Ошондо биздин үйдөн шырдак алып чыгып, ушул алп кайыңдын көлөкөсүнө салган. Активдер уй мүйүз тартып, апам куюп берген кымыздан ичишкен. Зериккен меймандар

мага селкинчек салдырмак болушту. Бирок демейде кайыңга чыгышыма тамаамат каршы болуп кыйкырып жемелеп жүргөн апам бул күнү негедир унчуккан жок. Мен кыл арканды белиме байлап, аюунун мамалагынан бетер кайыңга жармашып, жогору чыга баштадым.

– Шаңырандаган чечек, жыгылат экен эми! – деген апамдын үнү чыкты.

– Бул кайыңга азыр эле чыгып жаткан жок го, – деди отургандардын бирөө.

– Шымынан деле тамтык калбады, – деди апам кейип.

– Бала деген ушу да, шымынан айрылганынан да, мышыкча жабышып кайыңга чыкканы кызык да буларга, – деди Калык аке.

Кайыңдын билектен жоон туура кеткен бутагына минип, арканды селкинчек салчу жерине илип бердим. Мага бул бутактын аппактыгы, жумурулугу апамдын билегине окшоп кетчү. Селкинчек салган сайын аркандын тагы өткөн бул бутактын тагдыры мага аянычтуу сезилчү.

Мен салган селкинчекти бардыгы бир сыйрадан тебишти. Андан соң мелдеш башталды. Ким күүлөнүп, кайыңдын тээ жогорку бутагындагы жалбырактан тиштеп келсе, бир кой, эки чанач кымыз алмай болду. Оор бойлуу эркектер күүлөнө алышпай, чек койгон бутакка жете алышпады. Кезек апама келди. Ал жоолугун ээгине алып, учун желкесине байлады. Мен селкинчекти кармап турдум. Апамды селкинчекке отургузуп, эки-үч жолу күүлөнттүм. Апам тепкен селкинчек улам катуулап күүлөнүп, жаныман өткөн кезде шуулдаган шамал бетке уруп турду. Апам арканды чирене тээп, улам бир канатын, кайрадан экинчи канатын жайып алдыга бет алган кезде, тизесин бүгө калып күүлөнүп жатты. Жоолугу желкесине шыпырылып түшүп, өрүлгөн олоң чачы жамбашына камчы болуп чабылып, көйнөгүнүн этеги дирилдеп канат болуп, апамды көккө алып учуп бараткандай сезилди.

– И-и, ии, дагы, дагы! Аз калды, эми дагы эки-үч күүлөнсөң эле жетесиң! – деп чуркурашты жердегилер.

Апам тээ бийиктеги, эч ким ага жетип тиши менен тиштеп үзө албаган, эртеден бери ага жете албай арманда болгон бутактын дирилдеп турган жалбырагын шып этип оозуна тиштеп алды.

– Апбали! Мөрөй сеники, мөрөй сеники! – дешип чурулдашты.

Учуп кетчүдөй болуп күүлөнгөн апам күүсүн акырындатып, балапанына жем тиштеп, уясына конгону келаткансып, оозундагы жалбырагын жаагы карыша тиштеп, эки колу менен арканды бек кармап, селкинчектин күүсүнүн басаңдашын күтүп, былк этпей салмагын сала отурду. Чарчаган көрүнөт, кара кыжым чыптамасынан торсойгон кош эмчеги демиккен сайын улам бат-бат көтөрүлүп басылып турду. Мен арканды кармап, апамды токтотууга колумду сундум. Бирок мурутчан киши мени нары түртүп:

– Эй, эси жок, күү менен кошо тээтиги жапсарга барып түшөсүң! Сен эмес биз токтото албай жатсак, көрсөң муну! – деди ачууланып.

Ушул сол жаагы тырык, оң бутунан сылтып баскан Насирдин деген киши менен мурдатан эле жылдызым каршы болчу. Аны мен бая күнү үйдөн кууп чыккам.

...Капысынан үйгө кирип барсам, апамды колунан толгоп, өзүнө тартып жатыптыр. Апам мени көрө калып, ашкананын оозуна отура калды.

– Чоңойдуңбу? – деди, калкан мурут мага жайдары карап. Заматта ачуум келип, жиним кайнап кетти... Эмне деп айтууга сөз таппай, анан жакындап бардым да, сунулган колуна түкүрүп жибердим.

– Кантет, жаман балдарча! Акеңди да ошентесиңби? – деп, апам мени адаттан тыш кекээр менен тилдеп жиберди.

– Ооба сага, акем бул эмес! Менин акем бар беле?! «Эч кимим жок, жалгызсың», – деп айтып жүрөсүң го. Мен жалгызмын! – деп кесе сүйлөдүм. Калкан мурут тырык жаагын ого бетер бырыштырып, менин сөзүмдү этибарга албай, жорго күлкүсүн чыгара:

– Ой, тентек десе, жүрү биздин үйгө. Супаш менен ойнойсуң, ал быйыл окууга кирет, тамгаларды да таанып калды.

– Сенин кызың менен ит да ойнобойт!

– Анда кымыз ичип келгин. Тайлардан бирди кармап берем, балдар менен жарышасың.

– Кымызыңды кыпкызыл болуп өзүң эле семирип иче бер. Сенден башка кишиде кымыз жок бекен!

Менин бул жообума экөө тең үй ичин көтөрө каткырышты.

– Атаң көнөчайын, сүйлөгөнүн...

– Сүйлөбөгөндө эмне экен. Күлүп калышат уялышпай. Апам күлкүсүн тыйып, кымбат нерсесин оозунан алдырып жибергенсип, күнөөлүү кишиче мостоё түшүп, жер карады.

– Сен эмне, биздин үйдөн шынаарлап эле чыкпай калгансың? Мааданбек акеме айтчу болсом, ал бир бутуңду бир бутуңа теңеп коёт. Кет азыр үйдөн, атыңды агытып жиберсем айлыңа жете албай каласың чолоңдоп. Кет үйдөн, кет!

Мен аны үйдөн кубаладым. Ачуусу келгендиктен, муруттары типтик тура калды. Анын сүрдүү тиктеши желкемен өтүп кетти. Жаакка чаап жибереби деп эсим чыкты. Бирок апамдын жалооруй карап турганын көрүп, андан иймендиби, айтор, жаак эттерин бүлкүлдөтүп, камчысын бүктөп эшикке чыгып кетти. Апам Насирдиндин атынын табышы угулбай калгыча босогодо жөлөнүп, үн-сөзсүз тура берди. Апам тулку денеси менен бир нерсеге биротоло берилип, ал көкүрөгүнө гана эмес, атүгүл бүткүл ич дилинде жалбырттап бараткандай сезилди мага...

Апам селкинчектен түшкөндө, оозундагы тиштеп келген жалбыракты алып, ынак сүт жыттанган айылды көздөй чу койдум. Буттарын чор баскан, беттери шакмарланган балдар менен байгенин жалбырагын колума кармап, ар үйгө даңазалап айтып, сүйүнчүгө бир илимден каймак жеп жүрдүк.

– Керээздин апасы селкинчекти өлгүдөй тебет экен. Мелдеште мына бул жалбыракты тиштеп келип, мөрөй алды, – дешип, балдар көрүнгөн саанчыга айтып жүрүштү.

– Мөрөйү эмне экен? – дешет саанчылар.

– Бир кой, эки чанач кымыз.

– Силер көргөн жоксуңарбы, укмуштуудай күүлөндү дейсиңер, – чурулдадык биз.

– Оо, анда Күмүш эрлеген экен. Биздин айылда да бир күнү той болот тура, – дешип күлүп калышат алар.

Ооба, ошол күн үлпөттүү тойдой, жеңиш майрамындай эле сезилген мага. Ал күнү кечки саанга чейин апам бака-шака түшкөн активдер менен саябалуу ушул алп кайыңдын түбүндө болушту. Жайыттан курсактары керилген уйлар келе баштады. Уй-торпоктор үн алыша мөөрөшүп, торпок издеген балдар кыйкырышып, адаттагы турмуш азан-казан. Торпокторумдун бирин калтырбай таап, кермеге байладым. Желиндери чатына батпай, үрптөрүнөн диркиреп сүт аккан уйлар кермеде байланган торпокторун жалап-жуктайт. Маңкайган маңыроо уйлар сагыз чайнап жаткансып, бир калыпта майпаң-майпаң кепшеп, сүтүн демейт. Уйлардын карыш келген эмчектеринен чакаларга саалып жаткандагы сүттүн күүлдөгөн дабышы толукшуган жайдын кечки коңур салкын абасын коштоп жөнөйт. Көбүктөнгөн чака-чака сүт тулгада асылган казанга куюлуп жатты.

Тоолордун чокуларына тийген күндүн кызгылт нуру, анын уясына батып бараткандынан кабар берет. Бир аздан кийин теребел иңир тартып, ободо Ай балбылдап, жылдыздар бажыраят. Кайыңдын калың бутактарынын арасынан Сүтак деген аңыз жомокко айланган чымчыктын үнү таасын угулат. Мен анын: «Сүт ак! Сүт ак!» – деп нары муңдуу, нары таңдайын такылдаткан таптаза так, армандуу үндү моокумум канбай, мемиреп тыңшап жатып уктап калчумун.

Сүтактын көөдөй караңгылыкта да, айлуу түндө да иңир киргенден баштап, таң агарганга чейин: «Сүттүн актыгын» бүт Ааламга жар салып, жаагын жанып таңшыганына жалоорусам да, дилиме дүрбөлөң түшүп кете турган. Аны кармап алып, апам сааган сүткө тойгузуп: «Акыреттик дос болдук» – деп, ага жакшылык каалап, кайра учуруп жиберүүнү аябай

самачумун. Айлуу түндөрдө аны кармайын деп далай аракеттенгем... Бир күнү ай сүттөй жарыкта, кайыңдын түбүнө келип, Сүтактын кайсы бутакта экенин аңдып карадым. Селкинчек салчу жерге чейин дабыш билдирбей чыгып да бардым. Бирок Сүтакты көрө албадым. Анын үнүн кайыңдын туу чокусунда сүтактап таңшып жатканын гана уктум. Үндү багыттап дагы өйдө чыктым. Менин дабышымды туюп калса керек, Сүтак таңшыганын токтотуп, калың шактардын арасынан «пыр-р-р» этип бир чымчык учуп кетти. Анын өңүн да көргөнүм жок, турпатын да баамдап кала албадым.

... Ошол күнү апам мага эртелеп төшөк салып берип, өзү тулгага асылган казандагы сүттү бышырууга киришти. Очокто арча жыпар жыт чыгарып чатырап күйүп, андан чыккан кызыл жалын үй ичин жарык кылып турду. Мен төшөктө жатып, Сүтактын арман-зар сыйдырылган аяныч үнүн эшитүү менен алекмин. Бул үндү отту ичкертип жаткан апам да, түндүктөн «түнкү чылымынын» түтүнүн буркурата чыгарып жаткан үй да, баарыбыз тең тунжурап, Сүтактын гана бир калыпта сайрашын угуп, анын бизге белгисиз бир какшанган «тилин» тыңшап жаткандайбыз...

– Апа! – дедим тынчтыкты бузуп,– Сүтак чоңбу же кичинеби? Өңү кандай? Сиз аны качан, кантип көрдүңүз эле?

– Канаттуулардын эң кичинеси, «өңү боз болот» деп уккам. Мен деле көрө элекмин, – деди апам, казанда кайнаган сүттү сапырып жатып. Мен өзүмчө ойлоно калып, кайрадан апама суроо бердим:

– Кандайча? Чымындан да кичинеби?

Апам кыткылыктап күлдү. Эч нерсе түшүнбөсөм да апамдын күлкүсүн коштоп, мен дагы ырсайып койдум.

– Жо-ок, – деди апам, – канаттуу куштардын ичинен эң кичинеси, өтө эле мажүрөөсү. Анын үстүнө, Сүтак чымчыгы башка канаттуулардай бутакка конуп алып сайрабастан, ал эки буту менен бутакка илинип, башын ылдый каратып алып, сүтактап сайрайт дешкенин уккам.

– Апа! Эмне үчүн Сүтак чымчыгы кичинекей, мажүрөө болуп калган?

Апам менин бул суроомо эстен кеткис, жадымда түбөлүк кала турган бир аңыз-жомокту айтып бергени али да көз алдымда.

... Илгери-илгери бир кемпир болуптур. Анын жалгыз эле баласы болгон экен. Энеси уулун канаттууга кактырбай, тумшуктуууга чокутпай, бөпөлөп багып эрке чоңойтот. Баласы балакатка жеткенге чейин сандаган канча уйкусуз түндөрдү өткөрүп, не деген эсепсиз оор кыйынчылыктарды башынан кечирет. «Балам эр жетип киши болсо, ак эмгек – Ак сүтүмдүн акыбети кайтып, уулумдан убай көрсөм!!!» деген аруу тилеги менен баарына кайыл болуп жашап жүрчү экен. Эненин тилеги ишке ашып, баласы үйлөнөт. Эне аябай кубанат. Бирок баласынын аялы кайын энесине өч чыгып, кемпирден кутулуунун жолун издейт. Бир күнү келин күйөөсүнө: «Бу өлөрман кемпирдин бизге эмне кереги бар, ашка жүк, башка жүк кылып? Биз бөлүнүп, өзүбүзчө жашабайлыбы? Ал үчүн көз көргүс, кулак уккус жакка кетип калышыбыз керек. Ошондо гана бул мастандан биротоло кутулабыз! Антпесек бизде көңүлдөгүдөй жашоо деген болбойт», – деп азгырат. Баласы аялынын тилине кирип, энесин журтка таштап, аялы менен качып жоголот.

Байкуш эне баласынан көпкө күдөр үзбөй: «Балам бир күнү келээр. Кантип эле мени таштап кетсин» – деп жүрүп бир күнү ооруп калат. Ооруганын баласына кантип билгизерин билбей төшөктө жаткан эне алачыгынын түндүгүнө жабыштырып уя салган чабалекейдин сайрап жатканын көрө калып, ага минтип айтат: «Түндүгүмдөн түнөк тапкан чабалекей, менин абалымды күндө көрүп турасың. Бир алым көктө, бир алым көрдө. Баламды таап, менин абалымды билдирип кой. Өлөр алдымда мени көрүп кетсин. Өлүп калсам бир ууч топурагын менден аябасын» – деп айтат.

Чабалекей ойкуп-кайкып учуп, тээ талааны, чытырман токойлорду аралап жүрүп, бир чоң кайыңдын түбүнөн

жүлүндөй түтүн чыкканын көрөт. Мына ушул жерде баласы аялы экөө жашап жаткан болот. Ага апасынын айтканын Кайыңдын бутагына конуп алып төкпөй-чачпай сайрап берет. Кайнененин кабарын уккан келини жини келип: «Биздин дарегибизди билгизген сен кандай немесиң?» – деп заматта түрүн өзгөртүп, жылан кейпин кийип шырп алдырбай, чабалекейдин мойнуна оролуп, муунтуп өлтүргөнү келатканын туюп ага жеткирбей учуп кетет. Бирок жылан чабалекейдин куйругунун учунан чала тиштеп калып, тең ортосунан жулунуп, ачакей болуп калат. Чабалекей уясына учуп келип, кемпирге болгон окуяны сармедиреп сайрап берет.

Ак сүтүн эмизип, Ак эмгеги менен чоңойткон баласынын бул кылыгына катуу ыза болгон байкуш Эне: «Менин Ак сүтүмдүн бир тамчысын да актабадың, Эненин кусуру ургур! Сени Ак сүтүмө койдум!? Ал эми аялың менин кейпимди кийип калсын!!! – деп, кыбыланы карап каргап, тескери бата кылып жан берет.

Эненин бул адилет каргышы Кудайга жетип, нар көтөргүс мындай оор күнөөсү үчүн ал бала энесинин каргышына калып, эң эле алсыз, мажүрөө, томуктай болгон макулук – Сүтакка айланып кетиптир. Ошондон баштап, кечки иңирден таң супасы жарылганга чейин, эч бир наар сызбай, башын ылдый каратып, эки буту менен бутакка илинип алып, тамагы кургаганча, алы кетип алсыраганча эне сүтүнүн актыгын Ааламга жар салып: «Сүтак», «Сүтак» – деп сайрап чыгат. Эчак жаннатка кеткен эне байкуш баласынын таң атканча какшаганын угуп, ага боору ооруп, жүрөгү сыздап, эмчегинен сүт диркиреп агат. Алла Тааланын амири менен Эненин сүтүнөн үч тамчы Сүтактын оозуна таң заарында тамат экен. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Сүтак энесинин үч тамчы сүтү менен жашап, эне сүтүнүн актыгын 18 миң Ааламга жар салып келет. Ал эми кыргыз элинин: «Эненин каргышы балага ок!» – деген макалы ушундан улам пайда болгон экен...

– Ка-ап! Байкуш эне сүтүн бербей койгондо, дини кайыр баласы өлүп калмак экен ээ, апа?

– Ошентмек.

– Эмнеге башы ылдый карап, бутакка салаңдап калган?

– Кудай баланын кечиримсиз оор күнөөсү үчүн ошентип, бутунан бутакка асып, башын салаңдатып, катуу жазалады. Күнөөсү ошончолук көп да! Кудай да андай таш боорлорду ошентип кыйнап күнөөлөйт! Сен Сүтактай дини кайыр болбой, апаңдын сөзүн угуп, өзүңдөн улууларга сылык мамиле кылып жүрсөң.

– Кайын энесине каарын тийгизип, заарын чачкан, жалгыз баласын азгырып кеткен келинине каргышы тийиптирби?

– Кайын энесине акаарат көрсөтүп, аны зар какшаткан келин, кийин өзү да ошол кайын энесинин кейпин кийип калган экен. Анткени келин күйөөсүнөн ажырагандан кийин, анын колунда да жалгыз баласы калат. Атасыз жетим калган баласын багып, өстүрүп чоңойтот. Эс тарткан бала бир күнү атасынын эмне болгонун билиш үчүн апасынан сурайт. Апасы билген чындыкты айтып берет. «Сенин атаң Улуу тоо арасындагы алп кайыңдардын шактуу калың бутактарында апасынын каргышына калып, эптеп бир макулук болуп, жан сактап жүрөт, – дейт. Муну уккан баласы апасын таштап: «Мен атамды тапчумун» – деп, Улуу тоолордун арасына кетет.

Ошондо баланын кулагына бир сонун сыбызгыган үн угулат. «Бул үн атамдын үнү болуш керек!» – деп үн чыккан тарапты көздөй азгырылып, чытырман токойлорду аралап жөнөйт. Барса, ал жакта да жок. Бир аз аялдап турганда муңдуу үн ушул биз турган жердеги кайыңдан угулат.

– Сиз селкинчек тепкенби?

– И-и, ушу Бөйрөк-Кайыңдан. Анан бала калың токойдон чарчап-чаалыгып жатып араң чыгып, кокту-колот, терең өзөндөрдү тепчип өтүп атып, ушу Бөйрөк-Кайыңды беттеп жөнөйт. Кайыңдын желкесиндеги чөлкөмдү «Бала-Бейит» деп коюшат го, бала араң дегенде ошол жерге келип, чар-тарапты карап турганда, Сүтак болуп калган атасы өзүн издеп жүргөн баласын көрөт да, ага жолугуудан арданып качып,

кайыңдын калың бутактарына жашынып, баласына көрүнбөй койгон экен. Аңгыча, алай-дүлөй түшүп, заматта нөшөр төгүп, арты борошолуу карга айланып кетип, ушундай алааматта бала кайып болуп кубулуп, көздөн кайым болду. Ошондон бери, бала кайып болгон жер «Бала-Бейит» аталып калыптыр.

– И-и, ооба. Жанагы кичине мазарбы?

– Ооба, илгери-илгери ошол жерде кичинекей дөбөчө болгон имиш. Ал жерде эч кимдин сөөгү коюлган эмес экен. Тек кана бала кайып болгон жер мазар болуп калган да…

Ал эми эне-баланын ортосун бузган, кайын энесин талаага таштаттырган келинге Эненин каардуу батасы тийип, элден-жерден безген:

«Бытпылдык, бытпылдык,
Ыйманыбызды жеп тындык.
Бытпылдык, бытпылдык» –

деп, бөдөнө болуп талаалап калган экен. Ошондон улам кыргызда: «Бөдөнөнүн үйү жок, кайда барса бытпылдык» деген даңазалуу лакап айтылып калыптыр.

Апамдын ушул айткан жомогунан баштап, Сүтакты жек көрүп калдым. Ага кыжырым кайнап, эми аны кармап алып, энесинин сүтүн актабагандыгы үчүн, апам сааган сүткө башын салып тумчуктуруп өлтүрмөк болдум. «Эртең сениби, сары изиңе чөп салбасамбы...»

Чатырап күйгөн оттон башка үй ичи тыптынч. Ушул тунжураган тынчтыкты Сүтактын гана какшанган үнү бузуп турду. Кызыл тилин соймоңдоткон жалын казан түбүн аймалайт. Андан чыккан алтын түстүү учкундар көтөрүлүп отуруп, түндүккө жетип-жетпей жоголуп жатты. Башыма түшкөн чар-жайыт ойлор да ушул учкун сымал жалынга сиңип жок боло калат. Кулагымдын кужурун алган Сүтактын үнүн угуп, апам жаккан отту карап жатам. Оттун илебиненби, айтор, апамдын жүзү жалындын кызгылт нуруна чагылышып, нурданып турду.

– Апа-а! – дедим чочугансып.

– Эмне болду? – деди апам отту ичкертип жатып.

– Атам болгондо Сүтакты кармайт элек, ээ.

– И-и-и, кармайт болчусуңар.

– Анда атам болгондо Насирдин да биздин үйгө келмек эмес ээ, апа?

Апам бул суроого жооп берген жок. Укмаксанга салып, от жагуу менен алек болду.

– Ээ, апа! – дедим кайрадан.

– Божурабай уктачы. Эртең менен эрте ойгонбой, түшкө чейин уктай берет экенсиң.

Мен апама экинчи суроо бергеним жок. Түнкү тынчтыкты бузуп какшанган баягы шүмшүк Сүтактын үнүн угуп, апамдын кыймылын карап жатам. Апамдын кабагы салыңкы. Болбогон бир нерселерди сурай берип апамды капа кылып алдымбы? – деп ойлодум. Көп өтпөй эле жалын арасынан апамдын көзүнөн сымаптын тамчыларына окшогон жаш мөлт-мөлт тамып кеткенин көрдүм. Улам-улам шорулдата мурдун тартып, көйнөгүнүн жеңи менен көзүн аарчып калат. «Апам эмне үчүн ыйлап жатат. Магабы, же атамды эстедиби? Каа-ап!» – деп ичимден кейидим. «Жана атамды айтпай эле койбой, атамды эсине салганда эле апам шолоктоп ыйлай берет. Экинчи атам жөнүндө сөз кылбай койбосомбу...»

Качан, кайсы маалда уктаганымды билбейм. Сүтактын үнү мени уйкудан ойготуп жиберди. Ушул энесине кайрымы жок, таш боор, дини кайыр Сүтак болбогондо, эч чырсыз, ыйсыз, эч нерседен капарсыз тынч уйкунун кучагында жата бермекмин.

– Апа, Сүтакты кубалачы! – дедим уйкусурап.

– Апа-а! – жооп жок. Караңгы боз үйдө жалгыз калганымды биле коюп эшикке жүгүрүп чыктым. Эшик жууратты уюп, асман уяң жылдыздарга толуп калыптыр. Короодогу уйлардын бышылдаган деми, курт-курт кепшегендери гана угулат. Сүтак кайыңдын калың бутактарына көрүнбөй конуп алып, дале болсо баягы бир сөзүн жадабай кайталап какшанат. Кайыңга байланган аттын карааны көрүндү.

Анын далдоосунда эки адам кобурашып сүйлөшүп жатканын уктум. Мен демимди ичиме катып, алардын сөзүн тыңшадым.

– Аның туура Күмүш, бала эмеспи, анын сөзүн угуп эч качан көңүлүмө албайм. Эми аны кимге бермек элең. Биз бат эле ата-бала болуп кетебиз го – деп ойлойм. Бирок эртеби-кечпи ал кимдин баласы экенин билиши керек. Баары бир өз уругун, тууганын табат, – деди жоон үн.

– Туубасам да тутунган балам, эжемден калган керээзим деген апамдын үнүн уктум. Аңгыча байлануу ат мени көрө бир ордунда турбай кулагын тикчийтип, оңурая карап окуранып калды. Ошол мезгилде кайыңдын көлөкөсүнөн суурулуп эки караан чыга келди. Анын бири мен жек көргөн киши Насирдин экен. Жылаңач денемди койнуна катмакка апам мага жүгүрүп келатты. Мен жерден чыбык таап алып апамды чапкылап, жаныма жолотконум жок.

– Кет-кет! Ошо менен кошо кет! – деп бакырдым.

Аңгыча Насирдин артымдан келип, чыбыкты колумдан сууруп алып, мени апамдын колуна карматты. Ал экөө бир нерсе жөнүндө макулдашып жатышты көрүнөт. Мен апамдын колунан жулкунуп, бир колум менен жерден таш алып Насирдинди койдум. Дагы жерден таш алып койгуча ал атына минди да, чу коюп кетип калды. Артынан таш урдум.

– И-и-и чолок, коркот бекенсиң! Эми келсең мобу таш менен башыңды жара коюп, мээңди чыгарам.

Анын артынан муштумумду түйүп, урган ташым жетпесе да качырганыма моокумум канып, өзүмчө кыйынсындым. Апам мени койнуна катып, айыл шектенбесин дегенсип оозумду эмчегине басты. Үйгө көтөрүп кирип, төшөгүмө жаткырып жатканда анын көз жашынын тамчылары менин жаагыма тамып, андан сойлоп мойнумду кытыгылады. Бирок ал кытыгы мени күлдүрө алган жок. Апам жаныма кошо сунала жатып, башыма жаагын жөлөп бышактап ыйлап жатып мындай деди:

– Жалгызым, керээзим, кубатым менин, сен азыр түшүнө элексиң, сен да чоңоёсуң, мен ага чейин карып калам. Ал эми

мен келечегим жөнүндө азыртан ойлонушум керек. Жалгыз жүрө албайм. Эгер апаңды жакшы көрсөң, аяп жүргүн, түшүнүп жатасыңбы?

Өзөн суусу жазда күкүктөп киргенде өз нугунан ашып-ташып жаткан сыяктуу, апамдын көөдөнүнөн кол менен кармалбаган, көзгө көрүнбөгөн бир назик сезимдердин ташкыны оргуштап чыгып, үйдүн ичине батпай сыртка ашып-ташып, анын илебинен пайда болгон желаргыга кайыңдын жашыл жалбырактары сыйкырдуу кайрык менен дирилдеп, жалпы жаратылышка махабат тууралуу шыбырап тургандай сезилди мага. Апам башымдан сылап жатып:

– Угуп жатасыңбы, Керээзим? – деди кайрадан.

Мен жооп бергеним жок, эгер жооп берсем, эмне деп айтышым керек эле. «Мен жек көргөн киши менен кете бер!» – деп айтмак белем... Эмне деп жооп беришимди билбейм. Ичим эле туз куйгандай ачышат. Аргасыздан тетири карап кеттим. Түндүгү жабык боз үйдүн караңгы түпкүрүнөн: «Баары бир!» деген сөздүн артынан бир нерсеге кумар болуп, ал кумарын көптөн бери көөдөнүнөн чыгарбай жүрүп, эми бел байлап, абага ак кептердей учуруп алдым го... деген санаасы тынган, эс алуу үшкүрүгүн туйдум. Апамдын бул үшкүрүгү мени аябай алсыз кылып таштады. Бук болгон демимди ичиме катып үн чыгарбай, жуурканга башымды катып букулдап ыйладым. Көз жашым кумга сиңген тамчыдай жаздыкка сиңип, жоголуп жатты. Кээде ичтеги муңуңду сыртка чыгарыш үчүн көз жашыңды көлдөтүп, шолоктоп алсаң, оор жүгүңдөн кутулгандай сергий түшөт экенсиң.

Ошол түнкү түрдүү ойлор, өзгөчө Сүтактын какшанган үнү мээмди кыргыч менен кырып жаткансып уйкумду келтирбеди. Ал түнү апам да уктай албады окшойт. Бир жагынан экинчи жагына оодарылып, түйшөлөт. Көөдөнү өрттөнүп баратканcыйт, дембе-дем үшкүрүнөт. Эми апам экөөбүз тең бири-бирибизге сөз катышпай, сыр айтышпай, сыр чечишпей, экөөбүздүн тең ичибиз өрттөнүп, жүрөгүбүз ачышып, кирпигибиз катып уктай албай, Сүтактын гана үнү катып, жаагы

жап болгондо, таңдын шооласы чачырай баштаганда апам туруп түндүк тартып, бети-колун чайканып, чакасын каруусуна илип уй сааганга кетти.

Түндөгү көзүм менен көрүп, өз кулагым менен угуп жаткан окуя, анда айтылган сөздөрдөн кийин ойлорум уй-гу-туйгу...

Чынында мен киммин? Кимдин баласымын? Атам ким, апам ким? Урук-тууганым барбы? Эгер апам Насирдин менен кетип калса, мен кимдикине калам? Мени коркунучка камап титиреткен, жүрөгүмдү сыздаткан мына ушул акыркы суроо болду.

Чаржайыт ойлорумду бир жерге топтоп, акыркы чечимге келдим: «Жакшы көргөн бир киши бар. Ал Мааданбек акем болучу. Ал бизге кандай тууган экенин билбейм. Бирок ал мени өз баласынан артык көрүүчү. Ошол Мааданбек акемдикине кетишим керек» деген ойго токтолдум. Анткени апамды Насирдиндин жанынан, анын кучагынан экинчи көргүм келбеди. Кийинип алып эшке чыктым. Апам чоң курсак күрөң уйду саап жатыптыр. Мен алп кайыңдын түбүнө келип, апам менен коштошпостон ак кайың, зор кайың менен коштоштум, кайың түбүндөгү мен дайыма жүзүмдү жууган, күзгүдөй өңүмдү өзүмө көрсөткөн, суусаганда кана ичкен Кара көз булак менен коштошуп, жалгыз жол менен чымылдап чуркап кырга чыктым. Кырда туруп, мен уурданып жан кишиге көрүнбөй, эч жанга сездирбей чыккан уйчулар айылына көз чаптырдым. Саанчылар уй саап жүрүшөт. Апамдын чакага толтура сүт көтөрүп үйдү көздөй баратканын көрдүм. Апамды көрүп көзүмдөн жаш буурчактап төгүлүп кирди. Кайра чуркап барып, апамдын мойнуна асылып: «Апа, мени кечир. Түндө мен сага жооп бербей тетири карап кеттим эле. Мен сени ыйлатпашым керек эле. Мен үчүн көзүңдөн буурчактатып жаш агыздың. Мени кечире көр!» – деп айткым келди. Бирок түндөгү Насирдин менен апамдын ортосундагы мен тууралуу сүйлөшкөн сөздөрү мени буулуктуруп, күндө биздин үйгө келип, апам экөөбүздүн ортобузга бирикпеген

жик салып жүргөн Насирдин чолокту көргүм келбеди. Агылган жашымды улам жеңим менен аарчып коюп, караганды аралаган жол менен келаттым. Көз алдыма түндөгү окуялар тартыла калып, кулагыма: «Эртеби-кечпи, ал кимдин баласы экенин билиш керек. Баары бир өз тууган-уругун табат» деген сөз, андан калса апамдын таш жарган үшкүрүгү, көөдөндөгү бугун чыгарган үшкүрүк коштогон «Баары бир» деген сөзү жаңырып баратты.

## Мааданбек карыя

*«Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн!*

*Энең өлсө өлсүн, энеңди көргөн өлбөсүн!»*

*(Кыргыз макалы)*

... Өткөндү эстеп, заманам заң болуп, ат жалына өбөктөп, кайыңдын саябасында турганымда өзөн жактан «чу-чулап» келаткан кишинин үнүн уктум. Артыма кылчайдым. Дүпүйгөн топ карагандын далдаасынан сакалы куудай аппак, үрпөйгөн каштары да агарган, багжайган абышка эшегин жетелеп чыга келди. Ушул нооча келген абышканы көрөрүм менен эле жазбай тааныдым. Ал мага жакындап келгиче, ушул жарык дүйнөнүн жаракасына тыгын болгонсуп дале жашап жүргөнүнө таңдана карап турдум. Бир жагынан менин жакын адамым, мен издеген ушул киши тирүү бар экенине кубандым. Мен анын алдын тосо озунуп салам бердим.

– Валейкума ассалам балам! – деп алик алды. Ал менин бүткөн боюмду, аягыман төбөмө чейин кыраакы көзү менен карап чыкты. Мен анын мойнуна асылып, өз атамды эми көргөнсүп, эреркеп эркелегим келди. Энесин да, атасын да көрбөгөн мага окшогон дагы бирөө болсо, балким, абышканын тер жыттанган мойнун кучактап, сагынычын тараткыча, ичтеги бугун арылткыча шолоктоп ыйламак. А бирок мен

анте албадым. Өзүмдү өзүм карманып, абышканын шадылуу колун кыса-кыса кармадым. Менин минтип ызаат кылганыма абышка да жетине албай, бырыштуу жүзүн жылмайтып, багжалаңдап, мени бүшүркөп карады.

– Сени бүшүркөп тааный албай турам, балам. Кайсы уруктан болосуң? Кимдин баласы элең?

Мен атамдын атын да, өз атымды да айтып бердим. Абышканын көзүнөн кубаныч жайнап, жүзүнөн мээрим төгүлө түштү.

– Ата көрүү! – деп кыйкырып жиберди. – Чоңоюп жүрөсүңбү! Аман эсенсиңби? Өзүмдүн Керээзимди таныбай, мени Кудай урган тура! Ата көрүү-ү! «Аккан арыктан суу агат» деген ушул тура. Жаркынбайымдын изи бар экен, жоголбоптур, Жаркынбайым тирүү тура!

Абышка шадылуу колу менен мени өзүнө тартып, кыса кучактаган соң маңдайымдан өөп жатып: «Бешенеңден садага болоюн!» – деп жалынды.

Ошол кезде анын сакал каптаган ээги бүлкүлдөп, үнү каргылданып, тунарган көздөрү кылгыра түштү. Экөөбүз тең үн-сөзсүз саамга туруп калдык. Абышка көзүн ушалап:

– Ортодон канча жыл өттү билбей да калдым. Ошондон бери көрүнбөй жүрүп, эми келдиңби?

– Сизге учурашканы келаткам.

– Мен кара жерге кирейин. Куураган арчадай болуп калдым. Какжайып карыганда дөөлөт күтө албадым.

«Мени көрүп турбайсыңбы» дегенсип, ал мага жалдырай карап койду. Аңгыча үстүңдөгү артылган жүктөн бели талыган эшеги жер жыттап жолдун таманына жата кетти.

– Мейли эми, биз сүйлөшкүчө эс ала турсун, өзүм көтөрүп тургузуп аламын, – деп койду абышка.

... Абышка минтип айтканынын да жөнү бар эле. Кезегинде майрам сайын эңишке түшүп, «Мааданбек балбан» атыккан. Бир курдай ушул киши биздин үйгө келип: «Уулумду мага бер, майрамга алып барып балбанга салайын» – деп апамдан сурап, мени районго майрам өткөрүп жаткан жерге

учкаштырып барганы эсимде. Калың элдин арасынан суусар тебетейчен бирөө: «Мааданбек келди, эңишке салгыла» – деп кыйкырып калды. Мааданбек аттан түшүп, мени өзү отурган ээрге миңгизип, бутумду үзөңгүнүн боолоруна тептирип, чылбырды ээр кашына орой илип, тизгин менен камчыны колума карматып: «Ушул жерден тамашаны көрүп, эч жакка жылбай тура бер, макулбу?!» – деди. Ал чечинип, теке шым кийип, ак кементай жамынып, эл алдына отура калып бата тиледи. Казганактап турган эл: «Оомийин, жолуң ачылсын, ата-бабаңдын арбагы колдосун» – дешип чурулдап бата беришти. Ал эңишке даярдаган атка минди да, тиги өзүн күтүп турган балбанды көздөй чу койду. Эки балбан беттешип, кармаша түшкөндө казганактаган өйүз-бүйүз эл сүрөп кыйкырып жиберишти. Эки балбан бири-бирин оодарыша албай кыл чайнаша кармашып жатышты. Мен болсо Мааданбек аке кайсы тарапка оосо ошо тарапка кыйшайып, кээде: «Мааданбек аке! Колунан тарт, колунан!» – деп кыйкырып коём. Бир кезде Мааданбек аке беттешкен балбандын колун ээр кашка басып, минген атын темингенде, тиги балбан чалкалап, бир топ эле жандалбастаса да, ээрдин тарагынан көчүгү шыпырылып, аттын соорусу менен сыйгаланып барып, андан жерге сүйрөлүп түшүп калды. Мааданбек аке анын колун коё берип, минген атына камчы уруп баратканын көрдүм. Ошондо менин сүйүнгөнүмдү айтпа! Мен дагы камчыны төбөмө булгалап, эл алдына кандайча ураалап чыгып калганымды сезбей калыптырмын...

– Эмне эле өзүнчө кубанып жатасың, балам? – деп карыя узун ак каштарын түктүйтүп койду.

– Өткөндү эскерип, эсиңиздеби, сиз баягыда мени майрамга учкаштырып алып барбадыңыз беле? Ошондо эңишке түшүп, мөрөй алгансыз.

– Эңишке көп эле жолу түштүм. Кайсы жыл эле?... Деги бир жолу сени майрамга ээрчитип баргандай болгом. Ооба, өткөндү эстеп кубанган жакшы, бирок өткөндү эстеп кайгырбоо керек экен.

– А-а, мен өткөндү көп эскерем. Айрыкча сиз жөнүндө. Сиздин өмүр жолуңуз жөнүндө кагазга көркөмдөп түшүрүп алсам, өзүмдү бактылуу сезет элем. Анткени сиз менин ким экенимди өзүмө таанытказсыз. Ошондон кийин атам ким, апам ким экенин билгем. Эсиңиздеби?...

Эсимде, эсимде. Сени атка учкаштырып үйгө алып баргам...

* * *

Күкүктөп аккан суусун кече албай, жарык дүйнөнүн кайсы тарабына, кайсы жолуна түшөөрүмдү билбей, Ата Журтум кайда, тууганым, уругум ким экенин, эми кимдин үйүнө, кайдагы карагандыга барып баш калкалаарымды биле албай жээкте отурам. Бет маңдайдагы караганды жыш өскөн узун капталдан анда-санда бөдөнөнүн сайраганы угулат. Анын кокту жаңыртып баркылдап сайрашы мени бир нерседен камсанатып койду: «Баш калкалаар үйү жок, жасап алган уя жок, чөп түбүндө жорголоп, караганга корголоп, ыйман сырын жеп тынып, кайда барат бытпылдык» дегендей мен дагы ошол бөдөнөнүн тагдыры өз башыма түшкөнүн ойлоп, айлам куруп сууну кантип кечээримди, кайда барарымды билбей турганымда артымдан ушул киши келген. Ал аттан түшүп, менин жаныма келип:

– Сага эмне болду, Керээз? – деди да, колумдан өйдө тартып тургузду. Мен ага эреркеп, ого бетер бышактап, өпкөм көпкөнчө ыйладым.

– Кой, ыйлаба. Ким урду сени? Апаң урдубу? – Мен ага жооп айтууга алым келбей, ого бетер бышактап ыйладым. – Болду, болду эми. Ыйыңды токтотуп, суроого жооп берчи. Кайда бараттың эле.

– Сизди издеп.

– Мениби? Мына мен сени издетпей эле өзүм келбедимби. Болду эми ыйлаба. Билесиңби, сенин атаң аябай кайраттуу киши болгон. А сен аны тартпай калгансың го. Ызакор болуп калгансың го? Ал мени ушинтип сооротуп жатты.

– Үйдө Күмүш барбы?

– Бар.

– Жүр анда, үйүңө баралы?

– Үйгө экинчи барбайм.

– Эмнеге үйүңө барбайсың, таарындыңбы? Кимге? Апаңабы?

– Ал менин апам эмес.

– Кой, антип айтчу эмес. Мурдуңду урайын десе. – Мааданбек аке чочуп кетти. Ал көзүн айлантып таңдана карап, саамга эки ийинимден кармап турду да, кайра мени кучактап, сөз катпай бир нерсе жөнүндө ойлонуп калды.

– Апаң эмес экенин ким айтты сага?

– Өзү.

– Өзү? Чын эле өзү айттыбы?

– Ооба. Мен эми өз апамды табышым керек, сиз билесизби? Ал кайда?

– Атаны айланайын айя-я! – деп, каңырыгы түтөп, эмне деп жооп айтаарын билбей, абдаарып калды.

– А-атаңдын көрүнө урайын, бири кем дүйнө! Бирөөгө кең дүйнө, бирөөгө тар дүйнө! Ал ушул сөздү айтты да, камчысы менен жерди бир чаап алды. Ал атка минип:

– Кел учкаш, жолдо айтып берем – деди. Күкүктөгөн суудан өйүзгө кечип өтүп, каптал жол менен жүрүп отуруп секиге чыктык. Биз эски мүрзөлөргө туш болдук. Мааданбек аке атын токтотту да.

– Кана, түшчү арбактарга куран окуйлу, – деди. Буга чейин эч сөз айтпастан, сыр түйүнүн ичине катып алгансып, дүңкүйүп келаткан эле. Мааданбек аке менин колумдан жетелеп мүрзөлөрдү аралай, сайылган кош жыгачы какжырап эскирип калган мүрзөгө алып келди.

– Сен ыйлаба, чоң жигит болуп калбадыңбы. Ар дайым турмуштун катаалдыгына каршы турушуң керек. Ким эле ата-энесин түбөлүк маңдайына кармап жүргөн бар дейсиң. Ыраматылык апаң Каныштын сөөгү мына ушул мүрзөгө коюлган. Сен ал кезде бу жарык дүйнө жөнүндө эч кабарсыз,

эмчекте калган болчусуң. Ыраматылык апаң ошол кездеги элди каптаган кара тумоодон көз жумган.

«Каныш!» – деп ичимден кайталадым. Апамдын атын биринчи угуп, элесин элестей албай, бет маңдайымдагы боз шыбак баскан, капталында жыландын ийниндей болгон тешиги бар мүрзөнү жүрөгүм үшүп тиктеп турдум.

– Кел, отур. Апаңдын арбагына куран окуюн, – деп Мааданбек аке чөк түшө отура калды. Куран окулуп бүткөндө алакан жайып бата кылганым жок. Атамды да, апамды да көрбөй, таанып билбей, алардын мээримине бөлөнбөй, жытын жыттабай, эне-атадан жаштайымдан ажырап, «томолой жетим» аталып, бактысыз болуп жаралганыма эми ишенип, эт жүрөгүм жанчылып, кабыргам ыдырап сөгүлүп, үч бүктөлүп отуруп букулдап ыйлап жатканда Мааданбек акенин карылуу колу каруумдан кармап өйдө тургузду. Бактысыздыктын уусуна чыдабай өпкөм көпкөнчө ыйладым. Ал менин жашымды аарчып жатып:

– Болду эми ыйлаба, жана эле ыйлаба дебедим беле. Минтип ыйлай турганыңды билсем, сени суудан өткөрмөк эмесмин. Болду ыйлаба, сени эр бала деп коёт. Чоң жигит болуп калбадыңбы. Кыз эмессиң да, кыздар ушинтип ыйлайт. Кыздардай жашык турбайсыңбы, – деп мени ардантып, соороотуп жатты. Ыйымды бир аз токтотуп, өпкөмдү баскан кезде:

– Жүр, атка минели, – деп колумдан жетеледи.

Биз ат жол менен кокту өйдө бара жатабыз. Жалгыз баласынын өңүн көрбөсө да, ыйын угуп, байкуш апамдын мүрзөсү томсоруп кала берди. Баятан берки буулуккан муңум басылып, көзүмдөн буурчактап аккан жаш соолуп калгандай болду. Кээде гана өпкөмдү баса албай энтигип калам.

Мааданбек аке жолдо катар атын «чу-чулап» теминип коёт да, ичинен күңгүрөнүп Кудайга жалынып, Алладан зарыга бир нерсе суранып бара жаткансыды. Кээде гана: «Туяк бер, Кудай!» – деп ачык айтып калат. Ушундай опол тоодой чоң киши эмнелер жөнүндө ойлоп, эмнеге капаланат?

Балким, менин тагдырыма боору ачыгандыр... Ар кандай кайгы-капаны, тагдырдын кээ бир оорчулугун өзүнүн нооптуруш денеси менен сүрүп чыгарып таштоого кудурети бар, бүркүт кабак сүрдүү киши, нечен балбандар менен кармашып, жер таянбаган ушул киши минтип түпөйүл кайгыга батып, алсырагандай үшкүрүнгөнүнө өзүмчө таң калып бараттым.

Узун коктунун ичиндеги чакан кыштактын баш жагындагы үйгө келдик. Мааданбек аке аттан түшпөй жатып эле:

– Айым! – деп чакырды. Ушул үндү эле күтүп тургансып үйдөн узун бойлуу, ак жуумал аял чыга келди.

– Оо-о, келип калдыңбы? – деди ал жайдарыланып жылмайып.

– Сүйүнчү! Балалуу болдук!

– Кайдагы бала? – Ал таңдана калды. Мааданбек акенин калдайган денесинин далдоосунда атка учкашып турган мени ал көргөн жок. Мааданбек аке камчысын бүктөй кармап мени көздөй жаңсап койду.

– Кана, кана? – аял жакын келип мени карады.

– Кимдин баласы экен?

– Кимдин дегениң эмне? Биздин бала! – Мааданбек акенин бул сөзү каардуу чыгып, тиги аялга камчы менен чапкандай тийди көрүнөт, жаркылдап күлүп турган аялдын өңү заматта сумсая түштү. Ал мага колун сунуп, колтугумдан көтөрүп аттан түшүрдү. Мааданбек аке да аттан түшкөндө ат жеңилдене түштү көрүнөт, төрт бутун тайтайта калып силкинип алды.

– Аялы аттын белин бошотуп, мамыга байлап жатканда Мааданбек аке мени колумдан жетелеп үйгө киргизди. Аңгыча тиги аял кирип келип мени бүшүркөп тиктеп алды.

– Таанызбай турасыңбы? Жаркынбайдын Керээзи эмеспи, – деди Мааданбек аке аялына.

– Ии-и байкуш, – деди аял мени жактырбагандай. Анын «байкуш» деген сөзү менин жүрөгүмдөгү жараны жаралантып канатып, ого бетер басынтып таштады.

– Ошондой, эмнеге кечикти десем Күмүштө жүргөн тура.

– Ии, дагы баягыны баштап келатасыңбы? –Мааданбек аке аялын кекете сүйлөдү. Аялы бизди жактыра бербей, бир нерсеге жини келип турду.

– Күмүштү мага жабыштырмайынча сөз сүйлөбөй калбадыңбы!

– А жабыштырбасам бул баланы кайдан таап келдиң?

Муну уккан Мааданбек акенин муруттары тикчие түштү. Колундагы чыны менен тап берип, коюп ийе жаздап токтоду да:

– Эй, сен жинимди көп келтирбей жүрчү, акмак! Мен райондон келатсам кечмеликте туруптур. Каякка баратасың? – десем: «Силердикине» – дейт. Үйүнө жеткирейин десем болбойт. Анан биякка алып келдим. И-и, дагы эмне сурооң бар?

Мааданбек аке жини келип, чакчая карады. Аялы да анын айтканына ишенбегендей таноосу кыпчылып, сурданып турду. Ушундан кийин дасторконго бата кылганча сөз сүйлөшкөн жок.

– Кырманды чаап, тазаладыңарбы? – деди Мааданбек аке ордунан туруп баратып.

– Кырбаш аке эле кырманды чаап жүргөндөй болду.

– Аялдар эмне кылдыңар?

– Эркектер өңгүл-дөңгүлүн чаап, тегиздеп беришсе, биз суу сээп, шыпырып тазалайлы дегенбиз.

– Кой, мен кырманга барып келейинчи, – деди Мааданбек аке.

– Ат мененби?

– Жок, ат эс алсын. Бир аздан кийин атты отко коюп кой.

Эшке чыгып бараткан Мааданбек аке: – Керээз, сен үйдө ойноп отура бер. Мен кайра келгенде көп нерсе айтып берем.

Мен Мааданбек акени жалдырай карап туруп калдым.

Ал кеткенден кийин:

– Мааданбек чын эле силердин үйгө барган жокпу? – деп Айым апа Мааданбек акенин айтканына ишенбей, ким бирөөдөн шекшингендей сурады менден.

Мен ага апамдан качып келатканымды, эгер барсам Насирдинди Мааданбек акем токмоктоп, үйгө жолотпой койгондон кийин барарымды айттым. Айым апа менин бул айтканыма коңгуроодой жагымдуу күлкүсү менен жооп берди.

– А-а, өлүгүңдү көрөйүн шерменде, Мааданбек бүтүп эми ошо Насирдинге жабышып калган тура! – деди, апамды жактырбай. Анан ал менин жаныма келип:

– Сен эми чочуркабай, өз үйүңдөй жүрө бер. Мындан ары биздин бала болосуң. – Айым апа менин көйнөгүмдүн бырышкан жакасын оңдоп жатып айтты.

Айым апа эшикке чыгып кеткенден кийин, үйдүн ичине бир сыйра көз жүгүртүп чыктым. Төр жакта чоң такта, анын үстүндө жүк жыйылган. Эки кертим жыйылган жууркандардан өйдө, шыпка жакын чакан рамкада салынган сүрөт илинип турат. Мен ага жакын барып карадым. Бири-бирине кыналыша отурган аскер кийимчен эки адамдын бири мага тааныш – Мааданбек аке экен. Оң жагындагы Мааданбек акеден бойлуу, көз карашынан от чачырап тургансыйт, бүркүт тумшук, эриндери кымтылып, бет түзүлүшү сымбаттуу. Эмнегедир бул киши менин жакынымдай сезилди.

– Керээз! – деп чакырды, аңгыча ашканада кемегеге от жагып жаткан Айым апа. Мен чуркап бардым.

– Аттын ээрин алып койдум, арык жээктерине жетелеп откоруп келчи.

Айым апанын сөзүн эки кылбай, ноктолуу атты Мааданбек аке кеткен тарапка откоруп жүрдүм. Мааданбек аке кырмандан кеч күүгүмдө келди. Ал менин ат жетелеп откоруп жүргөнүмдү көрүп:

– Оо-о, азамат! Болду, эми жүрү үйгө, биртике чөп кайсаса болот, бүгүн таң ашырам.

Биз үйдүн эшигине келгенде:

– Я, Айым! – деп чакырды.

– Эмне болду? – аялы аштымканадан чыга келди.

– Эмне эле кыбырап жатасың?

– Эртең орок баштасак орокчулардын көңүлүн көтөрүп коёюн деп, биртике таруу шак бар эле ошону чылап койгом, кайнатып жатам.

Мааданбек аке аялынын бул камбылына ыраазы болгонсуп муюп, катыра бир сөгүп алгандан тайсалдай түштү.

– Кырманды чаап бүткөргүлө дебедим беле? Чулдуке менен Таңырык кайда?

– Эртең менен үйгө келишиптир, үйлөрүндө чымчым ун же талкан калбаптыр. Тоого барып ак-сак алып келели деп жатышкан.

– Аларга сен жооп бердиңби? – Мааданбек аке аялына кекээр сүйлөдү.

– Жо-ок, ботом! Сени районго чакыртып ийиптир, түшкө чейин келип калар дегемин. Алар унчугушпай эле кетишкен.

– Эртең эгин орокту, кампанын, кырмандын даярдыгын текшергени комиссия келе турган болду.

Мааданбек аке бир нерсеге тынчсыздангандай болуп, өзүнчө кыжаалаттанып жатты.

– Төшөк салчы, – деди аялын шаштырып. Төшөккө жатканда аялына бутун ушалатты.

– Керээз, атаңдын бутун тебелечи, – деп Айым апа мени чакырды. Мен чокоюмду чечип, Мааданбек акенин бутун тебелеп кирдим.

– Ии-и, ошол жерди! Дагы кичине өйдөрөөк! Оп, бали! Ой, айланып кетейин. Керээзим чоңойсо мени багат. Тизенин ылдый жагын, ии-и ошол жер.

Дубалга жөлөнүп отурган Айым апа жөндөн-жөн эле шолоктоп ыйлап кирди.

– Куураган Канатым болгондо бутуңду ушинтип тебелеп бербейт беле?! Эх, Кудайдын алакчысын карасаң!

– Бышактабачы жинимди келтирбей! Жаман арам! Чыкчы эшке! – Күйөөсү аялына жини келди. Эшке чыгып бараткан аялына: – Атка чидер салып коё бер, – деди баркылдап.

Ошентип, мен дал ушул үйдө чидер салынган аттай болуп жашоо турмушумду өткөрө баштадым. Мындагы менин

жумушум: Мааданбек акенин атын жетелеп откормой, эртең менен тура калып адырдан ат жетелеп келмей, талаадан тезек термей, куурай ормой. Мени көргөн айылдагы тааныбаган аялдар: «Бул кимдин баласы? Мааданбек муну кайдан таап келген?» – дешсе, кээси: «Ырас, тил алчаак бала экен, Айымдын колунан орок, жонунан куурай түшчү эмес эле, бул келгенден бери анын колун узартып койду» – дешет.

Бирок атка ээр токуй албаганыма өзүмө өзүм арданам. Анткени ээрди аттын үстүнө көтөрүп койгонго боюм жетпейт. Мааданбек аке атты да адырдан таап, тушоосун чечип, ноктосун салып жетелеп келгениме жетине албай:

– Менин балам азамат. Чоңойгондо мени багат! – деп алкап калат.

Мааданбек аке атын минип, саржанын өңөрүп кеткенден кийин Айым апа эртең менен орокко кетип баратып: «Керээз, үйдө от жакканга тезек калбай калыптыр, бир кап тезек терип кой» – деп айтканын эстеп, кошунанын төкөр баласы Азык менен тезек тергени жөнөдүм. Жолдо баратып Азык: «Сен Мааданбектин баласы болосуңбу?» – деп сурай калды. Күтүлбөгөн бул суроого: «Ооба», же: «Жок» – деп жооп бералбай оңтойсуздандым.

– Айым эже сени балам деп айтпайт го? – деди жооп бербей туруп калганда.

– Апам уй айылда, саанчы, – дедим.

– А-аа, ошол апаңды Мааданбек аке алат турбайбы, ээ?

– Сага ким айтты?

– Бая күнү Таңырыктын аялы апама келип: «Сенин апаңды Мааданбек алат экен. Ошондуктан бул жакка сени үйрөнө берсин деп жибериптир деп айтканын уктум», – деди.

– Калп, мен бул жакка өзүм эле апамдан качып баса бергем.

– Өгүнүчү э-ээ, Айым эже күйөөсү менен урушпадыбы. «Күмүштү алып ал!» – деп кыйкырып, анан Мааданбек аялын биздин үйдү айланта кубалаган болучу.

– Эми Айым апа антип айтпайт, – дедим. Бирок ага анын себебин түшүндүргөн жокмун. Айым апа жаңыдан келген күнү: «Чын эле Мааданбек силердин үйгө барган жокпу?!» – деп сураганда, мен ага апамдан эмне болуп качып келгенимди, кечмеликте суу кече албай турганымды, Мааданбек аке райондон келатканын, ага: «Үйгө экинчи барбайм» – деп ыйлаганымды айтып бергенимде Айым апанын күйөөсүнө болгон дүпөйүл ою жазылып, тиги айтылган кептер ичи тардык менен жалган, ушак экенине чындап ишенгендей болгон.

Менин чынымды айтканымды Айым апа ишенгенин далилдегенсип, арадан бир ай өтпөй баягы мен жаман көргөн, мен үйдөн кубалаган, чолоңдоп баскан, жаагы тыртык Насирдинге апамдын тийип кеткени угулду. Айылдан аялдардын башы кошулса эле менин апам жөнүндө сөз болот.

– Кудай урган Күмүш, ушул чычкандай баланы көрүнгөнгө түрткүнчөк кылбай эле өзү колунан чыгарбай алып жүрсө болмок.

– Күйөөсүнө башка баланын кереги жоктур. Анын ою да туура, бирөөнүн баласын баккыча…

– Жаш эмеспи, төрөп түшүп алар.

– Бойдок жүрүп төрөп койсо, шерменде болбойт беле.

– Күйөөгө чыкканы дурус эле болду.

Айылдагылардын бул ушагы канчалык деңгээлде жүрсө да апамдын бөлөк-бөтөн, урук-тууганы жок, темтиреп жүргөн чолок немеге кетип калганына жүрөгүм ачышып, жиним кайнайт. Андан да кийин келип мени: «Алып кетем» – деп айттырып ийгени ызамды келтирди. Чынында, ал менин апам эмес да…

Бирок апамдын эрге тийип кеткени ичимди ачыштырат.

Эмнегедир бир жакшы көргөн буюмум жоголуп кеткенсип ал күнү кайсалактап, кайпалактап, жок издегенсип жүрдүм. Кечинде адатынча аялын учкаштырып Мааданбек аке үйгө келди. Тамдын бурчунда капаланып отурган мени көрүп:

– Керээз, эмне кабагың салыңкы? – деди, Мааданбек аке жаныма келип.

– Апасына капаланып жаткан го, – деп койду атты жетелеп баратып Айым апа. Мааданбек аке колуман тартып өйдө тургузуп: «Башың ооруган жокпу?» – деп алаканы менен чекемди басып: «А-а, жөн эле турат. Анда эмнеге сабырың суз?» – деп маңдайымдан сылады. Мааданбек акенин колу маңдайыма тийгенде, өзүмчө жеңилдене түшкөндөй болуп, куага эркелегим келип, эгер отуруп турса мойнуна асылып кучактагым келди. Балким, Айым апа биздин жаныбызга келбей коё турса, Мааданбек акенин мойнунан кучактамакмын. Ошентсе да өзүмдү өзүм кармай албай, Мааданбек акеге эреркегенден көзүмөн жаш мөлт-мөлт куюлуп кетти.

– А-а-а, Керээз, чын эле апасынын кетип калганына капаланып жаткан тура. Ай, атаң көрү!

– Мен ага барбайм, – дедим мурдумду шор тартып.

– Каякка бармак элең, эч жакка барбайсың, – деди Мааданбек аке мени эки колтугумдан кармап, өзүнүн төбөсүнөн бийик көтөрүп.

– А-а-а байкуш Күмүш «кийин келип алып кетем» деген тура, ошону айтып жатат, – деди Айым апа. Деги, ошондо Айым апанын көзүндө менин ички сырымды көрсөтүп бере турган сыйкырдуу күзгүсү бар сыяктанып, менин эле баскан турганымды аңдып, жасаган ишимден өөн чыгарып, апамдын эрге тийип кеткенине табаа кылып калгандай туюлду мага.

Мааданбек аке менин көңүлүмдү жубатам деди көрүнөт, үйгө жетелеп киргизди. Ал төрдөгү жүктүн үстүндөгү, дубалдагы чакан рамкага салынган сүрөттү мыгынан аста чыгарды да:

– Мынабу ким экенин таанышсыңбы? – деп менин жакынымдай көрүнгөн, Мааданбек акенин жанындагы кишинин сүрөтүн көргөздү. Мен жооп бербестен, тултуюп туруп калдым.

– Бул сүрөттү мурда көрдүң беле?

Унчукпастан башымды чайкадым.

– Бул сенин атаң экенин тааныбайсыңбы?

– Апам мага «сенин атаң» деп бөлөк сүрөттү көрсөткөн, – дедим.

– Мектепте кимдин баласы болуп катталып жүрөсүң?

– Мыктаров.

– Ал деген тажездең, Күмүштүн күйөөсү болот. Сен деген атактуу балбан Жаркынбайдын баласысың. Мектепке барганда фамилияңды котортуп берем, – деди.

Ошондо апамдын кичинекей кол чемоданындагы сүрөт эсиме түштү. Анда апам атлас көйнөкчөн, кара чыптамачан, өрүлгөн чачынын бир жагы көкүрөгүндө суналып турчу. Ал эми апама жанаша жылаңбаш, чачы кырылган, ак көйнөгүнүн жакасы бүчүлөнгөн, кара костюмчан, мурду кырдач, эрди саал калбыгыраак келген адамдын сүрөтүн көрүп жүрчүмүн. А апам аны «сенин атаң» дечү. Ал эми Мааданбек аке көрсөткөн бул сүрөт, менин жакын адамымдай көрүнгөн ушул сүрдүү караган киши апам көрсөткөн атама такыр окшободу.

Мен үйгө кирип-чыккан сайын бул сүрөттү карап алып, бүркүт кабак, чап жаак, көзүнүн чөйчөгү алакандай болуп ормогой тумшук, үстүңкү эрдин калкан муруту жаап турган, жазы ээгинин ортосунда чуңкуру бар ушул киши чын эле менин атам экенине кубанып да, сыймыктанып да жүрдүм. Бирок эмне үчүн апам мени Мыктаров деп каттатып, өз апамдын атын да, өз атамдын атын да айтпай жашырып жүргөнүнө түшүнө албадым.

* * *

Ушундан кийин ата-энеси жок, жакын тууганы да жок томолой жетим экенимди сезип, санаа басып, чүнчүп бараткандай болдум. Өз апамдын, өз атамдын жүзүн көрбөй, эне сүтүн эмбеген, эне-ата жытын жыттабаган, алардын мээримине канбаган арманым ичиме, көөдөнүмө батпай бук болуп барат. Эмнегедир бир мүчөм кем болгонсуп, балдарга батынып аралаша албай, өзүмдөн өзүм тартынып, өзүмдөн өзүм басынып жүрдүм. Мааданбек акени караан тутуп жүргөнүм менен

улам барган сайын жүрөгүмдү санаа басып келет. Айрыкча Айым апанын каары жүрөгүмдүн сары суусун ала баштады. Ал нан менен жармасын берерде күбүрөп-шыбырап: «Күнүгө жарма жасасам, нан бышырсам деле түтпөс болду» – деп жарма ачыткан челектин түбүн калдыратып, чөйчөк түбүнө бир чөмүч максым куюп, бир сындырым нанды колума карматып жатып: «Деле топук кылбайт экенсиң, же жетимдердин соору үзүлүп калабы?» – дечү болду. Чынында, чердейген курсагым тойсо да топук кылбай омсоңдоп, ашканадагы калама нандан, жыгач челектеги максымдан көзүм өтөт.

Айым апа колхоздун эзели бүтпөгөн жумушуна кетип бара жатып: «Куурай оруп кел» – дейт. Мен күндө кармаган орогумду алып, жибимди белиме байлап, куурайга бараткан балдардын артынан жөнөйм. Биз кызыл бүргөндүү талаага келип топ-топ өскөн ак куурайдан оруп жаттык.

– Эй, балдар, – деди Мырзабек, – келгиле мангел ойнойбуз – деп калды. Балдар чогула калышты.

– Эй, сен ойнобойсуңбу? – деди, Мырзабек мага кыйкырып.

– Жок, ойнобойм.

– Куурайын уттуруп ием деп коркуп жатат, а-а ата коркок – деп калды чолоңдогон Асык.

– «Коркок катын» деш керек, сени – деди Мырзабек.

– Коркпой эле ойной бер, кел! – дешти балдар.

Мен ыңырылып атып балдарга кошулдум. Биринчи айлампада баарыбыз бир чампадан куурайды Мырзабекке уттурдук. Оюндун экинчи айлампасында, үчүнчүсүндө да, төртүнчүсүндө да мен утуп алдым. Утуп алган куурайларды чогултуп, жипке таңып жатканда Мырзабек келип мени көмөлөтө түртүп жиберди.

– Келгиле, балдар, куурайын талайбыз. Бул биз оргон куурай да, өзү оруп алган жок дегенде балдар атаман Мырзабектин сөзүн аткарышты. Куурайымды бөлүп алып кетишти. Мен ызама чыдай албай, тура калып Мырзабекти төшкө коюп калдым. Мырзабек мени басып жыгылды. Балдар орогумду,

куурай таңган жибимди эки жакка ыргытып жиберишти. Алардын бул кордугунан да: «Жетим күчүк, күчү-күчү мэ-э!» – деп шылдыңдашып, күйбөгөн жеримди күл кылышты.

Балдар куурайларын көтөрүп кетишкенден кийин жибим менен орогумду таап, түшкө чейин куурай оруп, аны көтөрүп үйгө келдим. Айым апа арпа оруктон келип калган экен.

– Эмнеге кеч келдиң, Керээз? – деп сурады.

Укмаксанга салып унчукканым жок. Ага балдар мени урганын айтканым жок. Мааданбек акеге деле айтпай эле коёюн деп чечтим. Анын үстүнө Мааданбек аке ал күнү үйгө жатаарда, мен төшөккө жатып алганда келди.

Адатымча ак таң менен кошо ойгонуп, күндүн алтын кирпиктери менен көзүмдү ачып кийиндим да, ноктону алып атка жөнөдүм. Кыштактын чыгыш тарабындагы адырдан атты таап, башына нокто катып, чидерин чечип, жетелеп алып үйгө жөнөдүм. Мырзабектин үйүнүн жанына келгенде кичинекей борсойгон күчүк борсулдап үрүп, аттын артынан ээрчип алды. Мырзабек эшикке чыга келип: «Ээ-эй, күчүктү ээрчитпе! Ой, энеңди урайын жетим күчүк! Өзү жетим күчүк болуп алып менин күчүгүмдү ээрчитип баратканын кара!» – деп кыйкырды. Мен күчүктү жерден таш алып кубаладым.

– Таш менен койбо, ээ-эй, жетим күчүк! Мэ-э, жетим күчүк, мэ-э!

Күчүк борс-борс үрүп, Мырзабекти көздөй жүгүрдү.

Мырзабектин мени минтип күчүккө теңеп кордогону кечээки канаган жүрөгүмдүн жарасын кайрадан ачыштырып жиберди. Чынында эле бирөөнүн эшигин сагаалап, өлбөстүн күнүн көрүп жүргөнүм Мырзабектин күчүгүнөн эмнем айырма. Буга менин томолой жетимдигим күнөөлүү экенин сезип кабыргам кайышып, кабагым салаңдап, көзүмөн кайгынын жашы чыгып-чыкпай ат мамынын жанына келип атты байладым.

– Ат алыс кетиптирби? – деди Мааданбек аке. Мен ага жооп бере алганым жок. Эгер: «Ооба, тээтиги Жол-Колоттун

адырында экен» – деп айтсам эле көзүмөн жаш ирмелбей кеткени турат. Менин салыңкы кабагымды көрө койгон Мааданбек аке:

– Керээзбек капаланып калган го, – деп жаныма келди да:
– Эмнеге унчукпай калгансың? – деп Мааданбек аке эңкейип бетиме карап:

– Башыңды өйдө көтөрүп, беттеген кишиге тике карап жооп берип жүр – деп айтып жүрөм го. Атаңдай балбан болбойсуңбу! Ал эки кишини эки колу менен кармап туруп бири-бирине койгулап койчу. Айрыкча колхоздун качкындары Жаркынбайдын караанын көргөндө кирерге жер таппай калчу… Эсимде, атаң бригадир… мобул эле челек Сейталы «кош айдаш» десе болбой койгондо, минип бараткан өгүзүнүн үстүнөн эңип алып, улак өңөргөндөй эле өңөрүп алып акелеткен.

Муну угуп-укпай көзүмөн жаш мончоктоп кетти. Атамдай балбан болмок тургай «жетим күчүк» аталып, куурайымды балдарга тарттырып жибергениме ичим ачышып, көзүмөн эле күч чыгарып калган окшойм.

– Ким урду сени? Ыйлабай айтчы?

Мен жооп бергеним жок

– Айым, Керээзге бирдеме дедиңби? – Мааданбек акенин үнү каардуу чыкты.

– Жок, ботом, ага эмне демек элем.

– Ой, сенин оозуң жаман эле.

– Койчу, бирдеме деп айтмак турсун чекесине черте элекмин.

– Балдар урдубу? Кимиси? – Мааданбек аке менден такып сурады.

– Мырзабек урду, «жетим күчүк» – деп.

– Кайсы Мырзабек? Таңырыктын Мырзабегиби?

Мен башымды ийкедим.

– Кечээ жумуштан келатсам Азык айткан: «Керээздин куурайын балдар тартып алды» – деп. Өзү болсо эчтеке деп деле айткан эмес, – деди Айым апа.

– Атаңдын оозун урайын, жанагы маңка Таңырыктын баласыбы? Дөңгөчтөй болгон атаңдын оозуна урайын. Мен ага жетим күчүктү көрсөтөйүн!

– Койчу, балага теңелбей, бала менен иттин көңүлү калмак беле. Эртең эле ойноп калышат.

Аялынын сөзүн угуп да койбой Мааданбек аке Таңырыктыкына кетти.

– Таңырыктын аялынан жакшы сөз укмак белең? – деп Айым апа кыйкырып кала берди.

Мааданбек аке Таңырыктыкына барганда эле ал жактан бака-шака үн чыгып калды. Бирок алардын эмне деп айтып жатышканын уга алганыбыз жок. Айылдагы балдар да ал жакка жарганактап толуп калышты. Мааданбек аке Таңырыктын үйүнө, аштымканасына, сарайына кирип, бир нерсе издеп жүргөндөй болду. Таңырыктын «дөңгөчүн» таба албай калды көрүнөт, ал кубарып-кумсарып, таш жарган ачуусун өзү араң көтөрүп келаткандай көрүндү. Ачуусун менден чыгарып жүрбөсүн деп тамга далдоолонуп, демимди ичиме катып турдум.

– Каякка житип кетишкен, – деп баратты. Мааданбек аке мени көрө койду да:

– Жанагы шуркуя кайда жүрөт? – деди ачууланып. Көчкүдөн тик өйдө учуп кутулган сагызгандан бетер аялы орогун алып небак кырды ашып кетиптир.

– Керээз, атты алып келчи!

Мамыда байланган токулуу атты жетелеп келдим. Ал атына минип дубалда жөлөнгөн сaржанды алып өңөрдү да, Кара-Талааны көздөй жөнөдү. Бүркүт кабагы салаңдап, сабыры суз, камчысын сүйрөп келгенине караганда Таңырыктын аялынан суук сөз угуп, шагы сынып калган го – деп ойлодум.

Мааданбек аке кетери менен тамдын көлөкөсүндө турган мага төкөр Азык келип, Таңырыктын аялы Мааданбектин жер-жеберине жетип, опол тоодой болгону менен «Бычмал өгүз» аталып, аялына жарай албай, анысы эмдигиче төрөбөй көрүнгөндүн күчүгүн багып жүрүшкөнүн айтканын, какшанган аялга ачуусу келип Мааданбек аке: «Тилиңди кесе турган

аял экенсиң» – деп каарданып, камчысы менен чабаарда чогулган балдарды аралай качып, аңдан кошунасынын үйүнө кире качып, эшигин илип алып ачпай койгонун айтып жобурады.

Мен үчүн, менин болбогон чырым үчүн Таңырыктын аялынын оозунан суук сөз угуп, анын ызасын эми өзүнүн аялынан чыгарып, Айым апаны токмоктобогой эле деп кооптондум. Мен ушуну ойлоно калып, Мааданбек аке кырды ашып кеткенде, аялына эмне кызыкты көрсөтөөрүн көргөнү жылаңайлак чор болгон бутум менен буртулдата топурак кечип артынан чуркадым. Мен кырга чыгып Мааданбек акенин караанын издедим. Бирок туш-тарап алаканга салгандай болуп көрүнгөн ушул жерден оруп-жыюунун күчөп турган мезгилиндеги кайнаган эмгектин сүрөтүн көз алдыман өткөрүүгө аргасыз болдум.

Кылкан мурут арпа саргая бышып, Кара-Талаанын мейкин түздүгүн бербей ыкшалат. Сары алтын талаанын аркы чети тээ алыстагы көк жашыл тоонун этегине барып такалат. Ошол асманды шиш чокулары менен челип турган тоолордун ар жагында жер жок, ааламдын эң акыркы, бүткөн туюк жери, биз асман менен жердин кошулуш чегинде жашоо үчүн тиричилик өткөрүп, минтип орок оруп, темин бастырып, кызыл сузуп жүргөндөй туюндум.

Эгини орулган талаанын бооланган арпасы сайдын ташындай болуп жыбырайт. Бөкчөңдөп арпа оруп жатышкан аялдардын кээси бооланган арпаны бешемектеп үйүп жатышса, кээси бешемектердин көлөкөсүнө уктатып койгон эмчектеги балдарына эңкейе үңүлө карап, чыргоолонгондорун эмизе калышат. Арпа талаанын этегиндеги кырманда темин бастырган кырманчылардын «Оп, оп, оп майда» деген үндөрү даана угулуп турду.

Мааданбек аке кырмандан чыгып, эгин оргон аялдарды көздөй эртең мененкисиндей жини шакардай кайнабай, ачуусу тарап, чарба ишиндеги орок маалы ойдогудай жүрүп жатканынан улам беймарал, аялдардын ачуу сөзүн этибарга

албай бейкапар, жайма-жай келатты. Мааданбек аке минген Карагер ат да ээсинин ачуусу тараганын билип, чубалган узун кыл куйругу менен жан жагын көгөн-чымындан коруп чапкылап, башын тынбай ийкеңдетип ылаалап, кээде жол жоргосун салып ыкчамдайт. Деги, Мааданбек акенин ачуусун ушул сары алтындуу талаадагы кайнаган эмгек таратты белем. Болбосо, эмдигиче Айым апанын шору кайнамак эле.

Тигинде, мен турган капталды түптөй кеткен арпасы орулган тилкеде, бөкчөңдөп орок оруп жаткан Айым апанын жону гана көрүнөт. Мен капталдап кеткен жол менен ылдый түшүп, Айым апанын колунан орогун алып арпа орушканы, уюган белин эс алдырып жардамдашканы ага жакындап келаттым. Ал мени көрө коюп, оруп жаткан орогун токтотуп, уюган белин өкчөйтө түзөп, акшырая карап:

– Ок, Кудай урган шүмшүк десе! – деди күтүлбөгөн жерден мени каарып. Анын ушул сөзү, көз оту менен атып караган көз карашы, мени жерге киргизе кагып таштагандай болду. Айым апа ушинтип айткандан көрө, ушинтип көз отун ок кылып акшыя атып карагандан көрө, тутамдап туруп арпаны белинен оргондой кылып, орогу менен мени экиге бөлүп таштаса мен үчүн жеңил болмок эле. А мен өмүрүмдө мындай сөздү уккан да, мындай көз караштты көргөн да эмесмин.

– Өлүп баратсаң деле балдар менен урушканыңды айтпай, билгизбей койбойсуңбу? –деди саал тынымдан кийин.

Мен күтпөгөн, мен мурда укпаган мындай сөздү угаарын угуп алып, эми ага кандай жооп берээримди, эмне кылаарымды билбей муунум калчылдап, ичим күйүп, арпа аңыздын жээгинде Айым апага жетип-жетпей бир топко туруп калдым. Кагылган казыктай болуп бул жерге турганыма канча убакыт болгонун билбейм. Кулагым керең сыяктуу болуп, башым тегеренип, жер тегеренип жатканын сезбей калдым. Бир гана биз тургандан көп алыс эмес арпанын арасынан, менин ушул жеме жеп жатканымды табалагансып: «Бытпылдык, бытпылдык» – деп, баш калкалар үйү жок, түнөгөнгө уясы жок бөдөнө сайрап жатты.

Аңгыча Мааданбек аке жер өлчөгөн саржанын өңөрүп бизге жетип келди.

– Керээз, сен эмне бул жакка келдиң? – деди ал.

– Апама жардамдашканы келгем.

– Сен жардамдашпай эле кой, бар үйгө, күндүн ысыгы өтөт, – деп мени үйгө кетирип жиберди.

Күндүн аптабынан каным катып суусап, үйгө араң дегенде келдим. Балээ басып үйдүн ачкычын Айым апа кайда катканын таппай койдум.Тамдын көлөкөсүнө жатып суусап, ачка болгонумду айтпа. Акыры аштымкананын терезесинин бир көзүнүн айнегин алып, ичке сойлоп кирдим да, жыгач челектеги максымдан курсакты кере тойгуздум. Дасторкондон нан издесем нан жок. Баканга илинген супараны алып, ичинен эленген талкандан калпагыма бир кочуштап салып, кайрадан терезеден сойлоп сыртка чыктым. Айылда кыбыраган жан көрүнбөдү. Менин минтип «ууру» кылганымды эч ким көрбөгөнүнө, жан киши туйбаганына, билбегенине, сезбегенине сүйүндүм.

Тамдын көлөкөсүнө отуруп, тебетейге салынган талкандан майпаңдап жей баштадым. «Күнүмдүк өмүрүң болсо, түштүгүнө жорго мин» дегендей курсагым чердейип тоюп, талкандан кубат алып, энесинин эмчегин болкулдата соруп, анын кумарына канбаган, тойбогон наристеден бетер дүйнөм түгөлдөй эле.

Кеч бешим болуп калган. Аңгыча тиги кашаттан аялын учкаштырып Мааданбек аке чыга келди. Мен оозумдагы талканды араң чайнап бүтүп, калпагымдагы талкандын калганын ошол бойдон башыма кие салдым. «Төө көрдүңбү жок, бээ кордуңбү жок» дегендей эч нерсе көрбөгөн, билбеген, эч иш жасабаган болуп, тигилер келгиче отура бердим.

– Керээз! – деп чакырды Мааданбек аке атын мамынын жанына токтотуп. Мен ордумдан ыргып туруп, жүгүрүп барып аттын чылбырынан кармадым.

– Эмнеге үйгө кирбей турасың?

– Ачкыч жок.

– Ачкычты ташка бастырып койбодум беле, – деди Айым апа.

– Таппай койдум.

Айым апаны кылчайып карайын дегиче, ылаалап турган ат калпагымды тумшугу менен каңтара койсо болобу. Башымдан ылдый талкан куюлуп, көзүмө кирип, бети-башым чамбылала болуп, турган жеримде селейип катып калыпмын. Менин кебете-кешпиримди көргөн Мааданбек аке карс-карс күлүп:

– Балам талканды калпагына салып ойноп жеп жаткан тура, – деди.

– Зайына кеткен тура, деги жетесинде эчтеке көргөн бала эмес! Капырдын шүйкүмү бузук. Эне-атасын ушун үчүн жуткан тура! – деп Айым апа бозала чаң болуп турган менин турпатымды теше тиктеди. Анын бул сөзү кулагыма кирип, жүлүнүмдү аралап кеткендей болду.

– Эчтеке болбойт, бала деген талканды ушинтип ойноп жейт, – деп Мааданбек аке аялынын жаагын басты да, мамынын түбүндө жаткан калпагымды алып, аны күүп, башымдын талканын тазалап, баш киймимди кийгизди. Ал атын мамыга байлады да, эстеликтей катып калган мени колумдан жетелеп үйгө киргизди. Төрдө илинген атамдын сүрөтү да менин бул «уурумду» билип койгонсуп менден көзүн албай, сүрдүү тиктеп тургансыды...

Ушул күн мен үчүн каргашалуу, кара жолтой, суук тил угузган күн болду. Эртерээк кеч кирүүсүн күтөм. Эгер башымдан ылдый төгүлгөн талканды айылдагылар, айрыкча жанагы Мырзабектер угушса, анда балдардын чыныгы «Бакма күчүгү» аталам да калам. Какшанган Айым апанын оозунан талкан уурдап жегеним жөнүндө сөз чыкты дегиче бүтүндөй айылды каптайт. Бул түнү мени уктатпай дүпөйүл кылган, намысыма тийип ыйлаткан ушул ой болду.

Эшикте күн күркүрөп, чагылган чартылдап, жер солкулдап, асман да мага окшоп ыйлап жатты. Көзгө сайса көрүнгүс караңгылыкта жамгырдын шатыраган добушу менен кошо кыштактын туш-тарабын кезип өткөн өзөн тараптан

Сүтактын муңканган үнү угулат. Ал мени дайыма түндөсү ушундай кыжалат болуп турганда чакырат.

Азыр да нөшөрлүү жаанда, кара үзүк чүмкөнгөн караңгылыкта жалгызсырап жатса керек.

Анткени ал да менчилеп жалгыз да. «Эки бакыр, бир тукур» болуп биригип алсак деп чакырып жатса керек. Муну ойлонуп, ушул ымырт караңгылыкты жиреп, энесинин каргышына калган Сүтакка кошулуп канатым болсо эле учуп кетким келет. Анда Сүтак апасынын сүтүнүн актыгын даңазаласа, мен апамдын мени багып чоңойткон эмгегин мактап: «Апам ак, Апам ак» – деп, Сүтактай учуп-конуп жүрө бермекмин. Сүтак түндөсү сайраса, мен таң супа салгандан баштап, кеч киргенге чейин апам жөнүндө дастанды сайрап бермекмин.

Эгер апам тирүү болгондо, анын айтканын эки кылбай аткарып турмакмын. Апамды күндүн ысык аптабына как-татпай, төбөсүнө күндүн ачуу нурун өткөртпөй орогун өзүм эле ормокмун. Айым апанын баласы жок да, ошондуктан ал күйөөсүнүн алдында кечиримсиз күнөө жасагансып кылмышкер болгонсуп, эми аны өз мойну менен тартып, эмне десе ошону «кыңк» дебей, айтканын эки кылбай, кылчактабай аткарат. Ушунун баары Мааданбек акенин айбаттуу сүрү болуш керек деп ойлоном.

Тегирмен таштын шакылдагындай болгон Айым апа аптапка какталып, кечке орок орот, үйгө келгенде күйөөсүнүн атын багат, токуп берет. Ал турсун жатаарда күйөөсүнүн бутун ушалайт, түндүн бир оокумуна чейин үй тиричилигин жасайт. Мааданбек акенин оозунан сөз чыгары менен айтканын аткарат. Кыскасы, баласынын жогунан ал күйөөсүнүн аялы гана эмес, малайындай эле жумуш жасайт. Мына азыр да үй жумушун бүтүрүп коюп, төркү үйдө күйөөсүнүн бутун ушалап жатат. Кара жанын карч урган, тынымы жок ушул аял күйөөсүнө дембе-дем суроо берип, ал экөө мен жөнүндө,менин мындан аркы жашоом, турмушум жөнүндө талкуулап жатышты.

– Тиземди ушалачы, – деди жоон үн.

– Керээзди чакырайынбы?

– Жок, тим эле кой, и-и-и ошол жерин... болду эми.

Бир аз тынымдан кийин, алар мен жөнүндө кеп улашканын эшиттим.

– Тиги жетимди эмне кыласың? – деди ичке үн.

– Эмне кылганын айтасың? – жоон үн кайра суроо берди.

– Окуу жакындап калды... Таэжесинен дайын жок го?

– Бияктан эле окутабыз.

– «Бөрү баласы ит болбойт». Борбуюн көтөрсө эле тууган таап кетет, – деди ичке үн.

– Жаркынбайдын... деген Мааданбек акенин колдураган жоон үнүн гана угуп, калган эмне дегенин укпай калдым.

– Жакын тууганы деле жок го. Андан көрө райондогу интернатка алып барбайсыңбы? –деди ичке үн.

Алардын мен жөнүндө сүйлөшкөн сөздөрүнүн кээси угулса, кээси угулбады. Айтор, эрди-катындын мен жөнүндөгү сөздөрү бир топ созулду. Акыры аялынын сөзү менен бүткөндөй болду.

Эртеси мени Мааданбек аке атына учкаштырып, районду көздөй алып жөнөдү. Жолдо келе жатып колоттун оозундагы мүрзөлөргө бурулдук. Аттан түшүп, мүрзөлөрдү аралап келип апамдын мүрзөсүнө токтодук. Чөк түш отуруп, Мааданбек аке куран окуду. Ошол кезде шыбактардын арасынан кескелдирик чуркап келип мүрзөнүн үстүнө чыга калып, бизди көрө коюп коркуп, чычкандын ийининдей болгон тешикке кирип кетти. «Ушул тешиктен апамдын чымын жаны Сүтактын баласынын жанындай болуп учуп кеткен болуш керек» – деп ойлондум.

Алакан жайып бата кылгандан кийин Мааданбек аке:

– Керээз, сен эми куран үйрөнүп ал. Мусулман баласы болгондон кийин куранды билүү парз. Мен сага куранды жазып берем. Каерде болбогун апаңа, атаңа куран окуп жүр. Ал эми ушул жол менен өтүп калганда апаңдын мүрзөсүнө кайрылып, куран окуп тур, – деп ал мага акыл-насаатын айтты.

Мен ал жол менен экинчи өткөнүм да жок, Мааданбек аке жазып берген «Кул хуваллаху ахадъ» куранын да жаттаганым жок, боз топурак жамынып, жер астында чыккыс болуп түбөлүк жаткан апамдын арбагына кайрылып келип куран окуганым да жок.

## Жалгыздык

*«Эгер адам жалгыздыктын көрүнбөгөн торунда калса,*
*ал эң биринчи өзүн гана күнөөлөөгө тийиш».*

*(Л Толстой)*

*«Эчен жыл элден бөлүнгөн,*
*Эне-ата көрбөй чөгүлгөн,*
*Изделбей калган мен жетим».*

*(Казак элинен)*

Мааданбек аке колумдан жетелеп мектептин директорунун кабинетине алып кирди. Анда үч-төрт мугалим бар экен. Биз кирип барганда алар орундарынан тура калышып, Мааданбек аке менен кол кармаша учурашып, ал-жай сураша кетишти.

– Келчү эмес элеңиз, келип калыпсыз, балбан аке? – деп калды төркү үстөлдө отурган ак китилчен, чачын артка тараган киши.

– Мынабу жалгызымды сага алып келдим, Моке. Бул жетимди жакшылап тарбиялап чык, – деп мени көрсөтүп койду.

– Кимдин баласы?

– Ыраматылык Жаркынбайдан калган туяк.

– Аа-а, Жаркынбайды билем. Майрам болгон сайын ал кишинин эңишин далай көрүп калбадыкпы. Ошол Жаркынбай балбандын баласы деңизчи?

Ал мени жанына чакырып алды да, калпагымды алып:

– Атың ким? – деди маңдайымдан сылады.

Мен атымды айтып бердим.

– Керээзбек! Жаркынбай балбандын калтырган керээзи турбайсыңбы? Кайран киши. Ушундай эл арасынан чанда чыккан алп кишилерди согушка кетирбей алып калганга райондун чоңдорунун колунан келбей калганын кара! Оорукка деле киши керек эле да!

– Ал менин атамды согушка кетирип жибергендерге наалат айткандай болду.

– Аны бир айтасыңбы, эки айтасыңбы, согушка барбай калгандар толуп эле жатпайбы, – деди Мааданбек аке анын сөзүн кубаттап.

– Ал кишинин күчүндөй күч жок эле. Мен өз көзүм менен көргөм, тиги-и Тагай колотундагы «Найман» ташты тизесине чейин көтөрүп берген.

– Ооба, анын даңазасы эми гана арта баштаганда согуш чыгып калбадыбы. Согушта аны көргөн солдаты деле, командири деле анын боюнун тереңдигине, алп күчүнө таң кала беришчү.

– Согуш учурунда замбиректи өзү эле сүйрөчү дейт, ошол чынбы? – деп Мааданбек акеден сурап калды.

– Ээ, Моке, мен бу жетимди сага алып келген себебимдин да жөнү бар. Жаркынбай экөөбүз бармактайыбыздан коюн-колтук алышып, эгиз козудай бирге чоңойдук. Жан бирге досум болуучу. Бою менден тереңдик кылчу. Чынын айтайын, анын күчү күч эле. Эл арасынан чыккан белгилүү балбандар Абдыманап, Аккөз, Сатыбалды менен мелдешкенин ушул кезге чейин элдер даңазалап айтып жүрүшпөйбү. Жаркынбай экөөбүз бир курдай районго барып калдык. Базарга барып калсак Аккөз менен Сатыбалды да ошол жерде жүрүшүптүр. Аларды жандаган эл көп. Биз барганда цирктеги аюуну тегеректегенсип эл ого бетер көбөйдү. Ошол жерден күчүбүздү сынашканбыз. Бирок күрөшкөн жокпуз. Жоондугу билектей болгон суу талды кармаштык. Биринчи болуп Аккөз кармады эле, талдын кабыгы сыйрыла түштү. Сатыбалды

экөөбүз кармаган талдын кабыктары кичине бүрүшө түштү. Бизден соң Жаркынбай кармады. Ал кармаган талдан суу тамчылаганын Кудай акы көргөнүм жок, бирок тал төрткө бөлүнүп кеткенин өз көзүм менен көргөмүн.

...Жаркынбай менен Каныш көпкө балалуу болбой жүрүштү. «Артыман туяк калаар бекен, же туяксыз өтөмбү?» – деп кейип калчу. Экөөнүн барбаган бакшысы, көрбөгөн мазары калган жок. Бир Кудай өзү билет, мазарданбы же бакшыданбы, айтор, Каныштын боюна бүттү. Каныш төрөй электе эле Жаркынбай экөөбүз согушка аттандык. Менин кырчоо кармап басып калган Канат деген балам калды. Кан майданга кетип баратып, Жаркынбай Канышка: «Эркек төрөсөң да, кыз төрөсөң да атын Керээз кой» – деди. Ыраматылык Жаркынбай согуштан кайрылып кайра келбесин билген окшобойбу. Анан Айым экөөбүзгө кайрылып: «Керээзим кыз болсо, Канатка келин кылып бергиле, эркек болсо, экөөнү Мааданбек экөөбүздөй кучакташтырып достоштургула» – деп айтты.

Өрөөндө биринчи жолу 150дөн ашык киши согушка аттандык. Көк-Артты ашып Жалал-Абадга жөө бардык. Андан поезд менен Казакстандын Ак-Молосунда төрт айча аскердик машыгууда болдук. Батыштагы кан күйгөн согушка кетүүнүн алдында элек. Ошол учурда Жаркынбай аялынын «аман-эсен көз жарып, балалуу болду» деген сүйүнчү кабарды эмнегедир зарыга күткөн эле. Анткени ал өмүрүнүн алдыдагы жолунда бардыгына кайыл болуп, жарык дүйнөгө келүүчү наристе туягын медер тутуп, ата мээрими менен ага биротоло бой сунууну ушунчалык самаган, ушунчалык каалаган белем.

– Каныштын төрөй турган маалы деле болуп калды. Кат-кабар кечикти, – деп кейиди бир күнү. Ошондон бир күн өтүп-өтпөй мага Айымдан кат келди. Катта Каныш эркек төрөгөнү, атын Керээзбек койгону, бирок Каныш ооруп төшөктө экени, баланы Күмүш багып жатканы жазылган болчу. Мен Жаркынбайга балалуу болгонун сүйүнчүлөдүм. Ошондо анын сүйүнгөнүн айтпа, кубанычы койнуна батпай, мени кучактап алып:

– Менин тирегим, бир ак кан досум сен элең, экинчиси Керээзим болду. Баягы, биз согушка жөнөп жатканда Керээз деп атап койбодум беле, Керээз эле бойдон калсын, – деп менден сураганда минтип айттым:

– Согуштан аман-эсен барып калсак, эл чакыртып той берип, атын өзгөртүп Бакдөөлөт деп атап алабыз, – дедим анын кубанганына мен да кубанып.

– Аның туура, андан көрө баланын аманчылыгын тилейин.

Ал менден катты сурап алып окуп чыкты да: «Каныш ооруп жаткан тура» – деп катты кайра колума карматты. Заматта анын кабагы бүркөлүп, дагы алдыда не деген тагдыр күтүп жатканына күмөн санап, дулдуюп сөз сүйлөбөй, өзүнчө бир нерсеге кабатыр болду.

– Ушундай кезде бүгүн-эртең согушка аттанабыз деп турганда, болбогон нерсеге капа болуунун кереги жок. Андан көрө эл-журттун, ага-туугандын, бала-бакыранын тынчтыгын, аманчылыгын тилейли, – деп анын көңүлүн жубаттым.

– Деги ошондой эле болсун. Бирок «Түшү оңолбогондун иши оңолбойт» дегендей, түшүм оңолбос болду, – деди кабагын бүркөп.

– Түштү карманбай жүр!

– Маке, уксаң, кечээки түндө бир кызык түш көрдүм.

– Ал кандай кызык түш? – деп мен кызыга сурап калдым.

...Бөйрөк-Кайыңдын жайлоосунда экенбиз. Боз үйдө жатыпмын. Түндүгү ачык. Асманда үзүктөй кара булуттар каалгып, чыгыштан батышты көздөй жылып жатты. «Эмне үчүн түндүктү жаап койбойт?» – деп Канышка ачууланам. Аңгыча эле баягы кайыңдардын калың бутактарынын арасында түндөсү таңшычу Сүтак ачык түндүктөн учуп түшүп, жаныма конот. Ал кирпик ирмегичекти эле кара мурутчан, кабагынан кар жааган сүрдүү жигит болуп калат. Аны эки бүктөп таштабайымбы деген ой менен күрөшө кетем. Менин каруу-күчүм кайда кеткенин билбейм, канчалык катуулап капшыра кармайын дейм, алым жетпей жыгылып калам. Ал

мени колумдан тартып тургузганда камгактай эле жепжеңил болуп, абада калкып калат экенмин.

– «Сени жыктымбы, эми сени алып кетем», – деп колумдан жетелеп баратып, кайрадан Сүтакка айланып калат. Менин оң жак колум анын канатына желимдей чапталып чыкпайт. Аны менен түндүктөн учуп чыгам, тоолордон тоо ашып жүрүп отуруп, акыры чырпыгы калбай өрттөнүп жаткан токойго туш келебиз.

– Бир кезде бул жер чычкан жөргөлөп өтө алгыс чытырман токой эле. Мен анын түпкүрүндө эч кимге, эч жанга көрүнбөй, түнкү нөшөрлүү учурда да, түнкү керимселде да апам жөнүндө, апамдын ак сүтү жөнүндө чыгарган балладамды кеч киргенден таң супасына чейин таңшып да, даңктап да берчү элем, атаганат! – деп кейийт.

– Каякка алып баратасың? – деп Сүтактан сурайм.

– Өмүр бою апамды издеп жүрөм. Апамдын сүтүн актасам деп ак эткенде так этип, нөшөрлүү жаанда, бороондуу түндө оозума наар сызбай, «сүтактап» таңшып келем, бирок апамды таба албай жүрөм, – дейт учуп баратып мени кылчая карап.

– Экөөбүз учуп баратып эле көзгө сайса көрүнгүс караңгылыктын мухитине сүңгүп кирип кеттик. Калганы эмне болгонун билбейм. Эсим чыгып чочуп ойгонуп кеттим, – деди. Жаркынбайдын көргөн жаман түшүн жоруганым жок. Бар болгону, анын учуп баратып караңгылыктын туңгуюгуна кирип кеткени эң жаман жышаан экенин сезип: « Түшкө не кирбейт», – деп анын көңүлүн жооткотуп койдум. Деги, түш көрүү дегениң өмүр сапарындагы боло турган окуяны күн мурунтан баяндап берет белем. Кээ бирөө аны этибарга албай унутуп калса, кээси түштү карманып, ал төп келип калса «Кудая тобоо» дешип, таң калып калышат.

Жаркынбайдын ушул түшүнөн эки жума өтпөй Сталинград фронтуна келдик. Бизди 62-Армиянын резервдик бөлүгүнө кошту. Ошол учурда душмандын чабуулунун мизин улам кайтарып жаткан жалгыз ушул армия экен. Шаар

болсо душмандын бомбасынан, артиллериялык аткылоосунан тамтыксыз талкаланыптыр. Бир көргөн киши жүрөгү түшүп, эси чыга, жомоктогу көрүстөндүн арасында жүргөндөй сезиши мүмкүн эле. Шаардын батыш тарабында Волга дарыясынын жээгинде, ар бир кадам жер үчүн айыгышкан уруш жүрүп жатыптыр. Душман ар кандай амал менен болсо да, кандай гана болбосун шаарды урандылары менен ээлеп алууга умтулуп, бардык күчү менен далбас уруп жаткан экен. Каардуу согушка өчөшкөнсүп, каардуу кыштын суугу өз өкүмүн сүрүп турду. «Тү» деген түкүрүгүң жерге түшкүчө тоңуп, мылтыкты кармаганга колубуз эп келбей колдоёт.

Биз душмандын жолун торогону Мамаев дөңсөөсүнүн жантаймаларында коргонуу чебин түздүк. Жаркынбай экөөбүз 284-аткычтар дивизиясында замбирекчи элек. Замбирегибизди жоо көп байкай албаган ээр белиндей белеске алып келдик. Алдыбызда дарыянын жээгиндеги калың токойдун тилкеси чалкып жатат. Ал жети баштуу желмогузду ичине катып тургандай сырдуу дүктүйөт. Жаркынбай экөөбүз өзүбүзгө чектелген көпүрөнүн чыга беришин кыл жылдырбай карап турабыз. Кар тозоңун учурган бороон эки тарапка тең ок чыгарууга мүмкүнчүлүк бербеди. Качан гана Волганын үстүнөн калың булут тарай баштаганда, душман биринчи озунуп биз турган тарапка оор артиллериядан ок ата баштады. Заматта алай-дүлөй түшүп, жерден кар аралашкан топурак менен кошо кара түтүн көөрүк үйлөгөндөй асманга көтөрүлөт. Кара жер, алп жер, катуу жер, Эне жер күрсүлдөп онтоп, бир ордунда секирип жаткансыйт. Ошол кезде биздин төбөбүздөн уңулдаган коркунучтуу үн чыгарып, душманга сес көрсөтүп,алардын жүрөгүнүн үшүн алып «Катюша» кыпкызыл жалын бүркүп кирди...

Эки тараптын артиллериялык атышуусу эки саатка созулгандай болду. Акыры кубаттуу жардыруулар, күрсүлдөп-тарсылдаган үндөр басаңдай баштады. Ошол учурда токой тараптан моторлордун күркүрөгөн үндөрү угулду. Кар учурган бороондон, бет маңдай тарапты тик багып карай

албайсың. Көптөн бери дарыянын үстүндө уюлгуп токойду көрсөтпөй турган үзүктөй булуттарды шамал заматта дегдеңдетип учуруп кетип жатты. Бир кезде дарыянын наркы өйүзү шаңкайып ачылып, душмандын жайнап келаткан танкалары даана көрсөтүп берди. Бизге, замбирекчилерге эми жалпы, залп менен атууга команда берилди. Тездик менен душмандын танкалары көпүрөдөн өтүүгө шашылып жатышты. Жаркынбай экөөбүздүн белгиленген чегибиз көпүрөнүн биз жак башы болучу. Биз жактан атылган снаряддар дарыяга түшүп, анын суусу калдайган муздары менен асманга фонтандай көтөрүлүп жатты.

Мен снаряддарды тындырбай Жаркынбайдын колуна карматып турдум. Бирок мээлеген октор даана тийбей, көпүрөдөн эки танканы өткөрүп жибердик. Жаркынбайдын жаны кашайып, ошол танкалардын алдына снарядды көтөрүп барып таштагысы келет. Бирок арттагы үчүнчү, төртүнчү танканы талкалай аттык.

Талкаланган танкалардан кара түтүн бүргүйлөп чыгып, ордунан жылбай, артта келаткан танкаларды өткөрбөй бөгөп калды. Аргасыздан душмандын танкалары артка бурулду.

Көпүрөдөн өткөрүп жиберген эки танканын бири биз тарапты көздөй снаряддан жалын бүркүп, пулемётунан ок элеп келатты.

Биз замбиректин стволун шашыла ылдыйлатып, келаткан танканы мээлеп, удаа-удаа эки-үч атып жибердик. Танканын артынан бургуйлап түтүн чыга баштады. Бирок ошол чала жан болуп, өлүп бараткан душмандын танкасы тараптан чыккан «жолбун» ок Жаркынбайдын көкүрөгүнө кадалды. Ал өйдө туруп баратып, жарадар болгон жолборсчо көкүрөгүн чапчып алды да: «Апа-а!» – деп бакырып, чалкасынан кетти. Кудай жамандыкты көзүңө көрсөтпөсүн, Жаркынбай бардык үнү менен бакырып, бардык күчү менен секиргенде менин боюмдан да бийик көтөрүлүп барып, жерге түшкөндөй болду. Көтөрүп бараткан снарядды таштай коюп, Жаркынбайдын башын көтөрө жөлөй калдым.

– Кош бол, аккан дос! Сен барда менин жалгыздыгым билинчү эмес.

Артымда калган Керээзимди сага тапшырдым, сени Кудайга тапшырдым. Ал чоңойгондо мен жөнүндө кеп салып берип жүр. Кош, Маке! Киндик кан тамган жериме, күндүзү булбул, түндөсү Сүтак таңшыган Ала-Тоо койнундагы элиме мени угузуп кой! – деди да, кайрадан турам деп обдулуп: «Мени Сүтак ээрчитип баратат, тигине, Сүтак таңшып жатат, тигине», – деп кайдагы бир башка сөздөрдү айтып жөөлүй баштады. Көкүрөгүн мыкчый кармаган колунун салаасынан кан чууруп агып жатты.

... Ошентип, Сталинграддын алдындагы алаамат согуш алга жылган ар бир кадам сайын, секунд сайын жанымдай көргөн Жаркынбайдын өмүрүндөй далай эр-азаматтарды сермеп турган. Жаркынбайдай ажалга тике караган көп улуттуу жоокерлердин каармандык, баатырдык салгылашуусу менен кужурмөн Жеңиш биз тарапта болду. Душмандын негизги армиясын башкарган генерал Паулюсту бүтүндөй желдеттери менен согуштук техникасын колго түшүрдүк. Ата Мекендик согуштун тарыхындагы эң оор жоготуу менен жаралган ушул жеңиште көптөгөн жоокерлер мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушту. Жаркынбайдын ушул улуу салтанатты көрбөй, андан да өзүнүн эрдиги үчүн сыйланган «Даңк» орденин кең көкүрөгүнө тагынбай калганына өкүндүм эле. Бирок андагы өкүнгөнүм бекер экен, азыр ойлонсом. «Балалуу болсом» – деп барбаган мазары, окутпаган бакшысы менен молдосу калбай эки көзү төрт болуп чаңкап, суусап жүрүп тапкан баласынын, өз канынан жаралган туягынын, керээзинин тукумун узартууга, улаганга калтырган белегинин жүзүн көрбөй, жарык дүйнөдөн армандуу болуп кете бергенине мына бул томуктай бала колума келгенден бери өкүнчү болдум. «Мына ошол атасы баласын, баласы атасын көрбөй калган баланы сага алып келип олтурам», – деп сөзүн бүтүрдү Мааданбек аке. Анын сөзүн муюп угуп отургандар кеп-сөзү жок тымтырс болуп, саамга тунжурай түшүштү.

Бир демге тынчтыкты бузбаган алар атамдын арбагына аза күтүп, аны эскерип жаткандай туюлду мага. Анан мени жанына чакырып алган киши тынчтыкты бузуп:

«Атаң өлсө өлсүн, атаңды көргөн өлбөсүн» деген ушу да. Көрдүңбү Керээз, атаң кандай киши экенин? Сен дагы атаңдын намысын коргоп, ага шек келтирбей: «Атам балбан, атам баатыр киши болучу», – деп сыймыктанып жүргүнүң. Ал үчүн эмне кылышың керек? – деп менден сурап калды.

Мен ага жооп таба албай башымды шылкыйтып жер карадым.

– Сен Жаркынбайдын баласы болсоң башыңды шылкыйтпай, колуңду оозуңа салбай, суроо берген адамга тике карап жооп берип жүр! Кана, менин суроомо жооп берчи? Демек, атанын баласы болуш үчүн окууну жакшы окуп, тартиптүү, таза, адептүү бала болосуңбу? – деди агай.

Мен согушта душманды көрүнө киргизе кууп, каармандыкты көрсөтүп, эл-жерине Жеңиш менен аман-эсен келген Мааданбек акеме сыймыктана карап башымды ийкедим.

– Балам ошондой эле болот. Өзү да идиректүү, – Мааданбек аке мени мактап койду.

– Убагында ырас алып келипсиз. Окуу башталгыча санитардык кароодон өткөрөбүз, мончого түшүрүп, кийим-кече беребиз. Китеп-дептери, жатаканасы даяр. Бир гана силерди сагынып качып кетпесе болду.

– Менин балам антпейт! – Мааданбек аке ишенимдүү айтты.

Агай бизди ээрчитип, мектептен обочороок төш тараптагы узата салынган үйгө алып келди. Өңчөй көгүш костюм-шым кийинишкен балдар жатакананын эшигин тындырбай кирип чыгып жүрүшөт. Агайдын алдынан өткөн балдар баш кийимин ала коюп: «Саламатсызбы?» – деп учурашып калышат. Бизди өткөрүп жиберип: «Ушу мажүрөө да биз менен жашайт, биз менен окуйт окшойт» дегенсишип мени сынаакы көздөрү менен карашат.

Жатакананын коридорунан бизди бет алып келаткан орто бойлуу сулуучумак, мандайы жарык аялга жолуктук.

– Сизге алып келдик, – деди агай мени көрсөтүп.

– Жакшы болот. Мына бу комнатага, – тиги аял эшик ачты.

Комнатанын ичинде төрт кровать күн мурунтан даярдалып, ак шейшеп жамынып турат.

– Биз шашпай таанышабыз. Дело барбы? – деди аял менден.

Мен түшүнбөй Мааданбек акени жалдырай карадым.

– Атай мектебинде болуш керек, – деп Мааданбек аке менин ордума жооп берди.

– Аны өзүбүз суратып алабыз, – деп койду агай.

– Кана эмесе, жакшы кал. «Жаркынбайдын баласындай» дедиртип жакшы окугун. Өзүңө өзүң тың бол, тартиптүү бол. Балдар менен урушпай жүр, – деди Мааданбек аке менин колумдан кармап.

Мен Мааданбек акеден бөлүнгүм келбей кыйылып турдум. «Кош» – деп колумду бергенге жарабай, өзүмдү жалгыз сезип, ата-энеси жок жалгызсырап, Мааданбек акенин бутуна оролуп: «Менин жанымдан кетпеңиз» – деп буркурап ыйлагым келди. Эгер Мааданбек аке колумдан жетелеп короонун сыртында байланган атына чейин алып барбаса, агай менен эжекенин көзүнчө бакырып ыйлап жибермекмин.

– Кел эми, дагы коштошолу. Чыйрак бол, – деп Мааданбек аке мени өзүнө тартып маңдайымдан өөп койду.

Жарылганы араң турган көз жашым мөлт-мөлт ыргып кетти.

– Ой, эмне ыйлап жатасың? Көрдүңбү, сендей кичинекей балдар, кыздар жүрөт. Алар көрсө шылдыңдабайбы. Болду эми, ыйлаба.

Ал менин көз жашымды алаканы менен аарчыды. Эмне үчүн көзүмдөн мончок жаш чыгып кеткенин өзүм да сезбей калдым. Эмнегедир бир нерседен кемчил болуп, ал бир жак капталымды эңшерип кеткенсип ыйлап жибердим көрүнөт.

– Мен сага келип турам, – деди мени сооротуп жатып.

Мен «Калмак-Дөбөгө» чыгып, Мааданбек акенин карааны кер өзөндүн мунарыгына чөгүп кеткиче узатып карап турдум.

... Балдар үйүнө келип, таалим-тарбиясы мол, мага окшогон жетимдер үчүн камыгып, алардын кулк-мүнөзүн, жүрүш-турушун кылдат билген, жашы кырктарга чамалап калган тарбиячы Уулкан эжекенин колуна туш болдум. Ал менин басмырлуу мүнөзүмдү баамдай билип, акыл-насаатын айтчу. Кээде жанымдан өткөндө маңдайымдан сылаган сайын көңүлүм көтөрүлүп, энелүү баладан бетер эреркейм. Мурда көрүп билбеген, таанибаган ушул киши мени өз баласындай көрүп, балдар турмушуна да бат эле камыр-жумурдай аралаштырып жибергенин сезбей калдым. Уулкан эжеке мени: «Керээзчик» – деп эркелетип, сабак окушума жардам берип, таза, тартиптүү, өз жанымды тың, тыкан алып жүрүшүмө көз салып жүрдү.

Ал бизге сабак өтүп жатканда же жатаканага барып тарбиялык иштерин жүргүзүп жүргөн кезде «Менин апам да ушул Уулкан эжекедей сымбаттуу, ак көңүл, ажайып мүнөзү менен ким болбосун өзүнө тарта билген адам болуш керек» – деп ойлой берчүмүн.

Өз канынан жаралып, ыңаалап ыйлап жарык дүйнөгө келгенимде ак сүтүн ээмп, энелик жытын искеп, бирок анын кумарына толук канбай, өң-түспөлүн, сын-сыпатын, жүрүм-турумун такыр элес албай калган апамдын бардык жакшы турпат-сапаттарын ушул кишиге салыштырып, өзүмчө кубанып, көз ирмем болсо да жетимдигимди унутуп, бактылуу баладай ырахатка бата калам.

... Уулкан эжеке сабактын аягында бизге: «Өз оюңардан чыгарып аңгеме же жомок, болумуштарды таап жазып келгиле» – деп тапшырма берди. Эртеси адабият сабагында берилген тапшырманы сурап калды. Класстагы балдардын бирөө да кол көтөргөн жок. Мен колумду көтөрүп барып башымды тырмамыш болуп токтоп калдым.

– Жазганыңар болбосо айтып бергиле же окуп бергиле. Кана, эч симиңер жазган жоксуңарбы? Жазган дептериңерди көрсөткүлөчү?

– Эжеке баарыбыздын дептерибизди чогултуп алды. «Алыбек алына жараша» дегендей кээси бир баракка, кээси

эки баракка оюна келгенин жазышыптыр. Эжеке менин дептеримди барактап көрүп: «Керээзчик, сен көп жазгансың го. Балдарга угуза окуп берчи жазганыңды? – деп дептеримди колума берди.

Мен баягы тоодо экенде апам айтып берген «Сүтак» жөнүндө жазганымды окуп бердим.

– Сүтак деген чымчык болобу, эжеке? – деп жанымда отурган чекчегей Сурма кыз сурап калды.

– Сүтакты баарыңар көрө элексиңерби?

– Жок, эжеке, – балдар чурулдашты.

– Сен өзүң көрдүң беле? – эжеке менден сурады.

– Көргөм! Апам «Бөйрөк-Кайың» деген жайлоого саанчы болуп барган. Ал жерде чоң түп кайың бар болчу. Анын калың бутактарынын арасынан бармактай болгон боз чымчык кеч киргенден баштап таң агарганча: «Сүтак, Сүтак» – деп какшанып чыкчу. Мен аны кармайм деп, кармай албай койгом.

– И-и, ооба, мен деле аны билем, – деди Топчубек.

– Жанагы түн ичинде: «Сүтак-сүтак» – деп сайраган чымчыкпы? Ал түндөсү гана сайрайт экен. Таятамдыкына тоого барганда, «Колбоордун» токоюнда түндөсү сайраганын уккам. Таятам айткан: «Түнкү күзөтчү чымчык» – деп, себеби ал түндөсү кирпик какпай, уктабай сайрап чыгат тура.

– Аа-а, Топчубек дагы сүтакты билет экен. Дагы ким билет? – эже балдарды карады.

– Эжеке ал чымчык күндүзү эмне үчүн сайрабайт? – Баятан бери сүйлөбөй балдардын оозун карап отурган Бакдөөлөт бул суроо менен барыбызды ойго салды.

Чын эле, башка чымчыктар күндүзү сайрашат да, бул макулук эмне үчүн түндөсү какшанат? Баягыда апамдан эмне үчүн ушул суроону сурабай калганыма өкүндүм.

– Кана, Бакдөөлөттүн бул суроосуна ким жооп берет?

Эжеке баарыбызды карады, баарыбыз тунжурап турдук.

– Кана Керээзчик, сен жооп бере аласыңбы ?

Мен көчүгүмө таш байлап алгансып ордумдан араң эле турдум.

«Эмне деп жооп берсем?» – деп бир аз ойлонуп турдум. Ошондо ой чабытыма мына бул ой кире калганын кара:

– Анткени энеси таштап кеткен баласын каргаганда «кеч киргенден таң шоокумуна чейин какшансын» деген бата берген. Колунан эч нерсе келбеген макулук болсо да өлбөй тирүү жүрсө, энесин ар дайым түндөсү эстеп, эне сүтүнүн актыгын, ыйыктыгын Ааламга жар салып жүрсүн, түндөсү аны балдар көрбөйт, күндүзү болсо бейбаш балдар таш менен койгулап, кордукту көрсөтүшөт, – деп энеси ага боор ооруган.

– Керээзчиктин айтканында да бир себеп бар болуш керек. Анткени балдар, эненин жалгыз гана баласы бар болчу да, ошол баласына эненин каргышы тийип «Сүтак» болуп кубулуп кеткенде жалгыз гана сайрап калганы да ошондон болуш керек, – деп эжеке менин оюмду кубаттап, ага кошумчалап койду.

– Мен ишенбейм, кантип эле бала чымчык болуп кубулуп кетсин? Калп эле, – деди арткы партада жалгыз олтурган, колдурап сүйлөгөн Басылбек.

– Ик-ки! Чын эле! Апасын бакпай таштап кетсе анын каргышына калбадыбы, – деп ага түшүндүргөнсүдүм.

– Балдар! – деди бизди тынчтандырып эжеке, – мен силерге оюңардан чыгарып аңгеме, жомок же болумуштардан жазып келгиле деп тапшырма бербедим беле. Керээзчиктин жазып келгени болумуш, нары жомок да. Силер деле оюңардан чыгарып ушундай жомок жазып келбейсиңерби? Түшүнүп жатасыңарбы, балдар? Керээзчиктин жазган жомогу өз энесин сыйламак турсун бакпай таштап кеткен дини кайыр, мерез бала жөнүндө болуп жатат. А биздин турмушубузда мындайлар болушу мүмкүн. Ыйманы жок мындай баланы энеси каргаганда каргышы тийип, мажүрөө чымчыкка айланган тура. Ошол балага чала эле болуптур ээ, балдар!

Балдар: «Ооба, эжеке!» – деп жалпы айтышты.

– Силер ата-энеңерди кантип багасыңар да, кантип сыйлайсыңар?

Баятан бери күбүр-шыбыры күчөй баштаган класс ичи эженин бул суроосунан кийин боркулдап кайнап келаткан казандагы жармага муздак суу куюп жибергендей дымый түштү. Ал суроого эч кимибиз жооп таба алганыбыз жок. Бир дем алып эжеке бизди, биз эжекени карап тунжурап турдук. Баарыбыздын ата-энебиз жок «томолой» жетимдигибизден ушул балдар үйүндө жашап жатканыбызды эжеке эсинен чыгарып жибергенин сезе коюп, ал баарыбызды тегерете карап алды да: – Алда, кагылайындарым ай! – деп башын чайкап алды. Саамга каңырыгы түтөй түшкөн эже жымжырттыкты бузуп: – Силердин апаңар мен болом да, – деп балдардын көңүлүн өзүнө бурду. Биз баарыбыз аны жалдырап тиктеп калдык.

– Силер чоңойгондо мени багасыңарбы? Же Сүтактай апаңарды таштап кетесиңерби? Класс ичи дале мелтиреп турду.

– Керээзчик, сен эмне кылмаксың?

Мен ордумдан тура калып: – Менин апам болгондо ар дайым тилин алып, айтканын орундатып турмакмын. Орок ордурбай, отун алдырбай, алардын баарын өзүм аткармакмын. Анан чоңойгондо мени кандай кылып бакса ошондой кылып бакмакмын, – дедим.

Эжеке жаныма келди да: – Оо-о, байкуш Сүтагым! Сен ата-эне кадырын, анын барк-баасын бу жарык дүйнөдө алардын жогунан улам билип, сезип, туюп жатасың да, – деп маңдайымдан адатынча сылап койду.

Мен «Сүтак» болуп аталышым менен класс ичи жандана түштү. Балдардын кээлери жайдарылана күлүшүп, ага кошулуп эжеке өзү да мага карап сүйкүмдүү жылмайып турду.

– Балдар, Керээзчик кызыктуу легенда жазып келген экен, туурабы? Ошондуктан Керээзчикке кызуу кол чаап коёлу, кандай дейсиңер, кошуласыңарбы?

Балдар топуратып алакан чаап калышты. Ошондон баштап балдар мени «Сүтак» деп аташчу болушту.

Бир курдай биздин класстын балдары колхоздун жүгөрүсүн оруп, кайырганы жардамга бардык. Ар бир балага

бизди жетектеп барган агай сол-сол боюнча жүгөрүнү бөлүп салды. Биз бирибиз оруп, бирибиз кайрый баштадык. Менин оң жак катарымдан көөдөк Басылбек (балдар аны «Макел дөө» деп аташчу) оруп жаткан. Ал өзүнө таандык солдогу жүгөрүнү орбой таштап: «Сенин солуң болчу, сен оросуң» – деп мага чоң чыгат.

– Жо-ок, мына менин жети солум бар. Сеники алты эле сол турбайбы – деп Басылбектин солун санап бердим.

– Эмне кылсаң ошо кыл, мага агай мобу жерден эле өлчөп берген. Калганын сен оросуң, – деп жан кечтиленет.

– Мен да орбоймун, агай келгенде айтам.

– Агайга айтып эмне кыласың? А эмне үчүн орбойт экенсиң ыя? – деди да жаныма келип көкүрөгүн менин көкүрөгүмө такады. Жумурткадан кыр чыгара албай, эптеп мени менен урушкусу келип, анын ыңгайлуу учурун күтүп жүргөн бул шойкомдуу, көөдөк баладан алгач жүрөксүп, артка кетенчиктедим.

Аңгыча балдар бизди тегеректеп калышты.

– Коркпо, мушташа бер! – деп бири мени шердентсе:

– Сүтак Кудай ургандай коркок экен, э-эй! – дешет кээси.

– Күрөш, күрөшө бер, жыгылсаң жер көтөрөт! – дешип балдар биздин мушташыбызга кызыгышат. Басылбек мени түртүп ийди. Мен орулган жүгөрүнүн дүмүрүнө чалынып жыгылып кеттим да, бачым эле кайра турдум. Ызам кайнап, жиним төбөмө чыкты... Мен да күү менен барып Басылбекти башым менен сүзүп түртүп жибердим. Ал бийик өскөн жүгөрүнүн арасына чалкасынан кетти.

– А-а, ата «Макел дөө» ушундан жыгылгыча өлө кал! – дешип балдар туш-туштан чурулдап калышты. Ал да ызаланып кетти окшойт, экөөбүз бой тиреше күрөшө кеттик. Орулган жүгөрүнүн аянтында букачар торпоктордон бетер нары-бери түртүшүп жаттык. Басылбекке болушкан балдардын бирөө менин артыман бутун тосо койгондо чалкамдан жыгылып кеттим. Басылбек үстүмдөн басып алып бети-башыма койгулап кирди. Анын токмогуна чыдабай, өңгүрөп ыйлап

жибердим. Балдардын бирөө келип: «Болду эми жеңиш сеники», – деп Басылбекти менин үстүмдөн тартып кетти. Мен өңгүрөп ыйлап жатып: «Шашпа сени, энеңди… Мааданбек акем келгенде токмоктотпосомбу, шашпа! – дедим.

– Сенин Мааданбегиңден эч ким коркпойт. Ал сага келбейт, сенин эч кимиң жок. «Сүтак» экениңди унутуп калдыңбы? – деп кордойт Басылбек көөдөк.

Көөдөктүн минтип кордогонуна, урганына ыйлаганым жок. Ошол балдардын арасында эмне үчүн мен тараптык болуп мени коргогон, мага жан тартып жолдош болгон балдардын жоктугуна ызаландым. Чоңсунган, кыйынсынган, үстөмдүк кылган «Макел дөөгө» эле балдардын баары болушканы кандай?... Көрсө, ал ушул балдар үйүнүн «атаманы» тура. Балдарды өзүнүн чоң муштуму менен кыңк эттирбей багынтып, айтканын жасатып, бөлөк-бөтөн балдар тийишсе чогула калышып анын катыгын беришет экен. «Макел дөө» үстөмдүк кылган кезде да мен андан корккон жокмун. Эмне үчүн ал мени басынтыш керек? Эмне үчүн мен ага чөгөлөп, багынып беришим керек? Менин андан эмнем кем? Экөөбүздүн кармашуубуз, салгылашуубуз, мушташуубуз учурунда болуп турду.

Басылбектин мага чоң чыкканын Уулкан эжекеге айтканым жок. Балдар арасындагы мындай чыр-чатакты агай-эжейлерге айта берүү эр балдар үчүн уят экенин түшүнөм. А бирок ызам ичиме батпай Мааданбек акеме айтып «Макел дөөнүн» жаагын түлөтө чаптырып, кулагын чойдуруп алууга эки көзүм төрт эле. Ошондо бир моокумум канмак.

Мен Мааданбек акенин келишин көпкө күттүм. Андан көпкө үмүттөндүм. Сабактан кийин интернаттан обочороок жердеги «Калмак-Дөбөгө» чыгып, Мааданбек акенин тоо тараптан келээр жолун карайм. Түбү чеги жок көк асманды челген ак мөңгүлүү тоолор дүйнөнүн нары кыйырын көрсөтпөй көшөгөлөнөт. Ошол тоо койнундагы кер өзөндүн койну тээ Муз-Төрдөн башталып, мунарык басып үргүлөп турат. Ал

эми кер өзөндүн койнун арылап кеткен кашка жолдо эч кимдин карааны көрүнбөйт.

Интернаттагы балдарга ата-энелери болбосо да ага-тууган-дары келип чаначтап айран, баштыктап нан, эжигей,чөйчөктөп каймак, май, чөбөгө алып келишип, балдарынын ал-акы-балын сурап кетишет. Алардан Мааданбек акени сурайм.

– Кайсы Мааданбек, балбан Мааданбекпи? Ал Кызыл Октябрь колхозунда, биз бөлөк колхоздонбуз, – деп жооп беришет.

Мааданбек акенин колхозунан интернатта окуган менден бөлөк эч ким жок экен. Ал эми менин Мааданбек акеден бөлөк демөөр туткан эч ким жок эле. «Келип турам» дебеди беле…

Мен байкуш куу жетимди, ата-энеси жок тоголок жетимди, томолой жетимди, өйдө болсо өбөгү, ылдый тартса жөлөгү жок жалгыз жетимди издеп келген киши жок. «Окуусунан кантти экен, балдар уруп койду бекен, курсагынын капчыгы толуп-толбой жүргөндүр», – деп мен жөнүндө ойлогон, мен жөнүндө толгонгон, санаага баткан эч кимим жок болгондон кийин мени эстеп ким келмек эле? Муну ойлогондо көңүлүм чөгүп, кабыргам сөгүлүп, жакын адамдары, жанындай көргөн асыл адамдары – атасы менен апасынан айрылып, жетимдиктен жана жалгыздыктан тарткан азабы менен ызасын эч кимге айта албай кайгырган, өкүнгөн жетимдин кебете-кешпирин кийип, ичимде бир нерсе тызылдап ачыша баштачу. Мындай учурда ичимдеги бугумду сыртка чыгарып, жалындуу муңумду басыш үчүн көзүмдөн жаш төгүлгөнчө шолоктоп ыйлап алганда көөдөнүмдөгү сагынычтын, ызалыктын аптабынан сергий түшчүмүн. Бул жолу андай болгон жок, антип өксүп ыйлаган жокмун. Турмуштун ачуу-таттуусуна көнүп, бой тартып баратканымдан болсо керек. Мажүрөө «Сүтак» аталсам да, балдар арасында экинин бири болуп Макел дөөдөн коркпой, аны менен салгылашчу болдум.

Бир күнү окуудан тарап келатып экөөбүз дагы чарпыша кеттик. Мен мурда озунуп тумшук талаштыра коюп-коюп

алдым. Мурдунан кан жайыла түштү. Балдар чуу көтөрө тегеректеп алышып, арыктагы суута аны жетелеп кетишти. Мен чуркаган боюнча балдар үйүнө кирип кеттим. «Ал артымдан качан келип чыр чыгарат» – деп жүрөгүм үшүп турдум. Бирок ал менин комнатама кирген жок. Коридордо кезиге түшкөндө: «Сен кыйынсынбай коё тур, бир күнү мурдуңду талкалайм!» – деп кекенип койду. Ошол күндү мен да күтүп жүрдүм. Дем алыш күн болучу. Тарбиячы эжеке үйүнө кеткен. Балдар интернаттын үстүндөгү карды күрөп, жерге түшкөн карды дубалдан алыстатып ыргытып жатканбыз. Макел дөө тамдын үстүнөн күрөндүгө секирип түшүп, адатынча мага асыла кетти.

– Күрөндүгө башыңды тыгып таштасам чыгалбай калып жүрбө,– дейт «Макел дөө». Балдар чогула калышты. Алардын кээлери «Макел дөөнү» макташып, кандай кылган учурда душманын багынтууга кеңеш берип жатышты. Экөөбүздүн бул кармашуубузга бекер тамаша көрүүчүлөр канчалык моокумдары канды дейсиң. Эки таначар торпок бири-бирин нары-бери түртүшүп, биринин жакасын бири мыкчый кармап, буттары менен кар тебелеп жатышты. Бирок мен ага туруштук бере албай, алым кетип баратты. Акыры ал мени күрөндүгө басып алды.

– Багындыңбы? Экинчи тийишпейсиңби?

– Коё бер колумду, турсам өлөсүң!

– Оме-ей! Дагы эле...

Ошол кезде балдардын бирөө: «Эжеке келатат!» – деп кыйкырып жиберди. Көөдөк «Макел дөө» мени таштап чуркаган боюнча тамды айланып кетти. Мен жамбашымды сүйрөп, күрөндүдөн турдум да, балдардын арасына кирип кеттим. Мен андан өч алууну көксөп жүрдүм. Ушул «көөдөктү» эмне үчүн талкалап салып, багынтып алууга болбойт? Эгер аны багынтып алсам эч кимден коркпой, мушташуудан кутулуп калмакмын. Дагы көрө жатам...

Ошентип, «көөдөк» менден күчтүүрөөк болгонуна карабастан өзүмдүн көктүгүмө, туруктуулугума салып аны менен

кийин да салгылашып жүрдүм. Балдар да мени: «Өлгүдөй көк бет экен, астында жатса да багындым дебейт», – деп калышат. Бирок бара-бара «көөдөк» менен теңтайлашчу болуп калдым. Аны менен салгылашкан сайын бети-башым көгөрүп, колдорумдун териси сыйрылып, жараланган жери ириңдеп кетип араң айыкчу.

Интернаттагы коёндой окшош жылдардын сапарында жалгызсыраган кезде өзүмчө кыялга батып, делебем козголуп «Сүтак» жөнүндө көөдөнүмдөгү сезимимди күндөлүккө түшүрүп жүргөндө эселек курактан өтүп бараткнымды туюндум. Байкуш мажүрөө, коркок, коён жүрөк бала чак, токмок жеген, көк муштум бала чак менден алыстап бараткансыды. Ошол артта калган бала чактын эсте калган элестерин көз алдымдан чуурутуп өткөрүп жатканда каалганын шарак этип ачылышы, анын түрмөгүн үзүп жиберди. Эшиктен баш баккан Топой: «Сүтак» сени дарбазанын сыртында бир аял чакырып жатат, – деди.

– Калп айтпачы? Мени издеп ким келмек эле? – деп ишенип-ишенбей турдум.

– Чын эле айтам! Барбасаң кой! – деди да эшикти карс жаап чыгып кетти.

«Айым апа келсе керек. Мааданбек аке жиберген го» – деп ойлоно калып шаша-буша эшикке чыктым. Дарбазанын сыртында атын чылбырдан кармап, ак бөртмө чачылуу жоолук салынган, кара кыжымы кемсел кийген менин апам туруптур. Ал мени көрөрү менен жүзүнөн жылмаюу жана түштү. Апамды мага келет деп ойлогон эмес элем. «Насирдинге тийгенден кийин ага менин керегим жок эмес беле?» – дедим ичимден. Бирок мен аны көрөөрүм менен бүткөн боюм дүркүрөп, мени таштап тийип кеткен, менин ага керегим жоктой сезилген апамды көргүм келбей, анын жүзүн тик багып да караганым жок. Ал кучагын жая алдымдан тосо: «Чоңойдуңбу, Керээзим?!» – деди жайдарлана. Кыязы, апам мени сагынган көрүнөт. Мени кучагына алып, баягы Бөйрөк-Кайыңдагы уйчу айылда жүргөндөй эле энелик мээрим,

энелик ак жүрөк, энелик ак дил менен сагынычы тарагыча өпкүлөйм го деген таттуу кыялда, таза ой-тилекте келсе керек.

Мен аны сезип турсам да ага жакындабай обочо токтой калып, аттын камчыланаар жагы менен апамдан буйтап чуркап өттүм. «Керээз» – деп чакырганына барбай, ал турсун кылчайып да карабай, эч нерсе көрбөгөн, билбеген, эч сөз укпаган болуп мектепти көздөй чуркадым.

– Керээз, мен сага келгемин! – деп кыйкырды. Ал атын жетелеп, менин артымдан келатты. Мен мектепке кирип, класстан класска бекинип, апама караанымды көрсөтпөй койдум. Апам кечке чейин мени көрө албай, алып келген түйүнчөгүн жатаканама киргизип коюп кетиптир. Апамдын төгүлгөн көз жашын мага мени менен жатаканада кошо жаткан Топчубек айтып берди.

– Сен баягы Сүтак жөнүндө жомокто эжекеге айтпадың беле, «апам болгондо баарын жасап, тилин алып турат элем» – деп. А эмне үчүн апаң келсе жолукпай качасың?

– Ал менин апам эмес, апамдын сиңдиси, мени таштап, мен жаман көргөн кишиге тийип кеткен! – дедим ага. Топчубек апамдын таштап кеткен баштыгынын оозун чечип, андан нан, эжигей, чөбөгө алып чыкты. Аңгыча жатаканадагы балдар дүрбөп кирип келишти да биринен-бири талашып эчтеке койбой жеп кетишти. Мен эжигейден гана бир үзүм жеп калдым. Эжигейдин даамы таңдайымдан кете электе Уулкан эжеке жатаканага кирип келип: «Керээзчик, бери келчи экөөбүз сүйлөшөлү», – деп балдардан бөлүп чакырды.

– Апаң келсе эмнеге качасың… и-я?

Мен унчуга алганым жок. Эжекеге апам деп да, бөлөк, тек гана таэжем деп да айта албай мукактанып калдым. Кыязы, апам эжекеге жолугуп мен жөнүндө бардык сырын айткан окшойт.

– Апаңдай дагы апаңдан артык кылып сени өстүрүп-чоңойтсо, анан сенин андан качканың кандай? Таэжең эми бир келгенде барасыңбы?

Мен башымды чайкадым.

– Ой, Керээзчик, кежирим. Антип кырс, мерез болчу эмес.

– Мааданбек аке апамдын мүрзөсүн көрсөтпөдүбү тээ баягында.Үстү тешилип калыптыр. Мааданбек аке болсо ошол тешиктен апамдын «чымын жаны учуп кетиптир» – деген.

Эжекенин суроосуна жооп бербестен, апамдын мүрзөсү жөнүндө айтканымда, ал мага боор оорудубу, айтор, өтө сырдана, жакын кишиден бетер мени өзүнө тарта ооруна кыса кучактап? «Ой Керээзчик, Керээзчик, сен эмне жөнүндө айтып жатасың?» – деп анан кайра костюмумдун топчусун топчулап:

«Эх-х, таш боор тагдыр!» – деди бир нерсеге каңырыгы түтөгөндөй.

– Мейли эми, бирок көк болбой жүр. Эжеке саамга унчукпай турду да:

– Качандыр бир кезде ал киши сага керек болот. Сен муну унутпагын, түшүнүп жатасыңбы? – деди.

Эжеке бул сөзүн басым менен, негедир мени жекигендей түр менен айтты. Ал мага мындай үн, мындай тон менен эч качан сөз айтчу эмес. Мен ага эмне деп жооп беремди билбей, жер карап: «Буга апам күнөөлүү, анткени ал мени таштап, мен жаман көргөн кишиге тийип кеткен», – деп айта албай, балдар арасында «Апасын карабаган, апасын бакпаган, мерез баланын кебетесин кийип ызаланып, бүткөн боюм ымыр-чымыр болуп кыйын абалда калдым. Анда кандайча эне-атасы жок, томолой жетимдиктин ушул күнүнө туш болгонумду, буга ким күнөөлүү экенин дурустап түшүнө алганым да жок. Менби же апамбы? Апамды таштап мен кетип калдымбы же апам мени таштадыбы? Албетте, өзүмө күнөөнү түк жүктөгүм келбейт. Ушул сезим, ушул ой-чабытым менен түркөйлүктөн жана мерездиктен жазбай, томолой жетим, жалгыздыкты көздөгөн дини кайыр, мажүрөө «Сүтак» аталып, Уулкан эженин «Качандыр бир кезде»… деген сөзүн көңүлгө түйбөй, этибарга албай жүрүп балдар үйүнөн балапан болуп учуп чыктым…

## Кордолгон сүйүү

*«Тийгениң жакшы болсо унутаарсың,*
*Кем болсо мени далай эске алаарсың».*
*(А. С. Пушкин)*

– Кой, биз үйгө баралы, – деди абышка көз алдыман чууруп жаткан өмүр окуяларын бузуп, – жакын эле калды. Билесиңби, тиги Казган-Конушту? Ошол жердебиз. Калган сөздү үйгө барганда сүйлөшөлү.

Абышка тизесин таянып ордунан турду да, жол таманында жүгү менен жаткан эшегин кулакка чапкылап, бел аркасынан кармап өйдө көтөрдү, ага мен да жардамдаша калдым. Эшек чүчкүрүнүп-бышкырынып башын чайкап, калдайган кулагын бири-бирине чапкылап, тургусу келбей атып араң турду.

– Сиз атка минип алыңыз, – дедим.

– Жо-ок айланайын, мына үй, бул эле жерде. Жөө эле басам.

Мындай жердин нечени баскан жаным, ушу турган үйгө жөө эле барам, – деп абышка атка минбей койду.

Кыдыңдаган эшегин айдап, арыштуу кадам шилтеп, денесинен эт качкан Мааданбек акенин артында атымды жетелеп мен да жөө бастым. Үстүндөгү жүгүн көтөрө албай араң бараткан эшек ичке буттарын тыпылдатып, ээсинин таягынан коркуп, жолдон чыкпай, жол баштап келатты. Ак чатырлар, боз үйлөр тигилген айылга бат эле келип калдык. Айылды көргөн эшек үнүнүн бардыгынча айкырып коё берди эле, абышка эшегине жини келип сөгүнүп, калдайган кулагына чапкылап араң токтотту да, чылбырынан кармап жетелеп алды.

Биз чатырлардан обочорок тигилген, эскилиги жетип бараткан чакан боз үйгө келдик.

– Күмүш! – деп чакырды абышка. Анын бул ысымды аташы менин жүрөгүмдү солк эттирди. «Күмүш? Кайдагы

Күмүш? Кемпири Айым эмес беле, же мен чала угуп жатамбы?»

Эшектин жүгүн алышып жатып оюм уйгу-туйгу болду. Аңгыча суу көтөрүп келаткан аялды тиктеп:

– А сууга кеткен тура, – деп койду абышка. Ийниндеги бакандын эки учуна илинген эки чака сууну чайпалтпай, илкий басып алтымышка барып калган аял келатты. Жоолугунан чыгып калган чачтары аппак болуп куурап, ак жуумал жүзүн мезгил тордоп коюптур. Анын турпатынан, бир кезде ак кайыңдын түбүндөгү булактан бақанга суу көтөрүп келаткан апамдын элеси көз алдыма тартыла калды: «Анда ак кайыңдан бери узап, ак жоолук салынып, ак көйнөк кийген, капкара олоң чачы жамбашына оонаган, кара кыжымы чыптамасынан көкүрөгү торсоюп чыгып, белин түз кармап, буттары да шыпылдап элпек кыймылдаган апамдын келишимдүү мүчөсүн элестеттим. Ошол кездеги апам баягы тыртык жаак, чолоңдоп баскан Насирдинди ээрчип кетпей эле ушул көркөм жерде, улуу тоонун арасында мени издеп, күдөрүн үзбөй үмүт менен мени күтүп жүргөн сыяктанды».

Ал бизди байкаган да жок. Бутунун учун тиктеп илкий аяр басып келатты.

– Күмүш! – деп койду абышка. Ал башын көтөрүп биз тарапты карады. Абышканы тааныса да анын жанында камчымды сүйрөп, ойго чөмүлүп турган мени тааныган жок. Ал биздин жаныбызга келип эңкейип, чакасын жерге коюп, ийнинен баканды алып жатып:

– Эмне кечиктиң? – деди абышкага.

– Сүйүнчү! Керээзди таап келдим, – деп абышка мени көрсөтүп койду.

Бир кезде Мааданбек акенин далдаасында атка учкашып тагдырымдын келечеги эмне болоорун билбей, ал жөнүндө жүрөгүмдү кайгы басып, бөтөн апанын, Айым апанын келишин күтүп турган элем. Азыр болсо Мааданбек акенин катарында, бир кезде мен таштап кетип калган Күмүш апанын агарган чачтарын, бырыш баскан жүзүн, жүдөңкү турпатын

карап, жүрөгүм зырпылдап «апаке!» деп кучактай албай, эмне кыларымды билбей дел болуп туруп калыпмын. Ал тизесин таянып, бети башын бырыштырып: – Ий, кокуй белим, – деп араң өйдө болду да мени бүшүркөп тиктеп таанып-тааный албай турду.

Ал мени тааный албай турганын көрсөм, билсем, сезсем, туйсам да: «Апа!» – деп бакырып бүркүтчө канатымды жайып, апамды кучактап калдым. Адам баласы эң жакын, эң жакшы, эң назик, эң эле аздектеген, кулагына жагымдуу угулган, өмүр менен өлүмдүн ортосундагы коркунучта да айтыла калчу ушул сөз оозумдан кантип чыгып кеткенин сезбей калдым. Ушул бийик сөз, Улуу сөз менин дилимде, ниетимде, жүрөгүмдө, көөдөнүмдө билинбей сакталып жүргөнүн эми сездим.

Апам: – Коё турчу, оо-о, Кудай! Айланайын Кудай! – деп тунарган көзүн ушалап алды да, өз көзүнө өзү ишенип-ишенбей мени карап туруп калды.

– Эмне Керээзди таанybай калдыңбы? – деди Мааданбек аке. Апам колундагы баканы суусу толо чакага тийип, андан шарактап жерге түшкөнүн сезбей: «Керээзим!» – деп бакырып мени кайра кучактады.

Апам бир кезде менин жылаңач денемди ай нуруна көрсөтпөй койнуна катып үйгө алып келип жуурканга ороп жатып, көз жашын көл кылып, өз турмушундагы махабат жөнүндө ыйлаган болсо, азыр өмүрдүн бардык жыргалчылыгын тээ алыс калтырып, жашоонун чырагы өчүп-өчпөй бүлбүлдөп баратканына, анын билигин чоңойтууга эч кимдин колунан келбесине, турмуштун мындай мыйзам ченемине каалаcаң-каалабасаң да моюн сунуп, баш ийип баратканына жүрөгү ачышып жаткандай сезилди мага.

– Болду эми, кечке ыйлабай! – деди Мааданбек аке. Апам бетимен өпкүлөп, жалынып-жалбарып бышактап ыйлап, бөжөңдөп барып боз үйгө бизден мурда кире калып, кайра заматта эле колуна кара аяк кармап чыга келип, чакадагы суудан сузуп алды да менин башыма суу айлантып жатып

ичинен бирдеме деп күбүрөп, сууну үйдөн алыс барып күн жүрүш тарапка чачып келди.

– Үйгө кир, Керээз – деди абышка боз үйдүн эшигин көтөрүп.

Босого аттап үйгө киргиче, төрдөгү көлдөлөң үстүнө отургуча, бул экөөнү тагдыр кантип кездештирип, бири-бирине кандайча коштуруп койгонуна таңданып, бул жөнүндө сурайын деп сурай албай, айтайын деп айталбай турдум.

– Күмүш экөөбүзгө таң калып жатасың го, Керээз? – деди Мааданбек аке менин оюмдагыны биле койгондой. Анын бул суроосуна ийнимди куушуруп, тим болдум.

– Сени интернатка бербей эле колума алып, өз баламдай асырап албай деп ушул кезге чейин арманда болуп жүрөм, – деди дасторкон үстүндө.

– Баары бир эл мени Жаркынбайдын баласы дешмек да.

– «Эл оозу элек» – дейт, айтса айта берсе мейли эле. Ал эми ыраматылык Жаркынбай экөөбүздүн айырмабыз деле жок болучу.

Карыя кабагын түйө оор үшкүрүнүп, уюган бутун жазып оңдонуп отурду да, чечиле сырын айта баштады.

... Согуштан келген жылы Канатты колумдан учуруп жиберип кан жутуп отуруп калдым. Канаттын сөөгүн мына бул Бөйрөк-Кайыңдын желкесиндеги тектирдеги «Бала-Бейитке» койгом. Ошондон бери бала жытын жыттай элекмин.

Карыя ушул сөзүн жүрөгүн эзип канаткан муңкануу менен айтты. Ошол эле замат өзөгүн өрттөгөн үшкүрүгү көк түтүн болуп сыртка чыкты. Үйдүн ичи кулак-мурун кескендей жымжырт боло түштү.

– Кудайдын кылганы ушул экен. Ага акаарат келтире албайсың, – деди ал тынчтыкты өзү бузуп. Абышка дагы бир нерсе жөнүндө айтайын дегендей болду эле, бирок айткысы келбеди көрүнөт: «Эми сага Кудай кубат берсин!» – деп койду.

– Мен силерди мындан нары өкүнтпөймүн, апам экөөңөрдү эч кимге кор кылбай багамын, – дедим. Менин бул

айтканыма апам да, Мааданбек аке да жетине албай, биринен бири өтүп алкашып, денесине батпай кубанып жатышты.

«Чын эле эгер апам мен жаман көргөн тыртык жаак, соксолоңдоп баскан Насирдин менен эмес, мен жакшы көргөн ушул Мааданбек аке менен баш кошкондо алардын эрке-талтаң өз баласындай болуп, турмуштун таш боор залакасын тартмак да, көрмөк да эмес экемин» – деп өз ичимден өкүнүп алдым.

Апам мага үйрүлүп түшүп, берерге тамагын, айтаарга сөзүн таппай:

«Керээзим, жалгызым» – деп жалбарат. Мен ага кайдыгер, бөтөн бирөө катары тоңдоосун мамиле жасап, өз баласындай болуп чечиле сүйлөшө албай, берген суроосуна гана жооп кайтарам. Бул мүнөз менин жалгыз жашап таптакыр түнт болуп ата-энеси, ага тууганы жок, жалгыз өсүп биротоло жалгыздыкка бет буруп, эл менен аралашпай, турмуш кыйноосун тартып жүргөнүмдөн болуш керек деп ойлоном өзүмчө. Ал эми Мааданбек акенин мүнөзү болсо таптакыр өзгөргөн окшойт. Анын Айым апага каарын төгүп, катаалданып, сөзүн угуп койбой оронддосо, азыр апама анте албай бир аз ачууланымыш болуп, бирок анын өтөсүнө да чыга албай: «Ыя, байбиче, муну минтсек кантет, ыя Күмүш!» – деп кемпирине кеңеш салып, ой бөлүшөт. Ошентсе да «апам байкуш белин көтөрө албай жүрүп, абышканын түйшүгүн тарткандан көрө өз жанын тыңыраак багып, өз түйшүгүн өзү тартып, жүрө бербейби» дейм да. Деги адам өмүрүндө жалгыздыкты каалабайт көрүнөт. Жашоонун ырахаты бардык түйшүккө кайыл болуп үй-бүлөсү, өз түгөйү болуш керек окшойт. Өмүр сапарлары аз калган бул экөө кур дегенде эти качкан тизелерин жылытканга да ырахат алышса бардык түйшүк көз ирмемде жоголот да калат эмеспи.

– Ыя, абышка, бая күнү сага жоруткан түшүм тим эле өңүмдөгүдөй эле болду го, ия? – деп апам сүйүнөт. Ырас эле жети нан баабедин өткөргөнүбүз жакшы болуптур.

Абышка-кемпир биринин сөзүн бири кубаттап, көңүлдөрү жаркын, жүздөрүнөн жылмаюу кетпейт.

– Түшүң жакшы түш болучу. Үйгө кут кирип келгени, көрсө Керээздин келгени тура, – дейт абышкасы бажактап.

Отун кертип, кемегеге от жагайын десем колумдан балтаны алып коюп: «Азырынча эс ал» – дейт абышка. Астыма көлдөлөң салып, башыма жаздык коёт апам.

«Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңиптир» дегендей сенин окууңду, ал-акыбалыңды барып сурап туруугa менин алым келбеди. Баягыда сени интернатка алып барган жылдын күзүнөн баштап Айым төшөктө болуп, кыштата ооруп, жазында о дүйнө узап жаны тынды. Анын жылдыгын өткөргөндөн кийин сени издеп районго барсам директор Моке: «Баланы шаардык балдар үйүнө жибергенбиз. Ал жактан орус тилин үйрөнүп алса жакшы, жаман болбойт. Өзү да окууну жакшы билет» деген эле. Тыйын-тыпырдын жоктугунан ал жакка баралганым жок. Бу жарыкчылыкта жашоо керек экен. Коркоюп тамда эки жылдай жалгыз жашадым. Айылдан мага ылайык жубай чыкты дечи, бирок көөнүм аларга чапкан жок. «Нике кайып» деген ушул экен, бир күнү бешим намазын окуп жатсам үйгө Күмүш келип калды. Ал күнү Күмүштү кетирбей өзүм чай куюп берип коноктодум. Сураштырсам, сени издеп келген экен. Түштүккө алып кеткен Насирдин менен биротоло ажырашып кетиптир. Абышканын сөзүн оозунан жула калып апам өз көйгөйүн мындайча айтып берди:

– Насирдин менен урушуп-талашып ажырашканым деле жок. Он жылдан ашык турмуш курдук, бирок балалуу болбодук. Анын өктө-зардасына калбай, колу-жолун бош койдум да, бул жакка сени издеп баса бердим. Баягыда сага барбадым беле, эсиңдеби? Ошондо сенин карааныңды көрүп, Кудайга тобоо келтирип: «Жалгызым аман жүрсө болгону» – деп кайра келдим. Бирок бирөөгө азгырылып, бирөөнүн сөзүнө кирип, сени колдон чыгарып ийгениме өкүнүп жүрдүм. Солдатка кеткениңди да билбей калдым. Баягы Уулкан беле, ошол эжекеңе кийин да барып, сенин дайныңды сурасам: «Онунчуну бүтөрү менен эле өз арызы менен солдатка кетип

калган» – деп айтты. Кийин шаарда окуп атканыңды угуп, абышка экөөбүз төбөбүз көккө жеткендей сүйүндүк. Кендирди кескен жокчулуктан сага мына барабыз, ана барабыз деп жүрүп убакытка уттуруп жибердик. Анан көп узабай эле сени «абакка айдалып кетиптир» деген сөз угуп бушайман болуп, санаа тартканыбызды айтпа. Сенин жамандыгыңды көргөндөн, уккандан көрө тиги селкинчек салган кайыңга асынып өлгүм келчү...

Апам андан ары сөзүн улай албай, бышактап ыйлап жиберди.

– Сен жөнүндө ушундай жаман кеп укканбыз,

Абышка: «Ошол чынбы?» дегендей кубаты өчкөн көзү менен мени карап, ак каштарын түктүйтүп койду.

Ооба, бу тагдыр дегениң бир эле адамдын оюндагы таттуу үмүт-тилегин, максаттуу ойлорун аткарта бербейт тура. Менин жашоо өмүрүмө эң өчпөс, жууп кетире алгыс, турмушумда бараткан түз жолумдан адаштырган ошондогу кара жолтой окуя кара так болуп калган өңдөнөт. Ошол кырсыктуу окуяны бул тоонун түбүндөгү алыскы айылда эч ким укпайт, эч ким билбейт, эч ким туйбайт жана эч ким сезбейт деп жашырып жатса, анын күлүмсү жыты небак тарап кетиптир. «Шибегени капка ката албаган» сыяктуу жаманчылыкты эч кимден, эч нерседен жашыра албаганың чын экен.

* * *

... Боорумду жерден көтөрүп, «өз киндигимди өзүм кесип» дегендей жашоо-турмуш кумарын, анын бардык сонундугун, маани-маңызын туюп, аткара турган иштин өзгөчөлүгүн өз алдымча, өз туюмумда аңдып билип, алдыдагы келечегиме ишенимдүү кадам шилтеп, университеттин үчүнчү курсунун бакандай студенти болуп калганыма кубанычым койнума батпай жүргөн кезим эле. Бул адам дегениң, өмүр жолунда окуядан-окуяга чалынып, анын азап-тозогунун кулу болуп жүрүп отурат тура. Бир күнү базарга барып жашылча алып жатсам Басылбек жолугуп калса болобу. Көптөн бери

айылдаштарымды же классташтарымды көрө албай сагынып жүргөнүмдөнбү, айтор, Басылбекти көргөндө, бир кезде мага чоң чыгып, үшүмдү алганын унутуп, уялашымды көргөндөй сүйүнүп кетипмин. Ал да мени: «Оо-о, братишка» – деп кучак жая тосуп алды. Ал менден бойлуу, колдору меникинен шадылуу келип, денеси уюган коргошундай салмактуу экен. Бир кезде классташтар атаган «Макел дөө» эле болуп калыптыр.

– Айылдан качан келдиң? – деп сурадым андан.

– О-о, айылды мен жыйырма жылдан бери көрө элекмин.

– Эмне иш аткарып жүрөсүң?

– Иш көп, бирок менин ишим «секрет». Кээде ушул базарга келип калам.

Өзүң кандай, оңолуп калгансың го, баягы «Сүтактай» шөлдүрөбөй. Кайсы ишти иштеп жүрөсүң, же стундентсиңби? – деди ал мени сынай карап.

Мен университеттин үчүнчү курсун аяктап калганымды, дем алыш күндөрү базарга барып жүк жүктөп, жүк түшүрүп тыйын-тыпыр таап ала коюп жүргөнүмдү айттым.

– О-о, сенде акча көп турбайбы, стипендия да бар. Тыңып калганың ошондой. Кыздардын баары сага жабышат турбайбы, – деп арсактап күлүп койду.

Мен шашып жатаканамдын адресин берип, кеп-сөз болсо жолугушуп тураарыбызды айтып аны менен коштоштум.

Бир күнү кечинде сабактан жаңы эле тарап, жатаканага келсем «Макел дөө» – Басылбек мени издеп жүрүптүр.

– Көптөн бери колго түшүрө албай жүргөн бир кыз бар эле. Аны менен кечээ жакшылап тааныштым. Кечинде киного барганга макулдашкам. Сен экөөбүз баралычы, – деп сурanып калды ал.

– Мейли, барса баралы, – дедим.

Биз кыз-келиндер институтунун жатаканасына келип, кызды чакырттык. Аздан соң жатаканадан колтукташып эки кыз чыкты.

– Ушулар, – деди Басылбек аларды утурлай басып. Биз алар менен учураштык.

– Бурма, – деп тааныштырды быдылдап тез сүйлөгөн кара кыз.

Ал Басылбектин эжесинин кызы экенин, ал аркылуу Айкөкүл менен таанышканын көөдөк Басылбек жолдо келе жатканда айтып берген эле. Анын жанындагы баскан-турганы салмактуу, токтоо, көздөрү бакырайган татына кыз: «Атым – Айкөкүл» – деп колун сунду.

Мен алгач Айкөкүлдү көргөндө анын ушунчалык назиктигин, нур жанган бакырайган көзүнөн сүрдөп, тик багып карай албадым. Кыздын жүзүнөн үлбүрөгөн жарык шоола чачырап, күүгүмдөнгөн скверде жарык чачып келаткандай туюлду мага. Көөдөк Басылбек элге мактангансып Айкөкүлдү жандап, дегеле алжактап, калп эле бир сөздү айтып күлүп калат. Бирок Айкөкүлдүн ууртунан күлкү байкалбай, ачылып сөз сүйлөбөй, берилген суроолорго «бар» же «жок» деп кыска жооп бергенине караганда Басылбекке кайдыгер мамиле жасап, кыртышы сүйбөй бараткандай сезилди. Ал кээде гана мени алдыртан тиктеп, турпатыма сын көз менен карагандай.

– Менин Сүтак досум ушу, – деди Басылбек барк-барк этип.

– Сүтак! – деди Айкөкүл бир нерсеге таңдана.

– Ооба, мектепте окуп жүргөндө сүтактай мажүрөө болучу, – дейт Басылбек мени басынткансып.

– Мен Сүтак эмне экенин билчү эмесмин. Анын өңүн да көрбөгөм, үнүн да укпагам. А бирок өткөндө «Сүтак» деген аңгемени «Ленинчил жаштан» окудум. Анын авторун көңүлгө албаптырмын. Сиз окудуңуз беле? – деп кыз мага бажырайган көзүнөн шоола чачып карап койду.

– Автору эсимде жок, – деп койдум калп эле. Бирок ичимден менин биринчи аңгемемди газетадан окуган ушул сүйкүмдүү кыз экенин, ал мага сүйүнчүлөп айтып жаткандай туюп, жүрөгүм жылып кубанып бараттым.

– Мектепте окуп жүргөндө «Сүтак» жөнүндө жомок айтып берген. Ошондон улам «Сүтак» атка конгон.

– Жомок менен аңгеменин айырмасын билесизби? – Айкөкүл ага кекээр менен суроо берди.

– Ой, мен аңгеме-саңгеме окубайм. Жанагы жазуучуларың бирөөнүн эле ыштан-көйнөгүн кантип кийгенинен өйдө жаза беришип, окурмандын уйкусун келтиришет.

Жүрөгүңүз менен кызыгып окубасаңыз, уйкуңуз келет, – деди Айкөкүл тигинин сөзүн жактырбай.

– Оо-о, менин жүрөгүм жүдөгөн сүтакта эмес, сага окшогон татынакай чүрөктөрдө, – деп адатынча арсак-арсак күлүп койду Басылбек көөдөк.

Көчөдөгү сейилдеп жүргөн элдер да көлтөйгөн көөдөктүн айжаркын кыз жандап, көкүрөк керип мактанып, бул чөлкөмдө менден бөлөк киши жок дегенсип корс-корс сүйлөп, арсак-арсак күлүп баратканын, тумар кылып тагынып алчу кундуздай сулуу кыз «дардаңбай менен шөлпөңбайды» кайдан ээрчитип алган дегенсишип бизди жактырышпагандай түр менен карашат. Элдин сын көз карашынын астынан өтүп, «Ала-Тоо» кинотеатрдын алдына токтодук.

… Киного кирген ошол күндөн кийин бир күнү Чернышевский атындагы китепканага барып, керектүү адабияттарды алып, курстук иш жазганы окуу залга кирип, жалгыз отурган кыздын артындагы орунтукка барып отурдум. Кызды арткы турпатынан караганда ал мага тааныштай көрүндү. Ал баягы күнү киного чогуу кирген Айкөкүл экен. Аны көргөндө жүрөгүм туйлап кетти. Ичим жылып, тамырымдан кан эмес кандайдыр бир сыйкырдуу оттун илеби агылып тургансыды. Айкөлдүн жанына барып саламдашуудан сүрдөп, эмне кылаарымды билбей, китеп бетин ачпай туруп калдым. «Маңдайына барып эле саламдашып калсам туура эмес го, анын үстүнө китепке берилип, сабагын окуп жаткан кызга батынып ким сөз айтып, ким жанына бара алат. Ал деген адепсиздик да. «Мага мишать этпе» – деп кабагын бүркөп койсо, шагың сынып калат да. А мен ага кайтарып сөз таап айталбайм дагы». Деги мени ойлор чырмап алды.

Эмне болсо да кат ыргытып көрүүнү чечтим. Эмне деп жазсам?

Алакандай ак кагазга мындай деп жаздым: «Саламатсызбы, Айкөкүл! Өткөндө сиз менен кездешкениме кубанам!»

«Керээз». Ушундан башка сөз таба албадым. Кагазды эки бүктөп, алдына таштадым. Айкөкүл жанына кагаздын түшкөнүнө көңүл бурбастан окуп жаткан китебинен үзүлө алган жок. Балыкчы көлгө салган кайырмагынын көпөлөгү качан сууга чөгөрүн, кайырмакка кандай балык илинээрин күткөндөй, мен да кагаздан көзүмдү албай отура бердим. Китебинин экинчи бетин ачканда анын колу мен таштаган кагазга уруна калды. Айкөкүл кагазды алып окуп, башын өйдө көтөрдү да, жазган авторду издегенсиди. Кылчайып артын караганда баятан бери кыл жылдырбай тиктеп турган көзүмө анын жоодур көзү чагылыша түштү. Анын кайкалаган кирпиктери коюу кара каштарын калкалап турду. Ошондо ботодой көздөрүн, сүйкүм жүзүн көргөндө ичим элжиреп эзилип кетти. Ал үн-сөзсүз башын гана ийкеп, өз ыраазычылыгын билгизгенсип жылмайып койду да, кайрадан китебине үңүлдү.

Менин ой-санаам, дегдөөм Айкөкүлдө болуп, китептеги сөз мээме түшпөй, курстук иш жазам деп жаза албай, анын арткы турпатын тиктеп көпкө отурдум. Айкөкүлдүн жанына барууга даай албадым. Не кылар айламды таппай, бирок залдагы тынчтыкты бузбай чыгып кеттим. Ал күнү Айкөкүлдү эсимден чыгара албай койдум.

Жекшемби күнү да китепканага барып, каталогдорду карап жатсам бирөө келип артыма туруп калганын байкадым. Кылчайып карасам Айкөкүл туруптур.

– Анча карабасаңыз көзүңүздү басмакмын, – деп жүзүнөн нур тама, үнүн аста чыгарып жылмайып турду.

– Келгениңизди дабышыңыздан эле билип койгом, – дедим ордуман тура калып.

– «Сүтак» Сиздин аңгемеңиз турбайбы?

– Кантип билдиңиз?

– Ошол окуган гезитти кайра алып окуп чыгып сиздин фамилияңызды эсиме түшүрдүм. Баягыда авторун унутуп калыпмын десем, унчукпай койдуңуз эле го?

– Мактанууну жакшы көрбөйм.

– Аа-а, «скромничать» эткен турбайсызбы, – деп сөөмөйүн чычайтып койду.

Айкөкүл экөөбүз ушул китепканадан дайыма жолугушуп жүрдүк.

Бир күнү ага кыргыз драма театрында «Король Лир» болорун, ошону көргөнгө сунушумду айттым. Ал кыз бажырайган ак жумал жүзү менен мени карап койду да: – Мен да ушул спектаклди көргүм келип жүргөн. Барса баралы, – деп ал макул болду.

Театрга кетип баратып, Айкөкүлдүн колун кармагандан, же аны менен жанаша баскандан корунам. Сөздү эмнеден баштоону да билбей баратып:

– Басылбек келип жатабы? – деп жибериптирмин.

– Ал менин эмнем эле? Сизге эмне кереги бар?

Айкөкүлдүн бул сөзү мага катуу тийди. Айтпай эле койбой деп ичимден өкүндүм. Ага кайрып жооп айталбай: «Жөн эле» – деп ийнимди куушуруп койдум. Мен ага экинчи сөз айта алганым жок. Азоо тайдай болгон бул кызды чочутуп алып, өзүм кагуу жеп, экинчи ага жолуга албай каламбы деп чочудум. Деги аны менен жолугушуп туруу мен үчүн ушунчалык кымбат эле. Бул жолу экөөбүз тең адебибизди сактадык.

Экөөбүз «Король Лирди» көрүп чыкканда бири-бирибизге сөз учугун ыргытышпай, өз-өзүбүзчө ой түймөгүн чубап келаттык.

– Айкөкүл! – дедим. Ал мени таңыркаган түрү менен карады.

– Баягы сен окуган «Сүтак» деген аңгеме менен «Король Лирдин» айырмасын байкай алдыңбы? – Ал бир аз ойлонуп калды.

– Кандай деп айтсам, «Сүтак» аңгемесинде энесин таштап кетип калган бала эненин каргышынан сүтакка айланган. Ал эми байкуш «Король Лирдин» каргышы дүнүйөкор, мансапкор кыздарына эмне үчүн тийбей, кайра өзү тилемчи болуп тентип кеткен? Демек, мында эки чыгармадагы терс каармандардагы ыймандуулуктун кетиши, – деп ал өз суроосуна өзү жооп берди.

«Атам айткан, – деди кыз сөзүн улап, – адамдарда ыйман кеткенден кийин каалаган жамандыкка, ыпластыкка барат»

– деп. Айкөкүл «Сүтактагы» каарманга жини келгенсип, анын автору мага да нааразы болгонсуп: «Эненин барк-баасын билбей, сезбей коюу дүйнөдөгү эң чоң күнөө. Билесизби, байкуш эне наристени өзү төрөбөсө да, ууз сүтү болбосо да ак сүтүн эмизбедиби. Аны толук кандуу адам катарына кошууга аз калганда энесинин бир сөзүн, өтүнүчүн укпай өз үйүнөн бездирип жиберүү, кыргыз элинин менталитетине ылайык келеби? Сиздин аңгемеңиздеги кемчилик, балада ыйман-дуулуктун кеткендиги. «Келечек куруучуларга эне-атаңарды таштап кеткиле деген чакырык айтмак белеңиз?» Анын түбү жакшылыкка алып келбейт. Атам: «Эненин бир тамчы сүтү миң күнкү жасаган урматтоого барабар» экенин айтчу. Ал эми сиздин каарманыңыз эне сүтүн кантип актай алат?

Айкөкүлдүн бул сөзүн муюп угуп, анын акыл-насаат айткан, турмушуна туура жол көрсөтүп турган ата-энеси, бир туугандары бар, бактылуу кыз экенине суктандым. Бирок эне жөнүндө айткандары менин апама жасаган мерездигиме жебе болуп атылып, жүрөгүмдү канатып жатканын Айкөкүлгө сездиргеним жок. Анын «атасы чоң молдо окшойт» – деп ойлондум. Мен да Мааданбек акеден: «Бейиш эненин этегинин астында» дегенин эшиткен элем. Андагы укканыма караганда, Айкөкүлдүн бул айткан сөзүнөн улам эне затынын бала үчүн көңүлүнүн кирсиз тазалыгы, бу жарык дүйнөдө бүт баарынан асыл, бүт баарынан ыйык экенин, бүт баарынан бийикте турарын сезбей коё алганым жок. Ошондо капысынан эле апамдын элеси көз алдыма тартыла калды. Ал баягы Сүтак ойготкон айлуу түндө айылды жаңырта бакырып ыйлаганымды эч ким укпасын, эч ким туйбасын деп жылаңач денемди көтөрө калып жумшак төшүнө оозумду басып, үйгө алып келип жуурканга ороп жаткызып жатып: «Туубасам да тутунган, ак сүтүмдү эмген баламсың» – деп ыйлаган эле. Өз жашоосунун түйүнүн чечип жатып, апам мен үчүн ыйлаганын анда баамдаган эмес экемин. Көрсө, апамдын кубанычы да мен, түйшүгү да мен, кайгысы да мен, үмүтү да мен экенин эми түшүнүп, мерез кыялыма заркана өкүндүм. Деги бу

жарык дүйнөдө боорукер адам аз болду бекен деп ойго батам. Жан дүйнөмдү аралап учкан мына ушул кыял элестери менен аралашып кетип, Айкөкүлдүн жатаканасына кантип келип калганымды сезбептирмин.

– Сиз сөзгө сараң экенсиз, мен сизден көп сөз угам го деп ойлондум эле. Эмне унчукпайсыз? – деген Айкөкүлдүн сөзү мени селт этирди.

– Сүтак жөнүндө ойлонуп келе жатам.

– Сүтак жөнүндө? Баса, Басылбек сизди «Сүтак» деп айтпады беле? – Айкөкүл наристе баладай кыткылыктады, ал кайра күлкүсүн заматта токтотту да, кабагын бүркөп мындай деди:

– Анын ой жүгүртүүсү, жүрүм-туруму өтө шектүүдөй. Мен аны өткөндө эле байкагам. А сиз андан оолактап, көп жакындабай жүрүңүз.

Мен ага жооп бербей, ийнимди куушуруп тим болдум. Бирок ал экөөбүздүн жылдызыбыз бала чагыбыздан эле каршы экенин ага айтпадым.

– Ошентсе да Басылбек болбосо сиз экөөбүз кездешмек эмеспиз, туурабы? – деди ал.

– Тагдырдын буйругу менен Басылбексиз эле сиз экөөбүз таанышып калсак анда ынтымагыбыз мындан да жакшы болмок экен! – дедим.

– Мындан ары дайыма кездешип туралы анда.

Айкөкүлдүн бул сөзү менин делебемди козгоп жиберди. Ушундан улам анын ички сезиминде билинбеген купуя сыр бар экенин жүрөгүм кубануу менен сезди.

– Кошуңуз! Ал мага колун сунду. Мен андан ажырагым келбей кыйылып туруп: – Биз бат-бат кездешип туралы, – деп Айкөкүлдүн сөзүн кайталаганга араң жарап, колумду сундум. Анын назик колун кыса кармаганымда жүрөгүмдүн оту дүрт этип жиберди. Тагдыр мени ачык-айрым, сөзүн даана, оюн так айткан, акылдуу ой-жүгүртө алган кызга тааныштырганына кубануу менен жатаканама келдим. Ушундан баштап Айкөкүлдүн элеси бүтүндөй денемди ээлеп, жүрөгүмдү, жан дүйнөмдү арбап алгансыды.

«Дайыма кездешип туралы». Эмне үчүн ушул сөз оозунан чыгып кетти? Деги анын ой-санаасында эмнелер бар болду экен? Анын жүрөгү ким деп согот? Азыр ал ким жөнүндө ойлонуп жатты экен? Уктоонун алдында ушул суроолорду чече албай кыйналдым. Бирок көөдөк Басылбекти анын чыпалагына да теңегеним жок.

Бешенесинен нур жанган, бүткүл мүчө-түзүлүшүн кол менен жасап койгондой болгон ушул кыз менен таанышканымдан бери мурда кыйнап, жүрөгүмдү мыкчып, айламды кетирип жүргөн жалгыздык жөнүндөгү оор жүк кайдадыр кайып болуп кеткендей, денем жеңилдене баштаганын сезем. Айкөкүл менен эриш-аркак түгөйлөш жашагандай болуп таттуу кыялга батып, жалгыздыгымды унута баштадым. Жуурканга оронуп жатып, Айкөкүлдүн жылуу алаканын кайрадан кармап, аны жүрөгүмө баскым келди...

Эртең менен мен түшүмдөн чочугандай болуп ойгондум. Бөлмөдөгү балдар таттуу уйкуда жатышкан экен. Күндүн нуру терезеге кыйгач тийип, бөлмөнү жапжарык кылып турду. Бирок негедир менин делебем козголуп, алдыда мени бир нерсе күтүп тургансыйт. Албетте, мени азыр университеттин актовый залы күтүп турарын билем. Маркстик философиянын негиздери боюнча лекция өтүп жатты. Залда толгон студенттер. Профессордун лекциясынан тажап, залдан эртелеп эле чыгып кетип, Айкөкүлгө учуп жетсем дейм. Бирок мени ушул аудиторияны ыйык туткан, аны сыйлоого болгон касиет токтотуп турду. Анын үстүнө: «Айкөкүл деле менчилеп сабагында, лекция угуп отургандыр» – деп ойлондум. Ошентсе да жүрөгүм Айкөкүлдү көрүүгө алып учат. Профессордун лекциясы бүтөрү менен Айкөкүлдү көздөй «чу» койдум. Деги адам өмүр-жашоосунда алдыда бир табышмактуу окуя болорун жүрөгү сезип турса да аны этибарга албайт. Бирок алеп-желеп болуп жүрүп, өзүңөн өзүң бир кырсыкка кабылып, ал окуя өтүп кеткенден кийин гана: «Каап, мындай кылганда болмок экен» – деп кейип калмайыбыз да бар.

Кыздар институтуна кирип, Айкөкүлдүн курсташ кыздарына жолуктум:

«Айкөкүл бүгүн сабакка эмнегедир келбей калыптыр, жатаканада эле» – дешти алар. Ал жакка учуп жетип эшик тоскон кемпирге ээ бербей, Айкөкүлдүн комнатасына кирип бардым. Ал кроватында жуурканга оронуп алып өпкө-өпкөсүнө батпай ыйлап жатыптыр, ыйлагандан көзү шишип, өңү ач күзөндөй купкуу болуп кетиптир. Ал менин келгенимди билсе да, жуурканга башын катып эч карабай койду.

– Айкөкүл, эмне болду, сени ушул акыбалга ким алып келди? – дедим жалооруп.

– Эмне үчүн чакырттың? – деди жуурканга башын каткан боюнча.

– Качан? Каякка? Түшүнсөм буюрбасын.

– Сен да Көөдөктүн бирисиң, – деди ачуулана.

Аңгыча эшик тоскон аял келип, мага суук сөзүн агытып:

– «Комнатадан чыккының! Бейчеки кишилер кирбейт. Кандай сөз түшүнбөгөн айбансың? Сен эмне койсуңбу? Тургун дейм, азыр милиция алып келип каматам. Балким, түндөгү балдардын арасында сен да барсың?» – деп ачууланды.

Айкөкүлдүн ыйынын себебинин чекесин эми түшүндүм. Болду-болбоду көөдөк Басылбек келгенин билдим да: «Көөдөктүбү, мен аны өлтүрөм!» – деп комнатаны жаңыртып кыйкырып ийдим. Аялдын түрткүсү менен Айкөкүлдү жалгыз калтырып эшикке чыктым. Бирок «Көөдөктү кайдан табам!» Башым айланкөчөк боло түшүп, терекке жөлөнө калдым. «Сен да Көөдөксүң!» деген Айкөкүлдүн сөзү жаңырык болуп кулагыма айтылып жатты. Баскан багытым да кай тарап экенин билбей, таң атканча арак ичип чыккан алкаштарча көчөдө темтеңдеп келе жаттым. Бирок мен өз жатаканамдын жанына келип калганымды сезбепмин.

– Сага эмне болду Керээз? – деди тааныш үн. Көрсө, менин жатаканамдагы балдар түштөн кийин сабакка кетип баратышкан экен.

Канат мени колтуктап жатаканага киргизип койду. Жатаканада жалгыз олтуруп, өзүмчө буулугуп кроваттарды көтөрүп, ала салдырып, стол үстүндөгү бычакты алып, полго сая ыргытып, ал бычакты ким бирөөнүн жүрөгүнө малып алууга кыжынып жаттым. Мына ошол кезде комнатама шып этип көөдөк Басылбек кирип келсе болобу. Ал бажырая жылмайып, менин колумдан кыса кармап: – Керээз дос! Мен сага келдим. Мен үйлөнө турган болдум, – деди.

– Кимге? – дедим ачуулуу.

– Кантет, сен эмне болуп калгансың, корсулдап? Албетте, Айкөкүлгө!

– Айкөкүлгө сен тең эмессиң!

– Эмне үчүн, анан сен теңсиңби? – деди ал да ачуулана.

– Айкөкүлдөн айланган акмак! – дедим ачуум төбөмө чыгып.

– Келжиребегиниң. Айкөкүлдү өзүм тапкам, өзүм алам.

Мен аны жакасынан кармап бет талаштыра коюп-коюп ийдим! Экөөбүздүн бир кездеги мектептегидей былчылдашмай мушташ ушул ээн комнатада кайта башталды. Ал мени эки колдоп камырдай эле мыкчып коёмун деп ойлоду окшойт, жакамдан кармап муунтуп баратканда тизем менен курсакка тээп жибердим. Анын колу жакамдан бошоп кетенчиктеп барып, дубалга жөлөнүп калды. Ал костюмун чечип жиберди да мени көздөй жолборстой атырылды. Жаагымдан капшыра кармап, дубалга түрттү эле өпкөм куушурула түштү. Экинчи мени мушташарда экөөбүздүн ортобуздагы отургучка чалынып жыгылып кетти. Эгер ал ордунан туруп кармап калса өлтүрүп коюшу сөзсүз эле. Ошол кезде стол үстүндөгү нан кесчү бычакка чуркап жеттим да бычакты көрсөтпөй аркама жашырып: – Эгер жаныма келсең сайып таштайм, жолобо! Чыгып кеткин эшикке, сыйың барда чыгып кет! – деп бакырдым.

– Сен эненди урайын, момунумду саясыңбы, ыя! – деп ал бармагын сөөмөй менен ортонунан чыгарып мени келекелей баштады. Мен столду айлана качып, ага карматпоого аракеттендим. Мени басып жечүдөй болуп атырылып күү менен

келаткан Басылбекке бычакты тосо бердим. Бычак анын курсагына «бырт» этип кирип кеткендей болду. Кантсе да Басылбектин күрөктөй болгон алаканы сол жаагыма тийгенде кулагым дүңгүрөп, көзүмөн от чагылыша түштү. Ошондо ал «икий» деп алаканы менен оң жак курсагын басып калды. Анын алаканы кыпкызыл канга боёло түштү. Ал кроваттын башын кармап турду да ага отурайын деди окшойт, курсагын алаканы менен баскан боюнча көмөлөсүнөн кулады. Ошол учурда эшик ачылып, мени менен жатаканада чогуу жаткан балдар кирип келишти. Уңгусуна чейин кан болгон бычак ошондо гана колумдан полго түштү. Кроваттын астында Басылбектин курсагынан шорголоп кан агып жатты. Көп узабай эки милиция келип, эки колумду артыма кайрып алып кетти.

Ошентип, көз ачып-жумганча менин тагдырымдын таш-талканы асманга сапырылды да калды. Турмушум мындай болот деп үч уктасам да түшүмө кирчү эмес. Боорумду жерден көтөрүп, жалгыздыкты унутуп, жашоо маңызын эми гана туюп, махабат жытын искей баштаганда башым түрмөдө болгонуна ичим ачышат. Көөдөк Басылбек менен капыстан байланышып калганыма өкүнөм.

Камерадагы уйкусуз түндөрдө Айкөкүлдүн бажырайган элеси көз алдыма тартылып: «Мындан нары кездешип туралы» деген сөзү кулагыма угулуп тургансыйт. Тагдырымдын мындай кырсыкка туш болгонун ал билди бекен? Жүрөгүмдөгү бир назик сезимди ойготуп кеткен ошол кыз мен жөнүндө билген болсо, туйган болсо, сезип калса анда мени дини кайыр, энесин таштап, андан безип, мерезденип жүргөн маңкурт, адам өлтүргөн канкор катары көрүп, мындан ары түк кездешпей, жүзүмдү да карабай коёрун эстесем жүрөгүм тилинип, туз куйгандай ачышып күйүткө малына түшөт.

Күлүмсү жыттанган, күүгүм тарткан камерада жатып күн нурун көрүүгө, айдарым жел аргысын кере жутуп дем алууга зар болом. Темир каалга качан шарактап ачылып, колумду артыма алып, кол кишен салып милициянын астына түшүп,

тергөө сурагына барарымды күтүп жатканда көңүлсүз ойлор келе калат. Милициянын тергөөчүсүнүн «Кылмыш кодексинин 94-ст. 2-бөлүмү менен «атууга же 25 жыл түрмөгө кесилесиң» деген сөзүн уккандан кийин бүткөн боюм дүркүрөп кетти. Күнөөгө баткан байкуш башым муну ойлоп, күнөөкөрлүктүн болгон чеги ушу го деп жүрөгүм түшүп, санаага батты. Деги алдыда мени кандай тагдыр күтүп жатты экен? Күнөөм жеңилдээр бекен?!

Ушул ой түйдөгүн чубап отурганда эшик шарактап ачылып, милиция баш багып: – Жаркынбаев, суракка! – деп чакырды. Мен колумду артыма алып, эшикке чыгып милициянын алдына түштүм. Камера эмес түрмөнүн короосунда да эрке жел үчүн эркиндик жоктой. Коридордон короого чыгуучу эшикке жеткенде ачык каалгадан башымды чыгарып, абадан дем алганы тынымга токтой калдым.

– Бас, бас! Эмне токтоп калдың? – Күрсүйгөн милиция желкемден түрткүлөдү. Көз ирмемдеги эркиндиктин барк-баасы ошондо билинди. Эркиндигиң жок болсо абага да, сууга да зар болот экенсиң. Кара булгаары менен капталган эшикке келгенде милиция мени токтотту да эшикти ачып баш бага: «Уруксат бекен! Алып келдим!» – деди.

– Киргиз! – деген үн чыкты. Босогодон аттап өтүп кабинетке киргенимде креслого чалкалай отурган, көк бешмантчан, көкала чачын аркасына тараган, жашы ортолоп бараткан кишинин маңдайына токтоп калдым. Бул мени биринчи тергеген милициянын тергөөчүсү эмес, прокурор экенин анын кийиминен билдим.

Анын тикирейген курч көздөрүнөн кандайдыр бир токтоолуктун, өкүмдүктүн, кыйла ойлонуп иш кылуучулуктун, үч өлчөп бир кесүүчү тактыктын белгиси көрүнүп турду.

– Атаңдын аты ким? – деп сурады прокурор.

Мен атамдын атын да, өз атымды да айтып бердим. Ал туулган жылымды да сурады. Аны да айттым.

– Тергөө делонун ичиндеги барактарды барактап жатып:

– Отур! – деди столду көрсөтө.

Бир кадамча алдымда турган отургучка барып отурдум.

– Сен кылмыш кодексинин кайсы статьясы, канчанчы бөлүмү менен соттолуп жатканыңды билесиң да?

– Ооба, 94-статьянын 2-бөлүмү менен.

– Сен өлтүргөн Байдөөлөтовдун боорун бычак тилип кеткенин медэкпертиза аныктаган. Кана, эми сен чыныңды айтчы, өлгөн Байдөөлөтов Басылбек менен мурда эмне чырыңар бар эле?

Суроонун мындай капысынан, нары чечкиндүү берилишинен улам Басылбек экөөбүздүн ортобуздагы учкундун тутанып, ал жалындап жалбырттап кетишине себепкер болгон Айкөкүл жөнүндө айтып ийе жаздап, оозумду таптап барып токтоп калдым да, жоопту бир аз кечеңдеттим. Анткени Айкөкүлдү милициянын түрткүнчөгүнө калтырууга, аны жүрөк үшүн алган суракка кириптер кылууга жүрөгүм даабады. Бул жөнүндө ойлоно калдым да:

Басылбек экөөбүздүн мектепте окуп жүргөндө эле кастык мамиледе экенибизди, ал мага чоң чыгып, көп учурда кордоп, кемсинтип жүргөнүн айттым.

– Эй, жаш кезиңдеги чыр-чатакты сураган жокмун. Азыр ортоңордо, бөлүшпөгөн эмне талашыңар бар эле деп жатам?

– Ал мени «Сүтак», мажүрөө «Сүтак» деп көп кордоп, көп басынтчу.

– Сүтак десе эмне экен, ошого эле жиниң келип, бычак менен сайдыңбы? – деп ал менин түз жооп бербегениме жинденди.

– Сүтак деген энесин таштап кеткен дини кайыр бала, эч нерсеге алы жетпеген бир макулук Сүтакка айланып кеткен. Мени ошого теңеп жатпайбы.

– Сенин бул легендаңдын бул жерге кереги жок. Кеп Басылбек сенин жатаканаңа келип, экөөңөр бир нерсе талашып урушкансыңар?

– Прокурор мени жеп ийчүдөй болуп, көзүнүн үстү менен тикирее карады.

Анткор прокурордун бул суроосунда, сууга ыргыткан кайырмагына бөлөк дагы бир илинчек илинээр бекен? – деген оюн билип турсам да Айкөкүл жөнүндө ооз ачканым жок.

– Жатаканама келип алып, бир нерседен кыйкым таба албай эле өзүнөн өзү кыжынып уруш чыгарды, – дедим башымды шылкыйтып.

Прокурор менин оюмду дагы бир жолу чаташтыргысы келип, ушул эле суроонун түбүн тешкичекти сурай берүүнү чечти көрүнөт.

– Сен менин суроомо түз жооп бербей жатасың. Ал сенин жатаканаңа келип жөндөн-жөн эле эмне үчүн чыр чыгарды? Экөөңөрдүн ортоңордо бөлүшө турган, талаша турган маселе бар беле? Балким, алтыныңарды бөлүшө албагандыктан чыр болгондур же талашкан кызыңар бар беле?

Прокурор креслодон тура калып, эки колун шымынын чөнтөгүнө салып керсейе: – Кана, жооп берчи? – Ал кашын серпе мага карап мыскыл аралаш жылмайып койду. Анын бул мыскылдуу жылмайышынан «Сенин чыкыйыңдын талуу жериндеги түйүлгөн тамырыңды кармадымбы» деген оюн туюп, эсим чыгып, эмне деп жооп берерими билбей турдум. Ушул чакан бөлмө мен үчүн өтө тардык кылып, төрт дубалы төрт жактан кысып, демимди чыгарбай думуктуруп келаткандай сездим өзүмдү.

– Ортобузда бөлүшө турган эч нерсе жок, – дедим, тынымдан кийин ийнимди куушуруп. – Бир жолу курсташ кыздарым менен келатканымды көрүп калып ошолордун бири менен тааныштыр деп жанымды койбой жүрдү. «Таанышсаң өзүң тааныш» – деп болбой койдум. Ошондон баштап ал мага жини келип, жаман сөздөрдү айтып кордоп, кемсинтип жүрдү. Жатаканама келип: «Сен эмне менин сөзүмдү укпайсың? Шөмтүрөп жүдөп, балдардан тепки жеп эле жүрчү эмес белең» – деп мени кордогондуктан ачуум келип: – «Эшикке чык, кеткиниң! – деп бакырдым. Ал мени: «Бакырба! – деп жаагымды кабыштыра кармап, дубалга жабыштыра түртүп жиберди. Анан экөөбүз мушташа кеттик, – деп сөзүмдүн баш жагын

калп айтып, аягына болгон чындыкты уладым. Прокурор буга бир аз муюп, ишенип калды белем эми башка суроого өттү.

Прокурор столдун үстүндөгү оролгон кагазды жаза баштады да:

– Бычакты сага ким берди, – деп, ал баягы Басылбекти сайган кан болгон бычакты көрсөттү.

– Столдун үстүндө нан кескен бычакты көрө коюп колума алып, саяйын деген оюмда деле жок болчу, жөн гана тап берип, айбат кылып тургам...

Прокурор сырлуу бир нерсени ичине катып билгизбей, кайсы сөзүнөн кыл жылдырбай бекем кармап калсам дегенсип, мени көз кыйыгы менен карап турду.

– А сен эмне үчүн, эмне максат менен ага бычак сайдың? Балким, андан башка да бир өчүң бар болуш керек? – деп прокурор кайра чаргыта суроо берди.

– Эгер Басылбек мени өлтүрүп койсо эмне болмок? Мен ага кайра суроо бердим.

– Сен мага суроо бербе, менин суроомо жооп бер! – деди ал итирендеп.

– Колумда бычак жок болгондо мени өлтүрүп киймок. Ал мени эки койгондо эле өзөрүп кала жаздагам.

– Ой, сен оңбогон митайым окшойсуң. Кантип эле өлтүрө муштасын, сен деле жансың да же жумурткасыңбы жарылып кеткидей. Такыр эле алың жетпесе эшикке чыга качпайсыңбы, же эшикти бекитип алды беле?

– Эшик жакты тосуп алган. Айлам кеткенде бычакты ала койдум.

– Кошо жаткан балдарың кайда эле?

– Окуудан тараганда жатаканама келсем Адыл менен Сыргак жок экен?

– Жатакананын эшигин эмне менен ачтың, же үчөөңөрдө үч ачкыч беле?

– Ооба, ал экөө тарых факультетинде.

Прокурор өтө майдалап, үтүрүнөн точкасына чейин, бирден терип-тепчип суроолорду берип жатты. Жашоомдун

алдында эмнелер болооруна акылым жакшы жетпесе да, прокурордун бул түрпөтүнөн жардам болбошун түшүнүп турдум. Ал креслосуна кайра барып отуруп, мага дагы суроону берсем деп ойлонуп туруп калды. Алдындагы делону алып барактап ачып жатып, анын кайсы бир бетин үңүлө карап ичинен окуду. Анан бир аздан кийин:

– Маркум Басылбек экөөңөр кичине кезиңерден бери бири-бириңерди билишет экенсиңер. Ал мындан үч жыл мурда соттолгонун билесиңби? – деди прокурор.

– Соттолгонун билбейм. «Кайда иштеп жүрөсүң?» – деп сурасам, турмуш окуусунан келгениме үч ай эле болду. Калганы «секрет». Иш болсо көп, – деп койгон. Мен мунусуна түшүнгөн эмесмин…

– Азырынча бүттү... – Прокурор оң колунун алаканы менен алдында турган делону бир чапты да, темир шкафка салып койду. Ал мени кыраакы көзү менен карады да столдун үстүндөгү кара точканы басып койду. Ошол замат эшик ачылып жанагы мени алып келген милиционер далдайып босогодо туруп калды.

– Алып кет – деди прокурор.

Узун коридордо үн-сөзсүз ойго батып келатып Сыргак менен Адылды көрүп калдым. Аларга да менин залакам тийип, милицияда суралып жүрүшкөнүн көрүп, уялганымдан бетим чымырай түштү. Милиция алар менен учураштырган жок. Айкөкүлдүн бул жерде болбогонуна өзүмчө кымыңдадым. Милиционер камеранын эшигин ачып мени ичке киргизип ийди да, анын чагарагын калдыр-шалдыр эттирип кулпулап, цементке такаларын тарсылдатып басып кетти. Тынчтык өкүм сүрдү. Ушул тынчтыкта ой жүгүртүп жатып жанагы сурактагы акыркы берген суроодон улам жакшылыктын жышааны тemeнeнин көзүндөй болсо да шоолаланганын сездим.

... Өз башыма мүшкүл иш түшкөндө ал-абалымды сурай турган жакыным болбогондон кийин, баарын ойлоп жатып, баягы интернатта окуп жүргөндө дарбазанын сыртында мени

күтүп турган апам эске түшөт. Мени ушул тагдырга алып келген апамдын каргышы го деп да ойлоном. Чын эле Сутактын кейпин кийип көктүккө, мерездикке салып, апамдын оюн аткарбай койгонум, эми минтип ага жете албай, анын караанын көрүүгө зар болуп жүргөнүмдү сезип, өзүмө өзүм жиним келип, өзүмдү өзүм жемелейм.

Күн шооласын көрбөгөн, кабагы бүркөлгөн, күүгүм тарткан камерада жатып, бүтүндөй денем өзүнөн өзү талыкшыйт, талмоорсуйт. Түрмөнүн нымдалышкан загы өтүп, оорулуу болуп калбасам экен деп корком. Деги ушул жарык дүйнөдө жашагым гана, жашагым гана келет. Анткени өмүр сапарымдын жолу эми кеңейип, узарып, улам өр тартып баратпады беле. Быйыл боз кыроодо жыйырма төрткө чыгам. Артка кылчайсам босогосун алгач аттаган мектептеги, балдар үйүндөгү жылдар, солдаттык турмуш эске түшөт. Университет... Эмнегедир көз ачып-жумганча, көз ирмемче бат эле, өтө бат өтүп кеткен ошол жылдардан эмне алып калдым? Эми мындан ары ала турган мүмкүнчүлүктүн бардыгын текке кетирип, эч нерсе алалбай калам го деп жүрөгүм сестенет. Дүпөйүл ой менен саргарткан санаа адамды чүнчүтүп жиберет тура. Башка кайгы түшкөндө оюңа жакшылыктын элеси да келбей калат экен.

... Санаа тарткан соттук сурак да аяктады. Басылбектин мурда кылмыш кодексинин 108-статьянын 1-бөлүмү менен соттолгону, менин күнөөмдү жеңилдетти. Сот менин жаштыгымды, мурда соттолбогонумду, өз күнөөмдү мойнума алып кечирим сураганымды эске алып, атуу статьясын алып таштап он беш жыл эркимен ажыратты. Анын беш жылын күчөтүлгөн режимде өтөмөй болдум. Айла канча маңдайга жазылган жазуу ушу да, андан качып кутула албайсың. Тагдырдын мага күн мурунтан камдаган жазасын кыңк этпей өз мойнум менен тартып, кордуктун күнүн өткөрүп, тозоктун отунда жүрдүм.

Молдовановкадан Красноярскинин түндүгүндөгү «Н» түрмөсүнө алып келди. Бул түрмө мага тааныш эле. Тагдыр

мени ушул жерге кайра алып келгенине таң калам. «Ат экинчи баспайм деген жерин үч басат» дегендей, мен да бул жерге экинчи келбеймин деп мындан үч жыл мурунураак эле кетпедим беле… Солдаттык милдетимдин көбүн ушул түрмөнүн түштүк тарабындагы тээ бийик мунарасына зонанын ичиндеги ар бир кыбыраган жанга байкоо жүргүзүү менен өткөрчүмүн. Бийик дубалдын кырындагы катар-катар тартылган тикенектүү зымдар кыймылдап калды дегиче шектүү жерлерди кылдат карап чыкчумун. Ар бир эки сааттык мөөнөтүмдү кирпик какпай түрмөнүн ушул зонасында күзөттү өткөрчүмүн.

«…Солдаттык сапарымдын мөөнөтү аяктаар айлар эле. Түрмөнүн батыш тарабындагы мунарада күзөттө болчумун. Түнкү саат төрттөр чамасы. Кирпиктерим чапталыша калып көзүм төөнөлө түшөт. Бир кезде туура жагымдагы бурч тараптан «топ» деген дабышты кулагым чалып калды. Мен автоматымды ийнимден ала коюп дубалдардын кырын карап чыктым. Бийик өскөн кайыңдын бутактары прожектордун жарыгын тосуп караңгылатып турган бурчтан шытыраган дабыш чыкты. Аста эңкейип карасам бийик дубал менен тең болуп узун караан көрүндү. Көзүмдү ирмеп-ирмеп бурчту карасам дубалга арта салынып тикендүү зымдын астынан сойлоп, нары бетке ашканы калган караан көрүндү. Ошол тарапты мээлеп автоматымды элеп калдым. Тревога башталып, казармада, түрмөнүн күзөт мунарасында сигналдар ачуу үн чыгарып, чырылдап жатты. Солдаттар заматта түрмөнүн айланасын курчоого алып калды.

Көрсө, жанагы караңгыланган бурчтагы узун караан эки качкын экен. Дубалдын сыртына күп этип түшкөн качкындын бутуна ок тийип, эч жакка жыла албай колго түшкөн. Бул «кыраакылыгым» үчүн мактоо баракчасы аскер-күзөт бөлүмүнөн мага берилген.

Мына эми ошол чуңкурга өзүм түшүп, кыйырына тикенек зым тосулган бийик дубалды сыдыра тиктейм. Тиги автоматчан күзөтчү конвойлорду, алардын ичиндеги мени да

жек көрүү менен карайт. Дарбазадагы күзөтчүнүн авчаркасы да бизди көргөндө арсылдап үрүп, чынжырын үзүп алчудай жулкунат. Тозоктун ушул түрмөсүндөгүлөрдү он чакырым алыстыкка жөө айдап барып тоңгон жерди каздырат. Колубузда резина кол кап, салмактуу барскан, темир кескич кечке түшпөйт. 2 кв. метр чуңкур казсаң бир күнүң үч күнгө эсептелет экен. Бирок ага мен эмес андагылардын көбүнүн алы келчү эмес. Сууктун күчүнөн колуң какшап, заматта манжаларыңды ачып-жума албай, колуң селейип тоңуп калат. Абалымды ага жеткирбөө үчүн тынымсыз кыймылда болом. Кыймыл-аракет гана күнөөкөрлөрдүн өмүрүн ит өлгөн сууктан сактап калып жүрдү.

Алгач барганда боюбузга теңештирилген чуңкурду казып жатып өзүбүзгө өзүбүздүн денебизди ушул тоң каптаган жер алдына түбөлүк катуу үчүн каздырып жаткандай сезчүмүн. Ал эми мындай тоң жерди эмне үчүн каздырып жатканын бизге түшүндүрчү эмес, а биз, түрмөдөгүлөр тозоктун мындай кыйноосуна айла жок кыңк этпей моюн сунчубуз. Ошол чуңкурдун жээгинде чыгып, жер казып жаткан арстоондордун сабын караганымда анын учу тээ алыста болуп, сууктун тумандуу мунарыгынан көрүнчү эмес. Кечкурун гана үшүгөн колдорун оозуна салып, көкүрөгүнөн жылуу дем келгендер, өпкөсүнө суук тийип күрсүлдөп жөтөлсө да эптеп чуңкурдан чыкканга жарап, бирине бири жөлөнө ыкташып, түрмөнү көздөй илкип жөнөшөт. Чуңкурдан чыгалбай калгандары жанынын тынчына карап түбөлүк уйкуга кетишчү. Мындай көрүнүш күн сайын болуп туруучу. Деги Алла Таала эң жаман көргөн пендесин Кудайдын каарына калган ушул жерге, «тү» деген түкүрүгүң жерге түшкүчө тоңуп турган Сибирге, түрмөнүн түпкүрүнө тыгып, тоң каздырып кыйнаса тирүүлөй тозок эмне экенин, мерездик менен дини кайырдык, көктүк менен түркөйлүк эмнеге алып келээрин түшүнөт беле деп ойлоном. Тирүүлүктүн ушул кыйноосунда жүрүп эркиндикти, тоо арасында леп-леп соккон жер аргысын, макулук болсо да эркин учуп, кечки иңирден таң шоокумуна чейин Сүтактын

таңшыганын айкын туйчумун. Ошондо, эркиндикке чыкканда, апамдын алдына барып кечирим сурарымды, аны эч кимге кор кылбай төбөмө көтөрүп багуу өзүмдүн парзым экенин ойлонуп жүрдүм. Кыш мезгили өз сапарын муз жалаган узун түнү менен өткөргөн сымал мен да түрмөнүн өмүргө коркунучтуу көлөкө калтырган каардуу күндөрүн өткөрүп жаттым.

Түрмөнүн тозогунда жатканымдан бери менин ал-жайымды сураган эч ким болгон жок, эч кимден кат да келбеди. Кимден келмек эле? Мен кимге кат жазмак элем? Жалгыздык эмне экенин, жетим, томолой жетим кандай акыбалда болоорун эми, бир кездеги, интернаттагы кайгыдан дагы он эсе оорураак экенин ушул азаптуу күнгө туш болгонумдан бери жон терим менен сезип олтурам. Өзүм түрмөдө эрксиз болсом да, ой-чабытым эркин эле. Ал мени каякка гана алып барбайт, каякка гана учурбайт. Айрыкча «Жалгыздык» жөнүндө эстегенде чыгыш элинин бир ойчул акынынын «Калсаң дагы тепсендиде гүлгө окшош, көтөрө бил көңүлүңдү асманга…» деген ыры мени кыялга батырчу. Ошол күнү да тулку боюмду ушул сезим бийлеп алып, көөдөнүмдүн жылуу илебинен мына бул ыр саптары сызылып чыгып, аны күндөлүгүмө түшүрдүм.

*Армандуу муңум ичимде,*
*Айтылбай келет эч кимге.*
*Муунтуп турса жалгыздык,*
*Муңканат Сүтак кеч кире.*
*Апасын жоктоп макулук,*
*Аптыга ыйлайт эчкире.*
*Өчүрбөй жандыр үмүттү,*
*Өксүктө калчу сен беле?!*
*Кайраттан, көтөр башыңды,*
*Кайгыра бербей кечке эле.*

Көркөм чыгармачылыктын ыкмаларын билбесем да, чыныгы поэзиянын кудуретине акыл-сезимим, ой-чабытым жете бербесе да бул ырды кайра-кайра окуп, анын ыргагына жүрөгүм толкунданып, жалгыздыктын ызасы менен

азабынан, өксүгү менен күйүтүнөн өзүмдү алаксытып, өзүмө өзүм кайрат берем. Бул ыр мени түрмөнүн мүшкүл азабынан улам өзүмдү эч нерсеге жараксыз кылып таштап жибербөөгө, биротоло чөгүп кетпөөгө, келечектен үмүт үзбөөгө үндөп тургансыйт. Үнүмдү бийик чыгарып ыр саптарын кайталап жатканда камеранын каалгасын шарактатып ачып кирген надзиратель: «Мына сага кат келди. Каттын ичинде да кат бар окшойт, өтө калыңдыгына караганда» – деп катты колума карматты. Каттын келиши жүрөгүмдү толкундатып кубантып жиберди. Анын сыртында Айкөкүлдөн келгени жазылып турат. Катты шашылып окуй баштадым. Анын этегине чыксам да кайра дагы окугум келди. Аны ушунчалык сүйүү менен окуй бердим.

«Сиз мени ар дайым эстеп жүрөт окшойсуз» – деп жазыптыр ал. Анткени менин түшүмө көп кирчү болдуңуз. Мен сизден кечирим сурайын деп ушул катты жазып отурам. Бул катты жазуудан мурда сиздин адресиңизди таппай көп убараландым. Акыры Молдовановкадагы түрмөгө барып, сиз жаткан түрмөнүн адресин алдым.

Сизге ушул катты жазбай эле койсомбу дегем. Бирок негедир жүрөгүмдөгү бир керемет күч жаздырып жатканын сизге айтпай коё албадым. Ал сыйкырдуу касиеттин пайда болгонун баягы кечте сиздин колуңузду кыса кармап жатып: «Ар дайым кездешип туралы» – деп айтып ийгенимден, бул сөз оозумдан кантип чыгып кеткенин билбей калганымдан баштап сезгемин, туйгамын. Менин жүрөгүм ошондо сиздин ой-пикириңизге, сунушуңузга каршылык көрсөтө алмак эмес. Анткени сиздин элесиңиз менин ой-санаамды бүтүндөй бийлеп, байлап алып, сиз үчүн Кудайдан тилегеним бир гана жакшылык болуп калган. Эгер андагы каргашалуу кырсык бизди торуна чалынтып, сормо сазына малбаганда, экөөбүз бири-бирибизге эриш-аркак болуп жүрмөк элек. Ал эми бул кырсыкты сиз үчүн мен алып, атайлап эле мен гана алып келгендей сезип жүрөм. Жыл маалынан ашып калса дагы бул ой менин жүрөгүмдөн кетпей койду.

... Жатаканама кирип барганда жуурканга чүмкөнүп, менин өксүп ыйлап жатканымдын себебин сиз ошондо түшүндүңүз го деп ойлойм. Ошондо улам сиз мен үчүн, менин өчүмдү Көөдөктөн алыш үчүн оор кирипке туш болгонуңузду кантип түшүнбөй коёюн. Эмне үчүн сизди сураган соттук суракка катышкан жокмун? Эмне үчүн сиз мени күбө катары чакырткан жоксуз? Мен бул суроолорго кечигүү менен жүрөгүмдөн жооп алдым. Анткени сиз мени аягансыз. Тергөө кызматкерлеринин алдына салып түрткүнчүк кылбайын, басынткандын үстүнө басынтып, менин жүрөгүмдү канатпайын дегенсиз. Бирок мен сиз үчүн бардыгына кайыл болмокмун. «А өзүң эмнеге келген жоксуң?» – деп мени күнөөлөсөңүз болот. Ошол каргашалуу күндөн кийин өзүмө келе албай, эл аралап чыга албай, теңтуштарымдын бетин карай албай уялып, өлбөгөн төрт шыйрагым эле калган. Деги эл көзүнөн жашынуу баарынан кыйын экен. Мындан аркы өмүр жолумдун супсак болоруна туталанып, өлүп жаным тынганын артык көрчүмүн. Бирок мен жакшы көргөн сиз бар экенин, ошол жүрөгүмдүн тынчын алган сизди таштап өз өмүрүмдү кыя алган жокмун. Сиз экөөбүз аз жолугушуп, аз сүйлөшкөнүбүз менен бири-бирибизге керектүү жуп адамдардан экенибизди сезгем. Ошондон болсо керек, баягыда сиз экөөбүз кол кысышып коштошкондо жарым саат өтпөй эшикте бирөө мени чакыртып жибериптир. «Эмнеге кайра келди экен? Эмне болуп кетти? – деп, сиз жөнүндө тынчсызданып эшикке чыгып жүрбөйүмбү?!

...Айыпсыз кордолгондон кийин санаам самандай чачылып, уйкум качып уктай албай, ооруп ооруканда жатып калганымды апам угуп жетип келиптир. Апам менин санаа тартып арыктап кеткенимди билип, оорукандан чыгарып, айылга алып кетти. Атам менин маңдайымдан өөп жатып: «Окуймун деп жүрүп убагында тамак ичпей, ийрейип арыктап кетипсиң. Окубасаң окубай деле кой, балам. Сени менен тең кыздардын баары турмушка чыгып очор-бачарлуу болуп калышты. Сен деле ошентип ал, жетим эле балага чык.

Жетимдер оокатка бүйрө жана бышык келет» – деп коёт. Адатта, кыз бала апасына жакын келип, ичтеги сырын айтышат тура. Мен сиз жөнүндө жана сизге болгон сүйүүм жөнүндө, анан Көөдөктөн кордолгонум жөнүндө жаагымдан ылдый куюлган жашым менен кошо апама айтып бердим. «Баланын кырсыкка кабылышы эненин жүрөгүнөн өтөт» деген сөз чын тура.

– Олдо кагылайын кызым а-ай! Өзүңдү да, мени да кайгыга салган турбайсыңбы – деди апам мени кучактап. Апам мени, мен апамды кучактап ыйладык. Ошентип, менин бул кордолгон аргасыз абалымды апам менен гана сиз билесиз. Эсиңиздеби, мен өзүмдү кармана албай жиним кайнап, жүрөгүм тилинип канап, арманым ичиме толуп, эркектердин баарын кара мүртөз, муз жүрөк, дини кайыр, жүзү кара катары көрүп турганда сиз жатаканама кирип келбедиңиз беле. Ошондо сизди да күнөөлөп: – Сиз да Көөдөктүн түгөйүсүз! – деп айтып ийгенимди азыр эстесем уялып кетем. Эгер бул сөз сизге катуу тийсе, кечирип коюңуз.

Кудайым кыздарды эмне үчүн алсыз кылып жаратты экен? Мен алсыздыгымдан кыз балага таандык болгон наристе тазалыгымдан айрылып, ажырап отурбайымбы.

– Мени кыз кылып төрөбөй эле койсоңуз болмок – деп апама да күнөө коюп коём уялбай.

– Алты эркек баладан кийин: «Эми кыз бер. Садагасы Кудай!» – деп Кудайга жалынып жүрүп сени таап алгам дейт апам көз жашын аарчып жатып. Апам мени жүрөгүм чалдыккан илдеттен арылтууну, кордолуп басынган ой-санаадан, кайгы тарткан уялуудан алаксытууну ойлоп, Юстиция министрлигинде иштеген Исхак байкемден «Есентуки» курортуна путёвка таптырып келиптир. Кавказ аймагынын бул чөлкөмүндө адам кабылган илдеттен арылтуучу бейиштей касиеттүү жерлери көп экен. Анын таза абасы, пейзаждуу кооз жерлери, дары суулары денеңдеги бардык илдетти саат сайын, минут сайын тынымсыз жууп тазалап тургансыйт. Минвода, Железноводск, Беш-Тоо, Ысык-Суу, Кисловодск

сыяктуу жерлердин пейзажы негедир сүйкүмдүү, назик келип, делебемди козгоп, жүрөгүмө канат байлап, Кавказ тоолорунун чокуларына алып учат. Есентуки бөксө тоосунун бийиктигинде туруп, түштүк-батыш тарабынан «Жер эненин аппак эмчегин» көрүп аябай таң калдым. Ар кандай салыштыруунун канчалык маани-маңызы бар экенин аны жан дили менен туйган, жүрөгү менен сезген гана адам билет болуш керек. Көрсө, ал Эльбурс тоосунун чокусу экен. Көргөндөр аны «көмкөрүлгөн казанбак» дешсе, мен «Жер эненин аппак эмчегине» салыштырдым. Ал сүткө жуурулуп, сүттөн жаралгандай көк жашыл горизонттон аппак болуп көтөрүлүп турат. Булуттар аны үрпүнөн соруп, сүтүнө тоюп эмчектин капталдарында үргүлөп тургансыйт.

Беш-Тоодон Лермонтов дуэлге чыгаар күнүнүн алдында өзү жөө кыдырган жерлерди, үңкүрлөрдү, булактарды көрүп чыктым. Асман тиреген карагайлар керегелеп турган акындын мерт болгон, жан берген жериндеги эстелигине сүрөткө түштүм. Бир да мык колдонбой курулган Достоевский түшүп жүргөн мончого жуундум. Ушул имараттын бурчтарында улуу жазуучунун «Кор болуп, ыза көргөндөр» романындагы кор болгон айыпсыз кыздын элеси коз алдыма тартыла түштү. Жүрөгүмдү кайрадан канатпоо үчүн ал кызды элестебөөгө аракеттенип, оюмду башкага бурам.

Железноводск тоосунун чокусунан оргуштап агып чыккан булактан жүз чайып, суусунубуз канганча ичтик. Тоо ылдый кулаган булак суусу менен жарышып ойго түштүк. Кыбыланы бет алып аккан «Кыз булакка» токтодук. Бизди алып жүргөн экскурсовод менин жүрөгүмдүн илдетин айыктырган бир сонун легенда айтып берди:

«Илгери, илгери бир кандын жалгыз баласы менен бир кедейдин жалгыз кызы экөө сүйүшүп калат экен. Бирок кан кедейдин кызын келин кылып алууга каршы чыгат. Баласына бөлөк өлкөнүн канынын кызына куда түшүп, кырк күн тойлоп, калыңына өрүшү толо мал берип, ал эми кыздын атасы болсо, кырк төөгө жүктөп сеп берип кызды алып келет экен.

Бирок жер жүзүндөгү бардык байлык, бийлик, жыргал жигит үчүн эч кандай мааниге ээ эмес болучу. Кала берсе сүйгөн кызсыз өмүрдүн өзү да маңызсыздай сезилген. Бала үйүнө жолобой, сүйгөн кызы экөө тоо арасына качып кетишет. Каардуу кан баласы менен кызды издеттирип таптырып, экөөнү эки башка орго салдырып коёт. Бир күнү кан дүйнөгө атагы чыккан молдолорун, бүбү-бакшыларын, дарымчы-сыйкырчыларын алдырып келип: «Кызды балам тааныбагандай кылып сыйкырлап бергиле» – деп буйрук берет. Бүбү-бакшы молдолору дуба окуп, сыйкырчылар кыздын чачын куудай агартып, бетин бырыш бастыртып, кудум мастан кемпирдин кейпине айландырып салышат. Бир айдан кийин экөөнү ордон чыгарышып, жолуктурушса бала кызды тааныбай коёт. Бала сүйүү бешигин терметкен тоолордун арасынан, махабат күүсүн черткен, сүйүү ырын ырдаган касиеттүү булактардан кызды издеп кетип калат. Күндөрдүн биринде бала Темир-Тоонун чокусундагы оргуштап аккан булакка келип суу ичип, жүз чайып, жаратылыштын көркөмүнө көңүл буруп, айланага суктана карап отуруп, тоо түбүндөгү ушул булактан ак чачтуу кемпирди көрөт. Кемпир чечинип, булак көзүнөн саал ылдый кирине баштайт. Баланын көзүнө киринип жаткан кемпир эмес эле өзүнүн сүйгөн кызынын элеси, анын аппак денеси көз алдына тартыла түшөт. Жигит тоодон куланып түшкөн жылуу суу менен кошо жарышып отуруп, тоо түбүндөгү булакка келсе, баягы сүйгөн кызы кийимин кийинип, олоңдой чачын өрүп жаткан экен. Экөө кучакташа көрүшүп, сагынычтан көз жаштары тоодон кулаган булактай агылып, сүйүү – жашоонун мазмуну, өмүрдүн эң жогорку баштаы экенин жер жүзүнө даңазалашыптыр. Ушундан кийин Темир-Тоонун чокусундагы булак «Жигит Булак», ал эми тоо түбүндөгү «Кыз Булак» деп аталып калган экен»...

Экскурсоводдун бул айтканына ишенимин артып, «Жигит Булак» менен «Кыз Булактын» айкалышкан жеринде экөөнүн сүйүүсүнө көз артып карап олтурдум. Тоодон кулап, сүйгөнүнө жете келген булак суусу менен тоо түбүндөгү

сүйгөнүн күтүп турган булак суусу экөө сүйүнүчтөн бири-бирине кучак жайышып, коюн-колтук алышып, бирине бири бой берип, «Жигит Булагыбы» же «Кыз Булагыбы» экени билинбей сиңишип, суналган бойдон тоскоолдуксуз ашыга жөнөшөт.

Мен да ушул сүйүү булагынан суусунум канганча ичип, анын жылуу илебине бүт денемди чайканып алдым. Эртеси көңүлүм сергип, өкүнүч-күйүтүм жуулуп, денем жеңилденип, терим жумшарып, өзүмдү кыз бойдон кордолбогон таза, назик кыз бойдон эле экенимди сезем. Ушул ак ниетим, ушул таза сезимим менен кубанычым башымдан ашкандай болуп, көңүлүм жайдарыланып, шатыра-шатман болуп үйгө келдим...

... Окуумду аяктаган соң аспирантурага калгамын. Алдымдагы максатым ушу.

Сиз менен кош айтышпайм. Анткени сиз менен кайрадан байланышаарыма ишенем. Бирок бирибиздин жүрөгүбүз бирибиздин алаканыбызда тынбай согуп турарына ишене бербейм. Ошентсе да мен сизге Ала-Тоонун койнундагы «Алтын-Чөйчөк» өрөөнүндө туруп, андагы эң бийик Жылаңач-Бугу тоосундай бийик махабат каалап, асыл байлык болгон ден соолук тилейм. Ооба, кат башына жазылбады, сиз үчүн Кудайдан тилегеним бир гана жакшылык боюнча кала берет.

Сизден суранаарым өкүмүңүздүн көчүрмөсүн мага салып жибериңиз. Мен сиздин күнөөңүздү жеңилдетиш үчүн колумдан келгенинин бардыгын жасайм.

*Алтын-Чөйчөк аймагы*

* * *

... Айкөкүлдүн катын окугандан кийин мен үчүн тозоктун түрмөсүндө муз каптап келаткан жүрөгүмдүн түпкүрүнөн жан дилим эңсеген тилектин шамы жаркырап жана баштагандай болду. Ал көңүлдөгү сырын менден жашырбастан катка жазып жибериптир. Ал эмне үчүн кордолгон айыбын

ачыкка чыгарып жатты экен? Кыз абийирин, кыз тазалыгын, кыз айыпсыздыгын, кыз наристелигин бир айбанга окшогон акмак тебелеп-тепсесе да, мен аны эч кимге теңеген, эч кимге ыраа көргөн эмесмин. Ал менин кол жеткис тилегим болгондуктан милициянын, прокурордун, соттун алдында анын кыз айыбына шек келтирбесин дегенмин. Деги, Айкөкүл өзүн ачыкка чыгарып, мындан аркы чыныгы турмушта өз билишинче, өз бет алдынча жашоого өтөйүн дегенби?

Айкөкүлдүн катына жооп жаза албай ойлорум тамчы болуп, күкүм болуп чачырап жатты. «Сиз жана апам гана билет» деген анын катка жазган сөзүн көңүлүмдө кайталадым.

Кантсе да катка жооп жаздым. Ага өзүмдүн күнүмдүк турмушум, тозоктун түрмөсүндөгү – Сибирдин суук жалаган, муз каптаган, боз мунарык баскан тайгасында тоң жерди казып, өмүрдүн азаптуу кыйноосунда жүргөнүм жөнүндө жазганым жок. Жүрөгүмдү сууруп, сени сүйөмүн деп да айтпадым. Ошентсе да каттын маани-маңызы Айкөкүлгө болгон жүрөгүмдөгү учкун жанып турганын билгизгендей болду.

… «Айкөкүл, түшүңө Кудайым туш келтирсин. Жүрөгүңдүн түпкүрүнөн чыккан өзүңдөй татынакай ойлоруңду менден мурда билдирип, менден биринчи кат жазып жибергениңе ыраазымын. Ырас айтасың, башым кирипкер болсо да сен жөнүндө көп ойлончу болдум. Анткени сенин тазалыгыңды, наристелигиңди сакташ үчүн ойлорум чабыттап учуп, сага умтулат. Аны сага кантип, кандай мазмунда, ыкмада жана формада жазып жибереримди билбей жүрөм. Күндүзгү оор жумуштан кийин жарыгы бүл-бүл жанган камерада олтуруп «Кордолгон сүйүүнү» жаза баштадым. Бул аңгеменин жалпы түзүлүшүн эсиме тутуп, небак оюмда сакталуу болучу. Сүйүшкөн эки жүрөк бири-бирине кошулуп, сен жазгандай, биринин алаканында тынбай согуп турууга тийиш эле. Бирок менин каалоом менен ошондой болобу, билбейм. Ал эми бу чыныгы турмуш дегендин өзү өзгөрүлмөсү көп болот тура. «Ойлогон ойду кыстаган турмуш жеңиптир» дегендей бир кезде мен сага жетсем дегенде эки көзүм төрт болучу. Бирок

мен ушул акыбалга келеримди, кабылаарымды ким ойлоптур да, ким божомолдоптур. Ошондой эле аңгеменин бул каармандарын акыркы той-тамаша үлпөтүнө жеткирүүгө эмнегедир алым келбей, күчүм жетпей, жүрөгүм ага эрк бербей жатат. О-о, ошо жазып жаткан кезимдеги ырахат алганымды эч нерсеге салыштыра албай калам. Чыгармачылыктын бул кубаты менин түрмөдө көргөн азап-тозогумдун баарын жууп, бир тыным болсо да жүрөгүмдү толкундатып, кубанычка бөлөйт. Камерадагы жалгыздыкта мага эрмек болгон, кайгы-капамды бөлүшкөн, түбүнө жетпеген ой-санаамдан алаксыткан чыгармачылыктын ушул күүсү болду. Кээде жарты барак жазсам да ырахат алам. Ошентип, түрмөдөгү жалгыздыкты бекер өткөргөнүм жок. А-а, жалгыздык демекчи, мен баягы «Сүтакты» сенин сын көз менен караган кеңешиң боюнча кайра жазып жатам. Балким, ага «Кордолгон сүйүүнү» кошсом экөө бирине-бири айкалышып, биринин кемтигин бири толуктап, Эне жүрөгүндөгү мээрим менен боорукерлик, туруктуулук менен кебелбестик, сулуулук менен сүйүү жөнүндөгү чындыкты чагылдырган болоор элем. Ошондо эненин кадыр-баркы, ызаат-сыйы, ыйыктыгы, кол тийбестиги, кол жеткис бийиктиги сүрөттөлөт. Кийин ага да өз-пикириңди айтарсың.

Менин ушул катымды окуп алып «түрмөдө жатпай эле чыгармачылыктын командировкасында жүргөн окшойт» деп какшыктаарсың. Санаа тарттырган, эркиңден ажыраткан түрмөнүн азап-тозогунда жүрсөм дагы мен бул тагдырыма моюн сунуп бербейм. Ал убактылуу гана көрүнүш деп сезем. Адам пендеси тарткан адеп-ахлактуу турмушунун бардык шартына чыдамкайлык, туруктуулук менен туруштук берип, адамкерчилик касиеттердин сезиминде адам катары жашагым келет.

Азырынча ушулар жөнүндө гана жазып турайын. Өтүнүчүң боюнча өкүмдү салып жибердим. Бирок өзүңдү ачыкка чыгарып, кийин өкүнүчтө калбагыдай бол...

*Тоң каптаган тайгадан*

* * *

Жипке тизилген шурудай болуп түрмөдөгү күндөр биринин артынан бири өтүп жатты. Эсепке алсам жалпысынан бир жыл он ай жети күн болуптур. Айкөкүлдүн катынан кийин кат-кабар алганым жок. Арадан төрт ай өткөндөн кийин Айкөкүлдүн Жогорку Сотко жазган арызы боюнча менин ишим бузулуптур. Анда төмөндөгү фактылар камтылган экен: 1. Байдөөлөтов Басылбектин зордуктап кордогону жөнүндө Айкөкүлдүн арызы. Бул кылмыш иш боюнча судмедэкспертизанын корутундусу. 2. Өлгөн Б. Байдөөлөтов кылмыш кодексинин 108-ст. 1-бөлүмү менен мурда соттолуп, бирок калган сегиз айын мөөнөтүнөн мурда шарттуу бошогонуна карабастан, уурдап-тоноо кылмышын жасагандыгы үчүн анын артынан изилдөө иштери жүргүзүлө башталганы жөнүндө шаардын ички иштер бөлүмүнүн протоколу. 3. Университеттин коомдук уюмдарынын менин жасаган кылмыш ишиме жеңилдик берүүнү суранган өтүнүч каттары. Анда менин өздүгүм жөнүндө сын-сыпатталыптыр. Атам Жаркынбай Улуу Ата Мекендик согушта эл-жерин душмандардан коргоп, баатырларча курман болгону, атадан жетим калган мен интернатта билим-тарбия алып, Советтик Армияда кызмат өтөгөнүм, университетте ийгиликтүү окуп, коомдук ишке активдүү катышып жүргөнүм жөнүндө айтылып, ал эми Байдөөлөтов сыяктуу коомдук коркунучтагы кылмышкерлер коомдо жашоого акысы жок экени жазылыптыр.

Менин оюма келбеген мындай фактылар менен далилдерди, каттарды даярдаган Айкөкүлгө бир чети ыраазы болсом, бир чети таң калдым. Ага атам жөнүндө сөз ачкан да эмес элем. «Дасыккан юристтерден кеңеш-пикир алса керек» – деп ойлодум.

Жогорку Сот мени он беш жылга кескен мурдагы биринчи инстанциядагы соттун өкүмүн бузуп, он жылга эркимен ажыратты. Ал эми күчөтүлгөн режимде өтөгөн бир жыл он ай он жети күндүн ар бир күнүн үч күндөн эсептеп, беш жыл эки жүз алты күндү түрмөдө өтөгөн деп аныкталды. Калган

төрт жыл бир жүз алтымыш күндү жалпы режимде өтөмөй болдум. Ошентип, боор этимдей көргөн тоо кучактаган, тоодон жаралган өлкөмдүн түштүгүнө келдим.

Бул жерге келерим менен Айкөкүлгө кат жаздым. Бирок андан өкүнүчтүү жооп алдым.

«Сиздин катыңызды алдым – деп жазыптыр ал. – Итап болуп түштүккө келгениңиз абдан жакшы болгон экен. Катыңызды окуп туруп менин да тарткан мээнетим текке кетпегенине сүйүндүм.

Мени кечирип коюңуз, сиз эми мага мындан ары кат жазбай эле коюңуз. Мен Англияга кетип баратам. Ошол жактан окуумду улантам, илимий иштеримди жаза баштайм. Ошентип, сиз менен мындан ары эч качан көрүшпөймүн деп чечтим. Сиз мен жөнүндө толук билген соң сиздин жүзүңүздү кантип карайм? Ойлонуп көрсөм бул мен үчүн да, сиз үчүн да оор экен. Канчалык сизге жакшылык кааласам да, жакшылык кылсам да мен жөнүндө сиздин жүрөгүңүздө, дитиңизде, оозуңузда, эсиңизде бир так калат болуш керек. Ал жууса да кетпейт. Мен сизди ага ыраа көрбөй, жаныңызга да жолотпой өзүм менен кошо алыс өлкөгө алып кетип баратам. Ал жакта менин кордолгонум, менин айыбым, тынчсызданган абалым жөнүндө ким билмек эле. Менин ууз сүйүүмө, назик сүйүүмө себепчи болгон сизди таштап кетип бараткынымдын эң негизги ылаажысы да ушул. Сиз муну менин оопасыздыгым деп түшүнөөрсүз. Ооба, ошентиңиз да, мени эсиңизден таптакыр чыгарып таштаңыз. Мен болсо жер бетинин наркы тарабында сиздин Сүтагыңыздай таңшып, «Кордолгон сүйүүнү» айтып жар салып турайын. Кош, кош болуңуз!»

Мен анын бөлөк жерге, бөтөн элге, көнбөгөн, билбеген тилге кетип бараткынына ишене бербедим. «Анткени Англия биздин душманыбыз, кан соргон капитализм эмес беле? Эли жарды, бир ууч байларга көпчүлүк эл жалданып, күчүн сатып, айла кеткенде өз денесин сатып жан сактайт дечи эле го? Айкөкүл да ошого барабы? Кайнаса каныбыз кошулбаган өлкөгө эмне үчүн кетип баратты экен?» ... Мен бул суроолорго

ал кезде жооп бере алганым жок. ... Көрсө, бул учурда падышабыз алмашып, өлкөнүн саясий турмушунда өзгөрүүлөр болуп, бардык тармактарда реформалар жүрүп жаткан экен. Бир жыл беш ай түрмөнүн чарбалык ишин аткарып «вертухайлардын» ишенимине кирип калган кезде президенттин берген амнистиясы биротоло мени эркиндикке чыгарды.

## Боздогон боз чымчык

...Өмүр сапарымдагы ушул кырсыктуу окуяны муюп угуп отурган апам ордунан тура калып: – Мунун баарына мен күнөөлүүмүн! Мен кара жерге кирейин. Сени көрүнгөнгө түрткүнчүк кылган мен акмак! Садага болоюн Кереэзим, кечир мени! – деп мойнумдан кучактап ыйлап жиберди.

– Жок, апа, ыйлабаңыз! Сизден мен кечирим сурайын! – Апамдын колун мойнумдан алып, тура калдым.

– Жөн эле бышактап ыйлай бербесең! «Кереэз» – деп ыйлап жүрүп көзүңүн жашы деле соолумай болду. Андан көрө Кереэздин аман-эсен келгенине сүйүнсөң боло! – деп корсулдап койду абышка.

– Эми ыйлабайм, Кереэзим да эми ыйлатпайт. – Апам, абышкасынын айтканына көнүп, ашкананын оозуна барып эки тизесин кучактап отуруп калды.

Тоо койнуна билинбей иңир кирип келатты. Асман алдында теребелди курчаган тоолор. Тиги бет маңдайдагы кара күрөң тарткан тоонун бөйрөгүндө мен алгач учурашкан ак кайыңдын, карт кайыңдын, жалгыз кайыңдын караанын көрүнүп турат. Анын тармалданган, самсаалаган калың шактарынын арасынан мен зарыга күткөн, мен сагынган, мага тааныш үн – Сүтактын үнү угулду. Анын бир калыпта, бир ритмде, бир ыргакта таңшыган үнү менен Сүтактын өңүн көрбөсөм да, ичимден саламдашып жаттым. Ал да мени көрө элек, менин келгенимди биле да элек, мен жөнүндө кабарсыз

эле. Кечки иңирдеги коңур бейкуттукту ушул Сүтактын гана үнү бузуп, мени да, теребелди да терметип турду …

* * *

Көктөн издегени жерден табылып кудуңдашып, сүйүнүчтөрү коюндарына батпаган абышка-кемпир айылдагыларын чакырып, аксарбашыл эчкисин мен үчүн түлөө жасап, элден бата алышты. Батага келгендердин арасында мени тааныган, мен жөнүндө көргөн билгендер: «Ыйлап жарык дүйнөгө келгенимден баштап тестиер кезимдеги – апам саанчы болуп, мен тызылдап жүгүрүп, торпок артынан калбай, аларды энесине эмизбей кайтарганым, тиги кайыңга селкинчек салып бергеним» жөнүндө узун сабак кылып, божурашып сөз кылып жатышты. Алардын айрымдары: «Бечара Күмүш бул баланы эмне гана кылып бакпады дейсиң. Күмүштөн бөлөк бирөө болсо небак жок болмок. Этек алдынан алып өз денесинен чыккан баладан артык асырабадыбы» – дешсе, кээлери анын сөзүн кубаттай улашып: – «Ооба, ооба! Күмүштүн эмчегине кадимкидей сүт кирип, ошол сүтү менен ушуну бакпадыбы»! – деп таң калышты.

Апамдын да чери жазылып, өз теңдери менен өткөн-кеткендер жөнүндө кеп козгоп жатышты. Апамдын эки сөзүнүн бир сөзү эле мен жөнүндө, менин балалык кезимдеги кыял-жоруктарымды айтып мага жалынып калат.

– Кудай ушунун колунан топурак буюрса болду. Анан Кудайга арманым жок – деп, көптөн бери көкүрөгүндөгү уюп жүргөн муң-дартын толук сыртка чыгара албаса да, анын бир үзүмүн элге айтып калгандай болду.

Байкуш апам тизесинин ооруганына, белинин уюганына карабай илбериңки келиндердей кыймылдап, дасторконго тамак-ашын коюп, эшикке чыгып самоорун көтөрүп кирип, элге да, мага да берээрге ашын таппай, айтарга сөзүн айталбай кудуңдап жүрдү. Апамдын минтип маанайы жаркып, дүйнөсү түгөл болуп турганынан улам баягы өзү айткан жомоктогу макулук Сүтакка айланып кеткен дини кайыр баласы,

Кудай Тааланын амири менен кайра адамга айланып, көргө буту салаңдап калган энесине келип, кечирим сурап, эл-журтунан бата алып, той берип жаткандай туюлду мага. Көп жыл убайым жеп, баласынын өмүрүн тилеп, жатса-турса анын элесин жүрөгүнүн түпкүрүнө катып жүргөн апамдын маңдайында болууну, анын колунан даам сызууну зарыга күткөн мезгилге эми жеткениме жарпым жазыла жүрөгүм кубанат! Ошол жылдардагы бешенеме жазылган тагдырдын күйүтүн тарткан мезгил заматта билинбей, анын тагы да көрүнбөй, белгисиз жакка сиңип жоголгондой болду. Ал эми бул мезгил аралыгындагы жасаган күнөөмдү өмүр бою калтырбай, андан арылууга менин күч-кубатым, акыл-эсим жетишеби? Ал күнөөнү эмнем менен жууп тазалап кетире алам?!

«Апамды таштап кеткен, мени издеп апам барганда учурашпай, учурашкым да келбей кетип калган ошол күндөрдү, апамдын көз жашына кайдыгер караган мерездигимди азыр эстесем өзүмө өзүм жиним келет. Ошол осолдук кылганым апама кайтарылгыс карыз катары, жалгыздык жылдарымдан бери каамыттай тагылып мойнумда жүрөт. Чечилбеген ушул ой түйүнү мени дале болсо дүпөйүл кылат»...

Элден бата алган, мен үчүн өткөргөн ошол тойдон уламбы, айтор, апамдын үйүндө кубаныч менен шаттыктын жарыгы көп күнү өчпөй жаркырап күйүп турду. Абышка-кемпирдин мага кам көрүп мен үчүн жасап жаткан аракеттерин, айылдагылардын мен жөнүндө, менин таржымалым жөнүндө жобурашып узун сабак аңгеме кургандарын карап туруп, угуп отуруп, теңирдин жазмышынан эч ким кутула албасына тен бердим. Эгер тагдыр өз ата-энеме болгон жоопкерчиликти мойнума такпастан, туубаса да тутунган баласы катары апамдын, бакпаса да турмуш жолума багыт берген Мааданбек акенин ыраазычылыгын алуу парзын мага жүктөп койсо эмне кылмакчымын? Мен үчүн ушул маселе нар көтөргүс экенин кеч түшүнүп калганыма, анык келесоолугума арданам.

Дүпүйгөн, тармалданган кайыңдан нарыраак, көшөгөлөнгөн көк-жашыл тоолорго жакындап, асманга кыпкызыл нур

чачып күн уясына батып бара жатты. Бир аздан соң кочкул кызылга малынган буладай болгон булуттардын өңү горизонттун көк түсүнө сиңип жок болду. Бул учурда Мааданбек аке «Бала-Бейитте» кыбыланы бет алып намазын окуп бүтүп, баласынын бейитине куран окуп жатты. Аңгыча Сүтак да таңшый баштады.

... Эсимде, так ушундай мезгил эле. Күүгүмдөнгөн ымыртта Сүтакты кармайм деп кайыңдын жоон денесин кучактап, дубалга жабышкан бакадан бетер улам өйдөлөп, бирок, кайра шыпырылып түшүп убара тартып жатканымда бирөө «шырп» алдырбай келип: «Ба-а!» – деп кучактап калганда мен да эсим чыкканынан кыйкырып жибергем. Бирок ал өзүмдүн апам экен.

«Эсиң чыктыбы? – деп сөөмөйүн оозума салып «апаптап» койду да: – Кечиндеси бул жерге келбей жүр, «Бала-Бейиттен» арбактар келет. Ошол арбактын бирөө ушул «Сүтактын баласы» деп мени коркуткан эле. Ошол арбактардын арасында Мааданбек акенин да, Сүтактын да баласы бар экенине азыр деле ишенип кетем. Анткени мага, Кудай Тааланын жараткан пендеси менен макулугу өз балдарынын арбактарына арнап ар бири өз добушу менен, өз үндөрү менен, өз сөздөрү менен куран окуп жаткандай сезилди. Деги бул жарык дүйнөдө адам баласынын жашоо кумары өзүнүн перзенти менен бааланып, артында калган туягы менен сооп табат окшойт. Андай болгондо бу байкуш абышка кимди медер тутуп, калжайып сөөгү калган денесин жибитип, жүрөгүн кубантып, кумарга кантип батмак эле?!

Бу адам дегениң өмүр жолунда бешенесиндеги жазылган жазууну этибарга албай, алган учурда да аны «окуй» албай, тагдырга баш ийип келет тура. Мен баамдагандан, бир кезде Мааданбек аке беш убак намаз окугандан кийин Алладан артына мурас калтырууга перзент берүүнү суранып, жалынып-жалбарар эле. Азыр болсо Кудайдан тилегени башка. «Жарык дүйнөдөгү калган өмүр сапарынын тезирээк аякташын, баласы экөөнүн жанын жаннаттан орун беришин

суранат. Анткени мындан аркы картаң өмүрүндө артына туяк калтырууга кудурети келбей калганын сезген окшойт. Ушул жарык нуру небак өчүп, тоо артына тоголонгон күн артынан алакандарын маңдайына жайып, Алла Тааладан ушул тилегин кабыл алууну сураныл, тиленип жаткандай болду.

Мен келгенден бери апам мага жалынып: «Кудай жаныңды таштан жаратса экен. Сенин алдыңда өлсөм экен! – дей берчү болду. Деги бу абышкасы экөө мен келе электе эле Кудайдан өмүр тилебей өлүмдүн эртерээк алуусун тиленип жүрүшкөн бекен?! Өз оюмдан суурулуп чыгып үйдү көздөй бастым. Үйгө кирсем, апам керегени кармап, бүткөн боюн токтото албай калчылдап өңү кубарып, таноосу кыпчылып, демигип туруптур.

– Керээз, өпкөм калдаңдап жатат. Жүрөк тушумду колуң менен басчы – деди энтигип. Мен апамды колтуктап көлдөлөңдүн үстүнө отургуздум да сол эмчегинин үстүнө алаканымды бастым. Жүрөк дүкүлдөп согуп, алаканымды ургулады. Апамдын башына жаздык койдум, башын кыбыланы келтирип жаткырып, жүрөк тушун ушалап жибердим. Апам улам-улам үшкүрүнүп, ичиндеги демин сыртка күч менен чыгарып жатты.

– Өх, жаным!.. – Апам оозунан көк буу чыгара үшкүрүндү.

– Керээз, атаңды чакырчы! – деди онтоп. Мен эшикке атып чыгып Сүтак таңшып жаткан кайыңдан өтүп, анын желкесиндеги тектирдеги «Бала-Бейитке» чуркап келдим. Мааданбек аке жайнамазын бүктөп колтуктап алып жаңы эле келаткан экен. Ага апамдын жүрөгү ооруп, кыйналып жатканын айттым.

– Алда балакет а-я! Дагы кармаган тура! – деп кейиди. Тике ылдыйда таягы менен жол тандап араң келатты. Шашып келатып жолу жок боордон жыгылып кетпесин деп колтуктап, кайыңдын туурасындагы түзөңчөгө түшүрүп койдум. Заматта эле күүгүм кирип, көз байланып шаңкайган көк-жашыл тоолор караңгылыкка чөгүп кетиптир. Боз үйдүн жыртыктарынан ичтеги чырактын шоолалары чачырап

көрүнөт. Ичке жолду бөгөгөн чөпкө карабай жүгүрүп барып апамдын: «Кереэз!» – деп чакырган үнүн уктум. Анын бул ачуу чаңырыгы Сутактын бир калыпта таңшыган добушуна кошулуп жуурулушуп, караңгылыкты ок болуп тешип алда кайда учуп барып абага сиңип жок болду. Апамдын ушул чыңырыгы менин жүрөгүмдү тилип, Мааданбек акенин карт денесин шылый чапты белем.

«Кереэз, айланайын эрте жетчи!»... деген Мааданбек акенин артымдан кыйкырганын уктум. Мен жүгүрүп үйгө кирип барганда апам мен жаткырган жерде эмес, башы улага тарапты карап сол ныптасы менен жатыптыр. Апамдын башын көтөрө коюп: «Мен мындамын, апа!» – деп бакырып жибердим. Апам араң эле бир нерсе деп шыбырап колумду кармады да, алаканымды жүрөгүнүн тушуна алып келди. Өткөн мезгилдердеги кайгынын жебеси тешип өткөн жүрөгү кабынан ыргып, көөдөнүн жара тепчүдөй болуп түрсүлдөп кагып жатты. Апамды жаш баладай көтөрүп, ордуна жаткызып жатканда эшиктен Мааданбек аке да кирип келип, апамдын жүрөгүн ушалады. Бирок апамдын жүрөгүнүн түрсүлдөп каккан үнү басаңдап келаткан эле. Апам жумулган көзүн аңтара ачып абышкасынын колун кош колдоп кармай:

– Мени атам, апам, эжем ээрчитип баратпайбы, – деп шыбырагансып айтып, жөөлүй баштады.

– Алар менен кошо мени да ала кет, Күмүш! – деп Мааданбек аке кемшеңдеп ыйлап жибере тургандай болуп, үнү каргылдана түштү. Өмүр менен өлүмдүн мына ушул көз ирмеминде апам абышкасы менен түбөлүк коштошуп жаткандай болду. Анан апам денеси билинер-билинбес болуп дирилдеп барып токтогондо, бүгүлгөн сол буту сунала түштү. Мааданбек аке: «Күмүш, мени кошо ала кет! Менин как башымдын кимге кереги бар, Күмүш!» – деп карт жүрөгү тилине түгөйү менен акылдашып жатып апамдын башындагы жаздыкты тартып алды. Апам үн-сөзсүз өңү кубарып, көзү сүзүлүп денеси түптүз болуп сунулуп, оозу гана бака жаткан ийиндей ачылып калды. Абышкасы куудай болуп агарган

чачын сылап, саксайып кеткендерин чогултуп желкесине бастырып, жоолук менен ээктеп алып төбөсүнө байлап койду. Кечээ эле өмүр сапары менен кошо жүргөн ой-санаадан арылып, менин карааныма жалынып, кубанычы терисине батпай, эртеңкисинен капарсыз жүргөн апам тулку бою менен ак жамынып, кыбыланы баштанып былк этпей суналып жатты.

Апамдын кайра келбес жайга узап кетиши менин жүрөгүмдү канатып, кайгынын оор азабын дагы тарттырды. Бул кайгым өмүр сапарымдын ушул мезгилине чейин көргөн, санаа тарткан азап-тозоктон да оор болду. Менин жакшылыгымды көрбөй, кур дегенде өз колумдан ысык чай ичпей, мага таарынгансып, келбес сапарга кете бергенин карачы! Мен ыңаалап жарык дүйнөгө келгенден баштап, өмүрүмдү кудайдан тилеп, жакшылыгымды көрүү үчүн кара жанын карч уруп, каруусун казык кылып, тумшуктуута чокутпай, канаттуута кактырбай, канатына калкалап баккан түйшүгүн, төрөбөсө да төрөгөн аялдардай болуп, денеси балкып алтымыш тамырынан сызылып келип эмчегине сүт толуп, мен аймалап эмгенде көшүлүп ийип дирилдеп аккан ак сүтүн кантип актарымды билбей айлам кетип, амалым түгөнөт.

Мерездиктен катып калган жан дүйнөмдү кайрадан жибитип, пейилимди оңоп, адамкерчиликтеги ыймандуулукту туу тутуп, «Эне» деген кутман дөөлөттү бапестеп, аны эч кимге кор кылбай, суроо-мүдөөсүн убагында аткарып туруу үчүн бел байлап киришкени калганда көз ачып-жумганча оозунан алдырган бөрүдөй болуп, муунум бошоп шалдырап, эч нерсе сезбей, суналып жаткан апамдын аягында өкүнүп-өксүп отурдум.

– Керээз! – деди Мааданбек аке, – шалдырабай кайрат кылалы, «Сабырдын түбү сары алтын» – дейт. Өлгөн өзүнүн шору. Андан көрө ариет-намысын жасайлы. Өлгөндүн ырасмасы ошо.

«Карыянын кайратын кара!» – дедим ичимден. Курчу өчкөн тунарган көзүнөн жаш чыгып да койбойт. – Улук

Кудайдын экөөбүздүн башыбызга түшүргөн ушул азабына да шүгүрчүлүк кылалы деген абышканын каргылданган үнү кайрадан угулду. Өмүр сапарынан мол тажрыйба алган бул абышканын айтканынын да жөнү бар. Мен ага өз оюмду мындайча айттым: «Эми апама эл карап тургандай кылып коөздоп, көркөмдөп эстелик тургузушум керек. Апамдын айкелин ташка чегип, айрыкча, баягы селкинчек тепкен мезгилиндеги, же ак бөртмө жоолук салынып, кыжымы кемсел кийип атын суулуктап, мени күтүп сырткы дарбазада ойлуу турган учурун чагылдырсам. Анан айкелдин алдына: «Жалгыз перзентиң – Керээзден» – деп өчпөс кылып жазып коём.

– Ээ, балам, ага шарият жол бербейт. Алтындан айкел, күмүштөн күмбөз салдырсаң да эми апаңдын өмүрү узарып кетпейт. Кудуреттүү Кудай адам пендесин топурактан жаратып, топуракка ороп койгон тура!

Абышканын бул табышмактатып каймана мааниде айтканы, айрыкча «Алтындан айкел, күмүштөн күмбөз...» дегени менин чыкыйыма жебе болуп тийгендей эле болду. Акыл калчап, бул түйүндүү ойду чечмелеп көрсөм: «Өз мүмкүнчүлүгүңдөгү апаңа бере турган анын ак эмгегин, ак сүтүн актай турган парзыңды тирүүсүндө ыраа көрбөгөндөн кийин сенин алтыныңдын эми кереги да, баркы да жок» – деп айтып жатканын туйдум.

Бу пенде дегениң өмүр жолунда алды-артын карабай, колундагы алтынынын барк-баасын билбей, аны бапестеп сактай албай, тагдырдын жазмышы менен качан гана колунан алдырып жиберип: «Төө кыядан өткөн соң, о дегениң курусун» болуп, «Ка-ап!» – деп алаканын шак коюп калмайы бар тура. А чынында апамдын күмбөзүнө жасала турган менин алтын айкелимдин баркы канчалык?

Ой түйдөгүн түрмөктөп олтуруп, топурап-опурап айылдагылардын үйгө толуп калганын байкабай калыпмын. Келгендер мени кучактап өңгүрөшүп, жаш чыгарышып: «Кайран киши, ак куштай болгон. Сенин жакшылыгыңды көрбөй

кеткенин кара!» – дешип менин көңүлүмдү жубатышса, бир жагынан жүрөгүмдү канатып жатышты.

Айылдан бир да адам калбай апамдын намазына келишти, алардын бири да калбай мүрзөгө барышып, топурак уучтап ага дуба айтышып, аны апам жаткан көр ичине салып жатышты. Салынган ошол топурак апамдын алдына мамык болуп төшөлүп, тозок отунан сактап, түбөлүк тынч уйкунун бешигинде жатышын Кудайдан дилим менен тилендим. Апам жаткан жер, жана эле оңурайган аңгек болуп казылган төрт чарчы чуңкур заматта толуп дөңкөйгөн дөңгө, боз топурак үйүлгөн мүрзөгө айланды. Мааданбек карыя мүрзөнү бет алып шатырата, шабырата кыраатын келтире куран окуп жатты.

«Куран үйрөнүп ал, кийин ата-энеңдин арбагына куран окуп жүрсөң сооп табасың» деген Мааданбек акенин бир кезде, мен эселек кезимде, мени төрөгөн апамдын мүрзөсүнүн үстүндө айткан сөзүн эмдигиче аткарбай жүргөнүмө өзүмдү күнөөлүү сезип турдум.

«Кана, Керээз сен дагы апаңа куран окучу» – деп айтса эмне демекмин.

Жан денем күйүткө чөмүлүп, апамдын арбагы алдында, Мааданбек акенин алдында күнөөкөр болуп турган ошол кезде жүрөгүмдөн кайгы-муң аралаш чыккан мына бул ыр саптары курандын аяттары менен кошо муңкана айтылып жаткандай туюлду мага:

*Ардагым апам кутманым,*
*Ал жайдан чыккыс уктадың.*
*Жамынып бопбоз топурак,*
*Жалгызың муңун укпадың.*

*Арман жыл ошол аргасыз,*
*Атадан калып жапжалгыз.*
*Дүйнөдөн кечип мен үчүн,*
*Дулдулум болдуң чарчагыс.*

*Кайылын кечип жаныңдын,*
*Карааным көрүп жалындың.*
*Айтканың укпай «мерезиң»,*
*Апаке, кечир жаңылдым.*

*Бапестей албай «Алтынды»,*
*Билбеди Сүтак баркыңды.*
*Сүтүңдү актаар кезинде,*
*Соолуттуң менин бактымды.*

*Жазданып көрдүн ташына,*
*Жатасың менден жашына.*
*Жүрөктөн чыккан ушул ыр,*
*Жуурулду мончок жашыма.*

Бул ырымды, апама арнаган бул кошогумду мүрзөдөн үйгө келгенде да, эл аягы үзүлгүчө ичимден күңгүрөнө, дилимден куран менен кошо айтып, куран менен кошо окуп жаттым. Бирок ошондо Айкөкүлдүн «баланын энеге көрсөткөн урмат-сыйы, эненин бир тамчы сүтүнүн баасы канчалык кымбат экенин айткан атасынын сөзүн эстеп, жүрөгүм сыздай түштү. Менин ушул кошогум гана апама көрсөткөн ызаат-сыйым болуп калмакчыбы? Анын ак сүтүн, ак эмгегин ушул ыр саптары менен гана актай аламбы? Анын кадырына эмнеге жете албай калдым? Апамдын тилин эмне үчүн албай, кулагым кер болуп эмне үчүн укпай койдум? ...Ал мага таарынды го? Таарынса керек. Ошондон улам мени бир көрүп алды да оорубай эле кете берди. Кур дегенде жыл маалына жеткиче колумда болсо эмне. Ах-х, атаганат арман! Ошого арманда болуп, көөдөнүмдү каптаган күйүт түтөйт. Айламдын жогунан көзүмдөн гана күчүмдү чыгарам.

– Болду Керээз, ыйлаба! Ыйлай берсең апаңды кыйнап аласың. Кураани каримде: «Көз жаш көл болуп, ал терең көлгө айланып, арбактар ал көлдөн чыга албай, жээкке келип жанталашып, өздөрүнчө азап чегип кыйналышат экен.

Апаңды кыйнабай тынч жаткыр. Ага эми Курандан башка айла жок» – деп бешим намазын окуганы, адатынча жайнамазын каруусуна илип, аса-муса таягына сүйөнө илкий басып, кайыңдын желкесиндеги тектирчеге, «Бала-Бейитке» жөнөдү. Абышканын бул сөзүнөн: «Апаңды тирүүсүндө деле, өлгөндөн кийин деле кыйнай бересиңби? Кур дегенде анын арбагын кыйнабай жөн койсоң боло» дегенин эшиттим.

Күн Муз-Төр тоосунун аркасына жашынып баратты. Анын кызыл-сары кирпиктери тоо баштарын тепчип, горизонтту манатка боёп, бара-бара караңгычылыкка сиңип жоголду. «Көздөн учкан мезгил кирпик каккыча зымырайт» деген ушу тура.

«Бөйрөк-Кайың» чөлкөмүнүн ымырт караңгылык жамынган түнүндө боз үйдө апамды жоктоп мен, тиги кайыңдын калың шактарында апасынын ак сүтүн жоктоп боз чымчык – эки Сүтак апаларыбызды жоктоп, бирибиз боздоп, бирибиз муңканып ыйлап, какшанып жаттык. А Мааданбек карыя дагы эле «Бала-Бейиттен» келе элек эле…

# АҢГЕМЕЛЕР

## МИМОЗА

Үчүнчү курстун акыркы семестрин аяктап, алыскы Ак-Талаа районуна практикага келдим. Райондун борборунда таанышым жок болгондуктан барган күнү конок үйүнө түнөдүм. Эртеси райондук «Колхоз эмгеги» газетасынын редакциясына келип, редактордун кабинетине баш бактым. Редактордун кабинетинде кишилер бар экен. Тумшугуна кондурган көз айнегин ала койгон төркү столдо отурган чүкөдөй арык киши:

– Эмне жумуштап келдиң эле, жолдош? – деди.

– Сиздерге практикага келдим эле.

– А анда өз киши турбайсыңбы, кир, кире гой, – деди чеңдеп. Мен кире бериштеги отургучка көчүк бастым. Редакциянын кызматкерлери газетанын келээрки санынын чыгарылышы боюнча кеңешип жатышты. Планировка бүткөндөн кийин ушул чакан коллектив менен редактор тааныштырды. Ордумдан туруп мен да өзүмдүн кайдан келгенимди, кайсы курста окуурумду айтып, деканаттан берилген жолдомону редакторго сундум.

– Жата турган жериң кайда болот? – деп сурап калды редактор.

– Бул жакта таанышым деле жок, биринчи келишим.

– Кандай кылсак, бул жолдошту, бирибиздикине эле жайгаштырып алсак кентет? – деп оң тарабында отурган орсок тиш кара жигитке кайрылды.

– Мейли, биздин үйгө деле жүрүп турсун, – деди ал.

Ошентип ушул чакан коллективдин бир мүчөсү болуп калдым. Алгач редакциянын бөлүмдөрүнө келген каттарды иштеп берип жүрдүм. Жумуштан кийин газетанын жооптуу катчысынын үйүнө барам. Келгенден бери бул үйдүн да баласынын милдетин аткарып калдым. Бош убактымда дайыма

кечке жуук эшиктин алдындагы көк шиберге отуруп китеп окуйм. Ошол кезде ак жуумал кичинекей кыз волейболдун тобун көтөрүп мектепти көздөй жөнөйт. «Кайдан келген чоочун киши?» дегенсип туурамдан өткөнчө менден көзүн албайт. Бүгүн да тобун көтөрүп келе жатат.

– А-а, чоң кыз, топту кайда апарып ойнойсуң?

– Мектепке. Эмне экен?

– Жакшы ойнойсуңбу? – кыз уялыңкы жер карады да.

– Көп деле, анча эмес, – деди.

– Кел, экөөбүз ойноп көрөлү – кыздын көзүндө күлкүнүн шооласы чачырап турду. Топту бири-бирибизге атышып жаттык.

– Кайсы класста окуйсуң?

– Бешинчиде, орусча.

– Ох-оо-о, анда орус тилин да топ ойногондой билесиңби?

– Үч чейрек тең «отличник» болдум.

– Атың ким?

– Мимоза.

– Мимоза!? Өмүрүмдө мындай кулакка жагымдуу атты биринчи угушум. «Кыргызда мындай ат жок болууга тийиш. Кайсы элдики болду экен? Мимоза-а!»... Мен бул атты өз ичимден кайталап кайсыл улуттуку экенин таба албадым. Балким, гүлдүн аты го деген ойго келдим. Аңгыча аны мектеп тараптан балдар чакырып калышты.

– Барбайм! – деп аларга кыйкырды.

– Мен бүгүн сиз менен ойноймн – Мимозанын жүзүнөн уялчаактык сезим тарап, анын ордун шайырдык ээледи.

– Сиздин кызыңыз барбы, байке? – Күтүлбөгөн бул суроодон улам менде кош сезим пайда болуп, омоним катары түшүндүм. Бирок кызды уяткарбоо үчүн:

– Жок, качан үйлөнгөндө сендей татынакай кыздуу болом.

– Апей, сизге топту жеткизе албай калбадымбы... – Ал менден мурун чуркап келип ортобузга түшкөн топту ала койду.

– Атын эмне деп коёсуз?

– Мимоза деп.

– Аний, бул менин атым да.

– Эмне болмок эле?

– Эгер кызыңыз татынакай болбой, сабакты начар билсечи? – Кыз кабагын бүркөдү. Эрксизден анын суроосуна күлкүм келди. Бирок кызым татынакай болбой калса «Мимоза» деген атты ал өзүнөн башкага ыраа көрбөй жатканын түшүнө калып:

– Эмне үчүн?... Балдардын баары татынакай болот, – дедим.

– Мимоза-а! Кел үйгө, оюнуң канды го. Эми сабакты кайтала, – деп бала көтөргөн аял чакырып калды.

– Мамам чакырып жатат. Эртең дагы ойнойсузбу, байке?

– Күн сайын ойнойбуз – дедим.

Ушундан баштап кичинекей кыз экөөбүз бир туугандай ынак болуп кеттик. Күндө кечке жуук топ ойноп жатып андан эжеси жөнүндө көп суроочу болдум.

– Мимоза, кечээ мектептен бир чоң кыз менен келаттыңбы?...

– Кайсы маалда?

– Түшкө жакын, мектептен тарап бараткансың го?

– И-и, ал Зуура эжем. Быйыл 1( -классты бүтөт.

– Экөөңөр бир тууган сыңарбы?

– Ооба, ал чоң энемдин кызы.

Аны кичинесинен чоң энеси энчиктеп баккан го деп ойлондум. Мимоза топ ойногонду токтото калып, кечээ эжесине жуучу келгенин, апасы менен мамасы унчукпаса да чоң энеси: «Кызды мен билем. Силерге бербейм. Кызымды окууга жиберем. Эгер ала качсаңар, таарынбагыла, соттотом» – деп бакырганын айтып берди. «Окууну бүтөөрү менен дагы бирөө «илип» кеткиче «баш байлап» коёюн деген болуш керек» – дедим өз оюмдан. Эжеси жөнүндө сыр сурап жатып Мимозадан бир гана: «Эжеңдин жигити барбы?» – деп сурай албадым. Антип сураштан ушу кичинекей наристе кыздын астында абийирден ажырап калбайын деп тартындым.

Биз топ ойноп жатсак Мимозанын эжеси китебин колтуктап туурабыздан өтүп баратты.

– И-и, дагы чолок балага барып эсебиңди чыгартып келе жатасыңбы?

– Ишиң эмне? – Зуура сиңдисин жактырбады.

– Ошол чолок балача боло албагандан кийин... Уят-уят! Айрөк! Айрөк! Биш-ш! – деп эжесин эликтеп койду. Бирок эжеси ага теңелбестен олоң чачын жамбашына оонатып, бачым-бачым басып кетти. Анан дубалдын бурчуна жеткенде мени бир карап алды да далдоого кирип кетти. Анын жадырап жайнап нурданган жүзү мага бир жылуу сезим калтырды.

– Кана, байке, мага көтөрүп бериңизчи, чаба алаар бекемин... Дубалдын бурчун тиктеп нессиреген калыбымды Мимозанын үнү алаксытты. Мен ага топту көтөрүп берем деп анын боюнан ашырып жиберипмин.

– Көңүлүңүз келбей калды окшойт!

– Мимозанын бул сөзүнөн «Эжем сиздин сүйүү жибиңизди тартып кетти окшойт. Топ ойногонго көңүлүңүз келбей калыптыр» дегенди сезип, өзүм оңтойсуз абалда калдым.

Түшкү дем алууда көчөгө чыктым. Мимоза жүгүргөн бойдон өйдө көздөй баратат.

– Мимоза-а! ...Каякка? – Ал мен жакты жалт карады да, токтой калды.

– Апей, сизди көрбөй эле чуркап бараткан турбаймынбы?

– Эмне мынча жүгүрдүң? – Анын жука таноосу дердендеп, көкүрөгү демигип жатты.

– И-и-и... тиги... Бүгүн Индиянын киносу болот экен. Жаңы келиптир дейт. Мамаман акча алганы баратам, болбосо бүгүн билетти талап кетишет.

– Канча билет керек?

– Сиз да барасызбы?

– Мен аны шаардан көргөм.

– А бүгүн мени менен барасыз да.

– Эжең да барабы?

– Барат. Бирок ал мени менен киного көп барбайт. Жанагы чолок бала ага дайыма билет алып берет.

– Эмне үчүн сага кошуп албайт?

– Мен аны менен киного баргым келбейт. – Мимозанын кабагы бүркөлүп бир нерсеге таарынгансыды.

– Менде акча бар, мамаңа барбай эле кой. – Мимоза сүйүнгөнүнөн бир ордунда секирип, алаканын чапкылап жиберди.

– Ырас болду, мамам, папам өздөрүнчө киришет ээ, байке.

Экөөбүз клубду карай жөнөдүк.

– Мимоза, кечээ эмне мени менен топ ойногон жоксуң? Сени келет деп күтүп отурдум.

– Тиги-и, энем эле, биз Зуура экөөбүз сиз менен топ ойнойлу десек урушуп болбой койду. Зууранын тилдеди. «Кечээкидей» эле дейт, энем. Анысына түшүнбөдүм.

Мен мыйыгымдан күлдүм да, мындан эки күн мурда болгон булактагы окуяны көз алдыма элестеттим.

«...Булакта мойну-башымды жууп жаткам. Булактын көзүнө бирөө таш ыргытты. Башымы өйдө көтөрүп эки жакты карадым, эч ким жок. Булакты күзгү кылып чачымды тарадым. Сууга таш дагы ыргытылды. Менин өңүм калтыраган бойдон суудагы тармалдын арасына сиңип кеткенсиди. Булактын жээгиндеги жалпак ташка чыгып уюлгуп коюу өскөн аткулактын айланасын карадым. Анын арасынан гүлкайырдын гүлүндөй барпайып аткулактын үстүнө чыгып турган капрон лентаны көрдүм.

– Аа-а, Мимоза! Көрүп койдум! Көрүп койдум! Келе бер...

Жомоктогу булактын кереметтүү кызындай болуп, аткулактардын арасынан суурулуп Зуура чыга келди. Анын жаш баланыкындай борсойгон кызгылтым эрди жылмайып, келишкен тегерек бети албырып, ботонукундай жайнаган көзүнөн махабаттын күлмүндөгөн шооласы чачырап турду. Табият атайлап бүткүл сымбатын келиштире жасаган бул кызды, чынында эле Мимоза айткан Нышан аттуу чолок балага

ыраа көргөнүм жок. Ал турмак чынынын сыныгындай болгон турпаты менен ага барышына түк ишенген да жокмун.

Ал бир өрүм кылып өргөн чачын жумшак төшүнө оонатып, үнсүз мени тиктеп турду. Мен да андан көз албадым. Аны жеке мен эмес, айланамдагы кызыл-тазыл жыттуу гүлдөр, түрдүү жашыл чөптөр суктана карашып: «Табияттын солисткасы азыр махабаттын символун ырдап берет. Мына, азыр ырдайт. Анын ыры куса болгон жүрөктүн черин жазат» дегенсишип тымтырс. Карыбаган мөл булак кыздын үнүнө ылайыктап комузун күүгө келтирип жатты. Бирок кыз ырдаган жок. Менин ушул көрүнүшүм эле ошол ырга татыктуу деп ойлоду окшойт.

Мен эңкейип ага суу чачтым. Суунун чачырандысы ага жетпей орто жолдо калды. Ал жагымдуу кыткылыктап күлдү да: – Жеткизем деп убара болбоңуз. – Анын күлкүсү тыйылган жок.

– Сизди суу болот деп аяп жатса... Чөмүчүңүздү бериңизчи?... Сизге жеткизейин.

– Сизде кол, бут деген бар... – Ал күлкүсүн дагы күчөттү. Мен чуркап барып чакадагы чөмүчтү алып келдим.

– Кана, ордуңуздасызбы?

– Көрүп турбайсызбы?

Мен суу сузгуча Айчүрөкчө учуп кетип жүрбөңүз, пери болуп. Жамгырдай жаадыра суу чачтым. Бирок ал буйтап кетти. Кайра чөмүчкө суу сузуп, кызды кубаладым. Кыз күлкүсү экөө жарыша жол менен чуркап баратты.

Ар нерсенин карама-каршы жактары болгон сыяктуу заматта күлкүнүн карама-каршысы чыга калды.

– Аа-у-у! Зуура-а! Аа, Зуура!

– Кыз үн чыккан жакка жалт карап торпок аркандап жүргөн энесин көрүп, кабагы бүркөлө түшүп чакасын көздөй жөнөдү. Мен күнөөлүү кишиче башымды жерге салып булакка келдим да, Зуурадан кечирим сурадым.

– Чөмүчтү бериңизчи эртерээк, энем келатат. – Ал шашкалактады. Энеси оор денесин кыйналып-кысталып араң

көтөрүп жүргөнүнө карабастан өз убагында бизди тилдеп калбаса аалам кыяматка туш келчүдөй сезип, буркан-шаркан түшүп чайпала жетип келди.

– Ой, шерменде, эмгиче эмне кылып жүрөсүң, сууга жибергеним качан. Сени көргөн эл эмне дейт я! – Зууранын минтип тил угушу менин жүрөгүмдү ачыштырып жиберди.

– Мен күнөөлүүмүн, энеке... – дедим.

– Я-а-а! – Ал кекете сүйлөдү. – Тапкан экенсиң оңой жерден... «Шаардык шуркуяларга теңегиң барбы, же сенин аялыңбы бул, көчөнү көздөй кубалаганың я! – Көк ала чач кемпирдин сөздөрү денеме ок болуп атылып турду. Кызын алдына салып жемирип баратты. Ал кеткенден кийин дене оорлоп, чекеми ымшыган тер басып, сыз жерде отурганымды араң сездим»...

Терең ойлонуу менен ушул окуя алдында өзүмдүн кубанычтуу жана жабыр тарткан минуталарымды элестетип баратам.

– Байке, сиз эмне унчукпайсыз? – Кыз менин колумдан кармалады.

– А-а-а, жөн эле, күндөлүгүмдү окуп баратам.

– Канакей, жок го? – Кыз таң кала ишеничсиз мени карады.

– Сеники жокпу?

– И-и, жанагы баа коюлуучубу? Биз ага тапшырманы жазып алабыз.

Жүрөктөгү махабат күндөлүгүн бөлөккө буруп жибергенимде Мимозанын түшүнбөй калганы ырас болбодубу деп өзүмчө сүйүндүм...

Кечинде Мимозаны клубдун эшигинен тосуп алдым.

– Эжең кана?

– Келишет. Эки-үч кыз болуп үйдө калышты. Нышан аларга билет алган окшойт.

Биз орунтукка жайланышып отургандан кийин Зуура бир топ кыздар-балдар болуп биздин алдыбыздан орун алышты. Зуура олтуруп жатып Мимозаны карап алды да, жагымдуу

жылмайып койду. Анын жумшак, ырайым төгүлгөн мээримдүү жылмайышы кимди болсо да магдыратып жибере турган. Мимоза эжесинин кулагына жакындап:

– Балдагын астына алып олтурсаң – деди да бышкырып күлүп жиберди. Мен күлкүмдү араң токтотуп турдум. Ал сиңдисинин бул сөзүнө арданбастан кайра Нышанга ыктап, жаркыраган жылмаюу менен ага бир нерселерди шыбырап жатты. Нышан кыздын мойнуна оң колун арта салып, бети-не-бетин тийиштирип, ээрдин чормойто чоп эттире өөп койду. Менин көөдөнүмдө күнүлүктүн ич күйдүсү түтөп жатты.

... Ошол түнү уктай албай, Зуура жөнүндө түрдүү ойлор менен алпурушуп чыктым.

Эртеси конторго барсам редактор чакыртып алып:

– Практикаң болсо бүтүп калды, кетериңде бир тапшырма берели, ошону аткарып бербейсиңби? – деди.

– Колуман келе турган иш болсо...

– Колуңан келет. Мындай, орто мектепти быйыл күмүш медаль менен бүтүрүп жаткан Нышан Насирдинов деген бала бар экен. Ошол жөнүндө газеталык жанрга ылайыктуу макала жазып келбейсиңби?

Мен редактордун сунушуна макул болдум. Бирок ишке киришип, фактыларды топтоп алгандан кийин эч нерсе мээме түшпөй койду. Редакцияга уят болбос үчүн «Аз күндө балапандар учушат» аттуу зарисовканы жазып бардым. Редактор аны окуп бүткөндөн кийин:

– Биз берген тапшырманын дал бутагына тийгизе албаптырсың. Ал жөнүндө үстүртөн кайпып кетипсиң, бирок зарисовкаң газетанын талабына жооп берет, жакшы жазылган – деди да, мага бошсуң дегенсип башын ийкеди. Редакциядан чыгып түз эле мектепке келдим. Зуура жазган сочинениесинен канча алганын билүүгө кызыктым. Бирок менин алдымда эле алган бааларын угушкан окуучулар тарап кетишиптир. Зуурага жолуга албай үйүнүн тушуна барып акмалап турдум. Алардын үйүндө той болуп жаткансып бака-шака түшкөн үндөр угулат. Мимозанын да секелек карааны көрүнбөйт.

Ушул үйдүн кароолчусундай болуп кечке тура бериштен тартындым. Анын үстүнө чоң энеси менин карааанымды көрсө жер-жебериме жетиши мүмкүн, Зууранын үйүн улам кылчак-кылчак карап коюп үйгө жөнөдүм. Алаканымды желкеме төшөп, Зуура жөнүндө кыялданып кроватымда жатам.

«Ал азырынча Нышандыкы болгону менен шаарга барганда меники. Кыздар кыйтыр келет. Менин ичимди ачыштыруу үчүн аны менен жүрбөйбү. Шаарда аны соксоңдотуп уялбай кантип ээрчитип жүрсүн. Менин сүйөрүмдү анын жүрөгү айтпай койбойт. Жүрөгү сезгендир. Булактагы окуядан кийин ал менин жашай турган дүйнөм болуп калды... Жезде, – деп Мимоза кулагыман чоёт... Жо-ок... балким, ал мени сүйбөстүр»... Ушул сыяктуу тынчы жок сезимим менен алпурушам. Ушул карама-каршы оюмдун кайсынысы туура экенин ылгай албай койдум.

Шаарга келээр алдында Зуура менен сүйлөшө албадым. Мимозадан гана ал качан шаарга бараарын сураштырсам, июлдун ортолорунда дептир. Мимоза мага эжеси экөө түшкөн сүрөттү эстеликке берди. Анын артынан «Бизди унутпаңыз» деген татынакай тамгаларды окудум.

– Ал шаарга бараарда мен сизге кат жазам – деди.

Зуура экөөбүздүн ортобузда данакер болуу үчүн мага кам көрүп жаткан ыманы ысык, ууздай таза кичинекей кызды маңдайынан сүйүп, көкүлүн сыладым.

– Окууңду жакшы оку – деп коштоштум да автобуска отурдум. Күндүн кубаттуу нуру Мимозанын жылмаюусуна чагылышып турду.

... Шаарга келгенден бери Зууранын эртерээк келишин күтчү болдум. Убакыт негедир тушап койгондой, ал турмак чоң энемдин басышынан да кашаң өтүп жаткансыйт. Бир күнү Мимозанын катын алып, сүйүнүү менен окуй баштадым. «Зуура Нышанга качып кетти» дегенди окуганда денем ток ургандай дүркүрөп кетти. Зууранын чолок баладан мени кем көргөнүнөн ызам кайнап, көөдөнүмдү бир нерсе ачыштырып жатты. Күйүт менен ызанын үшкүрүгүн узаттым

да, отургучка барып отурдум. Аллея менен каалгый басып эки далысынын ортосу чөйчөк көмөргөндөй томпоюп, мойну эки ийнине кирип кеткен бүкүр аялды колтуктап, бир сымбаттуу адам кетип бара жатты. Алардын артында кичинекей кыз кызыл топ менен алпурушуп, эч нерседен капарсыз.

– Мимоза! – деди атасы кылчайып – мамаң чакырып жатат.

Кыз менин алдымдан жүгүрүп өттү. Жаралуу жериңди аясаң да байкабастан аны бир нерсеге уруп канатып аласың. Ошол сыяктуу кыздын аппак капрон лентасы менен Мимоза деген аты күтүлбөгөн жерден өткөндөгү окуяны кайрадан эске түшүрүп жиберди. Мен тигил үчөөнүн бактысына суктана карап, Мимозанын тентек карааны үзүлгүчө көзүмдү албадым.

*Фрунзе шаары, 1966-жыл.*

# МЕНИН МЕДИЧКАМ

Биз тынчсызданып күткөн жаңы врач эшик ачып керип келди. Ал катталган марли менен оозу-мурдун калкалап алыптыр.

– Саламатсыздарбы?

– Шүгүрчүлүк. – Палатадагылар жооп бердик. Ал өзүн Вера Оторбаевна деп тааныштырды. Врач экөөбүздүн каректерибиз кагылыша түштү. Тааныш ысымды укканда, тааныш каректи көргөндө жүрөгүм бир нерсе сезгенсип, дүкүлдөп сүйлөп кирди. Ал палатадагы оорулууларды көрүп чыккыча анын үнүн тыңшап, кыймылына көз салып турдум. Эми мени көрүүгө да кезек келди. Жаныма жакыныраак келип, мени кабагын чыта бүшүркөп карап, анан тааныды белем, көзүн алайтып, бир чети таң калгансып туруп калды. Мен да аны эми тааныдым.

– Сиз да мындасызбы? – деди.

Мен жаздыктан башымды көтөрүүгө аракеттендим.

– Жок, жок. Турбаңыз! – Ал менин жаныма да отурган жок. Колундагы папкадан менин оору таржымалымды алып чыгып, барактап окуп чыкты да:

– Жүрөгүңүзгө көп «нагрузка» келтирбөөгө аракеттениңиз. Мындан башка ооруңуз жок беле? – деп сурады.

– Жок, – дедим башымды чайкап.

– Бул оору менен качантан бери алпурушуп жүрөсүз?

– Алты жылдан ашты.

– Ошондон бери врачтын көзөмөлүндө жүрөсүзбү?

– Ооба.

Врач алтын алкактуу көз айнегин алып, менден обочороок турду. Менин карегим көптөн бери жүрөгүмдө сакталып жүргөн кишимди кадала карайт. Ооба, бир кезде бири-бирибизди

кыл жылдырбай тиктешип, жаш жүрөктөрүбүз шаттана туйлап какса, азыр коркок жүрөктөр алеп-желеп болуп, каректерибиздин курчу кеткен сыяктанат. Ал мени тиктеп турганы менен ою алда кайда болуп, өткөн өмүр толкундарынын шыбырап чыккан дабышына кулак түрүп, анын элестерин көз алдына келтирип жаткансыды. Ушул минутада экөөбүздүн өмүрүбүзгө тең таасир тийгизген өткөн окуялар күл алдында жаткан чок сыяктуу жарк этип көрүнө калгандай туюлду мага. Ошол өчпөгөн чок жөнүндө кыялга баткан врач ууртунан жылмайып, мени тиктегиси келбей артка бурулуп кетти. Көңүлүм алып учуп, жүрөгүм тынчсызданып, оюм заматта уйгу-туйгу боло түштү. Ушул арада көңүлүмө шектүү ой тык эте түштү: «Мени карабай кеткени эмнеси. Ушундай алсыз абалым менен анын колуна түшкөнүмдү карасаң!» Тагдыр дегениң ушул экен да, минтип оорунун азабын тартып, коркунучтуу операцияны күтүп турганымда өмүр жолумдагы эң оор окуя аргасыздан эске түшүп, жүрөгүмдү мыжыгып жатты.

* * *

«...25-июнда Бермет окуусун бүтөт. Убагында алып кет, болбосо ажырап каласың» деген Капардын катын алып эмне кылар айламды таппадым. Эмне кылуу керек?... «Окууну бүткөндөн кийин өзүм барам, убара болуп келбей эле кой» дебеди беле. Же Берметтин мени алдаганыбы? Эмне болсо да барышым керек. Телеграфка кирип Берметке: «Мени тосуп ал» – деп телеграмма жибердим да автовокзалды көздөй жөнөдүм. Фрунзеден чыккан кечки автобуз таң супа салганда Пржевальскиге жеткирди. Бермет автостанцияда мени күтүп туруптур. Автобустан түшөөрүм менен ал мага чуркап келип, мойнумдан кучактап калды. Көптөн бери көрүшпөй бири-бирибизге өтө ашык болуп калыптырбыз. Биздин жап-жаш жүрөктөрүбүз шаттана туйлап, көөдөндү тынымсыз каккылайт. Асман да кирпигинде кири жок, айнектей таптаза болуп, күн бизди алтын кирпиктери менен шаңкайган

тоодон шыкаалап турду. Махабаттын ушул минутасы жүрөктөрүбүздө түбөлүк сакталып кала берген сыяктанды.

– Ырас келбедиңби. Бүгүн биздин кечебиз болот. Ага катышасыңбы?

– Сен чакырбасаң да өзүм келип калдым, кечирип кой.

– Мен сени алыс жолдон кыйналат деп аябадымбы.

– Сен үчүн кыйналсам эч нерсе эмес. Деги окууңду кандай аяктадың.

– Отлично!

– Куттуктайм! – Мен анын колун кыса кармап, маанайы жарык маңдайынан өөп койдум.

– Ырахмат!

– Ал менин таң атканча кирпик ирмебеген жүдөңкү өңүмө кылдат карап мындай деди:

– Асылбек, сен чарчаптырсың. Көзүң китирейип турат. Андан көрө менин кеңешимди ук. Капардыкына эс ала бер. Биз кыздар менен кечеге кам көрө берели. Калган сөздү кечинде сүйлөшөлү. Макулсуңбу?

– Сага макулмун.

«Биз» аллея менен келе жатып Капардын үйүнүн тушуна келгенде токтодук. Мен Берметтин колун өзүмө тартып жаш баладай эркелете кучактап, маңдайынан өөп узаттым. Мен ага Капар жазган кат жөнүндө эч шек билдиргеним жок.

Капар аялы экөө чай ичип жатышкан экен.

– Келгениң ырас болбодубу? – деди мага Капар чай куюп берип жатып.

– Капар, Бермет жөнүндө бардыгын айтчы, угайын.

– Өзүнүн айлынан бир шофёр бала асылып жүрөт дейт.

– Чын элеби? Кимден уктуң?

– Шайыр айтты.

– Андан да Берметтин ата-энеси: «Алыска турмушка чыкпа. Окууңду улант – деп айтып жатышыптыр» – деп Шайыр кошумчалады. Муну укканда жүрөгүм муздап, коркунучка кабыла түштү.

– Койчу, чын элеби? Эмне үчүн Бермет муну айткан жок?

– Ой сенин башың жаш окшойт. Койнуңда жаткан аялың да сырын жашырат.

Мен Капардын сөзүн уккум келбеди. Бермет жөнүндө жүрөгүмдү өйүгөн ойдо жатып кирпиктерим илинип кетиптир. Ошондо мен түш көрдүм. Ал түшүм эч качан эсимден чыкпайт. «...Бермет экөөбүз көлдүн жээгинде сейилдеп жүрүптүрбүз. Ал үлбүрөгөн аппак кош этек көйнөк кийип алыптыр. Бешенеси бажырайып, күлкүнүн нуру жүзүнөн төгүлүп менин катарымда келе жатты. Бирок заматта эле колумдан чыгып көлгө секирип түшүп ак кууга айланды. Мен ага жетүүгө денемди көлгө таштадым. Чабак уруп Берметке жетээримде толкун пайда болду. Төө өркөчтөгөн толкун мени жээкке шилеп чыгарып койду. Ак куу толкундарды аралап улам нарылап тереңдеп баратты. Мен андан ажырап калганыма ичим ачышып, айламды таппай жээк бойлой чуркап: – Берме-ет! – деп кыйкырып бараттым! Капардын жулкулдатканынан чочуп ойгонуп кеттим.

– Сага эмне болду? – деди Капар. Оор үшкүрүнүп өйдө болдум.

– Түш көрдүңбү? «Бермет» – деп эле кыйкырып жатыпсың, – деди Капар. Бул коркунучтуу түш жөнүндө ага эч сөз айтканым жок. Бермет жөнүндө өзүмчө дүпөйүл ойдо болуп калдым. Жорулбай калган бул түш кийин өмүрүмдөгү оор окуя менен туура келип калганына ушул кезге чейин таң калам.

Ошол күнү кечинде мени ээрчитип Бермет кечеге алып барды. Анда медицина окуу жайынын мугалимдери, окууну бүтүрүүчүлөр бар экен.

– Биз сизди сыртыңыздан тааныйбыз. Берметтин жигитин көрөлү деп сиздин сүрөтүңүздү бирибизден бирибиз алып талашканбыз – деп мага жылмайып карады, көзү ботонун көзүндөй жайнаган дагестан кызы.

– Биз экөөбүз жарашат бекенбиз, сындап көргүлөчү кыздар? – деди Бермет мени колтуктаган калыбында.

– Ромео менен Жулетадай эле болуп калат экенсиңер. – Кыздардын баары шарактап күлүп калышты.

– Бермет – деди дагестандык кыз, өңүн сумсайтып, – силер бири-бириңерди өтө эле ысык көрүшпөгүлө. Анын акыры өкүнүч менен бүтөт.

Мен анын сөзүн көп деле этибарга алганым жок.

Бардыгыбыз орунтукка отурдук. Бермет менин колтугуман чыккысы жок. Деги экөөбүз карыш ажырагыбыз келбейт. Кечеде каалоо сөздөр айтылып, стакандар назик үн чыгарып шыңгырап, тосттор көтөрүлүп жатты. Кечедегилердин көбү кызып, кээлери эшикке чыга баштады. Бермет экөөбүз топтон бөлүнүп сыртка чыктык. Эшик сүттөй жарык эле, ай чынар теректердин кылда чокусунда илинип, кол жеткис бийиктикте жүзүн нурга балкытып турду. Анын шооласы саябалуу бактын калың бутактарынын арасынан бизди шыкаалайт.

– Бермет, – дедим мен тынчтыкты бузуп. Ал алаканы менен оозумду баса калып: – Эмне дейсиң? Мен сенин айта турган сөзүңдү билип турам. Айтпай эле койчу. – Бермет назик алакандары менен жаагымдан кысып, чормоюп кеткен эрдимден өөп койду.

– Менин тилимди алчы? Эртелеп үйлөнөлүчү?

– Бир сөздү кайталап айта берүүнүн кереги эмне? Экөөбүз кол кармашып убадалашпадык беле.

– Төрт жылга чейин сени бирөөгө алдырып жиберемби деп корком.

– Коркпогун. Андайлар менен келишпейм. Эгер институтка өтө албай калсам бир жыл күт.

– Эртерээк үйлөнүп бала-чакалуу болсок...

– Эртелеп балалуу болушту каалабайм. Азыр биз окуп алышыбыз керек!

– Ал бул сөздү чечкиндүү айтты.

– Экөөбүздүн таалайлуу болушубузга ата-энең каршы эмеспи? Бермет бул суроого жооп бербей бир топко сөз катпады.

– Апам менин келечегиме мээримдүү карайт. Атам болсо катуу киши, андан корком.

Мен ойлонуп калдым. Мыжыкыйланып кайра-кайра сурай беруүдөн эч нерсе чыкпасын билдим. Бирок, эмне кылаарымды билбейм. Ордуман туруп аркы-терки баса баштадым. Отургучта баятан бери ойлуу отурган Бермет да тура калып, менин мойнума асыла кетти.

– Асылбек, сен үчүн жүрөгүм таза. – Ал менин бетимен, мойнуман өпкүлөп кирди. «Кудай жалгап менин оюма кошулду окшойт» – деп кубанып кеттим. Мен аны жаш баладай көтөрүп алдыма алып отургучка отурдум. Ал мойнумдан кучактаган калыбында:

– Менин терс жоопторума капа болбогун, – деди жалооруй.

– Эмнеге капа болом?

– Ошентип, капа болбо. Тебетей тегеренгиче эле убакыт келип калат. Анан экөөбүздүн сагынычыбыз билинбей жоголуп кетет. Кана, дагы бир жолу макул деп койчу.

Ал алаканын сунду. Ак көңүл жаным эч каршылык көрсөтпөстөн Берметтин сунулган колун кайра кармадым.

Кечеден түндүн бир оокумунда тарадык. Берметти жатаканасына жеткирдим да, өзүм Капардыкына келдим.

– Кана, эмне болдуңар? – деди Капар төшөктөн башын көтөрүп.

– «Күт» деп жатат.

– Сен болбой койбойсуңбу?

– Болбосо эмне кылам.

– Жумшактык кылгансың да, кыз деген наздана берет. Мына бу таэжең деле: «Күт, коё тур, окуйм» – деп болбой койгонунан ала качып эле үйгө киргизип алгам. Деги кыздын көңүлү барбы?

– Бар.

– Бар болсо колунан сүйрөп үйгө киргизип ташта. Бул жолкудан калсаң иштин бүткөнү.

Унчукпадым. Ойлор мени чырмады. Ал түнү уктай да алганым жок. Ары ойлонуп, бери ойлонуп жатып Капардын айткан оюна да кошулгум келди. Кантип ала качуу керек?

Berметтин жатаканасына барсам кроватында ойлуу жатыптыр. Мен кирерим менен анын жүзүн жылмаюунун нуру чалып, ордунан тура калды.

– Эмне эртелеп келдиң? Уктап эс алган жоксуңбу?

– Бүгүн түштөн кийин кетем. Узатасыңбы?

– Эмнеге кетесиң? Эртеңкиге убадалашпадык беле.

– Эртеңкиге гана жумуштан уруксат сурангам, кетишим керек.

– Алда сенин айнымайың ай, эртең эле кетсең. Суранам!

Мен болгонум жок. Берметтин ошондогу капкара көздөрү менен мени жалооруй карап турушу жүрөгүмдү сыздатып жиберди. Бирок ага сыр билгизгеним жок.

Мени шаардын сыртына такси менен узатып коюуга араң макул болду. Бермет байкуш биздин ичибиздеги сырды кайдан билсин. Түш оop калганда таксиге түшүп жөнөдүк. Биз шаардан бат эле суурулуп чыктык. Бермет, Капар үчөөбүз хор ырдап бара жатабыз. Таксистке Капар биздин ишибизди жакшылап түшүндүргөн көрүнөт. Машина учуп бараткан сыяктанды. Шаар бизден алда канча алыс калды. Ошондо Бермет ырын токтото калып, бир нерсени сезгенсип ойлоно калды да, андан соң өңү кубара түштү. Ал мени кучактап, жалынып-жалбарып ыйлай баштады. Жанымдай көргөн ушул кызды туткун катары буркуратып ыйлатып ала качып алып бара жатышым өзүмө жага бербеди.

«Шофёрду токтотчу, Капар» – дедим.

– Сен минтип боор оорусаң түбөлүккө аялсыз өтөсүң. Кыз деген барган жерине ыйлап барат. Сага жаркылдап күлүп кыз өзү келмек беле!

Бир чети Капардын да айтканын эп көрүп: «Бермет мени кантип жамандыкка кыйсын ыйлап-ыйлап басылар» – деп ойлодум. Ал шолоктоп ыйлап жатып:

– Сени минтет деп ойлогон эмесмин, Асылбек. Экинчи жүзүңдү карабайм. Мени коё бергиле! – деп бакырды. Улам барган сайын ал жулкунуп долулана баштады.

– Капар, сен бузукуланба. Кыздарды балдарга ала качып берип жүрүп көнгөн турбайсыңбы. Мен барсам жөн эле барам. Коё бергиле мени, атам укса өлтүрөт.

– Ооба, сага окшогон кыздардын далайын ала качканбыз. Кыйкырбагын.

Капардын бул кыйкырыгына Бермет жооп кайтарбастан ого бетер өксүп ыйлай берди. Ал бизден эч айла болбосуна көзү жеткен көрүнөт, эми таксистке жалынып кирди. Таксист унчукпай, тасмадай жолдо машинасын учуруп баратты. Бермет аны эки колдоп жулкулдатып:

– Токтоткун машинаны, токтот! Мага окшогон сенин да кызың бардыр. Аны да мендей туткундап ала качса эмне болоор элең? Сенин да жүрөгүң таш көрүнөт, биринчи сен жооп бересиң!

Бул соз таксисттин жүлүнүнө тийди көрүнөт. Ал жүрүшүн басаңдатып барып жол четине токтоду да, Берметке кайрылып мындай деди:

– Сен үчүн мен күнөөлүү эмесмин. Сүйсөң айдайм, сүйбөсөң мына.

– Эмнеге, сени менен жарым жолго жеткиз деп сүйлөштүк беле? Заказды биз бергенбиз. Сен биз менен сүйлөш.

Капардын минтип оңурандаганына шофёр ачуусу келди. Чөнтөгүнөн акчасын алды да, Капарды көздөй ыргытты.

– Түшкүлө! Мен кайра кетем. Албарстыдай жалбарып жатып: «Кыз каршылык көрсөтпөйт» – деп айтпадың беле. А бул азыр эмне деп жатат мага?

Шофёр бакыра сүйлөп арык жээгине отуруп алды. Капардын аксымдыгын билип жини кайнап турган таксист менен мушташа кетпесин деп сыртка чыктым.

– Сени минтет деп ойлогон эмесмин, – деди Бермет менин артыман чыгып бара жатып. Ал кылчайбастан жол менен жөнөдү. Мен аны колунан кармап токтоттум.

– Тур ары! Жолобо жаныма!

Анын ушул бакырыгын укканда денем шалдырап, кулагым кер сыяктуу укпай, дүңгүрөй түштү. «Чын эле Берметтин

оозунан ушул чыктыбы? ...» Мен өзүмө келгиче Бермет бир топ узап кетиптир.

Жаан арасында шолоктоп ыйлап бара жаткан Берметке жеттим да, бет алдына токтой калдым. Анын аппак жүзүн жаш да, жамгыр да жууп жатты.

– Жолумду тоспо, сен экөөбүздүн жолубуз эки башка! – деп каарланды.

– Бермет, сөзгө келеличи, – дедим жалооруп.

– Жогол, жогол жанымдан! – Ал заардуу бакырды. Ошол учурда биздин үстүбүздөн асман түбү түшкөндөй калдырап-күлдүрөп, жарк-журк эткен чагылгандын кылычы бири-бирин кыя албаган кош жүрөктү түбөлүк экиге бөлө чаап таштагансыды.

– Токто, Бермет! – дедим анын артынан дале үмүтүмдү үзбөй. Ал менден алыстап баратты. Бирок анын артынан кайрадагы барып токтотууга даап тута албадым. Денем безгектей калтырап, бутум сыйкырдуу тушалып шилтенбейт. Бермет алыстагандан алыстап, карааны ак жаандын мунарыгына сиңип жоголгон кезде дүйнөдө эң кымбат көргөн жакын адамдан капысынан түбөлүк ажырап калганымды эми гана түшүндүм. Муунум бошоп, ичимдеги ачуу буулугууну токтото албай, муздак ташка отуруп, эки бутумду кырчоолоп кучактап, эки тиземе ээгимди жөлөп, жаш балача шолоктоп ыйладым.

* * *

– Туруңуз, укол алыңыз деген сестра кыздын үнүнөн селт этип чочуп кеттим.

– Эмне ыйладыңызбы? Пристубуңуз дагы кармадыбы? Врач чакырайынбы?

Мен анын сөзүнө жооп бергеним жок. Чын эле ыйлап жатканымды өзүм да сезбептирмин. Көзүмдөн аккан жаш кумга сиңген тамчыдай болуп жаздыкты суу кылып жибериптир.

– Сиз ыйлаптырсыз. Пристубуңуз кармагандан улам ээниңиз кейиген го. Капа болбоңуз, врачыңыздын колу жеңил,

бат эле илдетиңизден арылтат. Ишенип коюңуз, Вера Оторбаевнанын колунан көптөгөн оорулуулар сакайып кетип жатышат. Кана, жамбашыңызды тосуңуз.

Безеленген сестранын сөзүн уккум келбей, сол капталыма которулуп, ыштанымды шыпырып оң жамбашымды тостум. Ачуу дары денеме тарагыча сөөгүмө жете какшатты.

Берметти эрте мененки обход учурунда гана көрөм. Ал келип палатадагы оорулууларды кылдат көрүп чыгат да, мага келгенде эки билегимдин тамырын биринен сала бирин көпкө кармап, анын кагышын колундагы саатынын жебесине салыштырат. Анан «дарыларды үзбөй алып жатасызбы? Эртең дагы аппаратурага жүрөгүңүздү текшертемин» – дейт да эшикке чыгып кетет. Экөөбүздүн минтип көрүшүп жүргөнүбүзгө бир жумадан ашып калса да, өткөндөр жөнүндө үн чыгарып койгон жокмун. Эмнегедир ага сөз катып сүйлөөдөн айбыгам. Ал жөнүндө эмне деп сөз баштоону да билбей калам. Ана, ачылып турган эшиктен баятан бери мен күткөн, ал жөнүндө ойлонуп жаткан кишим кирип келди. Ал күндөгүсүндөй эле палатадагы оорулууларды көрүп чыгып, акыры мага келди. Жанымдагы отургучка отуруп жатып:

– Саламатчылыгыңыз жакшыбы, приступ кармаган жокпу? – деп мага мээримдүү карады. Анын минтип мени бажырая карашы жүрөгүмө сүйүнүчтүн шооласын себелегендей болду. Мен чыканактап, башымды жаздыктан көтөрүп:

– Ырахмат. Кудай буюрса жакшымын. Бирок сиз келгенден бери менден уйку качты. Өмүрдүн өткөн барактары эске түшүп, көз алдыма тартылат.

Ал көзүн бакырайта мени таңдана карады да:

– Мен сизге эскертпедим беле, көп ойлонбоңуз, жүрөгүңүзгө көп күч келтирбеңиз – деп койду. Ал эмнегедир өткөндөр жөнүндө эч нерсе көрбөгөнсүп, эч нерсе болбогонсуп, сыр билгизбей койду. Ал менин көйнөгүмдү өйдө түргүзүп көкүрөгүмдү, далортомду кылдат тыңшап көрдү да:

– Өпкөңүз жакшы. Эми жатыңыз чалкаңыздан, ичиңизди тартпаңыз, бош коюңуз.

Врач жумшак колдору менен ичимди басып көрүп, ашказан, жүрөк тушуму сол колунун алаканын коюп, оң колунун манжалары менен түкүлдөтө ургулап жатты. Ал мени карап бүтүп, папкасын алып жатып:

– Сиздин анализиңиз бүт алынды. Операцияга макулсузбу? – деди күтүүсүздөн. Эми эле сонун сезимдер менен кыял чабыттарында ырахаттанып жатып, врачтын бул сөзүн укканда заматта бүткөн боюм дүркүрөп, жүрөгүмдү коркунуч басты.

– Өлүмдөн корком.

– Коркпоңуз. Өлүм жөнүндө ойлонуу сизге али эртелик кылат.– Мени ой басты.

– Айттым го, коркпоңуз! Операциядан кийин кадимки калыбыңызда болоруңузга ишенип коюңуз. Ансыз сизге жашоо кыйын, ачыгын айтканда.

Ал өйдө туруп баратып эти качкан колумду кыса-кыса кармап:

– Ойлонуңуз, эртеңкиге чейин – деп эшикке чыгып кетти. Берметтин колумду бекем кысып кетиши жүрөгүмдү жылытып, илдеттүү жаныма дем берип, тобокелге бел байлатып койду.

Эртеси медсестрадан экөө келип мени операция бөлмөсүнө алып барышты. Андагылардын баары оозу-мурдун тумчулап, маска кийип алышыптыр. Бардыгы бирдей ак, көк кийинишкендиктен Берметти тааный алганым жок. Операция столунда жатканымда мага тааныш кара көз көзүмө тике карап:

– Коркпоңуз! – деп койду. Анын үнү кулагыма жагымдуу угулду. Медсестралар каруума ийне сайып жатканын бир сезем...

* * *

... Көзүмдү ачсам бөлөк бөлмөдө жатыпмын. Колу-бутумду кыймылга келтирдим. Өлбөй калганыма сүйүндүм. Деги жарык дүйнөдө тирүүчүлүктөн башка эмне артык. Бирок көөдөнүм коолдоп, өз денемдей эмес, ачыштырып оорутат.

Эки капталыма тең кыймылдай албайм. Каным катып суусап, тилим кургап калган экен.

– Мен кайда жатам? – дедим тынчтыкты бузуп. Маңдайыма узун бойлуу сары кыз пайда боло калды да: «Реанимацияда жатасыз. Чочубаңыз, жаныңызда мен бармын» – деди.

– Суу, – дедим.

– Сизге суу ичүүгө болбойт. Эмне, врач чакырайынбы?

Аңгыча эшиктен Бермет кирип келди.

– Эмне болду, ойгондубу?

– Ооба, Вера Оторбаевна. Ойгонуп алып, менден суу талашып жатат.

Бермет мага эңкейип, жүзү нур чала жылмайды.

– Кандай, акыбалыңыз жакшыбы?

– Көрүп турбайсыңбы?

– Ооба, көрүп турам. Илдетиңизден арылдыңыз.

– Оозум кургап, тилим катып калды, өлүп калам го, я?

– Эч нерсе эмес. Эч качан жамандыкты ойлобоңуз, кубаныч, жакшылык жөнүндө ойлонуңуз. – Ал менин эти качкан ичке билегимди өзүнө тартып тамырымды кармады, кан басымымды өлчөдү. Жуурканды аста сыйрып, ичимди басып көрдү.

– Абдан жакшы, ичиңиз көппөптүр. Тынчтанып жата туруңуз, кан куйдурайын.

– Тагдыр мени сиздин колуңузга алып келгенин кара.

– Азырынча сизге көп сүйлөөгө болбойт. Илдетиңизден кутулгандан кийин сүйлөшүңүз.

– Каным катып баратат, суу! – дедим.

Бермет кеберсип кеткен эрдимди сууланган пахта менен сүртүп койду да, сыртка чыгып кетти. Операциянын алгачкы үч-төрт күндөрүнө чейин тозоктун отуна түшкөндөй кыйналдым. Баарынан уйку көрбөй таң атырганымда Кудайга да акаарат сөз айтып ийчүмүн. Оорунун ушул оор күндөрүндө кыйналып жатканымда Бермет жанымдан кеткен жок. Анын жеңил колунан күндөн-күнгө көөнүм сергип, илдеттен арылып бараттым. Мен жөнүндө жүрөгү таптаза бойдон

экенин эми сезип отурам. Бирок анын алдында күнөөкөр болуп, ошондогу адепсиз жасаган күнөөмө абдан өкүнөм. Ооба, өз кылган кылыгым жөнүндө эске салуу менин ушул азыркы алсыз, аргасыз абалымда өтө кыйын болду. Ошол кылган кылмышымды көрүп-билсе да, анын азабын тартып жүрөгүнө кеткис так салсам да Берметтин мен үчүн көрсөткөн адамгерчилиги бардык эле адамдарда боло бербеси белгилүү. А балким, ал менин өзүмдү эмес, экөөбүздүн ортобуздагы ууз сүйүү, өмүр жолубузда бир келчү алгачкы махабатыбызды сыйлап, урматтап жаткандыр. Кантсе да өзүмдүн анын алдында күнөөлүү экенимди мойнума алып, андан кечирим сурашым керек деп ойлондум. Берметтин коридордо жумшак басып келаткан дабышын күтүп, кроватымда сулкуюп жаттым. Ал аңгыча каалгасы ачылып турган эшиктен кирип келди да, адатынча: «Саламатсыңарбы?» – деп палатадагылар менен учурашты. Бул жолку обходдо ал сакайып калган эки оорулууну чыгарды. Андан соң менин жаныма келип отургучка көчүк басты.

– Акыбалыңыз жакшыбы?... Уйкуңузду качырып ийген жоксузбу? – Анын айткан какшыгын түшүндүм, Берметтин ууртунан жылмайып турган жүзүнө андан ырахат алуу менен карадым.

– Бүлбүлдөп өчүп бараткан уйкумдун билигин чоңойтуп койгонуңузга ырахмат.

– Ошондойбу? – Ал кыткылыктап күлдү. – Уйкуну да пайдалана билүү керек, – деп сөөмөйүн көтөрүп койду.

– Сиз менен кадимкидей сүйлөшкүм келет.

– Менин убактым чектелүү. А бирок бүгүнтөн баштап жарат таңуучу бөлмөгө барып, жаратыңызды таңдырып турасыз, – деди. Врач медсестра экөө мени жаш баланы тай-тайлап жетелеп бастыргансып, жарат таңуучу бөлмөгө алып келишти, столго жаткырышты. Врач көйнөгүмдү түрүп, жаратымдын марлисин кайчы менен кайчылап кесип, ачышып ооруганына карабай жаратымды тазалап жатты. Күн сайын жаратымды таңдыргандан заарканам. Кээде таңылган марли

жаратка жабышып калып, аны чучугума жеткиче ачыштыра сыйрыйт. Андан да, жаратты ачуу дары менен тазалаганда жаным көзүмө көрүнө калат.

– Чыдап туруңуз, аз калды. Мына-мына бүттү, – деп калат врачым. Жаратымды жаңылап таңып бүткөнү калганда:
– Сиздин жакшылыгыңызды канткенде актаар экемин? – деп ага сөз таштадым.

– Сиз мага кандай жакшылык тартууламак элеңиз? – деп ал мага карап жылмайып койду. Анын минтип ууртунан жылмаюусунан улам орунсуз сөз сүйлөп алганымды сезе калдым. Берметтин жүзүнөн: «Сиз мага жүрөгүмө так салгандай кылып «жакшылык» жасабадыңыз беле, дагы кандай жакшылык жасамак элеңиз» дегенди окудум.

Врач катталган марлини кайчы менен кесип жатып: – Эгер колуңуздан жакшылык келе албаса, ошол жакшы көргөн адамыңызга Кудайдан жакшылык гана тилеңиз, – деп койду.

– Мен сизден көптөн бери кечирим сурай албай күнөөлүү болуп жүрөм.

– Өткөндөр жөнүндө эми сөз ачпай койсок да болот. Ал эми сиздин илдетиңизден арылтуу үчүн көрүлгөн камкордук болсо, бул менин врачтык парзым. Улукманга берген антымды аткарып жатканым:

– Турмушка чыктыңыз беле?

– Ал жөнүндө ойлонууга убактым жок.

Анын бул жообунан «Суроонузду токтотуңуз!» дегендей туюлду. Мен экинчи суроо бергеним жок. Ал жаратымды таңып бүтүп эшикке чыгып баратып: «Палатага жеткирип кой» – деп сестрага табыштады.

Палатамда жатып Берметтин кыял-жоругу жөнүндө ойго батам: «Деги анын мүнөзүн билип болбойт. Заматта жайдарыланып, адамга бат алынып кетет да, бир туруп каардана түшөт. «Кайт» деген жагына кыл жылбайт»...

Эртеси мемиреп тынч уктадым. Ойгонсом күн шооласы терезеге тике тийип, палатанын ичин жапжарык кылып турду. Ооруган жерим билинбей, көңүлүм сергек. Кроватымдан

туруп, терезеге келдим. Бир айдан бери эшикти биринчи карашым. Жаз небак келиптир. Ойкуп-кайкып чабалекейлер учуп жүрүшөт. Көчөдөгү кыймылга көз салып турдум. Тротуарда адамдар агылат. Менин көзүмө жалгыз келаткан Бермет көрүндү. Анын ойлуу жүзүндө изденүү бар. «Ал азыр ак халатын кийинип, менин палатама кирип келет. Экөөбүз саламдашабыз. Бирок өткөн мезгилдегидей бири-бирибизди кыл жылдырбай ысык көз карашта эмес, мээлүүн саламдашабыз. Мен ойлогондой болгон жок. Берметтин келишин күтүп, каалганын ачылышын тиктеп кроватымда көпкө жаттым.

– Сизди Вера Оторбаевна: «Перевязочнаяга келсин» – деп жатат. Жүрүңүз, мен жардамдашайын. – Ал менин колтугумдан жөлөп тургузду. Мен илкий басып жарат таңчу бөлмөгө кирдим.

– Бали, өзүңүз эле туруп басып калган турбайсызбы, жакшы. Кана, жатыңыз, жаратыңызды көрөйүн. – Мен столго сунала жаттым. Жаратымдын айланасын колу менен басып көрдү да:

– Буюрса, илдетиңизден арылдыңыз. Жакында үйүңүзгө чыгарам, – деди.

– Ырахмат! – дедим сүйүнүп. Бермет менин көзүмдөн жаш куюлгуча ачыштырып, жаратымды жаңыртып таңып жатты.

– Чыдаңыз. Илдет ачуусуз, кыйналуусуз чыкпайт, чыдай туруңуз, – деп коёт Бермет.

– Чыдайм, чыдап келатам менин «медичкам» – дедим.

Бул сөздү укканда Бермет манаттай кызарып, ууртунан жылмаюунун нуру төгүлө түштү. Ушул сөз ага ушунчалык жакын, ушунчалык угумдуу да угулду окшойт, телмире ойго батып, өмүр барактарын окуп жаткандай, белгисиз бир жактан кубаныч толкуну бүткөн боюн заматта каптап кеткендей туюлду мага. Анын жүрөгү да тыбырап туйлай баштаганын сездим. Ал жаратымды таңып бүтүп, сунулуп жаткан тулку боюмду имере карап турду да, кебездей жумшак алаканы

менен маңдайымдан сылап жатып: «Бир кезде айтылган сөз» – деп койду.

– Илдетимден тазартып, өмүрүмдү улаган сиз менин «Сүйүктүү медичкамсыз», – дедим башымды көтөрө калып. Менин бул сөзүмө кулак салбагансып, укмаксанга салып кайдыгер карап, үн катпастан мени жалгыз калтырып бөлмөдөн чыгып кетти.

Ооба, ал менин «Сүйүктүү медичкам» болчу. «Менин медичкам». Ал тээ илгери, өзү айткандай «бир кезде...» мага жазган катынын аягына «Сиздин медичкаңыз» деген сөздү дайыма улап коюучу.

*Фрунзе шаары, 1968-жыл.*

# НЕБЕРЕМ ЖАНА КЕЛГИН КУШТАР

Кыял дегениң учкулдун учкулу экен. Мен ага бүт дитим менен берилип кеткен учурумда кыял хандыгынын падышасы боло калып, жети кабат асмандын бейишинде жашагандай болом. Акча, түмөндөгөн малга бай болбосом да ой чабытынын кыялына бай болгонуң кандай сонун рахат. Кана эмесе кыялга батып, Кыргыек, Чабалекей, Сүтак, Торгой, Жылкы кучкач, таан менен кошо асманга учуп, ушул келгин чымчыктардын эр жүрөктүүлүгү, шамдагайлыгы, эпчилдиги, учкучтугу менен ааламды куйкалап турган күндөн от тиштеп келгени жөнүндө неберeме айтып берейинчи.

Бирдин айында түшкөн Сумбаладан баштап агын сууларды тоңдуруп, жер үстүн ак карга чүмкөп, жан-жаныбарларды үшүтүп, бак-дарактардын, тал-теректердин чырпыктарына үлбүрөгөн аппак кыроолорду кондурган ээнбаш аяздуу күндөр өз өкүмүн сүргөн кезде тоңуп калган колумдагы калем сабым тамгаларды жазууга алы келбей жаткан эле. Бирок аязды жамандагым келбейт, ал да өз рахатында кандай сонун! Теребелди жансыз кылып тондуруп музга айландырган, кар учуруп, бороон-чапкын салган шамалы сакалдан алып жулмалайт. Көзгө көрүнбөгөн ийнелери менен бетти тызылдата сайгылайт, тумшугумду үшүтө кызартат. Ушундан улам кыш чилдеси «Кызыл тумшук» аталган чыгаар. Кудай жалгап бырыш баскан капкара жүзүмдү кызыл эндик менен боёп чыгат да, мага жашаргандай ырахат берет. Аяз тоскогун жамынган жолдо баратсам кычыраган доошту укканда өмүрүмдүн дагы бир аяздуу кышын өткөрүп жатканыман кабар берип, өткөн жаштыгымдын жазын эске түшүрөт.

Жаз демекчи, «үшүгөн – жылыйт, ыйлаган – күлөт» дегендей токсон күн үшүп атып эми жылый баштадым. Чүчкүрүп

калбасын деп эшикке чыгарбай жаткан неберем да колумду коё бербей, бутума оролуп: «Эшикке, көчөгө сиз менен кошо чыгам» – деп болбойт. Жаз белгиси башталганда неберемди көчөгө чыгарып сейилдетүү үчүн муз тоңдурган аязды кантип кубалап кетирүүнүн, анын ордуна жылуулук нурун кайдан алып келүүнүн ой чабытында болом. Ал мени кыштоодогу баккан малдан эртерээк келээримди чыдамсыздана күтөт. Кыштоодон келээрим менен: «Жомок айтып бер» – деп кыйнай берет. Жомокту тажабай угат. Ошондон улам менин кыштоодон келишимди күтүп, өз атасына: «Чоң атамды чакырчы, жомок айтып берсин» – деп өтүнө берет экен.

Бүгүн чакыртпастан эле бештин айынын мемиреген күнүндө кыштоодон келип калдым. Мен үйгө кирээрим менен эле апасы: «Үшүйсүң» – деп эшикке чыгарбай жатканын айтып даттанып, эми эшикке мени менен кошо чыгаарын, чанага түшүп кар үстүндө ойноорун кыялдана жыргалга батып жатты.

Неберемдин суроосун канааттандырганы аны жылуу кийиндирип эшикке жетелеп чыктым. Эшик алдында кичинекей көгүш кооз чымчыкты кызыга карап калды. Неберем ал чымчыкты бир жерге токтоо турбастан чычкандан ыкчам кыймылына таңыркайт. Ал мага: «Чоң ата, чоң ата, мынабу кооз чымчык сиз менен кошо учуп келдиби. Кыштоодон сиз алып келдиңизби? Мага кармап бериңизчи» – деп безилдейт.

«Былтыр көргөн жылкычы кучкач быйыл да келиптир» – деп үч жолу айтчы. Кана, башта. «Былтыр келген жылкы чымчык быйыл да келди» – деп ал менин сөзүмдү үч жолу кайталап айтты да: – Чоң ата, эмне үчүн үч жолу айттырдыңыз? –деп менден такмазалап сурайт.

Жыл сайын жазда келген келгин чымчыктар сени да биринчи көргөндө ушинтип: «Былтыр көргөн Нуртегин быйыл да биз менен саламдашты» – деп кубанышат экен. Сени минтип: «Былтыр да жаз алып келген келгин чымчык быйыл да жаз алып келди» дегениң келгин чымчык үчүн кубаныч.

– Чоң ата, чоң ата, былтыр торгойду көргөндө да ушинтип айттыргансыз. Ал эмне үчүн сиз айткан Сүтак көрүнбөйт?

Менин медерим, кичинекей сырдашым «Чоң ата, чоң ата эмне үчүн, эмнеге?» деген суроолорду берип тажатат.

– Анткени ал чымчыктар жылуулук нурун алып келет. Ал жылуулук нурду чоң атаңа жана жалпы элге, токойлорго, бардык канаттуу куштарга, кар жамынган талааларга бөлүп беришет. Сенин атыңды ошол чымчыктар жылуулук нурун алып келген кезде Нуртегин деп койгонбуз. Сен нурдан жаралган баласың да. Келгин куштар нурду элге таратып жатканда төрөлгөнсүң. Жүр, эми кыргыек куш келип калгандыр, тосуп алууга баралы.

– Торгойду, Сүтакты дагы тосолубу?

– Ооба, алар менен кошо көгүш таан да бар. Ана, ал да келген тура, бийик өскөн теректерде «Каа-каалап» учуп жүрүшөт.

– Ал куштарды кайдан табабыз, же өздөрү келишеби?

– Ооба, анткени бүгүн Нооруз майрамы да. Биз тосо турган келгин куштар Ноорузга белек үчүн асмандан жалындын учкундарын алып келишет.

– Ал чокту эмне кылышат, Сиз мешке от жаккандай алар да от жагышабы?

– Жо-ок, аны менен кызыл тумшук аяздуу кышты кубалашат. Асмандын эң бийик жаркыраган жагымдуу жайда жаткан Кудайым Кыргыек деген кыраан кушту чакыртып алат да: «Сен келгин куштарды чогултуп алып, аларды Күндөн жылуулук нурун алдырып жер бетине таратууга жибер», – деп буйрук берет. Кыргыек ал чымчыктарды чакырып алат да, дүйнөнү жылуулук менен камсыз кылып жаткан күндүн аптабынан учкундарды тиштеп, тоңуп жаткан жерге алдырып келип, жылуулук нурун чачтырат.

– Жылкы кучкач чымчык биздин көчөдө эле жүрбөдүбү, ал эми таандар теректердин бийик учтарында конуп алышыптыр. Эмне үчүн бизге жакын келишпейт?

– Кыргыектин жыйынына барышат да, алар жер бетин жылытканы, ага жылуулук нурун чачканы Күнгө учуп барышка чогулушат. Бүгүндөн калбай Күндөн чок тиштеп

келишип, ак карды эритип жер жүзүнө жылуулук нурун чача башташат. Келгин куштардын баары уя салышып, тукумун улаганга кам көрүшөт.

– Чоң ата, чоң ата, жерди жылыткан чокту кимиси тиштеп алып келет. Оозу күйүп калбайбы?

– Ал өзүнчө сырдуу жомок, балам.

– Чоң ата, ошол жомогуңузду айтып берсеңиз боло, мен үйрөнүп алайын, аны садиктеги балдарга айтып берем да.

Нуртегин менин оң колумдун сөөмөйү менен ортонумду бекем кармап алып тыпылдап басып баратат. Жылуу көк куртканы, башына тордолгон жашыл тумакты кийип алып жолдо баратса, апасын издеп бараткан менин «Сүтак» повестимдеги каарманыма окшоп кетет.

Неберемди жетелеп кыштактын четиндеги кырга чыктым. Кыштакка куйрук улаш «Дүпкүрдүн» калың токою суналып жатат.

– Нуртегин, сен сурап жаткан Сүтак «Дүпкүрдүн» токоюна келген окшойт. Ак жамынган токой каракөгүш болуп, бутактары, чырпыктары, жалбырактары көгөрүп жан кирип калгандай, карасаң?

– Чоң ата, Сүтак эмне үчүн бизге учурашпайт?

– Ал апасын издеп жүрөт да, апасын тапканда гана бизге келет, жаз кетээри менен токойдун арасынан жоголуп кеткен апасын издеп жүрүп, күн батып иңир киргенден баштап: «Сүтак, сүтак, сүтак» – деп апасынын ак сүтүн ааламга жар сала, таң агарганча какшанып, учуп-конуп жүрсө да апасын издеп таппайт.

– Чоң ата, ушул чымчыктар чокту кантип алып келет? Алар жөнүндөгү жомогуңузду айтып бериңизчи.

– Азыр айтып берейин. Канаттуулардан ылдам учкан кыргыек деген кыраан куш, жылкы кучкачты, чабалекейди, торгойду, таанды чакыртып алып кыштын суугун кантип кетирип, жылуулукту кантип алып келишти акылдашып турушат. Аңгыча Сүтак жер кыдырып апасын издеп, түндүктөн түштүккө учуп келаткан болот.

– Сүтак, биз сени издегени бараттык эле, ырас сен өзүң учуп келип калбадыңбы. Жүр эми жылуулукту издеп учалы – дейт Кыргыек.

– Мен апамды издеп кайда гана барбадым дейсиң, жер мейкинин кыдырып чыктым. Ал жакта жылуулукту учуратканым жок– дейт Сүтак.

– Сен бизге кошулгун да, жерден аяздуу кышты кетиргенге жардамынды аяба,– дейт Кыргыек. – Эми баарыңар мен айткандай жумуш жасагыла. Сен Сүтак күндөн чок тиштеп өз токоюңа жан киргиз. Торгой болсо кош айдалчу бороздуу талаага, Жылкы кучкач ачык сууну жээктеп тоңгон сууну эритсин. Чабалекей ылайдан уя салсын. Ошентип чымчыктар жылуулук нурун издеп күндү карай учуп жөнөшөт. Бирок Тааңдын канаты талып күнгө учуп баралбай орто жолдо калып калат. Ошондон улам жалкоо Таан атыккан экен. Кыргыек баштаган чымчыктар канаттары талыганча учуп жүрүшүп, күндүн аптаптуу жалынына жакындап калышат. Ошентсе да жалын чачкан күндүн аптабына даап жакын бара алышпай четтеп учуп жүрүшөт. Ошол учурда Кыргыек күндүн аптаптуу жалынынан буйдалбай буудайдын бир тоголок данындай болгон учкунду оозуна тиштей калып: «Мына жылуулук нуру» – деп Сүтакка биринчи бере салат. Андан соң таруудай болгон жаркыраган учкунду тиштеп Торгойго, андан соң Жылкы кучкачка берди да, Чабалекейди чакырып:– Ылай менен көп иштейсиң, уя сала турган ылайынды жылытып ал, – дейт. Өзү болсо жүгөрүдөй учкунду оозуна сала калып жерди көздөй жебедей учуп жөнөйт. Алар ушунчалык тездик менен учуп баратышты. «Калакай, калакай, таңдайым күйүп баратат» – деп кыйкырат Сүтак. Ал оозундагы тиштеп бараткан кызыл учкунду канатына катат. Бирок канатынын жүнү күйүп бараткандынан жаны ачышкан Сүтак кайра оозуна тиштеген боюнча чер токойдун кара топурагына ката салат. Ошондон улам Сүтактын жылуу күрмөсү кызгылт сарыга боёлуп калган экен. Ал эми Жылкы кучкач тиштеген чогу тумшугун ысытып ийгенинен чыдай албай койнуна

сала коёт. Акырында ал да чыдай албай: «Күйүп баратам, от күрмөмдүн этегинен бери келатат» – деп кыйкырат. Бирок ал тез эле суу жээгиндеги музга келип чоктуката салат. Торгой болсо эң эле чыдамкайлык менен чокту оозунан түшүрбөй октой учуп, суналып жаткан берекеси мол кең талаанын тоңгон кыртышына сала коёт. Кайкып учкан Чабалекей жерге жакын учуп келип кар астында жаткан баткакка аралаштырат. Ошентип, алар таруудай болгон күндүн күкүмүн жер бетине алып келишип, жылуулук нурун ар тарапка таратышат. Кыргыек болсо кыштын аязында түштүккө учуп жете албаган куштарына жылуулук нурун чачып кубандырат. Кыргыектин учкуч куш экенин эстерине сактаган куштар: «Кыргыек келбей жаз келбейт» – дешип, кыйкырып канаттарын каккылашат. Ошон үчүн алар Кыргыекти жазга чейин күтө берет экен. Чаалыккан чымчыктар өз жайларында эс алышкан соң жоопкерчиликтүү милдет болгон жумушту аткарып, жалпы эл менен бирдикте жаз майрамы– Нооруз ду майрамдашат.

– Нуртегин, сага ушул жомок жактыбы?

Ал менин мойнуман кучактап, бырыш баскан ийнедей учтуу сакал каптаган бетимен өөп жиберди да: «Чоң ата, мен муну бала бакчага, Байэлге да, Нурэлге да айтып берем ээ?» – деп кубанычка батты. Неберемдин кубанычына мен да ортоктош болуп анын жаз илеби жыттанган жыпар жытын жыттап алдым.

Кардын жылт-жулт этип көз уялткан көрүнүшүнөн улам басалбай баратса да Кыргыектин, Торгойдун, Жылкы кучкачтын, Сүтактын, Чабалекейдин учкул тездигине, тоңуп турган кар баскан талааны, муз каптаган өзөндү, дүпкүрлүү токойду, эл жашаган айылды күндүн күкүмүнөн жан киргизип, аларга жылуу дем берип, көкүрөк көөдөнүн көтөрүп койгонуна өзүнчө шаттанып, кубанып бараткан неберемди жонума кондуруп алдым. Магдыраган берекелүү талаалар Торгойдун сайраган мукамдуу добушун ырахаттана угуп жатышкансыйт. Учурда бардык жерде ушул чымчыктар алып келген жылуулук нурунан жаралган Нооруз майрамынын

шаңы өкүм сүрүп жатты. Аңгыча Торгойдун бороздун тилкесине каткан күндүн жылуулук нуру асманды чүмкөп турган боз булуттарды жарып, уюлгуган түрмөктөрүн бириндетип жибергендей болду. Ошол замат Даркан талаанын үстүндө томуктай болгон торгойдун обондуу мукам добушу угулду.

– Чоң ата, чоң ата, бул сайрап жаткан Сүтакпы, же Жылкы кучкач го?

– Жок, айтпадым беле үмүтү үзүлбөгөн Сүтак чытырман токойдо апасын издеп жүрөт деп. Ал эми Жылкы кучкач айылда арык жээгинде суу жетелеп жүргөнүн көрбөдүңбү. Жалкоо Таан болсо кыштактагы бийик теректерде «Каа-каалап» учуп-конуп жүрбөйбү. Кайкып учкан чабалекей тамдардын шыптарына ылайдан уя салышууда. Учкулдун учкулу Кыргыек куштардын арасында. Ал эми бул ырды ырдаган ырчы Торгой, ал дайыма дыйкандарга ырдап берет. Бүгүн Ноoруз майрамы эмеспи, Торгой жаз жөнүндө, Нооруз жөнүндө ырдап жатпайбы. Торгойдун Ноорузга белеги ушул ыры да. Кана, чоң жолго келдик, сен мойнумдан түшчү – дедим небереме. Ал мойнумдан жерге түшүп жатып:

– Чоң ата, мен да чоңойгондо сизди көтөрүп алып Ноорузга алып барамын ээ?

– Акылыңдан, тилегиңден тегеренейин. Сен чоңойгончо мен бул жарыкта болсом гана. Эми сен Ноорузга эмне белек бересиң? Мурдуңдан «шам чырак» жанып калыптыр же сенин Ноорузга арнаган белегиң ушубу?

Ал бытыйган колу менен чөнтөгүнөн бет аарчы алып, мурдун тазалады.

– Чоң ата, Ноорузда мен Кыргыек, Сүтак, Жылкы кучкач, Торгой, Чабалекей жөнүндөгү жомокту айтып берсем болобу? А жалкоо Таанды айтпай эле коёюнчу.

– Албетте, болот. Жүрү ушу жомокту айтып бер.

Мен кичинекей сырдашымды, балдыраган сөзмөрүмдү кучактап жыттап-жыттап алдым да, кыял канатын минип Нооруз шаңын көздөй жетелеп жөнөдүм.

## АК ӨПКӨ БОЛДУМ

*(Болгон окуя)*

– Кымбатуу окуучулар, балким, сиздер мени: «От үйлөп атып, ак өпкө болгондур» – деп ойлоп жүрбөңүздөр. Жок, от үйлөбөй эле өткөн жуманын күнү да, түнү да чуркап жүрүп ак өпкө болдум.

Ал мындайча болду.

Аялымдын төрөтүнө жакындап калган эле. Бүгүн негедир кабак-кашын чытып, курсагын басып жатып калды.

– Эртерээк доктурга бар, – дедим тынчсызданып.

– Кете берчи жумушуңа, – деди ал да ороңдоп.

– Чын айтам, же доктур чакырайынбы? Ал унчукпастан өйдө турду да ооруканаиы көздөй жөнөдү. Жумуштан кечигип баратам. Наар ууртабастан конторго чуркадым. Аялым төрөт үйдө жатып калдыбы деген ой менен ооруканага телефон чалдым, бирок телефондон алоолоп жатып ак өпкө болдум, жооп жок, аялымдан санаам тынчыбай койду. Түшкү дем алууда үйдү көздөй чуркап бардым. Аялым доктурга барбай эле, ичин басып алып дагы эле үйдө жатыптыр.

– Эмне болду, толгоо эмес бекен? – дедим шашып кетип.

– Толгоо эмес өлүп баратсаң да карай турган эмес.

– Эмне болуп калыптыр? Деги доктур бар бекен?

– Түштөн кийин кел – деди.

– Толгоо келип калды дебейсиңби?

– Айтып жатбаймынбы сага! – деп ачуулуу кабагын бүркөп, башын жуурканга катты.

Жаш неме доктурга «толгоо келди дегенден уялып жаткан го» деп ойлонуп, чуркаган бойдон көчөгө чыктым. Кар жиреп келатсам чоң жолдо акушер-генеколог Г. Качкынтаева баратыптыр. Чуркап барып энтигип атып, анын жолунан араң тостум.

– Ой, эмне болду сага? Ак өпкө болбочу энтигип! – деди ал мага.

– Аялым төрөгөнү жатат, – дедим шашканыман.

– Түштөн кийин келсин, колум бошобой атат дебедим беле. Азыр дагы Чоң-Дөбөдөн бир чабан аял толготуп жатыптыр, ошого баратам – деп ал шашкан бойдон кетти.

«Ии, эми билдим, ак өпкө болгуча тез жардам чакыруу керек экен да», – дедим оюмдан. Андан соң конторго кайра жөнөдүм, столумдун үстүндө баягы бир кулагын далдайткан телефон турат. Бирок анын «дудук» болуп калганын билбей, трубканы кулагыма кадап алоолодум. «Дүлөй» телефон мен айткандарымды уккан да жок.

... Бүгүнкү күндүн жумуш убактысы да өтүп баратат, ал эми телефон ооз ачып да койгон жок. Үйгө энтиге чуркап бардым. Аялымдын кабагы түштөгүдөн эки эсе салаңдап калыптыр.

– Бүгүнчө чыда, кеч кирип баратат, – деп үй-оокатты жасоого кириштим. Бирок аялым чыдай албады. Кошунамдыкына чуркап бардым. Алар дүбүрөп биздин үйгө келишти.

– Эртерээк ооруканага телефон чал, – деп, кошунамдын аялы мени түртүп эшикке чыгарды. Көчө менен райондук байланыш түйүнүнө карай кар малтап чуркап келе жаттым. Универмагдын жанына келгенде кароолчу мынтыгын мага сундуруп: – Токто! Сен кимсиң? – деди. Жүрөгүм оозума келе түштү. Эсим чыкканыман эч сөз айталбастан колго түшкөн туткунча, эки колумду гана араң көтөрдүм.

– Сен кимсиң деп жатамын!? – деди кароолчу кыйкырып.

– Ме-ме-мен, – дедим.

– Мен деген ким? Эмне кылып жүрөсүң жети түндө. Сен уурусуң! Бас, милисага! – деп ал мени чындап коркутуп алды. Мен араң эсимди жыйдым да...– Жок аке, мен ууру эмесмин, аялым төрөгөнү жатат, телефонго. Кароолчу мага мынтыгын каратып ишенбей турду да: – Анда тетиги чоң жол менен кет, дүкөндүн жанына жолобо, – деди. Бошонгонума сүйүнүп, чуркап отуруп ак өпкө болгондо телефончуларга араң жеттим.

– Ооруканаңы кошуңузчу – дедим энтигип.

– Ооруканаңын телефону 3–4 күндөн бери иштебей турат деди телефонистка. Эмне үчүн? 3–4 күндөн бери оңдоп койбойсуңарбы.

– Эшиктеги кардын калыңдыгын көрбөй турасыңбы – деп терезеден барк этти. Ошентип телефондон айла болбоду. Ооруканаңын дежуркасына жүгүрүп жеттим.

– Төрөт үйү ушул жерде беле?

– Тиги корпустун башында – деди медайым. Мен ага энтигип чуркап бардым. Төрөт үйдүн коридоруна киргеним менен караңгыланган каалганын туткасын таба албай издеп жүрдүм. Бир кезде эшиктин туткасы араң колума тийди. Печканын түбүндө санитарка төшөккө оронуп жатыптыр.

– Ии, эмне мынча эңтиге жүгүрдүңүз – деди шылдыңдап.

– Дежурный врачыңыз ким?

– Мырзаева.

– Кайда?

– Үйүндө.

– Дежур болсо үйүндө эмне кылып жүрөт?

– Баласы бар.

– Анда бөлөк врачтар дежур болбойбу?

– Аны мага айтасыңбы! – деп ороңдоду.

– Төрөтө турган медайым тиги оорулуу жаш балдар жатуучу корпуста, ошондон сура.

– Мен ага да учкан куштай жетип бардым. Эшик илинүү экен, тарсылдатып койгуладым. Нары жактан каалгып медайым чыкты.

– Эмне болду? Шашылышпы? – деди.

– Шашылыш, аялым төрөгөнү жатат, – дедим.

– Алып келүүгө азыр машине бош эмес, тез жардам машинасы Кызыл Жылдыз колхозунда бир ооруган кишиге кеткен, келип калаар – деди. – Сиз анда төрөт үйүнө бара бериңиз, мен азыр барам. – Медайымдын тилин алып төрөт үйүн көздөй чуркадым. Караңгы баскан коридоруна өпкөмдү басып эс алып бир топ туруп калдым. Аңгыча эшик шарт

ачылды. Көрсө, кошунам аялы экөө, аялымдын эки жагынан жөлөп алып келип калышыптыр.

– Сокудай шоңшоюп отуруп калбай машинеси болсо айдатып барбайсыңбы? – деди кошунам мени тилдеп.

– Машине турмак дежурный врач жок экен.

– Медайым бар бекен?

– Оозуму жыйып алгыча эшиктен медсестра кыз кирип келип: – Рас келип калган тура, Сиздин аялыңызбы? – деди. Ал санитарка экөө аялымды төрөт залына алып кирип кетишти.

– Өх-хх! – деп кошунам диванга отура кетти да: – Аялың басалбай калган жерден көтөрүп чуркабадымбы.

– Телефон менен тез жардамга ак өпкө болгуча чуркабай сени эле жалдасам болмок экен – деп кошунамды тамашаладым.

– Телефону да иштебейт бекен? Анда оорукананын ооруп калганы ошол, – деп койду. Аңгыча төрөт залынан жарык дүйнөгө жаңы келген наристенин үнү угулуп, кошунам экөөбүз бири-бирибизди сүйүнчүлөштүк.

– Тобо-оо! Беш эле минут кечиккенде жолго төрөп калмак экен, – деп кошунам таң калды.

– Ошентип бул күнү чуркап да, телефонду алоолоп да жүрүп, ак өпкө болгонума карабай кызымдын үнүн угуп, бардык чарчаганым жоголуп, кайра жаңы кубат алдым. Ошондой болсо да ошол күнкү чуркаганым өмүрүмдө эсимден кетпейт. Дагы бирөөнүн аялы ушу менин аялымдай абалга туш келип калбаса, анын күйөөсү да мага окшоп ак өпкө болбосо экен, – деп тилендим да, коридордогу отургучка отура калдым.

– Ой, эми сен отурба, баланы ороп, апасы эмизген соң, азан айтып ат коюш атанын парзы. Кана, эмне деп ат коёсуң? – деп кошунанын аялы мени демиктирди. Мен ойлонуп калдым.

– Ой, аялың төрөй турган болгондон кийин эркек болсо баланча, кыз болсо түкүнчө коём деп камдап албайсыңбы – деди.

– Камдап эле жүргөм. Аңгыча медайым оролгон баланы менин колума карматты. Мен кыбыланы карап, кызымдын жытын искеп, кулагына угуза: «Ата-энеңе мээрим төккөн кыз бол, атың Мээргүл болсун» – деп бата берип, Кудайдан анын өмүрүн тилендим.

# «АЛТЫН-ЧӨЙЧӨК» ЖӨНҮНДӨ АҢЫЗ СӨЗ

*(Эссе)*

***«Менин учурумда Үч-Күбүк деген жер бар экенин билип чыккан элем. Үч-Күбүктүн бири ушул ээк астындагы ойдуң көрүнгөн жери экен го. Бул жер сузса соолбос, куйса толбос, жемиши жерден береке берген, жердеген элдин жергеси бузулбас, оболдон акыры туурдугу сыйрылбас «Алтын-Чөйчөк» деген жер экен».***

***Санчы сынчы***

... Санчы сынчы бул сыпаттоосун Жумгал Кабагы тарап-тан келе жатып, Чамынды ашуусунун белине чыкканда алаканга салынгандай болуп көрүнүп турган Тогуз-Торо өрөөнүн айткан экен. Чындыгында эле ушул «Алтын-Чөйчөк» аталган Тогуз-Торо өрөөнү борбордон алыс турганына жана жол катнашынын татаалдыгына карабастан өзүнүн кайталангыс эң кооз, тарыхый булактарга бай, кыскасы, Кыргыз Республикасынын татынакай жерлеринин бири. Анын адам сукта-нарлык жерлери эң эле көп. Бүркүт учкан бийиктигиндеги «Саймалы-Таш» тарыхый-этнографиялык эстелиги; бир кезде чер токоюнан илбирс менен жолборсу жойлоп, азыр да көз жоосун алган суусарлары ойногон, түркүн айбанаттарга бай « Каначуу» чер токою; каз-өрдөгү такай түнөк кылган көк жайык төрү бар – «Беш-Көл»; жапайы кийик, эчки-текелер, аркар менен кулжалар сыяктуу кайберендер мекен кылган «Миң-Теке», «Караңгы-Токой», «Каарман-Түз»; шаа жеткис бийик өскөн карагайлары бар «Кубат-Булак», «Чат-Карагай», «Теке-Уюк», «Каргалык», «Кууган-Төр», «Зындан» сыяктуу аймактары өрөөндүн кооздугун ого бетер арттырып, көргөн адамдын көңүлүн алып учуп дегдетип, жаратылыш тартуулаган сулуулукка бөлөп, кайра-кайра көрүүгө кумарлантат.

Эл оозунда айтылып жүргөн дагы бир жагымсыз сөз бар. Санчы сынчы Нарын суунун жээгиндеги «Туз» кенин көрүп: «Атиң, жаратылышы кооз жер болгону менен анда жашаган элдин маңдайына бүткөн шору бар экен» – деп айтканы эске түшөт.

## Эмне үчүн Тогуз-Торо деп аталып калган?

Бул жөнүндө уламыштар көп. Илгери бул аймакты калмактардын Тогуз төрөсү мекендеген экен. Ошол тогуз төрөнүн атынан «төрө» деген сөз торо болуп өзгөрүлүп кетип, Тогуз-Торо аталыптыр дешет.

Белгилүү жазуучу «Көчмөндөр кагылышы» романынын автору Качкынбай Осмоналиев «Тогуз-Торо» деген аталыштын келип чыгышы тууралуу мындай дейт: – Жарыктык Жумгалдын жерин кетмен менен бир чапкандан кийин, ар жагынан таш чыгат. Ал эми жарыктык Тогуз-Databaseгу жерден бел кырчооңо чейин казсаң да майда күл топурак чыгат экен. Ошондон уламбы, Тогуз-Торо өрөөнүндө дыйканчылык, айрыкча эгинчилик (буудай эгүү) катуу өнүккөн окшойт. Бул өрөөндүн эли кетмендеп айдаган жеринен, илгертеден эле бир нече буумдап дан (буудай) алчу экен. Мынча көп түшүмдү салып катып коёрго идиши жок, бечара дыйкандар бул үчүн ылайыктуу орун табашып, ал жерге атайын терең чуңкур (ороо) казышып, эгиндерин ошол ороолоруна куюп, үстүн бекемдеп жаап коюшчу тура. Ошентип, бул өрөөндүн эли бирден же экиден эмес, түз эле Тогуздап ороо казышчу экен. Ошондуктан бул өрөөндүн калкын, алар менен жанаша жашаган коңшу аймактардын (Жумгал, Кетмен-Төбө) элдери – Тогуз ороолуктар же Тогуз ороо эли – деп айтып жүрүшүп, бара-бара Тогуз-Торолуктар болуп аталып кетиптир деген уламыш жөнүндө көрүнүктүү жазуучу Качкынбай Осмоналиев калтырган маалымат ушундай.

Ал эми тогуз жагынан тоолор курчап (тороп) тургандыктан «Тогуз-Торо» аталып калыптыр дешет. Биздин ой-пикирибиз боюнча экинчи айтылган аныктама чындыкка кыйла жакындашат. Анткени ички Тянь-Шандын батышынан орун алган райондун аймагы түндүгүндө Молдо-Тоо, Көк-Ирим тоосу, түштүк-батышынан Фергана тоо тизмектери, түштүк-чыгышынан Ак-Шыйрак кырка тоосу курчаган (« торогон»).

Бул жерде болгон коздук менен бирге Теңирим кенчти да берген сыяктанып туюлат. Профессор А. Алдашевдин айтуусуна караганда өрөөндө үч миңден ашык өсүмдүктүн түрү бар экени болжолдонгон. Ал эми мынчалык өсүмдүк Кыргызстандагы өсүмдүктөр дүйнөсүнүн дээрлик көпчүлүк түрүн ушул өрөөндөн табууга болору белгилүү. Анын үстүнө, чокусу булут челген тоолордун капталдары төрт түлүк малга жайлуу, бетегелүү жайыттар, күнгөй менен тескейлеринде карагаттар, бөрү карагаттар, чиелер, жапайы алма, согон, тоголок согон, соорусун, ит мурун, бүлдүркөн жана башка толуп жаткан жер-жемиш өсүмдүктөрүн санаганга үлгүрө албайсың.

Кезегинде кыргыздын улуу акыны Тоголок Молдо, санжырачы Абдыкалык Чоробаев Тогуз-Торо өрөөнүндө өмүр сүрүп, анын айтып бүткүс сулуулугуна суктанып ыр берметин жаратышкан. Абдыкалык атабыздын Тогуз-Торонун байлыгын, жаратылышын, түркүн айбанаттарын, жыпар жыттуу гүлдөрүн, жер-жемишин сүрөттөп ырдаганын келтирели:

«Жер-жемиши токсон түрлүү бүрдөгөн,
Сары-Барпы сайрап турат тил менен.
Көздүн жоосун тартып алып кызыл гүл,
Чымындыгы талаасында гүлдөгөн.

Канаттуудан уста чымчык куркулдай,
Таңгаларлык уя жасайт жүн менен.
.........................................................
Фабрикадан согулгандай укмуштуу
Муунак-муунак кобулданган түр менен.

Аркар оту, бозуначы, мамыры
Ак кодолу, мумуянын тамыры.
Уулжаны, гүлкайыры буркурайт,
Жыты сонун өзүнөн да кабыгы.

Бугу, марал Үч-Зынданда, төрлөрдө,
Карагай, кайың бадалы көп черлерде.
Түрлүү, түрлүү канаттуулар үйүр алып,
Каз-өрдөгү түнөк кылган көлдөргө».

Акындын «Алтын-Чөйчөк» деп аталган бул поэмасындагы сүрөттөлгөндөрдү окуп таң калганымды айтпа.

Тогуз-Торо санжыралардын, уламыштардын мекени болгон айтылуу өрөөн аймагы. Өткөн кылымдын бир акылманы «Азыркыны жакшылап түшүнүп баалоо үчүн адам өткөндү чыныгы маанисинде көрүп билүүгө тийиш» деген экен.

Тогуз-Торо өрөөнүнүн азыркы келбетин кеп кылуудан мурда анын өткөн тарыхынан барактай кетүү да абзел. Өрөөндүн өзүнчө, башка райондон айырмаланган тарыхы бар. «Алтын-Чөйчөк» аталган ушул өрөөн жөнүндө окумуштуулардын атайын илимий эмгектери өтө аз. Кээде гана областтык, республикалык газета-журналдардын беттеринен тигил же бул темада жазылган макалаларды окуй калбасаң, Тогуз-Торону кеп кылуу кең өзөн Чүйдү, кыргыздын бермети Ысык-Көлдү, Ак алтындуу түштүктү, капкалуу Таласты айткандай эмес. Райондун аймагы анчалык деле чоң эмес, 3962 (үч миң тогуз жүз алтымыш эки) чарчы километр аянтты ээлеп, ички Тянь-Шандын батышынан орун алган. Жээгин апчыпчапчып буркан-шаркан түшүп аккан улуу Нарын дарыясы өрөөндү тең жара бөлүп, аска-зоолуу кууш капчыгайларды жарып өтүп түндүктү көздөй агып жөнөйт.Эчактан бери ак мөңгү чүмкөнгөн тоолор менен курчалып, андан чыга албай камалып калгансып Тогуз-Торо ойдуңу жатат. Ал тайыз суу нуктары менен тилмеленип, дыйканчылыкка ыңгайлуу, шаркырап аккан көк кашка өзөн суулары Нарын дарыясынын

алабына куят. Алардын эң ирилери Көк-Ирим,Көк-Арт, Атай, Аскалы, Табылгыты, Чамынды, Кара-Суу. Эң ири көлү – Беш-Көл. Ал Ак-Шыйрак кырка тоосунда. Деңиз деңгээлинен 1975 метр бийиктикте жайгашкан.Совет дооруна чейин өрөөндүн такталган географиялык картасын эч ким түзгөн эмес. Орус империясынын жер ченчилери али жетише алган эместир, Совет доорунда гана ал карталар түзүлдү. Ошондой болсо да өрөөндүн кылым каткан тарыхын жергиликтүү эл жомоктоп айтып, түгөнгүс санжыраларын ооздон оозго өткөрүп сактап келишкен.

Тогуз-Торо аймагында неолит доорунан мурун да алгачкы адамдар жашап келгендигин райондун хронологиясы аныктап турат. Айрыкча тарыхый-этнографиялык сүрөт галереясы болгон «Саймалуу таш» мамлекеттик коругу окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча андагы таштар биздин заманга чейинки 1-миң жылдыгынын 1-жарымына чейинки мезгилде жашаган уруулардын социалдык-экономика жана рухий турмушунан кабар берет. Деги Тогуз-Торонун тоолору кыргыз урууларынын солто, саруу, сарбагыш, кайдуулат, адигине, мундуз, кушчу, саяк, багыш, карабагыш сыяктуу өкүлдөрүн сырт душмандардан, атап айтканда: Чыңгыс хандын, Темирдин каардуу апаатынан сактап келгени тарых барактарынан билебиз. Буга далил катары кыргыз урууларынын көпчүлүгүнөн өкүлдөр өрөөндүн ар тарабында себеленип калганын азыр да жолуктурабыз. Саяк уруусу Тогуз-Тородо байыртадан эле мекендеп, анын бийик тоолорун тышкы чапкынчылардан чеп катары пайдаланып келген.

Кыш мезгилинде кар калың түшүп, давандын ашууларынын жолун жаап калып, чет душман келе алган эмес. Ал эми ашуулар ачылган кезде Анжиян, Ташкенттен келген соодагерлер Көк-Арт, Калдама, Үйрүм-Баш, Ообек, Чамынды аркылуу Чүй менен Ысык-Көл жана Кашкар тарапка каттап, кыскасы, Кашкар аркылуу Кытайга, Индияга, Пакистан менен Ооганстанга барууга бирден бир кыска Улуу Жибек жолу болгон.

Кантсе да сырт душмандар Тогуз-Торо жерине көз артып, андагы жашаган элдердин байлыгына кол салып, кыздарын олжолоп турганы Дүпкүр (Нарын дарыясы менен Көк-Ирим дарыясынын ортосунда) түзөңүндөгү жана Чалдывардагы (Нарын дарыясынын оң жээгиндеги бийик жардын үстү, азыр Кара-Суу айыл өкмөтү) Кокон хандыгынын чептеринин урандылары XVII– XVIII кылымдардагы кайгылуу окуялардан кабар берип тургансыйт. Ошол мезгилде Тогуз-Тородо жашаган бардык уруулар калмак, кытай, кокон хандыгына көз каранды эместиги үчүн күрөшкөндүгү санжырада белгилүү. Айрыкча Чоро Саягынан болгон Тайлак баатырдын Орказган, Бычан жайлоосун жайлап жүрүшү, Кокон хандыгынын эң ашынган баатыры Арапты ыргыта сайып, анын колун талкалап (500дөй сарбозун, кээ бир маалыматта миңдей сарбоз деп жүрөт), көпчүлүгүн колго түшүрүп ат, тон жабдыктарын олжолоп алганын өрөөндүн эли жомоктотуп айтышат. Ошентип Тайлактын агасы Атантайдын жана бешуул уруктары киндик кан тамган кичи мекени катары аймактап калышкан.

Отурукташкан элдер өздөрүнчө уруу-уруу боюнча жайгашкан. Мисалы, Арал, Атай тарабында каба, тайлак уруусу, Чет-Булак жакта базыс, Кара-Чийде карасакал, атантай, Чарабай менен Шоро тарапта көкчөгөз, чымын, өйдөчекти ж.б уруулары жайгашкан Нарын суусунун оң тарабындагы Кара-Суу, Сары-Булуң, Өрнөк, Дөдөмөл, Кайыңды, Аскаалы ж.б жерлерге бөрү, керки тамга, карабагыш, тагай, тезек уруулары орун алышкан. Алар чектелген тарабындагы жайлоолорго көчүп-конуп мал багышкан. Ошол кезде ар бир уруулардын ортосунда карама-каршылыктар, уруучулук кагылышуулар болуп турган. Көпчүлүк убакта биринин малын бири уурдап алуудан жаатташуу келип чыккан. Андан нечен адамдар каза табышкан, жарадар болушкан. Мунун баары караңгылыктан, сабатсыздыктан, түшүнбөстүктөн экендиги белгилүү.

* * *

Тарыхта белгилүү болгондой Тайлак баатыр 42 жашында 1838-жылы кокондук тыңчы табып Көракимдин дарылоосунан улам каза болот. Ал кезде улуу баласы Осмон 13 жашта болгон. Кыргыздардан чочулаган Кокон ханы жасакерленип Осмонго «Датка» наамын берген.

Осмон датка Кыргызстанга орустардын келишине кыртышы сүйбөй, орус акимдерине анчалык баш ийбей турган кезде Шабдан менен каршылашып калат. Себеби саяк уруусунун өзүнүн эле туугандарынан болгон Келдибек манап орус акимдерине Осмондун үстүнөн чагым жүргүзөт. Ошондон улам Шабдан, майор Загряженскийдин 50дөй аскердик тобу, Баяке, Келдибек, Райымбекти баш кылып, Осмонду орустарга каратуу үчүн Нарын суусунун өйүзүнө Сары-Булуңга келип чатыр тигип оргуп калышат. Жыртак-Үңкүр, Коён-Токойду маанектеген Осмонго төрт элчисин: «Унчукпай оруска карасын» – деп жиберет. Осмон аларды жакшылап конок кылат. Эки бээ берип: «Муну союп жеп турсун, мен барып кабарлашам» – деп жөнөтөт элчилерди. Осмон түнү бою 700 түтүн элин Көк-Артты ашырып, Ак жиянды көздөй көчүрөт.

Осмон кырк жигити менен түн жамынып Нарын суусун кечип, Шабдандын аскер тобун качырып, бырын-чырын чыгарат. Баякени, Келдибекти, Райымбекти, Бородот деген орус аскерин кармап, бирок Загряженскийди таппай калышат. Анткени орус майору бийик теректин башына чыгып, бекинип калат. Ошондон улам кийин да ал терек «Майыр терек» деп аталып жүрчү. Эртеси Шабдан Баякелерди бошотуп келүүгө Осмондун артынан кууп жөнөйт. Түштөсү Көк-Арттын түбүнө келип, Осмондорго жакындап калганын көрөт. Шабданды Осмон: «Оо, Шабдан, кайра кайткын» – дейт. Шабдан: «Орус аскерине багынгын» – деп кыйкырат. Осмон Шабданга каршы Бараканды чыгарат. Баракан Шабданды түтүндөй качырып кирет. Баракан арстандын сүрү менен аткан октой качырып келатканын көргөн Шабдан кайра тартып качып жөнөйт. «Аралбай» арчага келген тушта

Шабданды дал ортого саярда Баракандын аты өксүп калат. Шабдан кутулуп кетет.

Бул окуя 1868-жылы болгон дешет. Ал эми Осмон датка Кытайда 12 жылга жакын жүрүп, Тогуз-Торого өз эли, туугандары Баракан, Төрөкан, Ырыскелди баатырлар менен бирге мурдагы эле Жыртак-Үңкүр, Коён-Токой аймагында жашоо турмушун 1915-жылга чейин өткөрөт. Анын күмбөзү кезегинде «Ак-Бейит» деп аталып, мурдагы МЖСтин айыл чарба шаймандары туруучу кашатчада эле.

Өрөөндө жашагандар Республикабыздын башка аймактарындагыдай эле Октябрь революциясына чейин турмуш образы көчмөн болуп, туташ сабатсыздык, жакырчылык өкүм сүргөн. Өзөн бойлорунда, суулуу жерлерге отурукташкан кедей-кембагалдар дыйканчылык менен кесип кылышкан. Алар кетмен-күрөктүн, буурусундун, ороктун жардамы менен жерди иштетишкен. Бирок түшүм үчүн кам көрүлгөн эмес. Анча-мынча гана түшүм алышып, үй-бүлөсүн жазга чейин тамактандырууга араң жетип, үрөндүк эгини калбай калган. Аны Анжыян базарынан алышкан. Айдоо жана сугат жерлер, жайлоолор ал турсун бүтүндөй уруу эл бай-манаптардын колунда болгон. Алар өз билгениндей эгинге, малга сатышкан. Буга мына бу мисалды келтирсек болот: Октябрь революциясына чейин Тогуз-Торо өрөөнүнүн Кара-Суу, Ас-каалы, Дөдөмөл, Кайыңды, Киндиктен тарта жумгалдык бай-манаптардын карамагында болгон. Алар жергиликтүү элден жылына эки жолудан салык алып турган. Ата Мекендик согуштун ардагери, маркум Абдразаков Акбайдын айтуусу боюнча: «Ак-Талаадагы манаптын бири Куртка айылындагы Калпа ажы Жумгалдагы Мурзабек деген манаптын кызына үйлөнөт. Калпа-Ажы түмөндөп мал айдап, Мурзабектин астына түшүп барат. Ал эми Мурзабек күйөө баласын Калпа ажыны узатуу үчүн кийит камдайт. Бирок Калпа ажы кийитти кийбей коёт. Мурзабек манап «Күйөө бала бир нерседен таарынып калдыбы? Эмне деген суроосу бар болду экен. Мен анын суроосун канааттандырууга макулмун» – деп айттырат.

Анда Калпа ажы: «Кийитиңизге ыраазымын, мага Тогуз-Торо өрөөнүндөгү Нарын дарыясынын оң тарабындагы Бөрү менен Керки Тамга, Тагай менен Тезекти эле берсеңиз болду» – дейт.

«Макул, алсаң ал, тезектер кимге тең» – деп «марттык кылып» кийитке берген экен. Ал эми Абдыкалык Чоробаевдин эскерүүсүндө: «Тогуз-Торонун тоо тарабын (Фергана кырка тоосунун Тогуз-Торо тарабы) жаздан кышка чейин Андижан шаарынан келген Шакир кожо деген миллионер жергиликтүү калкты жайлоо жайыттарына ээ кылган эмес» – деп жазат.

1860–1870-жылдары орус падышасынын колониалдык жаңы саясатынын натыйжасында орус дыйкандары Фергана тоолорун ашып, Тогуз-Торого келе башташкан. Алар өрөөндө эки орус кыштагын пайда кылышат. Алгач Атайга көчүп келишип отурукташат. Ал жерге там салышат, жер айдашат, мал багышат. Беш-он жылга жетпей отурукташкан орустардын түтүнү 200гө жетип, чакан шаарча болот. Алар жерди иштетүү менен бирге акиташ, кыш бышыруучу печ (меш), темир иштетүүчү атайын устакана курушат. Мында бир айта кете турган сөз бар. Атай делип аталышына эмне себеп деген суроо туулушу мүмкүн. Бул жергиликтүү элде эки башка айтылып жүрөт. Биринчиси, «Курманбек эпосундагы » Атай деген жигитинин атынан коюлган имиш дешет. Ал эми экинчиси, ал кезде ушул түнт түшкөн өзөн токоюнун арасынан аңырлар көп учуроочу экен. Орустар аңырга ар дайым ууга чыгышчу экен. Күндөрдүн биринде бир орус таш түбүндөгү алачыкта отурган кыргыз жигитке барып: «Эй, друг, пойдем в Атайку» – дейт. Бирок ал орусчага көп түшүнө билбей: «Атайга баралыбы?» – деп кайра андан сурайт. Мына ушундан улам Атай делип аталып калган экен.

Чарбасына жемиш, жашылча, картошка, жүгөрү жана арпа, буудай айдашкан. Өрөөнгө жер иштетүү үчүн темир сокону биринчи жолу орустар алып келишкен. Жергиликтүү отурукташкан дыйкандар темир сокону ээлеринен сурап

пайдаланып турушкан. Орус элинин өкүлдөрү менен достошуп, жер иштетүүнүн ыкмаларын үйрөнүшкөн. Ушул Атайда кийин орус-туземдик мектеп, бир фельдшердик пункт болуптур. Фельдшердик пунктун башчысы С.Курилов деген орус киши болгон. Ачарчылыктан, жакырчылыктан пайда болгон кара тумоо, безгек, кургак учук сыяктуу жугуштуу ооруларды дарылап турган.

Орустардын өрөөнгө келип отурукташып калышы жергиликтүү эл үчүн социалдык жана экономикалык жактан өнүгүшүнө чоң таасир берген. Анткени алардан жер иштетүүнү, отурукташып өздөрүнчө айыл түзүүнү өздөштүрүшкөн. Кыргыздар орустардан арабанын, чанананын айрым бөлүктөрүн, үй курулушуна керектүү буюмдарды, тырмоону ж.б. өндүрүш куралдарын жасашты үйрөнүп турушкан. 1910-жылдарда азыркы «Көк-Жар» каналын жергиликтүү эл орустар менен бирге казып бүтүрүшкөн. Каналдын алгачкы аты «Казан арык» делип аталган.

Өрөөндүн түштүк тарабындагы Көк-Арт ашуусун ашып жана түштүк-чыгыш жагындагы Ак-Мойнок, Ой-Кайың ашуусун ашып биринчи жолу араба жол салынган. Ал араба жол аркылуу чыгыш тарабынан Нарын, Пржевальск, Чүй өрөөнү менен түштүк тарабынан Жалал-Абад, Ош, Ташкент менен эл катнашып байланыштарын күчөтүп соода-сатыктарын жүргүзүшкөн.

Ошол мезгилге чейин Тогуз-Торо өрөөнү өз алдынча бөлүнүп, болуштук бийлик болгондугу жөнүндө так малымат жок. Кээ маалыматка караганда Ак-Талаа тараптагы Чоро саяк болуштугунун карамагына карагандыгы айтылат. Кийин өрөөндүн айрым тың чыкмалары өз алдынча болуштукту түзүүгө аракеттене баштаган. Бул 1912–15-жылдар болуш керек. Анткени өрөөндө өз элинен чыккан Исраил, Насырынбек болуштары жөнүндө гана аңыз сөз бар. Ал эми тарыхта белгилүү болгондой Ак-Талаадагы «Чоро» (Касымбек) болуштугу менен Каргалык, Атай Көк-Ирим жана Мынакелди (Кош-Дөбө) аймактары кошулганы, Нарын суусунун оң

тарабындагы Карамырза, Сары-Булуң, Аскаалы, Дөдөмөл тарап Жумгал тарапка караганы белгилүү. Мындан Касымбек болуштун ырчысы айтылуу Тоголок Молдо:

«О-у, жардыкка көңүл бөлгүлө!
Касымбектин үстүнө,
Мыктылар бүгүн келгиле!
Каба, Тезек, Тагайлар
Баарыңар бүтүн келгиле.
..............................
Барыңарды чакырат.

Тогуз-Торонун өйүз-бүйүзү жалпы Чоро болуштугунун карамагында экендиги белгилүү. Бирок ушул Чоро болушунан бөлүнүп Алабуга дарыясынан бери карай Каргалык, Атай, Көк-Ирим аймактары өзүнчө болуштук аймак болгондугу жөнүндө сөз бар. Анын болуштугуна Исраил (Тайлак уулу), Насырынбек (Атантай уулу) шайланганы анык. Бирок Исраилден кийин болуштукту Насырынбек алып, анын болуштугун Касымбектин баласы Султангазы тартып алгандыгы жөнүндө эл оозунда айтылып жүрөт. Султангазы көп жылы Чоро болуштугун башкарып жүрүп, Тогуз-Торого келип, Атайда 2 жылга жакын жашайт. Бул 1915–16-жылдарга таандык. Анткени Каба элинин манабы Кенже бий менен (Карбоздун кичүү уулу) Султангазынын мелдеши жана алардын кудалашканы айтылып жүрөт. Бирок бул болуштукка Атайдагы, Чайкадагы келгин орустар тигил же бул болуштукка моюн сунган эмес. Анткени орус өкмөтү орус «мужиктерине» жер ээлеп алууга өзгөчө артыкчылыкты, женилдиктерди берген. Алар өрөөнгө келээри менен дыйканчылыктуу, кыртыштуу жерлерди өз билгениндей ээлеп алышкан. Кыргыздардын көпчүлүгү тоо таянып, мал менен күн көрүшкөн. Эгер алардын малы орустардын огородуна түшсө барымталап байлап алып же атып таштаганга чейин барган. Андайлардын бири – Атайга отурукташкан орустардын атаманы

А.Катнусов. Ал жергиликтүү кыргыздардан да «Жигит» (солдат) кармаган. Алардын катарында Ажыбек, Муса, Ажыманбет, Арпачы, Кадыркул, Жөргөлөк дегендер болгон. Аларды кылыч, барданке менен куралдандырган. Ошентип кыргыз менен орус элдеринин өкүлдөрүнүн биргелешүүсү мына ушул жерден да даана көрүнөт. Ошондой эле жергиликтүү эл орусча үйрөнүүгө абдан ынтызарланган. Мисалы, Миңбаев Рыспай (кийин ал участкалык милиционер) «Кызыл чок» болгон. 4–5 жыл сары Ивандын үйүндө жумушун жасап, орогун оруп, эгинин ташып, малын багып, отунун алып жүрүп орус тилин үйрөнгөн. Ал жергиликтүү карапайым эл менен келген орустарга тилмеч болуп, өз ара алака байланышты күчөтүп турган. Деги эле орус тилин үйрөнүүгө, кат сабатын жоюп, билим алууга ынтызарлар көбөйгөн. Алардын айрымдары (албетте бай-манаптын балдары) Алматыга, Ташкентке жиберилип окуп турушкан. Азыр да жергиликтүү элде төмөндөгүчө тамаша сөз айтылып жүрөт. Ошол кезде Каба уурусунан Саке деген бий болгон. Ал бир тууган иниси Маленди орусча окуп, билим алып, маданияттуу адам болууга Алма-Атага жиберген. Ага атын токуп ар кандай жумушун жасап берүүгө (жанжөкөрлүккө) Кайын деген жигитти кошуп берген. Кайын зээндүү келип, орус тилин бат үйрөнөт. Ал эми Мален болсо орус тилин үйрөнмөк турсун Казак тилин да жакшылыктуу биле албай эки жылдан кийин жерине келет. Акеси Саке бий: – Кана, иним, орусча тилди жакшы эле үйрөнгөндүрсүң. Буудай дегенди эмне дейт экен орусча? – деп сураса, анда Мален: – Буудайды «бубдай» дейт экен.

– А, булактычы?

– Булакты «Кайнар» дейт орусча – деп айткан экен.

*(Абдразак уулу Акбайдан жазылып алынды).*

* * *

Атайдагы, Чайкадагы отурукташып, шаар тибиндеги кыштакты пайда кылган орустар эмне үчүн азыр жок? деген суроо туулушу мүмкүн. Аны ошол кездеги тарыхый окуялар

менен байланыштырууга болот. 1914–1916-жылдардагы биринчи дүйнөлүк империалисттик согуштун кыяматы Тогуз-Торо өрөөнүнө да келип жеткен. 1916-жылдын 25-июнунда Орусия падышасынын кыргыз, казак эли үчүн 19 жаштан 31 жашка чейинки эр-азамат жигиттер кан майдандын кара жумушуна милдеттүү түрдө алынсын деген буйругу келген.

Кыргыздын бийлөөчүлөрү аскерге жөнөтүш үчүн жалаң кедейлерди жана алардын балдарын тизмелеп, ал эми бай-манаптын өкүлдөрүн калкалап калышкан. Ошондуктан карапайым кыргыздар жергиликтүү бийлик ээлерине жана падышачыл колониячыларга баш ийбей өкмөттүк чараларга каршы көтөрүлүшкө чыгышканы белгилүү. Көтөрүлүш 1916-жылдын июль айынын башында Кыргызстандын түштүгүндө чыгып, тез эле башка аймактарга жайылган. Ал Тогуз-Торо өрөөнүнө да келип жеткен. Анткени ошол кездеги тагай, бөрү, керкитамга, карабагыш урууларынын башчысы Курманкожо уулу Чолук өрөөндүн ички саясатын да, тышкы байланышын да илгиртпей билип турган кыраакы адам болгон. Ал Жумгал, Нарын аркылуу Жети-Суу чөлкөмүндөгү, түштүктөгү окуялардын тутанып баратканын билип турган. Чолук Жумгалдан, Нарындан жана Тогуз-Тородон кол курап, жарак-жабдык даярдашып, Чайка менен Атайдагы келгин орустарга каршы август айынын баш ченинде «жортуулга» түн жамынып чыгышат. Уйку койнундагы айылдын тынчын кетирип үйлөрүн өрттөп, эркектерин байлап сабашып, кээлерин өлтүрүшкөн. Малдарын, эгинин тартып алышкан. Буга туруштук бере албаган орустар даван ашып түштүккө Жалал-Абад, Анжиянга, кээлери Нарын тарапка качышкан. Качкындардын арасында атаман Катнусов Ферганага келип, губернаторго болгон ишти айтып берген. Ошол замат губернатор Ферганадан жазалоочу отряддарды жиберген. Алар арабага мылтык, пулемет, ок-дары жүктөп, Көк-Арт ашуусун ашып Тогуз-Торого келишет. Куралданган отряд Ак-Бейиткe келип (Осмон датканын күмбөзүнүн жанына) жайгашат. Эки гектардай келген жерге Казарма курушат. Узатасынан

салынган төрт чоң тамга солдаттар жатышкан. Ошентип Казарманда эки айга жакын болушкандан кийин Чолуктун колуна каршы кол салышат. Чолук болсо 90 мергенчини мителүү мылтыгы менен суу бойлото Аскаалыдан баштап Манастын оозуна чейин (Нарын менен Көк-Ирим дарыяларынын кошулушкан жери) ар биринин аралыгын 200–250 метр жерге койгон. Өзү болсо Чалдыбардагы Сепилге жүздөн ашык колу менен калып, кашаттан орус солдаттарынын кыймылын карап турган.

Орус отряды чечкиндүү согушту жүргүзүшүп Казармадан Чалдыбар Сепилине ок жаадыра баштайт да, солдаттары Нарын дарыясын сүзүп өйүзгө чыгып начар куралданган Чолуктун колун талкалап, Чалдыбар Сепилин ээлеп алышат. Чолуктун жигиттери Чаткарагайды, Чамындыны, Карагөөнү ашып бириндеп качышат. Ал эми Чолук өзү үй-бүлөсү менен Карагөөнү ашып, Ат-Башыга барып, андан Кашкарга кире качат. Чолук Кытайдан 1918-жылы айылына келет. Бирок ошол эле жылы күзүндө кармалып, Нарында 1919-жылы атылган.

Орус отряды Чолуктун колун жеңгенден кийин да бир айдан ашык Казармада болушкан. Анткени Чолуктун колу куралып кайра экинчи жолу кол салат деп ойлошкон. Алар жергиликтүү элге солдаттарды азык-түлүк менен камсыз кылууга салык салышкан.

Падышанын жазалоочу отряды ашууну кар басып калганга чейин Көк-Артты ашып кетишет. Мына ошол солдаттардын казармасы кийин «Казарман» деп аталып калат. Ал кезде бул аймакта бир да там болгон эмес, шыбак, чий каптаган ойдуң болгон. Ойдуңдун төш жагында камыштуу көлдө өрдөк, каз кетчү эмес экен.

Күз айларына жакын Жумгал болуштугуна караган Карамырза, Сары-Булуң, Аскаалы, Дөдөмөл, Кош-Булак тараптагы карапайым эл арасынан падышалык Россиянын армиясына кызмат кылууга эр азаматтарды ала баштайт. Биринчи дүйнөлүк согуштун эпкинине туш болгон Тогуз-Торо өрөөнүнүн 40тан ашык жигиттери батышка жөнөгөн. Алардын арасында

Кыдыргыч, Абдымамбет, Илияз, Молдобай, Кыдыр, Көчөрбай, Молдалы жана башкалар болгон. Бул согуштун катышуучуларынын бири маркум Миңбай уулу Абдымамбеттин өмүр таржымалы менен тааныштыра кетейин.

**Миңбаев Абдымамбет** 1888-(чычкан) жылы туулган. 1916-жылы (балык жылы) Абдымамбет чогуу барган жердештеринен бөлүнүп, падышалык Россиянын армиясынын катарына алынат. Украина жергесинде Врангелдин атчандар эскадронунда кызмат өтөгөн. Бирок падышалык Россия кулагандан кийин 1918-жылдын жаз айларында Воронеж шаарынын жанында Кызыл Армиянын катарына өтүп, Буденныйдын атчандар эскадронунда катардагы жоокер болгон.

1918–1919-жылдары түндүк Кавказды жана Украинаны ак гвардиячылардан бошотууга катышкан. 1920-жылдын күз айларында падышалык Россиянын адмиралы Врангелге каршы, М.В.Фрунзенин командачылыгы астында Крымды бошотууга катышкан. «Аттарга чегилген араба менен замбирек, пулеметторду сүйрөтүп, Сиваш көлүн кечип өтүп, актардын коргонуусун талкалап, ноябрь айынын аягында Крымды толук бошоттук» – деп атамдын 1970-жылдары айтканы эске түшөт дейт уулу Акан.

1922-жылы Украинанын Харковь шаарынан Кызыл Армиянын катарынан бошотулуп, революциялык комитеттин жолдомосунун негизинде өз жерине жөнөтүлөт. Алгач Казакстандын Кызыл-Ордосундагы Арыз темир жолуна келип, андан араба менен бир жума жол жүрүп, Пишпекке келет. Тогуз-Торого келгенден кийин, колхоз курулушуна активдүү катышып, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин «Ардак грамотасы» менен 1951-жылы сыйланган.

А.Миңбаев 1977-жылдын май айында 89 жашында Казарман айылында дүйнөдөн кайткан. Бул мезгилде элдин турмуш деңгээли өсүп-өнүгүп калганы менен маркумдун элеси түшүрүлгөн бир да сүрөтүн таппадык.



Ал эми граждандык согуштун катышуучусу 92 жаштагы маркум **Калчабай уулу Көчөрбай** карыянын өз оозунан 1982-жылы жазып алганым төмөндөгүчө:– 1916-жылдын күз айлары эле. Падышанын армиясына кызмат өтөө үчүн Жусупбек Чыны уулу, Миңбай уулу Абдымамбет, Нияз уулу Молдобай, мен болуп жети күн дегенде жөө-жалаңдап Пишпекке жеттик. Бул жерден бизди поездге салды. Он беш күндөн ашык жол жүргөндөн кийин Украинанын Харьков шаарына алып келип таштады. Мына ушул жерден бизди ар тарапка бөлүп алып кетишти. Мен Киевге чейин бардым. Эки жылы катары менен окоп казып, карагайлардан жер там (блиндаждарды) салып жүрдүк. Элди ачарчылык баскан, күн суук.

Кат билбегендиктен тогуз-торолук жолдошторумдун кайда экендигин биле албадым. Караңгылыгымдан биз ким үчүн согушуп, кимдин таламын талашып жатканымды билген эмесмин. Көрсө, бизди жергиликтүү бай-манаптар өздөрүнүн балдарынын ордуна жибериптир. Ак падышанын кулаганын, Кеңеш өкмөтү орногонун, кедей-кембагалдын таламын талашкан Лениндин атын Харьков багытында окоп казып жүрүп уктум.

«Жаңы өкмөт согушту токтотуу жөнүндө Германия менен сүйлөшүп жатыптыр» – деп угуп калдык. Көп узабай эле бир күнү командирим мени чакырып алып кара куйрук карматты (Ал кезде 5–10 кишиден бириктирип туруп үйүнө кетире турган солдаттарга кара куйрук карматчу). Менин багыма жараша номери 5-кагазды кармап калыптырмын. Ал кагаз бошотуу кагазы экен.

Мен Тогуз-Торого келсем жергиликтүү бай-манаптар дале күчүндө экен. Жердин баарын ээлеп алышыптыр. Мага эгин айдап, чөп чаап алууга Супатай, Базарбай деген байлар жер бербей коюшту. Бир күнү Кочкордо уезддик чогулуш боло

турганын угуп Атамкул уулу Молдобай деген жигит экөөбүз адилеттикке жөнөп калдык. Жолдо ачка келатып бир баштык талкан таап алдык: «Ишибиз оңолот экен» – деп аябай сүйүндүк. Бир жума дегенде Кочкордун Акбыштынын сазындагы «Шыпшан-Кайың» деп аталган айылдагы Кеңеш өкмөтүнүн өкүлүнө келдик. Катар-катар боз үйлөр тигилген экен. Бизди Арабаев деген адам кабыл алды. Ага биз Тогуз-Тородогу абалды айтып бердик. Ал киши бизди алыс жол басып, чарчап-чаалыгып келгенибизди билип, 10 күн эс алдырды. Андан кийин Ырсалы Ногоев деген адамды баш кылып, 5 адам менен Аскаалыга келдик. Ырсалы Ногоев жерди кембагалдарга бөлүп берип Супатай, Базарбай деген бай-манаптарды кармап Нарынга алып кеткен. Ошондо мен төмөндөгүчө ыр чыгарганмын:

*«Бай кайдасың? Малыңды ортого сал,*
*Ыңкылаптын сөзүнөн ибарат ал.*
*Бий кайдасың? Ишиңди акка жүргүз,*
*Жүрөктөгү караңды сүртүп салып*
*Коммунистке жайыңды анык билгиз»* .

Падыша өкмөтүнүн армиясына алынган эр азаматтар жөнүндө сөз болгондо Тогуз-Торо өрөөнүнөн канча адам кеткени жөнүндө так маалымат жок. Кээ бирөө айтат 150дөй жигиттер кеткен десе, кээлери 50го жакын дешет. Дагы бир айта кетчү сөз: Биринчи дүйнөлүк согушка өрөөндүн күңгөй тарабындагы азыркы Кара-Суу, Сары-Булуң, Аскаалы, Дөдөмөл, Кайыңды тараптагы элден гана армияга алса керек. Ал эми Каргалык, Атай, Көк-Ирим тараптан падышалык Россиянын армиясына жөнөгөн эч кимди уга албадым жана таппадым.

Ошентип, Көчөрбай карыя айткандай Октябрь ыңкылабы өрөөндө да өкүмүн сүрүп, байлар малын ортого салып, жер реформасы жүргүзүлө баштайт. Бирок социализмдин курулушу басмачыларга каршы күрөшүү, кулактарды тап

катары жоюу, айыл чарбасын коллективдештирүү сыяктуу иштер өрөөндө өтө татаал шарттарда жүргүзүлгөн. Мына ушундай оор мезгилде кедей-кембагалдардын мүдөөсүн көздөгөн Кеңеш өкмөтү өлкөбүздүн башка жерлериндегидей эле Тогуз-Торо өрөөнүндөгү эмгекчилердин кат-сабатсыздыгын жоюуга, алардын экономикалык жана маданий жактан өнүгүшүнө айрыкча көңүл бөлүп турган.

1921–1922-жылдарда Ор-Казган жайлоосунда элдин сабатсыздыгын жоюу боюнча мектеп ачылып, анын мугалими Ат-Башыдан келген Мадыбай Байчериков болгон. Атайда биринчи баскычтагы мектеп жана анын алдында интернат, ошондой эле медпункт алгачкы жолу пайда болгон. Ошентип, өрөөнгө Совет бийлигинин биринчи кирпичтери коюла баштаган. Мына ушул өрөөндө Совет бийлигинин орношуна өз өмүрлөрүн аны менен тыгыз байланыштырган легендарлуу адамдар ондоп саналат. Алардын катарында Кармышбеков Рыскул, Найманов Раманкул, Орозов Чоду, Калча уулу Көчөрбай, Миңбаев Рыспай, Макеев Мааданбек ж.б. кошууга болот. Булардын ар биринин өмүр жолу «Алтын-Чөйчөктө» Совет бийлигинин пайдубалынын түптөлүшүнөн баштап, анын өнүгүү жолундагы тарыхый окуялар менен тыгыз байланышкан.

* * *

Басмачы темасына кайрылып чыгарма жазган калемдештеримдин эч кимисин айыптап доомат коё албайм. Ырас, өзү жашаган доордогу саясий кырдаалдан көп эле жазуучу сырткары кала албайт. Андан калса биздин доор өтө кандуу болду. Далай эр азаматтардын башы кетти. Ал кездеги чыгармачыл адамдарга партиялык идеология кысым көрсөткөн. Деги эле учурунда революциялык идея, идеология үчүн өмүрүн кыйган аталар жөнүндө биле жүрүшүбүз абзел. Анткени ошол идеологиянын артында нечен тагдырлар жатат. Чынында, баарыбыз өз кезегинде ошол идеологиянын кулу болгонбуз. Доордун агымы өзгөргөн сайын эле туш-тушка чарпыла бербей колдогу фактыларды сактай билели.

Керектүүсүн мезгил өзү иргеп алар. Ошол мезгилдеги басмачыларга каршы күрөшкөн ондогон аталардын катарындагы **Мамбетаалы уулу Эмилбек** (1895–1979) карыянын айткандарына кулак төшөп көрөлү.



«1918–1919-жылдары жергиликтүү бай-манаптар басмачылык топторду түзүшкөн. Алар Кеңеш өкмөтүнө колдорунан келишинче тоскоолдук келтирип, айыл активдерин мыкаачылык менен өлтүрүшүп, кыз-келиндерди алып кетишип, элдин тынчын буза баштаашты. Түштүктөн куугунтук жеген басмачылар ашуу аркылуу Тогуз-Торо өрөөнүнө келишип, элди бүлүндүрүп, талоончулукка өтүштү.

Жүрөк титиреткен бир окуяны уккам, бирок али күнгө чейин эсимден кетпейт. 1919-жылдын жай айы. Тогуз-Торо өрөөнүнүн Көк-Ирим, Атай тарабындагы элдер Күрөбөс жайлоосуна көчүп барып калышкан. Эч нерседен шеги жок эл жай баракат малын багып, козу-улагын байлап, желеде бээси барлары кулундарын агытып жаткан мезгил болучу. Аңгыча эле жалоондой аттарды минишкен он-он бештей адам бейкапар жаткан айылдын тымтыракайын чыгарышты. Октолуу мылтыктарды сундурушуп, «кыймылдасаңар атып салабыз, былк этпегиле!» дешип, мылтыкчан төрт адамын коюп коюшту да калгандары жылкыларды айдашып, сабадагы кымыздарды, ун-талкандарды аттарына артышып, ал гана эмес үй-оокаттарынан өйдө алышып жолго түшүштү. Мурдараак Кетмен-Төбөгө барып келип жүргөндөр булар Каратал болуш корбашылык кылган басмачылардын тобу экендигин билип калышты.

Бул окуядан кийин Тогуз-Тородогу элдин ого бетер тынчы кете баштады. Коммунисттер жана комсомол жаштардан басмачыларга каршы күрөшүү үчүн 1920-жылы атайын ыктыярдуу отряд түзүлдү. Анын командири Бекжан Бердибеков болуп, бул отряддын ичинде Чоду Абылов, Атакул Конушбаев,

Калыгул Дүйшеев, Рыспай Миңбаев, Чыныбек Жусубалиев, Кашкар Жээнбаев, Мааданбек Макеев сыяктуу эр азаматтар бар эле. Басмачылардын мындай жырткычтыгы, ырайымсыздыгы менин да кыжырымды келтирди. Ошондуктан мен дагы ыктыярдуу отряддын мүчөлүгүнө жазылдым. Ошол кезде басмачыларды жок кылууга бүткүл өрөөндөгү кедей-кембагалдар көтөрүлүп чыгышты. Ыктыярдуу отряд түзүлүп жаткан алгачкы учурда жоокерчиликке жалаң гана мергенчилерди тандап алышты. Бирок көп убакыт өтпөй эле отрядга кошулгандардын саны көбөйүп кетти. Аларда курал-жарак жетишсиз эле. «Биз мынтык жетишпесе деле союл менен болсо да согушабыз, басмачыларды жок кылууга катышабыз» – деп жооп беришти. Анткени басмачылар элди бүлүндүрүп, чаап-тоноп, жек көрүнчү болуп калышкан. Кийинчерээк ыктыярдуу отрядга дайыма карапайым эмгекчил элден: «Басмачылар тигил айылга келишиптир, бул тоодо жашырынып жатышыптыр, эртең бул жакка келет экен» деген сыяктуу билдирүүлөр үзбөй угулуп турду.

1920-жылдын кеч күзү. Боз кыроо түшүп калган учур. Нарындагы өзгөчө бөлүмдөн Калпаков деген адам келди. Отряддын командири Бекжан Бердибеков мени чакыртыптыр. Бөлмөгө кирдим. Командир менен Калпаков экөө отуруптур. Мага жооптуу тапшырма бериле тургандыгын Бекжан айтып түшүндүрдү да: «Аткара аласыңбы?» – деп сурап калды. «Аткарам!» – дедим, жоокердик тартип боюнча какая туруп. Анан ал чөнтөгүнөн кат алып чыгып командир экөөлөп жатып кемселимдин ийнине жик билгизбей тигип беришти да: «Ушул катты Кетмен-Төбөдөгү кызыл аскерлердин командирине жеткиресиң. Ал кайра сага жооп жазып берет. Аны бизге алып келесиң, жаныңа ишенимдүү киши кошуп ал. Баратканда, кайра келе жатканда жолдо катар ал жердеги элдин кимди жактап, кимге каршы экендигине, Совет бийлигин кандай көз караште тосуп алып жаткандыгына көз салгыла. Кана эмесе, жоокер Мамбеталиев, убакыт тар жөнөгүлө» – деп бизди узатты.

Жээнкул Темиркулов деген жоокер экөөбүз таңга маал жолго чыктык. Басмачыларга жолугуп калсак жолоочулап келе жаткан соодагерлерденбиз деп айтууга макулдаштык. Күн сууктап, тоолордун башы карлап калган учур эле. Кечке чейин жол жүрүп Шатыны, Жоон-Теректи ашып, Кетмен-Төбөнүн Коңур-Өгүз кыштагына жетип бардык. Барган жерибиз тынч эмес экен. Анткени биз барган кыштактын ары жагындагы Ак-Жар деген жерде Долон-Ажы, Акунжан, Баатырбек, Каратал, Болуш сыяктуу корбашылар жыйын куруп жатышыптыр. Жээнкул экөөбүз ушул жерге жатып эс алууну ойлодук. Бирок басмачыларга эч шек билгизген жокпуз. Аңгыча эле: «Кызыл аскерлер келе жатышат» – деп калышты. Көрсө, бизден мурда ыктыярдуулардын отрядына «басмачылар чогулуп жатат» деген кабар жетип, ал гана эмес жыйын куруп жаткан үй да көрсөтүлүптүр. Бир убакта тарсылдап мылтыктар, пулемёттор атыла баштады. Басмачылар көп жоготууга учурап калды. Ошентсе да күн кечтеп калгандыктан бир тобу качып кутулуп кетишти.

Отряд жайланышкандан кийин командирге бардым. Командир отуз бештер чамасындагы узун бойлуу, кызыл чийкил орус жигит экен. Ийнимдеги тигишти сөгүп, баягы катты алып бердим. Катты өзүнчө окуду да өрттөп салды. Анан ага жооп жазгандай болду. Жазган катын менин атымдын тердигинин ичмегинин ортосуна тиктирди.

– Эми сен эч жакка кайрылбай отряддарга тез жетүүгө аракеттенгин. Анан мындан кийин жашыруун катты кийимдерге катпай жүргүлө. Эгер колго түшүп калсаңар кийимиңерди тинтип карайт. Ал эми минген атыңарды карабай калышы мүмкүн, – деп бизди жөнөттү. Жолдо катар учурашкан эл менен бир топ маалымат жыйнадык. Андагы эл оозунан Кетмен-Төбөдөгү басмачылардын бир тобу Жоон-Теректе кыштай тургандыгын уктук.

Отрядга кайтып келип, катты командириме тапшырдым. Жолдо көргөн-билгендерибизди толугу менен Калпаковго айтып бердик. Бара-бара басмачыларды жалаң куралдын күчү

менен жоготуш кыйын болуп калды. Анткени аларды бай-манаптардын калдыктары: «Жеке чарбада өз оокаттарыбызды жасап жүрөбүз» дешип, ал эми чындыгында ыктыярдуу отряддардын санын кайсы жерде турушканын, айыл-кыштактарда кимдер коммунист, ким комсомол экендигин тынымсыз басмачыларга билдирип турушкандар да болду. Ошолордун жардамы менен басмачылар түн жамынып келишип, кээ бир айыл активдерин, коммунисттерди, комсомол жаштарды өлтүрүп кеткен учурлары болгон. Ошондуктан басмачыларды жок кылуу үчүн айрым учурларда күрөштүн башка ыкмаларын колдонууга туура келди.

1921-жылдын январь айында ытыярдуу отрядда, Жоон-Теректеги кыштап жаткан басмачыладын тобун колго түшүрүүнүн планы иштелип чыгылган. Ал мындайча эле: Ак-Талаадагы Касымбек болуштун жалгыз уулу Болотакун да ыктыярдуу отрядга келип кошулган. Жоон-Теректеги басмачылар Болотакунду жакшы таанышчу. Бирок анын Кызыл Аскерге кызмат өтөп жүргөнүн билишчү эмес. Биз мына ушул жагдайды пайдаланууну чечтик. Командир Бекжан Бердибеков Болотакунду кошуп 30 жоокерди өзүнчө отрядга бөлүп, катарга тизди да:

«Мени алар таанып коюшу мүмкүн, ошондуктан Эмилбек сен буларга командир болуп бергин» – деди. Ошентип Арал кыштагынан кыштын кычыраган суугунда, таңга маал аттанып Жоон-Теректи көздөй жөнөдүк. Таң атып, күндүн нуру тоонун башына чачырай бергенде Шатынын белине жеттик. Акыры Жоон-Теректин капчыгайына кеч күүгүмдө, кирпигибизден тартса жыгылчудай болуп араң жеттик. Басмачылар бизден чочушуп күбүр-шыбыр болушуп, бири-бирине кабарлай башташты.

– Бизден чочулабай эле койгула, өзүбүз эптеп жан соогалап келдик. «Биздин корбашыбыз атактуу Касымбек болуштун уулу Болотакун» – дедим ....

Аңгыча Болотакун менен бир топ жигиттер учурашып келип калышты. Айтор, тааныш кишидей эле болушту, кой

союлуп, тамагын ичишти. Басмачылар болсо камырабай отурушту. Алар «төртүнчүлөрдүн сазайын колуна беребиз» дешип, көнүлдүү отурушту. Бир аздан кийин биздин отряддан бөлүнгөн балдар басмачылардын куралдарын бүт бойдон жыйнап келишти.

Ошентип, бул жолу 20 басмачынын бирин да тышка чыгарбай колго түшүрдүк. Эртеси аларды штабга тапшырдык. Баарыбызды отряддын атынан алкыш жарыялады…

Ооба, бул карыянын өз башынан өткөргөн турмуштук эпизоду. Анткени бул адамдын жаштык кези кыл чайнашкан, нары катаал да, нары сыймыктуу да мезгилге туура келген. Ал өз кезинде алдыңкылардын катарында жүрүп, совет бийлигин тоолуу районубузга орнотууда опол-тоодой эмгек сиңирген. Эмилбек карыя орус революционери, Жалал-Абаддын МВДсынын начальниги В.А. Маргайтес менен бир туугандай мамиледе болгонун элибиз жакшы билет. Кийинчерээк 1936–37-жылдары Эмилбек Мамбеталиев курулуш бригадирин уюштуруп, жаңы курулуп жаткан райондун борбору Казармандагы бир топ имараттарды курууга катышкан.

Өрөөндө Совет бийлигин орнотууга, айыл чарба артелдерин түзүүгө зор эмгек сиңирген **Раманкул Найманов** карыя өмүрүнүн акырында партиянын Тогуз-Торо райондук комитетине өзүнүн өмүр жолу жөнүндө жазып калтырган эскерүүсү ушул макалага эң сонун факт болду.



Раманкул карыя 1922-жылы 18-мартта Жети-Суу областындагы Атай айылында «Союз кошчу» уюмуна секретарь болуп эмгек жолун баштаган. Ошол жылдын 3-июнунда Алматыдагы Жети-Суу областы боюнча Союз кошчу жана жаштар уюмунун биринчи съездине делегат болуп Чоро болушунан 10 адам, анын ичинен Тогуз-Тородон Байымбет уулу Эсеналы, Табалдиев Ниязалы, Найманов Раманкул

болуп барышкан. Ошондо ал Алматыдагы чоң суу ташкынына да кабылган. Бул съездде делегаттардын алдына эл турмушун оңдоо, кооперативдештирүү, бытыранды элди бир жерге топтоо, айылдарды түзүү маселелери коюлган.

«1922-жылдын август айы эле, – деп эскерет Раманкул карыя, – Ор-Казган өрөөнүнүн Макмал жайлоосунда сельрабкомго тигилген Кызыл үйлөр жана контора бар болчу. Биз боз үйдүн эшигин түрүп коюп алдыдагы маселелер жөнүндө сүйлөшүп жатканбыз. Анда Нарын кантонунан келишкен Шерматов деген милиция жана Нарын кантонунун аткаруу комитетинин аялдар Советинен келген Бошкоева Калима, Атай селькомсоветинин аялдар Советинин башчысы Абдрахманова Турсунбүбү (Тоголок Молдонун аялы болгон) бар эле. Бир кезде айыл ичи ызы-чуу болуп калды. Көрсө, Жалал-Абад тараптан келген Үсөнбай, Дыйкан, Сайранбай, Дали деген басмачылар келип, айылды тегеректеп алышыптыр. Капысынан келген душмандан эч жакка кача алганыбыз жок. Басмачылар баарыбызды кармап, миллиционерлерди атып салышты. Калганыбызды буту-колубузду таңып, жайдак бээге мингизип алып кетишти. Бир топ жол жүрөндөн кийин басмачылар мени жана Бектурду колу-бутубузду таңган боюнча таштап коюшту. Бошкоева менен Абдрахманованы алып кетишип, кийин коё беришиптир» – деп эскертет Раманкул карыя.

1920-жылдан баштап өрөөндө волосттук аткаруу комитети түзүлүп, партиялык уюм уюшула баштаганын, алгач анын катарына 35–40тай адам өткөнүн, алардын ичинде Молдокеев Сөлпү, Тилекматов Миңбай, Койчиев Ташмат, Кармышбеков Рыскул, Кенесариев Акмат, Конушбаев Атакул, Абылов Чоду, Турдукожо, Молдожусуп ж.б. партиянын мүчөлүгүнө өтүшкөн. Биринчи эле партячейканын катчысы Нарындан келген Сулайманов Абышка болгон.

Совет өкмөтүнүн бийлиги орногон ушул жылда селолук Совет уюшулуп, анын төрагасы алгач кош-дөбөлүк Карыбеков Кожо, секретары Миңбаев Рыспай болгон. Андан кийин өрөөнүбүз Нарын кантонуна караганга чейин селолук

Советтин төрагалары Разабаев Мурзалы, андан кийин Дулатов Өмүрбек, ал эми 1922-жылдын акырында Кененсариев Акмат шайланышкан. Бирок 1923-жылдын аяк ченинен баштап өрөөндө бай-манаптардын таасири кайра күчөй баштаган. Нарындык башкаруучуларды жолотпой коюшту. Өрөөн үч-төрт жыл манаптардын башкаруусунда калган. Андагы манаптардын өкүлдөрү Эмилбек, Ташманбет, Тилеш, Ыбрайым эле. Өрөөндө Советтик бийлик да, партиялык иш да токтоп, партиянын катарына бир да мүчө кабыл алынган эмес. Тогуз-Торо 1926-жылы Жалал-Абад кантонунун курамына киргенден кийин сельсоветтин председатели Макеев Мааданбек, секретары Матаев Кыдыр болгон.

Өрөөндө элдин сабатсыздыгын жоюу, жаштарга билим берүү, чачыранды элди бир жерге отурукташтыруу, менчикти коомдоштуруу сыяктуу иштер бир топ кыйынчылыктар менен ишке ашкан.



…-«Менин жана менин замандаштарымдын (классташтарымдын) өмүрүндөгү эң б ıр кубанычтуу учур 1926-жылдагы Чет-Булакта Советтик мектептин ачылышы болду, – деп айтчу маркум **Кожалиев Турганбай** аке. – Ага 40тан ашык окуучу тартылдык. Жалал-Абаддан келген Үмөтов Маат деген мугалим араб тамгасын окутту. Ал бир жыл окуткандан кийин Жалал-Абадга кетип баратып жолдон басмачылардын колунан каза болгонун кийин билдик. Ал эми кийинки окуу жылында Чет-Булак кыштагында Султаналынын тамында эки жыл окуу болгон. Аны Бактияров деген түштүктөн келген татар мугалим латын тамгасын окуткан. Мектептин үстү камыш менен шыйпандалган 2 бөлмөлүү там эле. Ага келген балдарды эки класска бөлүп окутту. Мугалим бизге сабак берү менен бирге элдин турмушундагы өзгөрүүлөр, эл аралык абалдар боюнча

атайын айтып берээр эле. Ушул мектепте окуп жүрүп Ленин комсомолунун мүчөлүгүнө кабыл алындым. Ал кезде комсомолдук ячейканын секретары Токтошов Апык болчу.

Тогуз-Торо районунда ошол кездин шартында эң билимдүү, көптү көргөн, көп окуган Бекжанов Кулманбет болгон. Ал 1929-жылы Фрунзедеги педагогикалык техникумду бүтүрүп чыккандан кийин Жалал-Абадда партиялык контролдоо комиссиясынын төрагасы болуп иштеген. Өз учурунда райондун жаштарын окуу жайларга үндөп, аларга көп жардам көрсөтүп, техникумдарга, башка окуу жайларга өткөрүп турган. Мисалы: партиялык, советтик кызматтарда көп иштеп, эл-жерине эмгеги сиңген партиянын, эмгектин ветерандары: Чодиев Бектурган, Бобиев Сүйүналы, Матаев Иса, Исабеков Болотбек, Аалыбаев Жумакадыр жана башкалар болгон. К.Бекжанов көп узабай эле Москвадагы партиялык (коммунисттик) университетке окуугa кеткен. Бирок ал Ферганадагы тап душмандар тарабынан өлтүрүлгөн.

Жаңы уюштурулган чарбалардагы жерди иштетүүдө шаймандар менен камсыз кылуу үчүн «Шериктеш» коому уюштурулган. Анын председатели мен, секретары Исмайылбеков Ниязакун болгон. Бул коом Чет-Булак, Атай, Бирдик тараптагы колхоздорду тейлешкен. Ушул колхоздордо 500 ат чогултуп, 70ге жакын киши Жалал-Абадга барып соко, мала, үрөндүк эгин, божу, аркан, арабанын дөңгөлөгүн жүктөп келе жатканбыз. Кеч кирип кеткенден Көк-Арт ашуусунун нары түбүнө жүктү түшүрүп, атты отко койдук. Таңга жуук 10 ат жок. 50дөй киши болуп ат изин кубалап, Канжыганы көздөй жүрүп отурдук. Күн тоодон текши чыкканда атты уурдап бараткан 20дан ашык басмачыларга жакындап калдык. Биз мылтыктан ок чыгардык. Биздин көп экенибизди көргөн басмачылар аттарды таштай качышты. Ошентип кулактар, басмачылар бул учурда ар кайсы жерде жашырынып, кээде айыл-кыштакка чейин түн жамынып кирип барышып, мал-мүлкүн тоноп турушкан. Ал кездеги жергиликтүү кулактар жана алардын куйруктары колективдештирүүгө

көп тоскоолдуктарды келтиришти. Алар өлкөнүн бардык булуң-бурчунда болду. Мал-мүлктөн ажыраган бай-манаптар мүмкүнчүлүгү келсе ырайымсыз каршылык көрсөтө башташты. Башка комсомолецтер менен бирге талааларда кулактар менен кагыштым. Алар менен айылдык жыйындарда айтыштым. Эсирген байлардын куйруктары бизди: «Кедейлер кантип эл башкарсын, томаяктар» – деп шылдыңдап, сөгүнгөнү эсимде – деп айтканы бар Турганбай акенин.

Райондун тарыхында биринчи жолу 1930-жылдын декабрь айында азыркы «Бирдик» колхозунун «Казык» участкасында Совет колхозу уюштурулган. Кыргызстандын бардык жерлериндей эле коллективдештирүү тап душмандар менен айыгышкан күрөштө өткөн. Кулактар менен байлар малдарын, шаймандарын жок кылууга аракеттенишкен. Өздөрүнүн тууган-туушкандарынын арасында коллективдештирүүгө каршы үгүт жүргүзүшүп, ага каршы куралдуу бандалар уюштурулуп, колхоздорго кол салышкан. Мына ошого карабастан, өрөөндө кулактарга, бай-манаптарга, контрреволюциячыл элементтерге өз учурунда сокку урулуп турду. Буга төмөндөгү мисалды келтирүүгө болот.

1930-жылдын ноябрь айында Чет-Булакта борчо Шерманбет деген бай адам чоң той берет. Ага өрөөндүн белгилүү бай-манаптары, Ак-Талаа районунун Жергеталынан Совет бийлигине, айрыкча колхоз турмушуна тикеден-тике каршы турган Мамышов Ыдырыс келген. Тойдун эртеси «азиз меймандар» дөбөгө чыгып алышып, күүгүмгө чейин өздөрүнчө жашыруун сөз сүйлөшөт. Алардын тыянагы «түштүктөгү талкалангандан калган корбашылар, басмачылар менен тезинен байланыш түзүп, Кытайга кетүү эле». Бул жашыруун сырды уккан Эмилбек, Чоңмурунов Канет, Абдразаков Иманбердилер кыштын күнү жапкак менен Үйрүм-Баш ашуусу аркылуу Жалал-Абадга барышкан.

1931-жылдын март айында Жалал-Абад МВДсынын бандиттерге жана басмачыларга каршы күрөшү бөлүмүнүн начальниги В.А.Маргайтес башчылык кылган отряд Сары-Жон

ашуусун күрөтүп жатып азыркы Маркс айылына келген. Бул жерде Миңбаев Рыспайдын үйү болгон. Отряддын өрөөндөгү бай-манаптарды, кулактарды кантип кармагандыгы жөнүндө маркум **Акбай Абдразаков**дун эскерүүсүндө мындайча баяндалат…




...«Ал кезде Тогуз-Торо өрөөнү экиге бөлүнгөн: Нарын дарыясынын оң жагындагы Тогуз-Торо сельсовети аталып Нарынга караса, ал эми сол тарабындагы бардык эл Тогуз-Торо сельсовети аталып Жалал-Абадга караган. Борбору Атай болгон. Ага караган бардык айылдардагы бай-манаптарга тынчтыкты түзүү ирээтинде пикир алышуу жөнүндө Маргайтес, Ваширов киши чаптырып чакыртат. Биздин үй да ошол Маркста болучу. Короого үч боз үй тигилди. 24–25-мартта чакырылган «коноктор» келип бүтүштү. Солдаттарды мерчемдүү жерге племёт, мылтыктары менен жашырып койгон.

Атайын чогулуш ачып жумушчу президиумга жалаң шектүү делинген бай-манаптарды шайлады. Алардын баары президиумга төргө олтурган кезде далдоодо турган солдаттар тегеректеп, куралсыздандырылды. Кармалган шектүү адамдар 48ден ашык болучу. Алардын катарында Бекен, Эсеналы, Ибраим, Исраил, Султаналы, Арзымат, Тилеш, Чопу жана башкалар болгон.

Ошол жылдын жайында түштүктөгү бирин-серин жашырынып калган 30дан ашык басмачылар Көк-Арт ашуусун ашып келип, жайыттагы жылкыларды айдап, Кылдоону көздөй кетип бара жатканын Конушбаев Атыкул «Ыктыярдуу» отрядга билгизген. Жалал-Абад райкомунун инструктору Мухамедов Сулайман, Атай селолук Советинин председатели Мараимов Азимбай, парторг Калпаков Нарменбет, Совет колхозунун председатели Найманов Раманкул баш болгон 34кө жакын

ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү эртелеп басмачылардын алдын тосууга жөнөп калды. «Ой-Кайыңдыны» ашып, Кылдоонун белинен басмачыларга кезигишет. Жандарын тобокелге салган басмачылар жөн эле колго түшүп беришпеди. Атышуу башталды. Бул салгылашууда Чүрөк, анын акеси Кызыл деген басмачылар өлтүрүлдү. Чүрөктүн 11–12 жаштагы баласы Мүсүрдүн бутуна ок тийип, жарадар болду. Алымкул, Сарбай деген басмачылар да окко учту. Ошентип, ыктыярдуу отряд калган басмачыларды колго түшүрүшүп, айдап бараткан жылкыны кайра алышкан» – деп айткан эле Акбай аке.

Басмачылардын мына ушул акыркы калдыгын биротоло талкалоодо ыктыярдуу отряддын мүчөлөрү Макеев Маадан-бек, Турсуев Борончу, Молдокулов Топой жана башкалар өздөрүнүн активдүүлүктөрүн, эрдиктерин көрсөтүшкөн.



Тогуз-Тородогу аттуу-баштуу, элдин ынтымагын сактаган адамдардын ичинен **Бектен Шүкүр уулу** жөнүндө азыноолак айта кетүү абзел. Бектен ар кайсы кокту-колотторго уруу-уруу болуп жашаган элдерди биримдикте, ынтымакта жашоого, аларды эмгектенүүгө бардык күч-аракетин жумшап келген. Айрыкча сабатсыз элди араб тамгасын таанытып кат-сабатсыздыгын жойдуруу үчүн мечитин салдырып, билим даражасы жогору болгон молдолорду түштүктөн алдырып эскиче окуткан. Өзүнүн дүйнөтаанымынын кеңдигинен өрөөнгө келе баштаган орус келгиндеринин өнөрлүү эл экендигин баамдап, жергиликтүү элдин балдарын Верныйга жиберүүгө, аларды билим алдырууга көп аракеттенген. Өрөөнгө таанымал бий болуу менен бирге кара кылды как жарган калыстыгы менен белгилүү болгон. Өзү жашаган Коён-Токой, Чарабай, Кара-Табылгы, Кара-Сеңир, Чоң-Дөбө аймактарына дыйканчылыкты өнүктүрүүдө чоң эмгек өтөгөн. Аталган жерлерге анын

жетекчилиги менен сугат арыктары чабылган. Азыркы кезде да Бектен арык, Шүкүр арык деген дыйканчылыкка эң чоң пайда келтирген сугат тармактары аталып келет. Шүкүр уулу Бектен өз мезгилиндеги татаал турмуштун оорчулугун башынан өткөрүп да келген. Ал Кудай алдында бирдей болгон бардык улуттарды теңдикке алып келген, аларды бир тууган кылган В.И. Ленин түзгөн Совет өкмөтүн тааныса да 1930-жылдарда кулактарды тап катары жоюу учурунда өрөөндөгү бий-манап катары Оштогу түрмөгө эки жолу камалып, кайра акталып чыккан. Анткени элге-журтка айткан акыл-насааттарынан, пейилинин актыгынан, чынчылдыгынан, кара кылды как жарган калыстыгынан өрөөндүн эли элдик адам катары баалап келишкен.

Ал эми Кыргызстандын бардык жерлериндей эле өрөөндө да турмуштун эски формаларынын ордуна социалисттик курулуштун жаңы фундаменти коюлуп жаткан. Анткени айыл-кыштактарда терең социалдык кайра куруу иштери жүргүзүлүп, аны социалисттик нукка багыттай баштаган. Ошентсе да кыйын кезең мезгилде айыл жерлеринде социалисттик арым менен бирге кан да төгүлүп жаткан. Кулактардын, басмачылардын кара ниеттик менен жасаган кылмыштары жөнүндө өрөөндүн ар кайсы айылдарынан, жайлоолорунан угулуп турган. Буга мисал катары Кармышбеков Рыскул жөнүндө да азыноолак айта кетели. Рыскул колхоздоштуруу мезгилинде кулактарды тап катарында жоюуда, басмачылардын тобун талкалоодо, элдин сабатсыздыгын жоюу боюнча мектептерди уюштурууда зор эмгек сиңирип, өзүнүн бардык өмүрүн Совет бийлиги үчүн сарптаган. Ал киши Жалал-Абад райондук аткаруу комитетинин секретары болуп 1927-жылдан 1930-жылга чейин иштеген. 1930-жылы жайында Үйрүм-Баш аркылуу Алакан жайлоосуна келип түнөгөн түнү Жалал-Абад жактан келген Үрпек, Молдожусуп, Эрмат деген басмачылар Рыскулду жана аны менен кошо келген жер тарткан инженер Аалысултан Мамажановду жаткан үйүнөн мыкаачылык менен атып өлтүрүп кетишкен.

Ошентип өрөөндө чарбаларды колективдештирүү иши башталганда алгач 21 майда колхоз уюшулду.

Жалал-Абадга караган Тогуз-Торо сельсоветинин борбору Атай болуп, бул тарапта: Маркс, Токин, (Уй-Булак), Кызыл-Октябрь (Кара-Чолок), Калинин (Кара-Булак); Көк-Ирим тарапта: Совет (Казык), Кара-Суу (азыркы Бирдик), Ворошилов (Чайка); Чет-Булак тарапта: Орозбек (Чет-Булак), Кызыл-Туу (Кылдоо); Кош-Дөбөдө: Май, Съезд; Каргалыда Кызыл-Чарба, Кызыл-Жылдыз, Комсомол (Шоро), Тойгонбаева (Кара-Булуң), ал эми Нарынга караган Тогуз-Торо сельсоветинде: Кайыңды, Кош-Булак, Фрунзе (Дөдөмөл), Комсомол, Карамырза колхоздору уюштурулган. Бирок бул иште да чоң кемчиликтер кетирилген. Пландсыз эле коллективдештирүү жүргүзүлө берген. Ар бир колхоздун жергиликтүү өзгөчөлүк шарттары эске алынган эмес. Ошондуктан көп узабай 1931-жылдан кийин айрым колхоздор кыскарып, толукталып турулду.

1935-жылдын башталышынан тартып, жер-жерлерде райондоштуруу саясаты жүргүзүлө баштаган. Тогуз-Торо районунун түзүлгөн күнү жөнүндө ар ким ар кандай божомолду айтып келген эле. 2001-жылда райондун түзүлгөндүгүнүн 65 жылдыгын белгилөө үчүн көтөрүлгөн маселе анын так маалыматын аныктай алды. Ушул маселени көтөрүп чыккан райондогу ар тараптуу чыгармачыл инсандардын фондусунун төрагасы Бакы Ороков районубуздун качан түзүлгөнүн республикалык борбордук архивден таптап, жогорку органдардын токтомдорун көчүрүп келген.

Төмөндө Кыргыз автономиялуу Республикасынын Борбордук Аткаруу Комитетинин (БАК) токтомунан биздин райондун түзүлгөндүгү боюнча гана (үзүндүлөрдүн) орусча маалымат аласыздар.

*Из протокола №3 внеочередного заседания Президиума ЦИК Киргизской АССР О разукреплении районов в Киргизской АССР.*

*8 февраль 1935г.*

*Слушали: 1 О раз укреплении районов в КирАССР.*

*Постановили: В связи о решением ноябрского Пленума ЦК БКП (б) необходимости завершение приближения органов управления к селу максимального вовлечения широких масс трудящихся в управления государственным аппаратом. Всемирного укрепления и улучшения низовых органов власти, ЦИК КирАССР постановляет:*

*1. Образовать на территории КирАССР следующие новые районы.*

*……………………………………………………………………*

*– Тогуз-Тороуский с центром в селении Атай в составе: Тогуз-Тороуского, Конарчекского сельсоветов народного района Тогуз-Тороуского сельсовета Джалалабадского района.*

*– поручить оргкомитетам и адмкомиссии КирЦИК проработать вопрос о переименовании Теңизбаевского, Тогузбаевского сельсоветов и одного и (двух) Тогуз-Тороуский сельсоветов.*

*4. Организации Тогуз-Тороуского, Чаткальского и Джумгальского районов произвести после весеннее посевной компании.*

*Түшүндүрмө*: бул токтомдо жаңы түзүлгөн он гана район жөнүндө сөз болот. Тогуз-Торо район боло электе азыркы Каргалык, Атай айыл өкмөттөр, б.а., Нарын дарыясынын сол тарабы Тогуз-Торо сельсовети аталып, Жалал-Абад районуна караса, Кара-Суу, Тогуз-Торо айыл өкмөттөрү, б.а., Нарын дарыясынын оң тарабы да Тогуз-Торо сельсовети аталып, Нарын районуна карап турганы чындык.

Андан кийинки 19-апрель 1935-жылы Кыргыз АССРиндеги райондун административдик-территориялык бөлүнүшүн бекитүү жөнүндө» деген Кыргыз АССРиндеги 34 райондун бөлүнүшү боюнча токтому чыгат. Мында да 8-февраль 1935-жылда чыккан токтом боюнча Тогуз-Торо районунун административдик-территориалдык бөлүнүшү такталган.

Мына ушул 34 райондун ичинен « Ак-Талаа» деген сөздү кезиктире албадык. Демек, бул мезгилде ак-талаалыктардын теңи Нарын тарапка, Коңорчоктон бери карай Тогуз-Торого кошулган деп тыянак чыгарууга болот. Кыргыз АССР БАКтын Президиумунун 2-сентябрь 1936-жылдагы « О раз укреплении и переименование некоторых районов в республике» деген токтому далилдейт. Анда токтомдун текстинен үзүндү келтирели.

*Постановили: 1. Учитывая территориальную разбросанность некоторых районов и трудность обслуживания отдаленных сельсоветов из существующих центров районов-Президиум ЦИК Кир. АССР просить ЦИК союза ССР и ВЦПК утвердить следующие раз укрепление:*

*7. Существующий Тогуз-Тороуский район разделить на две следующих районов:*

*А) Тогуз-Тороуский-в составе Кукиримского, Каргалыкского, Атайского, Тогуз-Тороуского и Сары-Булуңского сельсоветов, с центром в селе Атай:*

*Б)Акталинский-в составе Конарчекского, Коштюбинского, Дюрбелджинского, Октябрского, Акталинского, Карабургенского и Джаныталапского сельсоветов, в центре в селе Дюрбелджин.*

*Секретарь ЦИК Кир АССР А.Аильчинов*

Мына ушул жогорку уюмдардын токтомдорунун негизинде «Алтын-Чөйчөк» өрөөнүбүз район деген статусту качан алганы даана көрүндү. Өрөөндүн Нарын суусунун оң жана сол тарабындагы бардык айылдар 1936-жылдын 2-сентябрынан баштап, бир бүтүн органы катары район болуп аталып, борбору Атай болгон. Ал кезде партиянын райкомунун биринчи катчысына ак-талаалык Көккөзов Акун, райондук аткаруу комитетинин төрагалыгына Ибраимов Турсун, комсомолдун райондук комитетинин биринчи катчылыгына Кожалиев Турганбай шайланышкан. Ал эми райондук аткаруу

комитетинин төрагасынын орун басарлыгына Калдыбай Азаматов дайындалган. 1937-жылдын башынан тартып, райондун борбору Казарманга көчүрүлгөн. Совет мамлекети отурукташууга өтүп жаткан көчмөндөр үчүн курган турак үйлөр, маданий агартуу жана медициналык мекемелер, мектептер, соода, коомдук тамак-аш жана башка имараттар Чоң-Дөбө, Акчий бөксө тоолорундагы, Чет-Булак кыштагындагы жылкы сарайлары 1991-жылга чейин бузулбастан пайдаланылып келинген. Атүгүл жылкы заводу да курулган. Бирок 1939-жылдарда заводдун асыл тукум жылкыларын Таласка, Ысык-Көлгө таратып кеткен.

Чынында, жергиликтүү элдин жапырт отурукташышы чарбалардын дүркүрөп өсүшүнө, айдоо аянтардын кеңейишине, артелдердин экономикасынын жогорулашына, колхозчулардын материалдык жана маданий денгээлинин көтөрүлүшүнө зор өбөлгө түзгөн. Мисалы, райондогу Кызыл Жылдыз колхозу адеп 1931-жылы уюшулганда бар болгону бир өгүзү, эки жылкысы, 23 кой-эчкиси гана болгон экен. Аларда жер айдаганга соко, буурсун да жок болучу. 1934-жылы болсо бул колхоздо 116га жер, 112 уй, 1170 кой-эчкиге жеткен.



«Алтын-Чөйчөк» жөнүндө сөз кылуудан мурда анын чыгаан инсандарынан болгон Бектен менен катар, **Калдыбай Азамат уулу**н айтпай кетүүгө болбос. Калдыбай Дөдөмөл, Кош-Булак, Кайыңды, Көңдүк, Аскаалы сыяктуу ар кайсы кокту-колоттордо, суу бойлорунда жашаган элдерди бириктирүүгө, аларды өрөөндүн бүтүндөй (өйүз-бүйүз) эли менен бирге ага-тууган эл катары жана тагдырлаш жашоосу үчүн зор күч жумшаган. Анын өз мезгилинин зээндүү, билимдүү, иштин көзүн билген уюштургуч адам экенин райондун көпчүлүк эли билет. Өрөөндүн элинин карым-катнашын камсыз кылуу үчүн Нарын дарыясына

салдырган Калдыбайдын көпүрөсү деп аталып келүүдө. Райондук «Кошчу» союзунун, райондук аткаруу комитетинин төрагалык иштерин аткаруу менен өрөөндүн элин бир бүтүн организм катары бириктирүүдө, райондун өзөктүү борборун аныктоодо салмактуу салым кошкон. Бирок көп узабай партиянын катарын тазалоо деген «ураан» астында жүргүзүлгөн Сталиндик ур-токмокко, анын апаатына Калдыбай да учураган. Ал кездеги репрессиянын эпкинине Турганбай Кожалиев, Абдыманап Кыдыршаев, Бейдаба, Мейманбек сыяктуу райондун көрүнүктүү кадрлары да кабылышкан.

1939–40-жылдары отурукташуу, колхоздоштуруу толугу менен аяктап, көчмөн турмуштун бардык формалары биротоло жоюлган. Райондо чарбалык жана маданий курулушту күчөтүү чаралары жүргүзүлгөн. Ал жылдардагы маданий курулуштун күбөсү болгон Казарман орто мектебинин имараты өзгөчө жаркырап, кыштактын көркүнө көрк кошоор эле.



«Атам мени колумдан жетелеп азыркы мамлекеттик каттоо конторасынын артындагы үйдүн ордунда, мурдагы (райбанк) Казарман башталгыч мектебине алып келгени эсимде. «А» деген арипти Эсенбаева Ажар эже үйрөткөн. Ал кезде эл отурукташа баштаган бардык айылдардагы башталгыч мектептерде латын, кээсинде араб тамгасы окутулган. Ал эми Казарман 7 жылдык мектебинин курулушу 1939-жылы бүтүп, 2-классты жаңы мектептен окудум. Класс жетекчим Молдогазиева Какен райкомдун 2-секретарынын аялы эле. Бул имарат кароосуздуктан 1992-жылы толугу менен өрттөнүп кеткенине ичим ачышат» – деп эскерген маркум **Т.Мойдунов.**

Бул мезгилде майда айылдарды борбордук кыштактарга көчүрүү боюнча жүргүзүлгөн чаралар эмгекчилердин турмушун жакшыртууда айрыкча мааниге ээ

болгон. 1936–1940-жылдарда 300дөн ашык түтүн өрөөндөгү түшүмдүү жерлерге көчүрүлгөн. Ошентип өрөөндүн эмгекчилеринин турмуш шарты жогорулап, маданияты кулач жайган мезгилде гитлердик баскынчылардын каракчылык менен кол салуусу бейкутчулуктагы социалисттик түзүлүштү үзгүлтүккө учуратты. СССР элдеринин немецтик фашисттик баскынчылыктарга каршы Улуу Ата Мекендик согушу башталды. Бул мезгилде партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы Носинов болгон. Жаалданган фашизмге каршы согушта биздин өлкөбүздүн тагдыры бүткүл СССР элдеринин келечеги менен бирге болгон. Совет элинин бир тамчысы болгон Тогуз-Торо районунун жигиттери да душман менен салгылашкан. Өрөөнүбүздөн кан майданга аттангандардан 1500дөн ашык жоокерлер согушка жөнөшкөн деген маалымат бар. Алар биздин аталарыбыз, агаларыбыз, боордошторубуз эле. Бирок алардын бардыгы киндик кан тамган айылына түгөл келишкен жок. Келбей калгандардын сөөгү Москванын, Сталинграддын алдынан баштап фашисттик жырткычтардын уясы болгон Берлинге чейинки аралыкта калды. Аларды атасы менен энеси, баласы менен кызы, боордош туугандары менен өмүрлүк жары жоктоп ыйлашты. Бирок өрөөндүн эмгекчилери – кыштакта калган кемпир-чалдар, бели ката элек балдар-кыздар, келиндер кайгыга моюн сунушпады. Белди бекем бууп, таң бүлбүлүнөн кечки иңирге чейин, ал турсун ай жарыгында улоо бээлерге, өгүзгө чегип соко менен жер айдашты, чийне тартышты, орок менен эгин орушту, темин басышты. Уз колдуу апалар менен келиндер фронтко жылуу кийиимдерин камдап, азык-түлүктөрүн жөнөтүп турушту. 1941–1945-жылдары согуш мезгилинде райондун эмгекчилери Кызыл Армиянын 5 миң жоокерине жылуу мээлей, байпак түйүп, 2 миң жоокерге тон тигип беришкен. Мындан тышкары 100 миңдеген акчалай, кавалерия үчүн жылкы, сары май ж.б. азыктарын жөнөтүп турушкан.

Ушундай кыйын кезең жылдарда мал чарбасын өстүрүү, айыл чарба азык-түлүктөрүнүн бардык түрүн өндүрүү, аларды

мамлекетке тапшырууда районубуздун эмгекчилеринин жараткан ийгиликтери үчүн 1943–1944-жылдары катары менен СССРдин Коргоо Комитетинин Кызыл Туусун жеңип алган болучу. Өрөөндүн жалпы эмгекчилери, азыркы муундун адамдары жана келечектин жаштары ата-энелеринин бул жеңиши менен ар убакта кайда болбосун жүрөктөрүндө сакташат. Жалтанбас баатырлардын каны төгүлгөн бир укум жер үчүн салгылышкан эр жүрөк азаматтар ата-бабаларынын, туулуп өскөн алакандай Алтын-Чөйчөк жеринин намысына шек келтирбей кан кечип, ок аралап жүрүп, согуштун 1418 күнүн жеңиштүү аяктап келишкенин ар убакта айтып сыймыктанышат. Согуштун катышуучурарынын көпчүлүгү өкмөттүк жогорку сыйлыкка татыктуу болушкандар. Алардын бири согуш башталгандан бүткөнгө чейин кан майданда жүргөн Даңк орденинин толук кавалери, «Кызыл-жылдыз» орденинин ээси Идирис Кадыркулов кан кечкен согушта эрдиги үчүн алган күжүрмөн сыйлыктарынан да 1-даражадагы Даңк орденин СССР Жогорку Советинин Президиумунун Председатели М.Калининдин колунан алганын өтө сыймыктануу менен айтканы эсимден кетпейт. Идирис жөнүндө жазылган «Баатыр менен барабар» аттуу очеркимде толук айтылган. Чапчаң кавалерист, улуу лейтенант Акбай Абдыразаков, Кожомуратов Сулайман, Жаналиев Абдрахман, Жаркынбай Кырбаш уулу, Карыбек Кенжегулов, Кетиркеев Стамбай, деги эле согуштун бардык эр жүрөк катышуучуларынын элестери элибиздин ар дайым жүрөгүндө сакталуу.

* * *

«Газета – турмуш күзгүсү», «Газета – элдик трибуна». Пролетариаттын улуу жол башчысы В.И.Лениндин бул сөзү көчмөн турмуштун жакырчылыгында жашаган кыргыз эли үчүн өз мезгилинде саясий курал болгону белгилүү. Сабатсыз калкка эң биринчи тартуулаган Лениндин бул сөзү күнөстүү Кыргызстанда анын шарапаты менен жер-жерлерде

басма сөз, радио уктуруу, телефон байланышы пайда болгону чындык. Ошолордун күбөсү катары өлкөнүн алыскы тоо арасына камалган Тогуз-Торо районундагы «Жеңиш Туусу» газетасы болуп саналат. Ата Мекендик согуштун майданында жеңип келген элдин «Жеңиш туусу» жөнүндө сөз козгоо абзел. Анын алгачкы бирден төрткө чейинки санын архивден издеп таба албадык. 1947-жылдын 5-январында жекшемби күнү «Жеңиш Туусунун» №1(5) деген гана санын таптык. Алтын-Чөйчөк өрөөнүнүн күзгүсү болгон «Жеңиш Туусу» өз өмүр жолунун 70 жылына жакындаган санына чейин көбүн эсе ийги иштери менен элинин чарбалык, идеологиялык, маданий-массалык, партиялык жана советтик турмуштун кызматын аткарып келди. Кандай гана газета болбосун, ал өз алдынча өмүр сүрүп, чыгаан боло бербейт. Аны колдон-буттан алып, көмөк көрсөткөн тигил же бул иш берүүчүнүн көмөгүнө муктаж. Ошондон улам алгачкы жарык көргөн мезгилден ушул күнгө чейин үзүл-кесил жол басып, мурда партиянын райондук комитетинин, кийин райадминистрациянын органы катары анын камчысын чаап, ырын ырдап дегендей кызмат өтөп келет. Алгачкы жарык көргөндөн баштап 1957-жылга чейин 97 гана саны чыгып, жумасына эки жолу чыгуучу газета «Социалисттик милдеттенмесин» аткара албай калган. Ал эми 1962-жылдын 1-майына чейин 31 саны чыгып, район жоюлуп, Ак-Талаага кошулганда токтоп калган. Ал эми районубуз Ак-Талаадан бөлүнүп өз алдынчалыкка ээ болгондон кийин кайрадан «Жеңиш Туусу» аталып, 1968-жылдын 6-январында жарык көрдү. Көптөгөн гезиттердей атын өзгөртпөстөн Ата Мекендик согушта миңден ашык эр азаматтардын төгүлгөн каны үчүн Улуу Жеңиштин кызыл Туусу болуп желбиретип келе жатат. Газетанын эн биринчи редактору маркум Жылтыр Акимбаев болгон. Газетанын алгачкы кышын коюшкан тамга терүүчү Базаркулов Дербишаалы өз эскерүүсүндө мындай деген:

«Редакция Казармандагы Ленин көчөсүнүн күн батыш тарабындагы Чарабай суусуна жакын, мурдагы Исаев деген

орустун үйүнүн бир бөлмөсүндө орношкон типография эле. Газетанын алгачкы биринчиден төртүнчүгө чейинки номуру Нарындан чыккан. Мен ишке орношкон кезде типографияга тамгаларды, керектүү станокторду, кассаларды жаңыдан Нарындан алып келип жатыптыр. Эсимде, газетанын 1-номурунун биринчи бетинде Сталиндин сүрөтү бар болчу, газета 2 беттен гана турган. Ага сүрөттөрдү, айрым материалдарды Кыргыз ТАГ жиберип турчу. Газетанын ар бир тамгаларын кол менен терчибиз, ал кезде электр деген жок. Газетти баса турган станокту кол менен айлантканда көп күч келбес үчүн, жерди тизе бою казып, ал чуңкурга түшүп алып, эки колдоп барабанды тегеретчүбүз. Гезит нускасы 500 болуш керек эле. Станокту ар бирибиз 100дон айлантчубуз. Аны айланткан сайын бир киши гезиттин бир бетин экинчи бетине которуп турчубуз. 1949-жылы редакторубуз Ж.Акымбаев райондук Советтин аткаруу комитетинин төрагасы болуп кетти, ошол кезде мен да райондук финагент бөлүмүнө кызматка орноштум. Бирок газетадан кол үзгөнүм жок».

Газетанын пайдубалын түптөөгө катышкан 25 жылга жакын типографияда тамга теримчи болуп иштеген Сактанбекова Кашымбү район Ак-Талаадан бөлүнгөндөн кийин «Жеңиш Туусу» 1968-жылы 1-январда экинчи өмүр улаган учурдагы кыйынчылыктар туурасында мындай дейт: «5 жыл 7 айдан кийин район Ак-Талаадан өзүнчө бөлүнгөндө «Жеңиш Туусу» кайрадан өмүр улай баштады. Мен бул мезгилде тамга терүүчү болуп ишимди уладым. Кыштын күнү суук күчөп турган учурда газета уюшулду. Анда редакция мурдагы Кызыл Жылдыз колхозунун эски конторуна орношту. Астыбыздан сыз өтүп, төбөбүздөн суук кирчү. Газетабыз төрт бет болуп чыкчу. Ошончо аянттын баарына тамгаларды кол менен терчүбүз. Кээде түндүн бир убагына чейин же дем алышы жок иштечүбүз. Бул учурда редактор А.Аттокур эле, жооптуу катчы Р.Бобукеев, кабарчылар Болотбек Исабеков, Бешкемпир Чекиев, Айдакеев, цех башчысы С.Алманбетов, тамга терүүчүлөр М.Анжанбеков, Б. Сатаров иштешчү. Эки жылдан

кийин макалалардын текстин линотип машинасы менен терүүгө өттүк. 1969-жылы кеч күздө, жаңы салынган редакциянын конторунда иштей баштадык. Мына ошол мекемеде иштеп жүрүп пенсияга чыктым. Менин айтаарым газетанын өмүрү узун болсун».

Райондун 80 жылдык тарыхынын 70 жылын ушул «Жеңиш Туусу» газетасы саргайган барактарында сактап келди. Өткөн ата-бабалардын кылган ишин, тарткан азап-тозокторун келечэк ээлери газетанын беттеринен окуп алаар. Мен буга бир мисал келтирейин. Согуштан кийинки жол катнашынын татаалдыгы, Нарын дарыясынын оң, сол тарабындагы элдин бири-бири менен болгон байланышы жөнүндө газетанын ошол мезгилдеги сандарынын биринде Кыргыз Эл жазуучусу Качкынбай Осмоналиев мындайча чагылдырган; Нарын дарыясы нугуна батпай, күр-шар этип, бул жээгинен аркы жээгине көз жетпей кылкылдайт. Түсү сары чалма. Киров колхозунун кыштагындагы бийик кызыл жарга тентек дарыя күү-шаа түшүп урунуп, ала салып окторулат. Тиктөөдөн жүрөк даабайт. Ал өйүз, бул өйүзгө керилген зым аркан, ага илинген эки чыгырык. Ал өйүздө чыгырыкка киши таңылат. Асманга чалкалаган адам колу менен арканды саап жөнөйт. Ортологон сайын ийилет, кол талыйт, эс алат. Дарыянын дит баккыс шары этегин, көчүгүн жалмалап, жыга коюп кетчүдөй. Өйүз-бүйүздө топтолгон адамдар ызы-чуу. «Коркпо! Тарт ылдам!» – кара терге түшүп, эси ооп, шалдыраган пенде жээкке чукулдайт. Даяр тургандар илме баканды сундуруп, чыгырыкка таңылгын адамды лып тартат, ал башы айланып отуруп калат. Аяктан жүргүнчүлөр ат менен, бияктан жүргүнчүлөр да ат менен, ээр-токум ээсине кошо чырмалып чыгырык менен келет. Унаалары жайдакталып, дарыянын жогорку жайыгына 8–10дон топтолуп, бирине бири суулукталган. Алардын жанында далылуу тегерек кызыл жүз, кара каш, чымыр денелүү адамдын ысмы– Тагай. Суучул ак дамбалын такымга чейин эшип алган. Ак көйнөктү башына селделеп оройт. Аттарды козудай тизип, сууга кирет. Эң башкы,

биринчи атты жандап, кирген сууну сүзүп жөнөйт. Чанда суунун шарын серпкен буту көрүнөт. Бирөө менен мелдеше кетип, Көкө-Мерен менен Нарындын кошулган жерине сүзүп барып, козунун башын мулжуп чыккан ушул суучул Тагай аке болгонун айтышат. Кыш учурунда Казармандан өйүзгө телефон зымын тартып жатканда, түрмөк зымды кучактап, тартынбай дарыяга түшүп, байланыш адистерине алып берген да ушул суучул Тагай аке болгон дешет. Ошол кездерде индустардын бутакка жармашкан маймылы кейиптенип, зым аркандан мен да өткөм»...

Ырас, бул райондогу өткөн тарыхыбыздын болгон окуяларынын бир үзүмү. Жол байланышынын азабынан тогуз-торолуктар кандай гана азап чекпеди. Карапайым эл сырт байланышы менен анчейин кабары жок эле. Каргалык, Ой-Кайың ашуусу аркылуу жайдыр-кыштыр жума сайын ат, өгүз менен кат-кабар алып байланышып турган. Качан гана Ой-Кайың, Ак-Мойнок ашууларынын жолу райондун элинин күчү менен чабылгандан кийин гана кас тамандуу тракторлор, урал автомашиналары, комбайндар келип, райондун экономикасы, маданий-социалдык чөйрөсү, курулуш иштери жандана баштаган. Райондун кадр саясатында олуттуу өзгөрүүлөр болгон. Чарбалык иште жергиликтүү шоферлук-механизаторлук кадрлар Нарын шаарынан, Кочкордон, Куланактан окуп келип жатышты. Колхоздордо, мекемеуюмдарда, Социалисттик мелдештин күрөштөрү башталган. Өрөөндүн чарбаларындагы малчылар, дыйкандар, адистер «коммунисттик эмгектин ударниги», «социалисттик мелдештин жеңүүчүсү» ж.б. эмгекчил элдин духун көтөргөн ураан чакырык астында эмгектенишкен. Эмгектенүүнүн мындай формасынын демилгечилери болушкан, райондогу эң алгачкы Эмгек Баатыры атыккан Ленин колхозунун жылкычысы Нураков Исак менен Кызыл-Чарба колхозунун жылкычысы Ленин ордендүү Алымбабаев Жутамышты кошууга болот. Кийин алардын жолун жолдогон оңдогон эр азаматтар, кыз-келиндер өсүп чыкты. Алардын катарында Кызыл

Жылдыз колхозунун чабаны Маруса Жаңыбаева, Бирдик колхозунун чабаны Бурулбүбү Турдубаева, Кыргыз Республикасынын Жогорку Советинин депутаттары Салкын Орозбаева жана башкалар. «Жеңиш Туусу» газетасы эмгектин мындай эпкиндүүлөрүн байма-бай чагылдырып, элдин эмгекке болгон кызыгуусун арттырууда үгүт-насаат иштерин аткарып турганын, анын саргайган барактарынан окуй алабыз.

Жол байланышынын татаалдыгынан райондун элинин аң-сезими, окууга, билим алууга болгон муктаждыгы, социалдык маданий, экономикалык, чарбалык өнүгүшү коңшулаш райондорго караганда кечирээк өнүккөнүн айтууга болот. Педагогикалык орто билимге ээ болгондордон Ж.Акимбаев, Т.Мойдунов, Т.Абдылдабеков, С.Бектенов, К.Эркинбаев болушкан. Эл агартуу майданындагы жана чарбалык, советтик, партиялык жетекчи кадрлардын дээрлик көпчүлүгү Ысык-Көлдөн, Нарындан, Чүйдөн келишкен. Өрөөндө жергиликтүү кадрлардын өсүшү 1955-жылдан кийин башталган. Алардын алгачкыларынан болушкан Фрунзедеги КГУну бүтүрүшкөн Т.Мойдуновду, Т.Абдылдабековду, Москвадагы Тимирязев атындагы университетин бүтүргөн Залимтөрөев Даниярды атоого болот.

Мына ушул жылдары райондогу маданий массалык иштер, райондук Советтин аткаруу комитетинин конторасына уланган 40–50 кишилик маданият үйүндө кино коюлчу. Бул мезгилде райондун айыл кыштактарында жерпайы жок, үстү ылай менен шыбалган тамдар эле. Казарман кыштагынын чок ортосунан орун алган 1936-жылдары курулган орто мектептин гана жерпайы таштан тизилген, үстү тактай менен кыналып жабылган көрүнүктүү курулуш эле. Шифер, цемент, бышкан кыш ж.б курулуш материалдары жергиликтүү тургундардын түшүнө да кирген эмес. Ирээтсиз салынган жепирейген жер тамдар, чаң баскан көчөлөр, түнкүсүн ар үйдөгү шайтан чырактар, элдин отун-суугa болгон муктаждыгы, чарбалык маданий иштеринде өрөөндүн республиканын башка райондорунан кыйла артта калгандыгын көрсөтүп

турчу. Ой-Кайың, Ак-Мойнок жолунун курулушу өз учурунда, өз деңгээлинде бүткөрүлбөгөндүктөн октябрь айынан июнь айына чейин кар басып турчу, элдин коңшулаш региондорго болгон каттамын ат, өгүз унаалары аткарчу, ал эми элди тыш байланыш менен кабардар кылган байланыш бөлүмүнүн радиоточкалары, телефондор, айрым үйлөргө, конторaларга зым аркылуу киргизилген. Кара табактай болгон радио сүйлөп-сүйлөбөй үйдүн дубалдарында илинип турчу. 1958–60-жылдары өрөөндүн жол катнашынын татаалдыгынан, алыстыгынан улам АН-2, ИЛ-12 самолеттору Нарын, Фрунзе, Жалал-Абад (күн ачыкта) тараптарга каттап турган. Райондогу курулуш иштеринин артта калганын Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген куруучусу жердешибиз Бакы Ороковдун мемуардык китебинде «Цемент көрүүгө зар элек» эскерүүсүндө эң так маалымат берилген.

1954-жылдары Табылгыты ГЭСинин курулушуна райондун жалпы элинин күчү пайдаланылды. Ага мектеп окуучулардан тартып, мекеме уюмдарынын жумушчу кызматчылары, райондун чарбаларынын эмгекчилери кол күчтөрүн аяшкан жок. Кетмен, күрөк, чукулук, лом, араба, чыгырык, замбил ж.б курал-жарактар пайдаланылган. 4 жылга созулган бул курулуш «Колхоз аралык ГЭС» деп аталып, 1958-жылдын күз айларында 160 вольттук чыңалуудагы биринчи Ильич шамы Казарман кыштагына жарык берген, анын жетекчиси «Кызыл-Жылдыз» колхозунун мүчөсү Акматов Бекиш болгон.

Тянь-Шань областы Ысык-Көл облусуна кошулуп, районубуз Ак-Талаа районуна бириктирилген кезде өрөөндө беш чарба, эки гана колхозго айланган. Атай, Молотов, Арал, Бирдик, Чет-Булак, Кызыл-Жылдыз, Киров (азыркы Кара-Суу), Табылгыты биригип, Киров атындагы колхоз аталып, анын башкармасынын төрагасы Ж.Акимбаев, ал эми Кош-Булак, Дөдөмөл, Өрнөк кыштактары биригип, Ленин атындагы колхоздун башкармасы жумгалдык Кыдыралиев болду. 1962-жылдын май айынан 1967-жылдын алгачкы айына чейин өрөөндө бир да курулуш курулбай Казарман кыштагы жер-жердеги

айылдар көрксүз айылга айланып калган. Мекеме уюмдары жоюлган, бир гана ички иштер бөлүмүнүн 2–3 адамдан турган кызматкери, ооруканаанын айрым бөлүмдөрү, байланыш бөлүмүнүн филиалы гана иштеген. Элди социалдык-маданий, турмуш-тиричилик жактан тейлөө деңгээли өтө төмөндөп кеткен. Эл справка алуу же тийиштүү документтерди камдаш үчүн 200 км жол жүрүп, Дөрбөлжүнгө барышчу. Элдин мындай убаракерчилиги жумадан жумага созулуп кетчү. Маркум Найманов Райымкул карыя пенсия алуу үчүн документ топтогого Дөрбөлжүнгө жүк жүктөлгөн машинага түшүп, ал машине Ор-Каскандын сазына тыгылып калып 2 күн ээн талаада жатканын, андан эптеп чыккан машине Жеңиш колхозунан өтө бергендеги сайда бузулуп калганын, эртеси жөө-жалаңдап Дөрбөлжүнгө жеткенин, кайра өз үйүнө эки жумадан кийин келгенин айтканы эсимде.

Торуз-Торо өрөөнү кайрадан өз алдынча район болуп бөлүнгөндөн кийин партиянын райондук комитетинин биринчи катчысы М.Турдалиев болгон. 1967-жылдагы Кыргызстан Компартиясынын, Кыргыз өкмөтүнүн «Тогуз-Торо районунун экономикалык абалын мындан ары жакшыртуу чаралары жөнүндө» кабыл алган Токтому райондун өнүгүшүнө эң чоң өбөлгө түздү. Үгүт-Казарман автомобиль жолунун курулушу салына баштаган.

1969-жылдагы 2 метрден ашык кардын калың түшүшү менен табияттын өктөмүнөн пайда болгон райондун тарыхында кайталангыс оор жутка туш болгону «Төөнүн куйругуна чейин кар жааганы» жөнүндө аңыз сөз айтылып жүрөт. Бул жутта райондун Бирдик, Кызыл-Жылдыз, Киров, Ленин колхоздорундагы, Атай совхозундагы койлордун, жылкылардын, уйлардын 60 пайызга ашыгы кырылган. Кээде короосу менен көчкү алып кеткен фактылар болгон. Кардын калыңдыгынан бир үй менен экинчи үйдүн катташы жумалап болбой калган. Республиканын аскер күчтөрүнүн кубаттуу техникалары да кыштоолорго жол салганга, тоют жеткирүүгө, малчыларды тамак-аш менен камсыз кылууга чамасы жетпеген фактылар

болгон. Вертолёттор менен гана тоют жеткирилип турган. Ошол жылдын 20–25-майына чейин кыштоолордон кар кеткен эмес. Райондун борбордон алыстыгын, жол байланышынын начардыгын, жаратылыш шартынын татаалдыгын эске алып Кыргыз өкмөтүнүн атайын токтому менен райондун бардык жумушчу-кызматчыларынын айлык маянасына 35 пайыз кошумча акча төлөө киргизилген. 1968-жылдагы Карагөө ашуусу аркылуу «Үгүт-Казарман» жолунун курулушу башталып, ал 1970-жылы бүткөрүлүп, 1971-жылы Кара-Булуң участкасынын тушундагы Нарын дарыясына көпүрөнүн салынышы, Үгүт–Дөдөмөл–Казарман 35 кВт аба чубалгысы – ЛЭПтин келиши райондун эли үчүн социалдык экономикалык иштеринин жанданышына чоң көмөк болду. Бишкектен, Балыкчыдан күргүштөп курулуш материалдары, азык-түлүк, өнөр жай товарлары, көмүр тартылып келе баштады. Электр тогу жалпы эл чарбасынын, ал турсун мал кыштоолордогу малчылардын муктаждыгы үчүн кызмат кылды. «Коммунизм – СССРди плюс электрлештирүү» деген Лениндин аныктамасы райондо ошол кезде турмушка ашкандай эле болгон.

Алтын-Чөйчөк жөнүндө сөз козгогондо илгерки Санчы сынчынын өрөөндү сын-сыпаттап кеткен сөзү турмуштук чындыкка бара-бара айланып бара жатканын өзгөчө белгилөөгө болот. 1980-жылдары Макмал алтын-кен комбинатынын курулушу башталды. Ал республикадагы эпкиндүү курулуш катары тарых барагына жазылды. Ошентип агроөнөр жайлуу район болуп элдин эңсеген тилеги ишке ашкандай болду.

Такталган маалыматтар боюнча «Макмалалтын» кенинин курулушу үчүн 88689,14 миң, ал эми турак жай социалдык маданий курулуштарына 27603,38 миң сом чыгымдалган. Жогорудагы цифралар айтканга оңой болгону менен азыркы учурга караганда эбегейсиз суммадай сезилет. Ал ошол эле кезде бул курулуш СССР үчүн жүздөгөн, миңдеген объектилеринин бири болчу. «Макмалалтын» кен комбинатынын 1986-жылы ишке берилиши менен борбордон алыс, климаттык шарты өтө катаал өрөөндө жашаган элдин

турмуш шартын жогорулатууга, маданиятын көтөрүүгө чоң өбөлгө түзгөн. Ошентип 5 жыл аралыгында Казарманда «Нур-Жайык» кичи шаарчасы пайда болду. Анда 1176 окуучуларга ылайыкталган 3 кабаттуу «Макмал» орто мектеби,3 кабаттуу 120 орундуу оорукана, 500 орундуу маданият үйү, заманбап 2 балдар бакчасы, соода борбору, ЯК– 40 самолету конуучу аэропорттун курулушу бүткөрүлдү. «Макмал алтын» комбинаты Кыргызстандагы түстүү металлургиянын флагманы аталып калган кезде районубуз 1988-жылы Нарын областынан чыгып, Ош облусуна карап калды. Ал эми 1993-жылы Жалал-Абад облусу өзүнчө бөлүнүп чыкканда жалпы элдик референдум аркылуу 76,4 пайыздык добуш менен Жалал-Абад областынын курамына кирди. Жаратылыш чектеген Фергана кырка тоосун ашып «Эмне үчүн Ошко кошулдук?» деген ардегер Б.Ороковдун макаласында кеңири берилген.

* * *

Чынында ар кимдин киндик каны тамган жери эң жакын, нары кымбат көрүнөт. Алыста жүрсөң эртерээк анын кучагында болууну дегдейсиң. Ошол туулуп өскөн айылың мезгилдин талабына ылайык көрктөнүп, чырайына чыгып жана андагы жашаган элдин жалпы турмушу, экономикасы, маданияты айрыкча жол байланышы төп келишип, башкалардан жакшы жактары менен айырмаланып турса экен дейсиң. Эгер андай болсо өзүңдөн өзүң сыймыктанып, зоболоң артып, төбөң көккө жеткендей кубанасың.

Райондун элинин кылымдан бери эңсеген тилеги, ой-санаасы болгон Казармандан Жалал-Абадга баруучу жолдун тагдыры эле. Бул тагдырды ишке ашырууда ошол кездеги Ош облусунун биринчи катчысы маркум Султан Ибраимовдун демилгеси болду. С. Ибраимов Тогуз-Торого баруучу район аралык жолду салдыруу үчүн Сузактын ДЭУсу, РДСу мекемелеринин жумушчу-кызматкерлерин иштеткен. Сузактын жолчулары Сары-Кыр ашуусун ашып, Бирдик колхозунун

Үйрүм-Баш жайлоосундагы малчыларга чейин жол салдырган. Бул жолдун курулушу кийин үзгүлтүккө көп учурады.

1988-жылы октябрь айында Жалал-Абад – Казарман жолунун эл кызматына берилиши райондун элинин кубанычтуу дагы бир күнү болуп эсте калды. Курулушу он жылга жакын созулган бул жол республиканын түштүгү менен байланыштырган маанилүү объект болчу. Бирок Сары-Кыр ашуусу октябрь айынан июнь айына чейин кышкысын кар олпогуна чүмкөнүп аны ачууга мүмкүндүк болбогондуктан 30 жылдан бери жол азабы али чечилбей келгени өкүнүчтүү болду. Ошентсе да нечен жылдардан бери жол байланышы жөнүндө кыялга батып келген өрөөндүн элинин мүдөөсү эми ишке сөзсүз аша турганына ишенүүдөбүз. Борбордон алыс, жол катнашынын татаалдыгы көкөйүнө көк таштай тийген элдин Кудайга зар какшаган үмүт-тилеги жакынкы 3–4 жылда ишке аша турганына кубанып жатышат. Анткени 2014-жылдын жаз айынан баштап Балыкчы – Чаек – Казарман – Жалал-Абад жолун кытайлык «Чайна-Роуд» компаниясы кура баштады. Өткөн жылдагы түндүк-түштүк атаандаштык жолунун бул курулушунун башталыш аземине келген республикабыздын президенти А. Атамбаев райондун келечеги жөнүндө: «Жол азабын көп тарткан тогуз-торолуктар республиканын географиялык абалына карата Кыргызстандын так ортосундагы борбору десек жаңылбайбыз. Кыш айларында дабандар жабылып сырт менен байланышы болбой, унутта калган район эми Кудай буюрса, республиканын каалаган жагы менен кайсы убакта болбосун байланыша алат. Мен буга ишенем», – деп айтканы элдин шатырата кол чабуулары менен коштолду.

Илгери бир акылман: «Кыял башкарган элде кайгы жок» – деп айткан экен. Эл башкарган президентибиздин кыял чабыты оңунан чыгып, өлкөбүздүн жаңылануу бийиктигине көтөрүлүп баратканынын бир көрүнүшү жана түндүк-түштүк автожолунун курулушунун иштей башташы менен бирге жакынкы айларда темир жол куруу боюнча долбоордун даярдалып жатышы кимди болбосун, айрыкча

тогуз-торолуктарды кубандырбай койбойт. Бул багыт боюнча Фергана кырка тоосундагы Көк-Арт ашуусун тешип, 3700 метрлик эки туннелди курууну ишке ашыруу үчүн көрүлүп жаткан аракеттер элибизге кызмат өтөгөн данакер жол болоорун жана «Алтын-Чөйчөктүн» даңазасы артып, даңазасы ааламга жетсе деп Кудайдан тилеп жаткан убагыбыз.

## ТОРГОЙ ЧЕЧЕН

***(Чынкожо уулу Бобуке манаптын айрым уламыш айтымдарынан )***

Илгери бир замандарда кыргыз уруулары бүт баары биригип баш кошушуп, жалпысы тең бир кишидей тик туруп, кас душман менен согушуп, Теңир-Тоо чөлкөмүнөн калмактарды кууп чыгышат. Бул ийгилик оңойго турган эмес. Ошентип, ал жеңишти салтанатташмакчы болушат. Ал маараке чөп бышканда, Үркөр чыкканда, мал эттенгенде, ат кара тил болгондо, жайлоокечтердин баары төрлөрдүн «төбөсүнө» конгондо өткөрүүгө макулдашылат.

Маараке маалы келип, эл көп жыйналат. Салтанат аксакалдардын ак тилек алкышы, акындардын аския айтышы, чечендердин чала-бучук чарпышы сыяктуу той алдындагы «жеңил-желпи» тамаша-азил каадасы менен башталат. «Эки жаактуу пендеден, эч ким сөздөн жеңбеген, ача жаак пендеден, айтышып чечен жеңбеген, Ала-Тоолук кыргыздан, ага эч ким тең келбеген» атактуу Байчегир чечен ошондо жетимишти жиреп, кызыл тилин бүлөп турса да, карылык капкасы катуулап сүрөп алган кези экен. Маараке башталаар алдында жыйынга Кашкарда окуп жүргөндө «бала Торгой сынчы» атанган бир улан мырза келип, отургандар менен саламдашып калат. Эл бала болсо да ага дүрбөп туруп, жабыла учураша башташат. Бала Торгой мартабалуу Байчегир чеченге келип салам бергенде эле, карт чечен уландын колун коё бербей туруп, ага капыстан суроо узатат. Алп сынчы, айтылуу Байчегир чечен бала сынчы Торгойго:

– Улан мырза, курагым жетимишти жиреп, жашоо деп, жан-алакеттин баарын үрөп турган кезим, айрыкча бат

улгаят экен баам-сезим, карабайсыңбы, аңдай албай турам, өзүңдөй азаматтын бейнесин! Сени менен сукбатташканыма кубандым.Деги айтчы, өзүң баласы болосуң кайсы жамандын?–деп сынай суроо узатат.

Анда Бала Торгой терең ызаат менен:

– Урматтуу Даанышман, кулдугум бар! Балага атанын жаманы болбойт! Ата балага аскар тоодой улуу тирек! Бала үчүн түбөлүк ыйык тек!! Жаман ата 10 баланы багат, 10 бала биригип бир атаны бага албайт делет го кыргыздын эзелки эс-накылында!

Бала Торгойдун жообуна ыраазы болгон Байчегир сынчы:

– Эки түрдүү бала болот дейт, бири – үйдүн баласы, экинчиси – эл баласы Улан мырза.

Бала Торгойдун оюн илгиртпей түшүнгөн Байчегир чечен:

– Желтаман жаш кезектин,
Жегдеси менен өсүпмүн.
Жетик ойлор табам – деп,
Жер жүзүн жойлоп кезипмин.
Желгүүрүн сууруп далайдын,
Жел дымагын кыя кесипмин!
Жебедей көзөп ар сөзүм,
Жемирип көбүн өтүпмүн.
Желмаяндай зуулдап,
Жетимишке жетипмин.
Жекеме-жеке мына эми,
Жети балээге кезиктим:
Ашуусуз тоого кабылдым!
Арылбас доого малындым!
Аянбас жоого багындым!
Дабаасыз докко чалындым!
Табылбас жокко сабылдым!
Кыйырсыз көлгө кез келдим!
Кыбырсыз чөлгө бет келдим! –

деп келип карт сынчы, Байчегир чечен бала Торгойго сөз учугун мындайча узатат:

– Желеленген чатышты,
Желпий чечет – деп эшиттим.
Жетик болсоң, сен анда
Жез таңдайың безиткин!!!» – дейт.

Анда бала Торгой төмөндөгүчө чечмелептир: **«Ашуусуз тоого кабылганыңыз»** – албан жүк көтөрүп, сизди балбан көрсөткөн тизеңизден муун кеткени, кош тизеңизди калтырак басып, шилтеген ар кадамыңыз бир дабан ашканга тете болуп турган чагыңыз экен. Муунуңузга кубат жетпей жатыптыр. Бул деген тагдыр эмес, оңосо болот – колдогу нерсе!! Аттиң ай… ал аймакта адамдыкты аңдап-баалоого татыктуу билермандар жок окшобойбу… чиркин!? Кантмек элеңиз, колго таяк алыңыз! Ал жансыз жыгач болсо да, жалгыз жаныңызга жөлөк, басканыңызда тизеңизге өбөк болоор…

**«Арылбас доого малынганыңыз»** – бул керт башыңызга келип түшкөн, айдыңына адам пендесинин алы жетпес мүшкүлдөн экен!? Балаңыз жөндүү чыккан тура… Андан эч арыла албайсыз. «Жамандан – жаан, жакшыдан – мөөн» деген ушу! Ал жазмыш!? Айла жок…

**«Аянбас жоого чабылганыңыз»** – кемпириңиз өлүп, көңүлүңүз көтөрүлбөй чөгүп, келиндин колуна келип, кеменгерликтен кемип, айлаңыз куруп, алдыңызга мышык бөрүдөй улуп, алдан тайып, алакан жайып турган экенсиз. Бул доонун өңгөнү, сизди көмгөнү менен бүтөт көрүнөт…

**«Дабаасыз докко чалынганыңз»** – оопасыз Жалган дүйнөнүн этегине чыгып, коштошоор мезгилдин кайра кайткыс Дарбазасын ачаарга чукулдапсыз. «Тирүүлүк түбөлүк болбойт, Ажал алмайынча койбойт» – дейт эмеспи! – Бул айныксыз ак Акыйкат! Эми, «Бу Дүнүйө бейоопа, боло бербе бейбапа! Бу Дүнүйө Жалгандан, өтпөй тирүү ким калган!!!» деген карт суроонун өзү жооп болуп, кооптонууңарды таратып, канааттандыраар.

**«Табылбас жокко сабылганыңыз»** – канчалаган азиттай мөл максаттарыңыз аткарылбай калып, өктөөңүз өзгөчө зор экен!? Элде жокту ээн жактан издебей, үйдөкүгө ылгырсөңүз болмок! «Үйдө жокко – өзүңүз жооптуу, элде жокко ким күнөөлүү?» – дейт байыркы накылда. Саамынан өксүгөн максат тура! Буга багынбаска арга жок, урматы улуу чилтеним!

**«Кыйырсыз көлгө кез келгениңиз»** – көздөн кунар кетип, алысты көрбөй, чукулду тааныбай калган карылык жышааны. Бул бар сизде. Бирок кеп башкада тура! Сиздин өктөөңүз: көкүрөк менен көктү көрүп, көптү билген, калыстыкты катуу кармаган, калк кастарлаган касиеттүү нарк-нускаларынын баасын мыкты аңдаган бай дөөлөтүңүз, көрөгөчтүк көсөмдүгүңүз бааланбай калышы Сиздеги ачуу арман!? Бул – дээр-зээн ысырапчылыгы!?

**«Кыбырсыз чөлгө бет келдим»** дедиңиз. Мунуңуз чынында да өзөктү өрттөгөн, эч качан чечилбей турган улуу өкүнүч!!! Катарыңыз суюлуп, кажыбас ойчул, карт башыңыздын эрмеги жок ээн калганы да! Сиз бук чыгарчу ырахаттан кур жалак калган кезиңиз тура... Бул өтө оор өкүнүч. Ал тууралуу элиңизден кам көрөр чыкпаганы, кечиримсиз өксүк!? Ой, боой! Сиздей «өнөр алды кызыл тилдин» өлчөөсүз зор ээси экени, оозунан алтын шилекей ин чачыраткан ак таңдай чечени, кыргыздын асыл нарк Дүйнөсүнүн атактуу Көсөмү, ушундай каадалуу каарман салты, калдайган калың калкы туруп, мынчалык кор абалга өтүштүрүп ийиши не деген кордук!!!

Бала Торгой башын жерге салып, оор күрсүнүп, терең үшкүрүнүп бир топко тунжурап туруп калат. Анан...«Ээндикти зээндик жеңет!» – кайраттан жанбаңыз!!! «Манас» айтыңыз! Касиети колдоор... – деп жообун аяктаган экен бала Торгой сынчы.

Ошол чоң жыйында жаш сынчы, бала Торгойдун жоопторун телмирип угуп, ойлоосунун олуттуу тереңдигине, зээн чабытынын ок жетпес кененине, жүйөсүнүн кынтыксыз ишенимдүүлүгүнө муюп отурушкан журт башы, эл жакшылары

уятка жыгылып, карт сынчы Байчегир чечендин даанышмандыгына таазим кылышып, эл рухун ойготкон, эл жакшыларын ойлонткон бала Торгойго батасын беруусун сураныып турушту дейт. Ошондо баарына ыразы болгон Байчегир чечен аалым «жети баштуу, жердиги жакшы» деген батасын бала Торгойго багыштап турган жери:

– Жонуңду айыкпас жоор бассын!
Көөдөнүңө бүтүндөй боор толсун!
Үйүңдү үйүлүп баракат тепсесин!
Кош кулагыңдан кужур кетпесин!
Эшигиңден дүбүр эч кетпесин!
Өпкөңдү ок жел тешпесин!
Өзөгүңдүн оту эч өчпөсүн! –

деп бата тартканда, жыйындагы калк жапырт дуба кылышып, эл ичи тымтырс боло түшүптүр. Андан соң карт чечен Байчегир:

*«Жонуңду айыкпас жоор бассын!»* дегеним:

«Эл жүгү жонуңдан түшпөсүн! Көтөрүмдүү бол!» – деп тилегеним!!!

*«Көөдөнүңө бакас боор толсун!»* дегеним:

«Эгем элди ызаатынан эгерим айырбасын!» – деп тилегеним!!!

*«Үйүңдү үйүлүп баракат тепсесин!»* дегеним:

«Берген байлыгың – Бейпилдик элиңде уктасын!» – деп тилегеним!!!

*«Кош кулагыңдан кужур кетпесин!»* дегеним:

«Эл үнү угулуп, мүдөөсү эсиңден чыкпасын!» – деп тилегеним!!!

*«Эшигиңден дүбүр эч кетпесин!»* дегеним:

«Калкың качпай, баары кайра өзүңө ыктасын!» – деп тилегеним!!!

*«Өпкөңдү ок жел тешпесин!»* дегеним:

«Эзели, барбалаңдап мактанып кетпе береним!» – деп тилегеним!!!

*«Өзөгүңдүн оту эч качан өчпөсүн!»* дегеним!

«Жүзүңдөн күлкү кетпесин, жүрөгүңдүн оту өчпөсүн!» – деп тилегеним!!!

Карап турган калың журт, угуп турган улуу журт унчукпай тымтырс. Ошондо, түнжураган дүлөй тынчтыкты, бала Торгой бузуп, бүт баарына жарыя угузуп, минтип унчукту:

– Бул батада мен эмес, бул батага мен тең эмес! Ажайып Тилек Ээси башка!! Табылбаса арналганы, бул ыйык Тилек тиет барып ташка!? Ошондуктан,Чилистен аба адилеттик кылыңыз! Айтканыма көңүл буруңуз! Кайра алыңыз батаны, оңдойлу өзүбүздөн кеткен катаны!! Ээсине жетсе, Алла кабыл этсе, бул ак Тилек, кылымга кетет атагы!!! – деп бала Торгой сынчы Байчегирдин бутуна жыгылат. Абада улуп-уңшуп өтүнгөн бала Торгойдун өтүнүч үнү гана угулат!!

## Торгой чечен деген ким болгон?

Руханий кудурет-кубаты эбегейсиз күчтүү, бул ашкере акылгөй инсан тууралуу эл ичинде бир катар аңыздар айтылып келет. Алардын айрымдарынан баян этели.

XVIII кылымдын акырында айтылуу Торгой чечен улуу Теңир Тоонун бир чөлкөмүндө жарык дүйнөгө келет. Ал ара төрөлүптүр. Азан чакырылып, ага Алгожо ысмы ыйгарылат. Тежемел өтө кичине болгондуктан аны тамашалашып, топуга да салып коюшчу экен. Дагы бир кызыгы: эртең менен эрте ойгонуп, бир топко ыйлап туруп кайта уктап калчу экен. Ошондон улам ымыркайды «Торгой» деп аташат.

Кийин чонойгондо Торгой чечен деген чендe жок сөзмөр, элге таанылып белгилүү болуп,«кызыл тилдин алтын шилекей чебери» атанып калган кези болот. Айрыкча анын чечендиги «Керме Тоонун арстаны», эрдигинен Кокон жалтанган, Кетмен-Төбөнүн дарханы Бокбасар бийдин алдына атактуу Торгой чечен гана жалгыз өзү тосуп барып, анын жаалдуу, ары опурталдуу сурак суроосуна тапкычтык менен жооп

бергенине Бокбасар бий абдан ыраазы болуп, ачуусу бат тарап кеткен дешет. Ушунун өзү өз учурунда өзгөчө даңазалуу мааниге ээ болуп кетет. Ошондон улам эл арасында Торгой чечен тууралуу укмуштуудай улама-аңыздар таралып, алар калк жадысында өтө бийик кастарланып сакталып, зор сыймык менен айтылып келет экен.

Ал мындайча болуптур. Болжолу 1810-жылдардын башталышында, жайдын толук кезиндеги күндөрдүн биринде Кетмен-Төбө, Паргана өрөөнүнө өткөрө таанымал, «Теңир-Тоо арстаны» аталган Бокбасар бий Чоро саяк элинен жашыруун кат алуу менен шашылыш түрдө 1200 черүүдөн турган кол курап, Мынакелди – Куртканы чапмак болуп, калың аскери менен аттанып жөнөйт. Атайын кайгуул-чабаганчыларды жиберип, жөнөткөн жарлыгында: «Куртка менен Мынакелди аймагынын жамы билермандары, эл бийлеген атпай аттуу-баштуулары… эрте менен күн чыга бириң калбай баарың менин астыма келесиң. Бириң калсаң, чабамын!» – деп буйрулат. Анын үстүнө, бийдин жаалдуу чабармандары: Кол башчыга 50 кадам калганда эки жакты карабай, башты өйдө көтөрүп, бий тарапты гана тиктеп жүрүп отургула! Баскан жолуңардагы чөптөрдүн башын байлаштырып, тузак түйүп койгон. Бий тарапты карабай башын буруп койгонду да, тузакка чалынып жыгылганды да ошо жерден баса калып сабап, кордук көрсөтүп, андан ары Мынакелди – Куртка аймагын бүт «кызыл уук» кылып чабат деп эскертишкен. Мындай катаал шарттан жүрөктөрү түшкөн Мынакелди – Куртка төбөлдөрү Торгой чеченге барышып: «Бизди бир алааматтан куткарып кала гөр!» дешип, жалынып-жалбарышат. Ошондо бардык коркунучту моюнга алып, Торгой чечен Бокбасар бийдин алдына жөнөйт. Баратып, чөп-тузактарга чалынып калбас үчүн бутун улам бийик көтөрүп таптап басып, бийден көзүн албай жүрүп отуруп, Бокбасар бийдин алдына келип токтойт. Ошондо Бокбасар бий:

– Ии, сүйлө! – деп ачуу аралаш кекете бурк этет. Анда Торгой чечен:

– Турна – көктө, тузак – жерде, сөз – Сизде, кулак – бизде, буйрук – Сизде, кулдук – бизде, баатыр! – деген экен. Улук сөз учугу Бокбасар бийдин өзүндө экенин тымызын кыйыткан, тунук ойлуу Торгой чечендин туура сөзүнө дароо жыгылган Бокбасар бийдин ачуусу тарап: «Болду! Болду!Андай болсо, мындан аркы бардык билгиликти Атантай—Тайлакка бүт бергиле!!! Бүтүмүм ошо! – деп шарт туруп, жамы колу менен жабыла аттанып, Кетмен-Төбөнү көздөй кайра тарткан экен.

Ошентип, «кызыл тилдин дарханы» Торгой чечен элди бөөдө «кызыл кыргындан» куткарып калыптыр.... Ушул тарыхый окуядан кийин Торгой чечендин даңазасы дагы далайга тарайт. Ал кезде улуу сөз чебери алтымыштын кырын жаңыдан ашкан учуру экен.

* * *

Чоро элинин эл жакшылары, журт башчылары бүт чогулуп эл-журтка тааныла баштаган он сегизге чыгып калган Тайлакка бардык бийлик-билгиликти берүү жөрөлгөсүн өткөрүп жатканда байыртан келаткан салт боюнча олуя Торгой чеченден эр Тайлакка бата берүүсүн өтүнүшөт. Ошондо Торгой чечен кыбыланы карап чөгөлөп, кезегинде Байчегир чечен айткан (Торгой чеченге берген) батаны: «Бул батага мен тең эмес, ал эл бийлеген баатырларга бериле турган бата экен» – деп өзүнө кабыл албай койгон батаны Тайлакка берген экен. Төмөндө эр Тайлакка берген Торгой чечендин батасы.

«Тайлак мырза,
Көөдөнүң толо боор болсун!
Жонуң туташ жоор болсун!
Кулагыңан шыбыр кетпесин!
Эшигиңен дүбүр кетпесин!
Элиңдин казаны оттон түшпөсүн!
Эр азаматтарың аттан түшпөсүн!
Эгем эл тагдырын мойнуңа жүктөсүн!!!
Оо-мийин!» –

деп бата тартканда, жалпы журт да дүңгүрөп батасын берген экен.

Тайлактын Эр Тайлак аталып, элдик адам болушуна, анын даңазасынын артышына, зоболосунун жогорулашына, Кудайдын мээрими төгүлүп, кезегинде жалпы кыргыз элине атагы чыккан Торгой чечендин берген жогорудагы батасы болуп жүрбөсүн?

Тайлакка берилген бул бата туурасында атам Бобуке Тилекбай акеме жаздырып кеткен көк дептердин саргайган барактарында катылуу жатыптыр.Анда Торгой чечендин жаш курактар жөнүндө таасын озуйпасы да бар экен:

5 жаш – бейбашы күч,

10 жаш – ойноогу жүз,

20 жаш – жалыны узак,

30 жаш – оргуган булак,

40 жаш – кырчын убак, кыябына келген берен курак,

50 жаш – элкин чунак, эр ортонун мелжиген элеңгир курак,

60 жаш – акылы тунат, акылмандык келди деген курак,

70 жаш – жетилген курак.Жердиги жетилген кеменгер курак,

80 жаш – урук тизгинин жыйган кез. «Урук атасы» деген учуктуу ысым учкан курак,

90 жаш – өмүр күрөшүн уткандык. Уруунун улук чылбырын туткан курак.

100 жаш – жашоо чокусуна чыккандык. Турмуш туусун жыккандык.Жашоонун узак жарышын уткандык.

Мына ошо Торгой чечен барк-баасын берген даназалуу Тайлак баатырдын эң кенже уулу Кантөрөнүн уулу Чынгожонун баласы Бобуке манап менин атам болгон. Ооба, атам манаптыгынын азабын тартып тагдырдын маңдайына жазылган озуйпасында жүрүп, Сибирь сүргүнүнө айдалганын, андан аман-эсен келгенде да кызыл шапкечендерге сурак берип жүргөнүн, анын ким экенин кийин өмүрүм атамдын жашына теңелип калган кезде билип олтурам.

...Эсимде, 8-классты аяктарым менен колхоздун бөксөдөгү айдаган апийим талаасына жөө баратсам артымдан Чет-Булак кыштагындагы Орунбай деген аке атчан жете келди.

– Кимдин баласысың? – деп сурады. Мен атамдын атын айттым.

– Тайлак уулу Бобукенин баласысыңбы? О-о, азамат! Бобукенин баласы болсоң кел, учкаш.– Мен ага учкаштым.

– Оо, атаң кезинде өрөөндөгү мыкты манаптын бири эле. Көңүлү жумшак, кишиге катуу сүйлөбөгөн. Мынабу Чет-Булактагы базыстар таякелери болучу. Бир жолу таякелерине келгенде ал кишинин кийген кийимин көрүп таң калгам. Кийимди бычып тиккенди аялдардан өйдө билчү. Маасынын ичиндеги жибек оромо бойго жеткен кызга көйнөк чыкчудай эле. Санжыраларды куюлуштуруп айтчу. Бирок совет өкмөтү келгенде турмуштан чүнчүп кеткендей болду.

– Ооба, санжыра демекчи, Тайлак баатыр, Торгой чечен дегенди көп айтканын эшиткем. Андан да мени мектепке биринчи класска бергени өгүзгө учкаштырып Көк-Дөбөдөн Кызыл-Октябрга алып келе жатканда Айдаркул,Үсөнаалы, Казы деген кишилерге «Көр уулу Султанды» жол катары айтып берип жатканда: «Ии-и анан, тиги бала эмне болду?» – деп кызыга сурап жатышканы эсимде сакталып калыптыр.

Атам колхоздун малын багып жүргөндө мен ошол жылы кышкы каникулга барып калдым. Атамды сагынганымдан мойнунан кучактап, көпкө түшпөй койдум.

– Кана, окууң кандай,тамга таанып калдыңбы? Жети атаңды айтып берейин жазып аласыңбы? Атамдын бул суроосуна жооп бере албадым – Окууңду жакшы окуп, атаңды кубантып жүр, – деди мандайымдан сылап.

Каникул аяктап мектепке келеримде атам кан түкүрүп төшөккө жатып калган эле. Эки жумадан кийин атамдын өңүн биротоло көрбөй калдым. Сагынганда калдайган тер жыттанган көрпө тебетейин башыма матыра кийип, ал эми төөнүн чуудасынан ийрилип жасалган төө чепкенин эки

оронуп жатып алчымын. Азыр тебетей да, чепкен да кайда калганы билинбей жоголду. Мен аларды сагынганда ыйлагым келип, каңырыгым түтөйт.

Азыркы үйдөгү жыгачтан иймек менен оюп жасалган эки кара аяк, бир чакалык жыгач чара, эки чакалык арча челек, жыгач чөмүч-кашыктар, кылым карыткан бул идиштер, атамдын көөрү төгүлгөн уста экенин да элестетип турат.

Атам айткан жети атамды, Тайлак баатырдын сегиз уулунан тараган урпактарын Тилекбай акеме жаздырып кеткен күндөлүк дептеринен көчүрүп алып, туугандарыма таратып бергеним эсимде. Ошол барактары саргайган көк дептерде, атам жаздырып кеткен Торгой чечен жөнүндө санжыра мына ушу жогорудагы болучу.



Атантай Тайлактын Курткадагы күмбөзү.

# ТӨМӨНДӨ АТАМДЫН НАКЫЛ КЕБИ ЖАНА БАТАСЫ

1. Өтө улуу – тууган энең,
2. Өтө сулуу – өзүңдүн балаң,
3. Өтө назик – гүл менен көңүл,
4. Өтө кызык – өзүң жашаган өмүр,
5. Өтө сонун күнүң – бүгүнкү күнүң,
6. Өтө таттуу туюмуң – уйкуң,
7. Өтө ийги ишиң – сүйгөн жумушуң,
8. Өтө жооптуу сезимиң – ар-намысың,
9. Өтө улук кийимиң – бөрк (ак калпагың, ак элечегиң),
10. Өтө бекем касиетиң – эрк,
11. Өтө ишенгениң – көзүң,
12. Өтө алдамчың – Өзүң!!!

* * *

Айдың-Көлдөй терең бол!
Айың сөзгө кереӊ бол!
Кою болбой желең бол !
Коркууну билбес берен бол!
Калыстыкка ченем бол!
Калайык иши десе белең бол!
Калктан чыкпа элиң менен бол!
Оомийин!

* * *

Атамдын санжыранын жилигин чаккан тарыхчы, сөздү баалай билген адам экенин жетимиш жылдан бери эч ким билбей, эч кимге дайны жок, караңгы тунгуюкта көмүлүп жатканына ичим ачышат. Атаганат, ой чабытым күбүлүп түшүп бараткан убагында чечендер жөнүндөгү жогорудагы эки үзүмүнөн башка элдин көкүрөк көөдөнүн толтура турган санжыраларынан кабарым жок жүргөнүмө өкүнөм.

# ЧОДУЕВ ЧОРТЕКТИН ЧОҢ ЖОЛУ



Кишинин кишичилик бийик сапаттары таңсык болуп турган ушул мезгилде адамкерчилиги, айкөлдүгү менен көңүлдө калган, жүрөктөрүбүздө дайыма сактала турган ыраматылык болуп кеткен адамдарыбыз өрөөнүбүздө ондоп саналат. Мына ушундай жаркын маанайлуу адамдарыбыздын бири **Чодуев Бектурган** (Чортек). Анын төртүнчү атасы санжыралуу Тайлак баатыр. Тайлактын 8 баласынын бири Өмүркандын Бекжан, Абыл деген эки баласы болгон. Ошол Абылдан Чоду, Чодудан Бектурган (Чортек). Анын ысмы кезегинде Нарын өрөөнү боюнча аттын кашкасындай белгилүү болуучу. Ал өзүнүн адамдык сапаты – чынчылдыгы, иштин көзүн таба билген Октябрь төнкөрүшүнүн жалындуу уулдарынын бири эле.

Чодуев Чортек 1910-жылы Жети-Суу областына караштуу Пржевальск уездиндеги Куртка-Терек болуштугу (волостунун азыркы Ак-Талаа районунда) Көк-Жар айылында орто байлыгы бар үй-бүлөдө туулган. Эс тарткан кезинде Чет-Булак кыштагындагы Тажик молдодон дин илими боюнча башталгыч билим алган.

Кийинки мезгилде өрөөнгө совет бийлиги орноп, көчмөн эл отурукташа баштаган. Чортек 20 жаш курагында Ашхабад шаарындагы зоовет. институттун алдындагы даярдоо мектебинде эки жыл окуган. 1932-жылы окууну ийгиликтүү бүтүрүп келип, Жалал-Абад районундагы Тогуз-Торо айылдык Советинин төрагасы болуп иштөө менен эмгек жолун баштаган.

1933-жылдын аяк жагында Орто Азия согуш округуна чакырылып, 53-кыргыз атчандар полкунда 1938-жылдын декабрына чейин кызмат өтөп келген. Мына ушул төрт жылдан ашык убакыт аскердик такшалуунун кыйын сыноолорун башынан өткөргөн. Ошол аскер округунан түз эле Тогуз-Торо районуна эл депутаттарынын райондук аткаруу комитетинин төрагалыгына иштөөгө жиберилген.

1940-жылдын октябрынан баштап, ал партиялык кызматка өтөт. Кыргызстан Компартиясынын Тогуз-Торо райкомунун аскер бөлүмүнүн башчысы болуп иштеген. Фашисттик Германия СССРге капысынан кол салган мезгилден душманды толук Батыш Европанын чегине сүрүп таштаганга чейин райондо аскердик кадрларды тандоо, фронтко азыктүлүк, кийим-кече жана акчалай каражаттарды чогултуп жиберүүдө Чодуев чоң уюштуруучулук иштерди жүргүзүп турган. Ошол кыйын кезең мезгилинде «Алтын-Чөйчөк» өрөөнүнүн эли СССРди коргоо комитетинин өтмө Кызыл Туусун 1943–1944-жылдары эки жолу жеңип алышына Бектургандын түздөн-түз уюштургуч салымы болгон десек жаңылбайбыз.

1944-жылдын орто ченинен кийин Чодиев Бектурган Кыргызстан Компартиясынын Жумгал райкомунун экинчи катчысы болуп иштеп барган. Андан эки жылдан кийин Ат-Башы райондук советинин төрагасы болуп 1947-жылга чейин иштеген. Ал эми 1951-жылдын аягына чейин Кочкор районунда МТСтин саясий бөлүмүнүн начальниги болуп кызмат өтөгөн. Ошентип, жети жылдан ашык убакыт Нарын өрөөнүнүн ар кайсы районунда партиялык, советтик кызматтарда үзүрлүү иштеп жүрүп, согуш учурундагы бүлүнгөн чарбаларды бутуна тургузуп, аларды финансы-экономикасынын андан нары жанданышына бир топ салымын кошкон. Ошол жылдын кыш айларынын башталышында Кочкордон Тогу-Торо районуна кайра келет. Бул учурда ал райондун эң чоң чарбалык тармагы болгон айыл чарба башкармасын жетекчиликке алган.

Согуштун эпкини камтыган алыскы тоо арасындагы райондун эл чарбасын алга жылдырууга, майда бытыранды чарбаларды ирилештирүүдө Чодуев өзүнүн уюштуруучулук чыгармачылык ишин жумшады. Ошол мезгилдеги өрөөндөгү 17–18ге жакын майда чарбалар 5 гана чарбага биригип, аларды техникалык жактан тейлөөдө МТС мекемеси ишке киргизилди. Кийин 1954-жылдын ортосунан баштап «Кызыл-Чарба», «Кызыл-Жылдыз» колхоздору биригип бир чоң чарба болгондо ага башкарма болуп иштейт. Мына ушул чарбанын байлыгын арттырууда, андагы элдин социалдык-маданиятын жогорулатууда чыныгы иш билгилигин көрсөткөн, бул жөнүндө Байзак уулу Кудайберген карыя мындайча эскертет: «Бектурган өмүрүнүн акырына чейин эл үчүн иштеди. Өзүм дебеди, айрым чоңдордой болуп, дүйнө топтогон жок. Көр оокатка жулунуп түшпөй, барга топук кылып, жокко чүнчүбөй жашаган сабырдуу киши эле.

Коомдук ишти баарынан жогору коюп, принциптүүлүктү, чынчылдыкты, ак ниеттүүлүктү, адамкерчиликти бекем сактоочу. Ушунусу менен ал эл кадырлаган, салабаттуу, райондогу экинин бири болгон уюштургуч кадр эле. Ал өз учурунда Кара-Чий кыштоосундагы Кызыл Жылдыз колхозунун элин Казарман кыштагына көчүрүп келүүдө өзгөчө уюштуруучулук иштерди жүргүзгөн. Айрыкча биздин «Кызыл Жылдыз» колхозунун чачкын чарбасын бириктирген, байлыгын арттырган жетекчинин бири болучу. Ошондуктан Ор-Казган өрөөнүндөгү бүтүндөй короо-сарайлардын курулушу, малчылар үчүн эбегейсиз камкордук көрүшү анын кадыр-баркын ого бетер арттырды.

Бектурган аксакалдын дагы бир сапаттуу жагы анын калыстыгы эле. Биздин чарбага Чодуев башкарма болуп келгенден баштап бирин бири ушактагандар тыйылды. Кызыл-Чарба жана Кызыл-Жылдыз колхоздору кошулуп, Кызыл-Жылдыз колхозу болуп бириккен. Мурдагы эки чарбанын «Чолок» активдери бири-бирин ушактап башкармага жагыныш үчүн келе берчү экен. Ошондо ал киши экөөнү

беттештирип, ушакчыны экинчи келгис кылып уятын чыгарчу. Бул кишидей өз ишине так киши көрө албадым.

Чодуевдин убагында көп кишилер орден, медалдар менен сыйланышты. Маркум Маруса Жаңыбаева Социалисттик Эмгектин Баатыры болду. Намаева Жумакан, Жунушалиев Сатыбалды алгачкы ордендерди тагынышкан.

Жакшы адамдарыбызды убагында байкабай,баамдабай калат экенбиз. Чодуев пенсияга чыкса да чарбада иштеп жүрдү. Анткени эл арасында жүргөндү жакшы көрчү. Элге Чодуевдин сөзү өтүмдүү да болучу. Көпчүлүк активдер андан кеп-кеңеш алып туруучу. Кудайберген карыя айткандай Чодуев сөзгө уста адам эле. Чарбадагы айрым жалкоо, ишти өз убагында аткара билбеген активдерди ал сөзү аркылуу гана балка менен ургандай «талкалап» таштачу. Кийин Тогуз-Торо райондук даярдоо конторасын жетектеген мезгилдерде да кызматкерлер үчүн анын сөзү «эки» болчу эмес. Мына ушул мекемеде он үч жылга жакын үзүрлүү эмгектенип жүрүп, пенсияга 1974-жылы чыккан. Пенсияга чыгып жатканда райондун эли куттуктап чоң салтанат өткөзүштү. Салтанатта партиянын райкомунун бюро мүчөсү Апас Түмөнбаев карыя коммунисттин басып өткөн эмгек жолуна кеңири токтолуу менен бирге өлкөбүзгө, райондун элине сиңирген эмгегинин натыйжасында Эмгек Кызыл Туу орденин, В.И. Лениндин туулган күнүнүн 100 жылдык юбилейинин медалы, Кыргыз ССР Жогорку Советинин Ардак грамотасы менен сыйланганын даңазалап айтып өткөн. Ал эми партиянын райондук комитетинин биринчи секретары И. Субаналиев карыянын басып өткөн өмүр жолу кийинки муундарга үлгү болуучу иштери жөнүндө баса белгилеген. Салтанатта райондун бардык коомчулугунан, областтык тийиштүү мекеме уюмдардын жамаатынан келген куттуктоолор окулду.

Бирок ал пенсияга чыктым деп өмгөктөп жатып албастан «Кызыл-Жылдыз» колхозунда өрт боюнча көзөмөлдөө жумушун аткарып, чарба активдерине өзүнүн акыл-насаатын айтып жүрдү.

Арийне жакшы адамдын инсандык сын-сыпатын билгизген «имиш» сөздөрү, анын макал-ылакаптары унутулбай айтыла берет тура. Учурда райондун элинин арасында «Чодуев айткандай», «Чодуевге сүрөө жок», «Чодуевдин сөзү» деген ылакаптар айтылып жүрөт. Биз алардын айрымдарын мисал келтирели:

«Кызыл-Жылдыз» колхозуна башкарма болгон жылдары чарбадагы бир адам түлкү кууп келатып ийинге киргизип жиберет. Ийиндин оозуна от жагып түтөтөт. Бирок түлкү чыкпай койгондо кеч кирип кетип үйүнө кетип калат. Ал жер эгин аянтынын чекеси экен. Шамал ийиндин оозундагы чокту үйлөп атып анын учкунун эгинге учуруп келип, тутанып жалындай баштайт. Акыры бардык буудай аянты өрттөнүп кетет. Аны ким өрттөгөнүн чарбада эч ким билинбей жүрөт. Бир күнү башкарма элди чогултуп чогулуш жасап жатып:– «Баягы өрттөнгөн эгин ырас эле өрттөлүптүр, жолдоштор. Эми ал жерге эмдиги жылы сонун чөп чыгат. Чарбага ошол жерден быйыл көп тоют топтойбуз. Ким өтрттөсө да акылдуу адам өрттөптүр, ага ырахмат айтамын» – дептир. Көпчүлүктүн арасынан баягы түлкүнүн ийнине от койгон адам чыга келип:

– Аксакал, аны жабаң өрттөгөн, жабаң! – деп төшүн алаканы менен таптап мактанганда чогулуштагы эл зал жаңырып күлүшкөн экен.

Казарман кыштагынын түндүк-батыш тарабында көп жылдан берки мүрзөлөр бар эле. Ошол жерди илгери «Ак-Бейит» деп коюучу. Анткени кыргыз элинин улуттук Баатыры Тайлактын уулу Осмон датканын күмбөзү ак кирпичтен жасалып тургузулган экен. Мезгил өтүп күмбөз урандыга айланат, кийин эле 1963-жылдары Молдобай деген өзбек адам каза болуп, ага мүрзө казылат. Бирок мүрзөнүн казанагын оё баштаганда Осмон датканын күмбөзүнүн казанагына туш келет. Шарият боюнча Осмон датканын аттуу-баштуу туугандарынан уруксат алыш керек. Ошондо Чодуевдин алдына өлүк ээлери келип уруксат сурайт. «Аксакал, Молдобай

атабыздын сөөгүн коёлу десек казылган жер Осмон датканын мүрзөсүнүн казанагына туш келип калыптыр. Сизден ал жерге сөөктү коё бергенге уруксат сураганга келдик» – десе, анда Чодуев:

«Оо-от, жолдош! Осмон даткага да чай кайнатып бере турган киши керек да. Даткага убагында чай кайнатып берип турсун, Молдобай аке» – деп тамашага чалып уруксат берген экен.

Жогоруда Кудайберген карыя айткандай, жана райондун коомчулугунун эскерүүсүндөй кезегинде келечек муундар үчүн, эл-жери үчүн кара жанын карч уруп, өмүрдүн тайгак кечүүсүн кечип, бийик ашуусун ашып, чоң жолунан өткөн ак ниет, чынчыл, кадыр-барктуу Бектурган Чодуев сыяктуу адамдарыбызды унутта калтырууга тийиш эмеспиз. Маркум жарык дүйнө менен коштошконуна 30 жылдан ашып калса да бир да бирөөбүз жаркын инсан жөнүндө эскербегенибиз кимди болбосун өкүндүрбөй койбойт. Айрыкча өкүнүчтүүсү «Жамандан жаан, жакшыдан мөөн» дегендей эл-жери үчүн үзүрлүү эмгектенген, элдин атасы аталган маркумдун жазмышына айла жоктугу зээнинди кейитет.

Ырас, өз кезегинде каргалык айылдык кеңешине кат жиберилип, ал кат басырылып отуруп көп жылдан кийин Казарман кыштагынын эң четки көчөсүнө Чодуевдин ысымы берилди. Бирок Бектурган карыянын өрнөктүү өмүрү райондун элинин арасында жана жакындан билген, тааныгандар үчүн факель болуп жаркырап күйө берери шексиз.

## «БЕЙДАБА»

*(Казалдын жаралышы жөнүндө)*



XX кылымдын экинчи он жылдыгында Кыргызстандын Өзгөн, Сузак, Базар-Коргон тараптарында «Бейдаба» аттуу күйгөн ыр-казалы чагылгандай тез тарайт. Айрыкча, кыз-оюн болуп жаткан жерлерде жакшы билгени да, анча-мынча кулакдар болгону да, ар кыл ырлардын башын кошуп, «бейдабалап» созолонтуп ырдап калган кези болот. Ошентип, «Бейдаба» күйгөн ыр-казалы оoздон-оозго өтүп, а түгүл «Аркага» – Ак-Талаа, Тогуз-Торо аймактарына да жайылып, ошол мезгилдеги жаштардын ички буулуккан армандуу арзуу сезимдерине чок салып, дүрт тутандырып ийгендей эле дуулдатат.

Мынчалык калайман улан-кыздардын назарларына арзыган «Бейдаба» ыр-казалынын ээси ким болгон? Бул суроого төмөнкүдөй кыскача маалымат бар: **Султанбаев Матыбрайым (Бейдаба)** 1901-жылы азыркы Ак-Талаа районунун Чолок-Кайың айылына жакын «Караңгы-Токой» деген жерде төрөлгөн. Атасы Султанбай өлгөндө Матыбрайым энесинин боюнда калат. Бейдабанын апасы Токтосун эненин төркүнү Өзгөн тараптагы «Жээренче» уруусунан экен. Баласы Матыбрайым 4–5ке чыкканда, турмуш кыйынчылыгынан улам, Токтосун эне төркүнүнө кетет. Матыбрайым таякелеринде өсүп чоңоёт.

Ал бой тартып келатканда эле жаштар арасында ышкыбоз ырчы аталып, үлпөттүү аш-тойлорго чакырылып, эл сүймөнчүлүгүнө ээ боло баштайт. Анын үстүнө, жараткан тартуулаган супсулуу өң-түсү, келишкен бой-келбети, мукамдуу кооз

үнү, оозунан мөл булактай чубурган аруу-назик ырлары сыяктуу бир адамга сейрек ыйгарылуучу асыл касиеттер Матыбрайымды «Жийденин бүрү, жигиттин гүлү!» дегенге чейинки атакка көтөрүп жиберет! Ошол күлгүн мезгилинде, Алишер Навои айкандай: «Өзүңдү көрүп калдым балээге!» дегендей, махабат «оорусуна» чалдыгып, Өзгөндө өтө каардуулугу, чемсиз байлык-мартабасы менен кеңири таанымал болгон Сары болуш (өз аты эмес болуу керек – Р.Б.) аттуу аймактык өкүмдардын Үрзия деген ашкере сулуу кызына ашык болот да калат. Матыбрайым бул сырды өтө жакын эки досуна айтса: «Сен эмне, өз башыңды өзүң жегени жүрөсүңбү? Мунуңду эч ким билбесин! Эгер бул болушка жетсе, сени тирүүлөй көмүп таштайт!» – дешип катуу тыюу салып коюшат.

Ашыктык оту ого бетер алоолоно берет. Бирок Матыбрайым сүйгөнүнө жетпей турганына жедеп көзү жеткен соң, «Эч кур десе, менин чын ашык экенимди, ал эми Үрзия (бул да өз ысмы эмес окшойт – Р. Б.) болсо, Матыбрайым үчүн эч бир кол жеткис бийиктик экенин кыйыр болсо да болуштун кызы сезсин!» – деп, ашыглыктын арман-бугун атайын ачык айтып ырдап чыгат. Аны эл бат эле өз сезиминин күүсүндөй кабылдап, ал ырды Матыбрайымдын өзүнө гана ырдатып келишет.

Бул арзуунун арманы перидей сулуу Үрзияга арналса да, атайын «тергеп» – «жетүүгө дабаа жок, эч ылаажысыз» маанисин туюндурган бир сөз менен «Бейдаба» – деп атаган. Эл ырдын аталышын реалдуу турмушта жок, жомоктогудай кыз тура! – дешип таңданышат. Көп өтпөй эл «бейдабалап» ырдаган Матыбрайымды өз ысмы менен эмес, ырдагы кыздын аты – Бейдаба деп атап калышат. Үрзия да Бейдаба тууралуу кабардар, а түгүл кыз ага кош көңүл эмес экенин, ырды Бейдабанын өз оозунан уккусу келип жүргөнүн билдирет. Бирок таптаза, оорубай-сыктабай эле ырдап-чоордоп жүргөн алибеттүү жигит Матыбрайым эч себепсиз жерден сүйлөбөй, тили буулуп, дудук болуп калат. Ар кайсы мазарларга барып тайынышат, майнап чыкпайт. Акыры, бир календерге туш келишет. Ал: «Жер которгула!» – деп кесе айтат. Токтосун

байбиче Өзгөн тараптагы төркүндөрүн таштап, уулу Бейдаба менен ошол кезде Тогуз-Торого караштуу Кош-Дөбө жергесине, өз атасы Табалдыныкына (Бейдабанын таятасы) бет алып жөнөп калышат. Бир кызыгы, ашуусу бийик «Көк-Арт» дабаанын ашып келатып, Тогуз-Торо көрүнгөндө Бейдабага кадимкидей тил кирип, өзүнүн «Бейдаба» деген ырынан ырдап жиберген экен.

Бейдаба (Матыбрайым) Султанбаев Тогуз-Тородо бир топ жыл жетекчи, ары жоопту кызматтарда иштеген. Өмүр бою ошол ылакап аты – Бейдаба деп чакырылып жүрүп, 1960-жылы 59 курагында дүйнөдөн кайткан. Бейдаба баяны ушундай. Ал эми мезгил мунарыгына небак сиңип жоголуп кеткен анын арзуу арман ыры кайра кантип жаралды?

... Ар кандай окуялардын чыгышына бир нерсе себеп болгондой эле, менин ушул «Бейдаба» ыр түрмөктөрүмдүн жаралышына, чыгарма катары пайда болушуна бирден бир себепкерчи – Тайлак Абдылдабековдун 1968-жылдары райондук «Жеңиш Туусу» гезитинде иштеп калышы болду. Бул окумуштуу адамдан (Кыргызстандын жогорку окуу жайларында философия, логика илимдеринен лекция окуган илимпоз) чогуу иштешкен мезгилде биз этибарга албаган көп нерселерге назар сала билүүгө үйрөндүк. Айрыкча «өз учурунда кеңири белгилүү болгон Бейдаба бу дүйнөдөн өткөндө ал адамдын «ашыглык ырлары» («Бейдабасы») өзү менен кошо жок болуп кеткени өкүнүчтүү, бирок эми ал кишини билгендерден, анын ырынан 2–3 ооздон жат алып калгандардан изилдеп-иликтеп чыксаң, бир чоң көлөмдүү, ары мазмундуу, ары нукура тарыхый эмгек жараткан болоор элең дегени мени катуу түйшөлткөн эле.

Анан иликтей баштадым. Бирок анын ырын жат билген адамдар дээрлик жок болуп чыкты. «Бейдаба» ыр-казалы кагаз бетине да түшүрүлбөптүр мендеги маалыматтар боюнча. Бар болгону, ар кимиси бир-эки саптан гана билишет экен, алар боюнча «Бейдабаны» аздыр-көптүр белгилүү даражада калыбына келтирүү эч бир мүмкүн эмес болуп чыкты.

Ошондон улам өз мезгилинде уккан-көргөндөрдөн Бейдабанын ырына берген мүнөздөмөлөрү, айрым сүрөттөп-түшүндүрүү сыяктуу маалыматтарды да жыйнай баштадым. Албетте, жыйноо, иликтөө оңойго турган жок. Өз убагында көп жылдар бою Кош-Дөбөдө колхоздун партуюмунун катчысы, айылдык советтин төрагасы болуп иштеген Токтогулов Абдрахмандан, Тогуз-Тородогу уламаларды көп билген Чоңмурунов Каниеттен, ошондой эле Бейдаба менен үзөңгүлөш иштеп, жашап өтүшкөн акылгөй инсандар: Түрсүев Борончу, Чодуев Бектурган, Бакаев Орунбай, Жооров Абдракман, Кожалиев Турганбай сыяктуу улуу муундардан сурап, чогултуп алганым бар эле. Булардын көпчүлүгү Бейдабанын коңгуроодой кооз үнү, ал кишинин келишкен өң-түспөлү аткарылып жаткан ырды ого бетер көркүнө чыгарып турганы, ошондон улам ырынын жагымдуулугу, уккулуктуулугу жөнүндөгү маалыматтар экен. Алар Бейдабанын өзүнүн ыр саптары эмес, ал саптар тууралуу мүнөздөгөн фрагменттер эле. Мисалы, Турганбай Кожалиевдин ( Бейдаба экөө 1937-жылы «контур» деп кармалып, Нарында камакта бирге болуп, кайра акталып чыгышкан экен) эскерүүсүндө: «Сулуу кызды сүрөттөөнү үч куплеттен, кээсин андан да ашырып айтканын жана «адырга, тектирге, заңгелге чыккан тытыңдан, анан жытыңдан!» деген жерлери гана эсимде калыптыр» – деп айтканын жазып алыптырмын. Менин чыгармама ушул өңдүү материалдар накта «документалдуу факт» болуп берди.

Дагы бир мисал. Азыркы кезде Ак-Талаа районундагы Кош-Дөбө айылында жашаган Бейдабанын (Матыбрайымдын) баласы Райымкулдан атасы тууралуу уккан-билгендеринен айтып берүүнү сураганда, Бейдабанын өмүр жолун жана ырларынан айрым куплеттерин кат аркылуу карындашы Ашырбек кызы Жаңылга жиберген 32 сап ырын талдап карап чыгып, аларды кеңейтип «керип-чоюп» ушул чыгарманын кучагына сиңирдик. Ошентип, «Бейдаба» ыр-казалы боюнча чогулткан материалдар менен эл оозунда жүргөн айрым үзүл-кесил саптарды иликтөө, колго тийгенин «кайрадан

иштеп чыгуу» аркылуу Бейдабанын ырларынын пафосун болжолдуу болсо дагы, өз калыбына келтирүү (жакындатуу) максатын койдум. Бейдаба өзү ырга салган, кан-какшап сайраган арзуу сезимдеринин, ашыглык эргүүлөрүнүн кайсы бир «тоом-томолорун» сактоо менен окурманда: «Чын эле, Бейдабаныкындай экен!» – деген ишеним-элес калтыруу үчүн чыгармачыл күч-аракетти жумшадым.

Мага ушул поэтикалык чыгарманы жаратуууга олуттуу түрткү берип, материалдарды топтоодо, айрыкча кол жазмамды басмага даярдоодо баштан-аяк киришип редакциялап чыккан агам Абдылдабеков Тайлакка чын жүрөктөн терең ыраазычылыгымды билдирем! Деги акем экөөбүздүн башкы үмүтүбүз: бул таланттуу адамдын ысымын биротоло жоголуп кетүү коркунучунан сактап, анын чыгыштын улуу поэзиясына таандык аруу сүйүүнү даңазалаган дастанын ушул китеп аркылуу эл арасына кайрадан алып чыгып, тарых күүсүндөгү инсандардын катарына кошсок деген асыл муратка жетсек болгону! Ошентип, «элден алып, элге бердик» дегендей Матыбрайымдын «Бейдаба» казалын өзүмдүн вариантымда, ашыглык арзуусундагы «арм ındуу бук» катары көпчүлүктүн көңүл сотуна коюп жатам...

## «Бейдаба»

Баяным айтсам тегимен,
Бай Ак-Талаа жеринен.
Бабаларым уругу,
Байсогурдун элинен.
Балапан кезден жетимдик
Басыптыр ныктап белимен.
Байбачага жалданып,
Байралдым Өзгөн өрүнөн.
Болуштун кызын ырдайм – деп,
Мага «Бейдаба» наамы телинген.

Булардын баарын айтайын,
Бир башынан эми мен.. *

I

Ашыгы үчүн күймөк бар,
Айбыкпай чокко кирмек бар,
Ак сүйүүгө жете албай,
Азабын тартып жүрмөк бар.
Арзуусу толук ишке ашса,
Ашыглык доорун сүрмөк бар!
Сулуулар үчүн күймөк бар,
Сүрдүкпөй чокко кирмек бар.
Сулуунун сырын биле албай,
Супсуну сууп жүрмөк бар!
Самаганы ишке ашса,
Сайрандап доорон сүрмөк бар!
Кыз үчүн отко күймөк бар,
Кылчайбай чокко кирмек бар.
Кыялын кыздын таба албай,
Кыйноосун тартып жүрмөк бар.
Кыйылчу нике ишке ашса,
Кыз алып доорон сүрмөк бар!
Ашыглык сыры көп экен,
Ашыктын ыры төп экен.
Ашыкдар күйсө жалындап,
Аны ырдаса эп экен.
Арзуусу калса угулбай,
Анда,
Айтылган куру кеп экен!?
Ынаглык сыры көп экен,

* «Ушул жерин, өзүнүн өмүр жолу боюнча көпкө ырдаган эле», – деп эскерет Т. Абдылдабеков (1946-ж. 9-февралда шайлоо учурунда Бейдабанын өз оозунан уккан).

Ынактар ыры төп экен.
Ышкыбоз күйсө жалындап,
Ырдаса аны эп экен.
Ыры да калса угулбай,
Анда,
Ырысы жок бир жел кеп экен!?
Ашыглык деген шок экен,
Арзуу сезим чок экен.
Ашыглыктын «айлынан»,
Армансыз өткөн жок экен.
Ышкуулук деген шок экен,
Ынтызар сезим чок экен.
Ынаглыктын «айлынан»,
Ызасыз кеткен жок экен!
Жашчылык деген шок экен,
Жалындуу сезим чок экен.
Жапакечтиктин жолунда,
Жаңылбас пенде жок экен!

II

Жайлоонун башы Кызыл-Жар,
Жалоорсо жүрөк тызылдаар.
Жамалың ырга салбасам,
Жазыктуу жаным ызылдаар!
Кыштоондун башы Кызыл-Жар,
Кыйналса жүрөк тызылдаар.
Кылыгың ырга салбасам,
Кылмыш! – деп дилим ызылдаар.
Жароокер сендей көрбөпмүн,
Жыланды, Шоро, Жазыдан.
Жасатыңа зор бакыт
Жараткан берген башынан!
Жалжалдын сүйсөм мындайын,
Жымырып неге жашырам?

Жомоктобой жоругун,
Жобурап кантип басылам?
«Жар болсо!» – деген ниетте,
Жандашка сага ашыгам.
Жүрөгүм сүрдөйт өзүңөн,
Жүдөймүн... кантип батынам?
Айланып сендей көрбөпмүн,
Акман, Ак-Таок жаатынан.
Алла өзү аздек бакыттан,
Арнаптыр сага башынан!
Айымдын сүйсөм мындайын,
Анымды неге жашырам?
Айтылбай нечен бук жатат,
Азат бойдо ташыган.
Арманым арбып жыйылып,
Арактай кайнап ачыган!?
Ак сүйүүмдү ушундай,
Айтсам деп саа ашыгам!

А бирок сүрдөп өзүңдөн,
Айбыгам.., кантип ачылам?
Баамдап сендей көрбөпмүн,
Базар-Коргон, Ачыдан.
Бүбү-Батма жамалы,
Буйруптур саа башынан!
Бийкечтин сүйсөм мындайын,
Бөөдө эле неге жашырам.
Буй кылып сүйүүм ээ бербей,
Бозодой кайнап ачыган.
Буюккан буктар жыйылып,
Боюмду тээп ташыган.
Бар сүйүүмдү ушундай,
Билдирсем деп ашыгам!
Бирок да сүрдөйм өзүңөн,
Билбеймин, кантип батынам?

Жан нуруңдан Бейдаба,
Жалтанып көздөр тайгылат.
Жөн адам эмес өзүңдөн,
Жалдуу арстан да айбыгат.
Бейдаба чачкан нуруңдан,
Беттеген көздөр тайгылат.
Бешенеңдин сүрүнөн,
Бекинип жолборс айбыгат.
Баарлашка канчасы,
Батынбай жүрөт кайгуулап.
Ашыглыктын паашасы,
Үрдү ырдайын, Бейдаба.
Нурун чачкан баарына,
Күндү ырдайын, Бейдаба.
Тандап карап канчадан,
Минди ылгайын, Бейдаба.
Кадырыма жарашкан,
Бирди ырдайын, Бейдаба.
Кыздан чыккан өзүңдөй,
Пирди ырдайын, Бейдаба.
Бүт турпатың мүнөздөп,
Мүлдө ырдайын, Бейдаба.
Үшкүрүнүп ырдаган,
Үнүмдү уксаң, Бейдаба.
Көмөкөйдөн оргуган
Күүмдү уксаң, Бейдаба.
Жүрөктөн: «Сен!» – деп сызылган,
Сүйүүмдү уксаң, Бейдаба.
Өзүңө жетпей келаткан,
Арманым уксаң, Бейдаба.
Азап менен Тозокко,
Барганым уксаң, Бейдаба.
Кетип турган бу күндө,
Аргамы уксаң, Бейдаба!?

«Сен!» – деп жүрүп бейпайда,
Калганым уксаң, Бейдаба.
Дилимдин сага тартканын
Туясыңбы, Бейдаба.
Дикилдеп жүрөк кагышын
Угасыңбы, Бейдаба.
Ынаныпп маа көөнүңдү
Бурасыңбы, Бейдаба?
Ашыкмын! – деп какшасам,
Ынаар белең, Бейдаба.
Чын көөнүңдөн мен жакка,
Ыгаар белең, Бейдаба.
Махабатың бүт мага
Бураар белең, Бейдаба.
Анар да анар, сен да анар,
Айдай өң-түс кимде бар.

Ак сүйүүм сага шам болуп,
Алоолоп мендей ким жанар?
Ачкычын алып сендеги,
Ашыглык отун ким жагар?
Арманда күйдүм түтүнсүз,
Аргасын анын ким табар?
Сен анар, анан ким анар,
Сен үчүн мендей ким жанар?
Сүйүүдөн күйгөн түтүнсүз,
Себебимди ким табаар?
Сыздоонун баркын түшүнөт,
Сүйрөлсө буга бир сапар.
Чаласы жок, кеми жок,
Жасатыңды айтайын.
Бекзаадалар тукуму,
Башатыңды айтайын.
Жанга дабаа жайдары,

Лаззатыңды айтайын.
Асалмас * жүрөк дарысы,
Болгонуңду айтайын.
Асылкеч болчу куракка,
Толгонуңду айтайын.
«Бейдаба» – деп ысмыңды,
Койгонумду айтайын.
Ак жүзүңдүн албырган,
Ак-кызылын айтайын.
Кумары күчтүү көзүңдүн,
Нак кызыгын айтайын.
Бейдаба сени даарыган,
Бак-Кызырын айтайын.

Суудай улуу пакиза,
Тазалыгын айтайын.
Чубурган ширин сөзүңдүн,
Маззалыгын айтайын.
Сөөрүдөгү манаттай,
Сөөлөтүңдү айтайын.
Сан эсеп менен өлчөнбөс,
Дөөлөтүңдү айтайын.
«Сен!» – деп талбай ырдаган,
Мээнетимди айтайын!
Суйсала басып суктанткан,
Сымбатыңды айтайын.
Субагай бет, ак маңдай,
Сын жаатыңды айтайын.
Сага жетүү дабаасыз,
Кымбатыңды айтайын.
Суксур моюн, кымча бел,
Сулуулугуң айтайын.
Зоболондун султандай,
Улуулугун айтайын.

---

**Асалмас* – чөптөн жасалган жүрөк оору дарысы.

Тагдырдын саа түшпөгөн,
Буруулугун айтайын.
Ак алмадай аңкыган,
Алкымыңды айтайын.
Ажайып жанган башкача,
Жаркыныңды айтайын.
Ар манжаңда толтура,
Алтыныңды айтайын.
Алакага зымпыйган,
Салкыныңды айтайын.
Болбогон ырды ырдабай,
Бар чыныңды айтайын!

Кандай кийим кийбегин,
Жарашканын айтайын,
Көргөндөр көзүн алалбай,
Карашканын айтайын.
«Көлөкөгө тон бычып»,
Талашканын айтайын.
Керемет экен карасам,
Келептеп өргөн чачыңды.
Көңүлүм түшүп байланды,
Көргөндө кара кашыңды.
Көп болгон менен сулуудан
Көрбөдүм сендей асылды!
Ажайып экен карасам,
Артыңа өргөн чачыңды,
Акылга салдым сүрөттөп,
Жаңырган айдай кашыңды.
Ар кандай сулуу көп жүрөт,
Асти,
Таппадым сендей асылды!
Адебиң аздек бүтүндөй,
Ак этиң алма түсүндөй.
Алдыртан көзүң кылгырат,
Анжиян мөлтүр жүзүмдөй.

Анчалык маани бербепмин,
Арзуунун күчүн түшүнбөй.
Ашыглык кандай балакет,
Айттырбай келчү күтүлбөй!
Алтын жака хандардын,
Ай нуру өпкөн кызындай.
Ак бетиңдин манаты,
Апенди кылды кызылдай!

Күмүш жака бектердин,
Күн нуру өпкөн кызындай.
Күмүш шыңгыр күлкүңдөн,
Күкүк болдум кызылдай.
Тал чыбыктай буралган,
Белиңди айтсам жарашат.
Бүт дилимди эриткен,
Кебиңди айтсам жарашат.
Бар кыздардан башкача,
Зээниңди айтсам жарашат.
Телегейи тептегиз,
Тегиңди айтсам жарашат.
Каухардай жанган кулпуруп,
Көзүңдү айтсам жарашат.
Кушубак кылып элирткен,
Сөзүңдү айтсам жарашат.
Көп кыздардан өзгөчө,
Эсиңди айтсам жарашат.
Нукура ак сөөк жаралган,
Өзүңдү айтсам жарашат.
Боо тутам олоң чачыңдан,
Бурасам кантет, Бейдаба?
Суйсалган жайык сооруңдан,
Сыласам кантет, Бейдаба?
Кош алма бөлтөк төшүңө,
Куласам кантет, Бейдаба?

Олоң узун чачыңа,
Оролсом кантет, Бейдаба?
От сүйүүңдүн сурпуна,
Оронсом кантет, Бейдаба?
Азат-султан боюңа,
Тоголсом кантет, Бейдаба?

Атыр жытың мас кылган,
Ак Лоолам болбо, Бейдаба!
Атайын мага жагылган,
Бак Шоолам болбо, Бейдаба!
Арзуумду тарткан өзүңө,
Нак шоонам болбо, Бейдаба!
Жыпар жытың мас кылган,
Жаш Лоолам болбо, Бейдаба!
Жараткан мага буюрган,
Жар Шоолам болбо, Бейдаба!
Жандырчу ички бугумду,
Жан шоонам болбо, Бейдаба!
Ак булуттай көктөгү,
Бууга окшойсуң, Бейдаба!
Айдың-Көлдө ойногон,
Кууга окшойсуң, Бейдаба.
Дарысы Кара-Шородо,
Сууга окшойсуң, Бейдаба.
Кереметиң азанда,
Таңга окшойсуң, Бейдаба.
Апапак болуп албырып,
Айга окшойсуң, Бейдаба.
Шаймердендей колдогон,
Жанга окшойсуң, Бейдаба.
Ак кайыңдай шамалда,
Бураласың, Бейдаба.
Ак маралдай тоодогу,
Суналасың, Бейдаба.

Арзып качан боюма,
Кыналасың, Бейдаба?
Көк кайыңдай шамалда,
Бураласың, Бейдаба.

Көл-Төрдөгү эликтей
Суналасың, Бейдаба.
Кайсы күнү боюма
Куланасың, Бейдаба?
Ак алтындан сагагың,
Ак алмадай тамагың.
Ага кошуп көрк берген,
Ай нурундай жамалың.
Асылдыгың ушунча,
Айтсам дарек кабарың.
Чылк алтындан сагагың,
Чүчтөдөй аппак тамагың.
Чилистен тарткан сүрөттөй,
Чайыттай ачык жамалың,
Чамалап айтсам ушундай,
Чоо-жайыңдын кабарын.
Көз тайгылат көргөндүн,
Мойнундагы берметтен.
Аябай Кудай бериптир,
Көйкөлгөн укмуш келбеттен.
Көңүлкош саа калбастыр,
Кырчындардан эр жеткен.
Жалт бурсаң кимге дитиңди,
Жамгырлап андан тер кеткен.
Көөнүнө түшсөм кана! – деп,
Көп жигитти дегдеткен.
Көй ашыкдар ичинен
Кур кылбай сүйүү шербеттен,
Өнтөлөй карап мени да
Өрттү бердиң шерденткен.

Көшүлсөм деп койнуңда,
Көлпүрүп канча ой терметкем.
Бугумду ырдан чыгарып,
Арзуумду ырга сугарып,
Мен дагы,
Ашыглык дартым эмдеткем!

Күндө бир маал өзүңдү,
Көрсөм деймин, Бейдаба.
Көңүлүңдү өзүмө,
Бөлсөң деймин, Бейдаба.
Көп чаргытпай сөзүмө
Көнсөң деймин, Бейдаба.
Күнү-түнү сени ырдап,
Жүрсөм деймин, Бейдаба.
Кол кармашып, бир ойноп,
Күлсөм деймин, Бейдаба.
Гүлүстөн доорду сен менен
Сүрсөм деймин, Бейдаба!
Барман * берген жагыңа,
Барсам деймин, Бейдаба.
Нике кыйып буюрса,
Алсам деймин, Бейдаба.
Муратка жетип армансыз,
Калсам деймин, Бейдаба.
Ууртуңдун учунан
Сорсом деймин, Бейдаба.
Улагаңа өзүмдү
Койсом деймин, Бейдаба.
Ууз нике эгеси,
Болсом деймин, Бейдаба.
Өзүң менен тагдырлаш
Болсом деймин, Бейдаба.
Кош алмаңдын үрпүнөн

* *Барман* – буйрук.

Сорсом деймин, Бейдаба.
Конушуңа түбөлүк,
Консом деймин, Бейдаба!
Топту жарып ырдаган,
Ырчы болдум, Бейдаба.
Толгон кыздан сени издеп,
«Тыңчы» болдум, Бейдаба.
Түн-күн айлың четинде
Турчу болдум, Бейдаба.
Көп ичинде таңшыган,
Ырчы болдум, Бейдаба.
Көп кыздардан сени издеп,
«Тыңчы» болдум, Бейдаба.
Кечкисин пайлап үйүңө,
Турчу болдум, Бейдаба.
Айтып, санап бүтө албайм,
Ак алтындан бүчүңү.
Аңыз кылат көргөндөр,
Ак такыяңда үкүңү.
Ай нурунан бүткөн кыз,
Алсыратпа күчүмү.
Санаттап ырдап бүтө албайм,
Сары алтындан бүчүңү.
Суктанат дайым көргөндөр,
Суусар бөрктө үкүңү.
Сүзүлгөн сулуу керме каш,
Сайроондотпо күчүмү.
Сындырбассың шагымы,
Сылай өпсөм жүзүңдү!
Шириеси таңдай тамшанткан,
Шамөрүк гүлү болбогун!
Ырдатып мени какшанткан,
Ырыскы бүрү болбогун!

Түпөтүз сага баргансыйт,
Тагдырга чийген жолдорум!
Чынын айтсам мен азыр,
Чырмалган сүйүү тордомун.
Сыйкырдуу сулуу Бейдаба,
Сүйүүңдүн айтчы «оң-солун».
Кыз-бийкеч чыдап берейин,
Кыйнагын, эзгин, кордогун!
Иншалла! Түтөм баарына,
Ишке ашса болду ойдогум!
Калтардай сулуу чырай кыз,
Кайталап ысмым сурайсыз.
Какылдап ырдап чакырсам,
Каш кагып, моюн бурайсыз.
Карк ашык болгон мендейге,
Канткенде ийип ынайсыз?
Адырга чыккан тытыңдан,
Ашык болдум сыртыңдан.
Алагүү болом искесем,
Аңкыган атыр жытыңдан!
Тектирге чыккан тытыңдан,
Телинип сүйдүм сыртыңдан.
Телмире түшөм искесем,
Тегелең * жыпар жытыңдан!
Заңгелге чыккан тытыңдан,
Зарделеп сүйдүм сыртыңдан.
Закымдап учам искесем,
Замзамдай дары жытыңдан!

Карлыгачты ойноткон,
Кайчыдай учкул канаты.
Кандай айтса жарашат,

*Тегелең* – «абдан буруксуган атыр жыт» деген мааниде.

Кыз Бейдаба санаты.
Күн өткөн сайын ырбоодо,
Күйүттүү жүрөк жараты.
Асел, шекер, набатым,
Асмандап учаар канатым.
Айгайлатып ырдаткан,
Айжаркын сенин санатың.
Арбып күндө баратат,
Арзуудан жүрөк жаратым.
Белимде шербет, набатым,
Бийиктеп учаар канатым.
Безилдетип мени ырдаткан,
Бейдаба сенин санатың.
Барган сайын ырбоодо,
Балаалап жүрөк жаратым!
Агандын тапкан көп малы,
Ак-Төрдө жүрөт жайылып,
Ашыглык менен оорудум,
Аламбы андан айыгып?
Арылам го деп ойлойм,
Алдыңа барсам тайынып!
Тагаңдын күткөн көп малы,
Таштакта жүрөт жайылып.
Талмадай оору жолукту,
Тез кетээр бекем айыгып.
Табылаар бекен айласы,
Тамыңа барсам тайынып?
Өтөктүн асты от болот,
Өрүүгө жайыт жок болот.
Өзүңдү апта көрбөсөм,
Өрттөнүп ичим чок болот.
Өзүңө жетип Бейдабам,
Өксөөм качан токтолот?

Башаттын асты от болот,
Байкери жайыт жок болот.
Бериштем саа беттешпей,
Бек күйүп ичим чок болот.
Бейдабам жетип өзүңө,
Бежирөөм качан токтолот?

III

Жаркының жанган ырдадым,
Жасатың даңктап сындадым!
Жаагымды жанып сен десем,
Жан тартып көөнүң бурбадың?
Жалынга күйсүн дедиңби,
Же неге колуң булгадың?
Керемет мүчөң ырдадым,
Келбетиң даңктап сындадым.
Күн-түнү сен деп ырдасам,
Көөнүңдү мага бурбадың?!
Күйүткө чөксүн дедиңби,
Неге анда көзүң ымдадың?
Оюн-зоокко келем – деп,
Орошон сулуу көрөм – деп,
Оюнпоз жаным шаттанып,
Октолуп чыктым аттанып.
Олоң жал тору ат минип,
Озунуп тойго бат жүрүп,
Ойкутуп келсем дайрага,
Оргуштап алган нак кирип.
Ой-Талдын суусун кече албай,
Оолжуп турдум өталбай,
Ободон берген белгиби,

Оюма калчу жеталбай...
Кыз-оюнга келем – деп,
Бейдаба кызды көрөм – деп.
Шашып чыгып аттанып,
Шарт жетем деп мактанып.
Кызыл тору ат минип,
Кылчайбастан бат жүрүп.
Кечүүгө келип карасам,
Калыптыр дайра нак кирип.
Көк-Арттын суусун кечалбай,
Көпкө турдум өталбай,
Көк Теңир берген белгиби,
Көксөөмө калчу жеталбай...
Жылжытып суудан сүздүрүп,
Жылтыркан башын үздүрүп.
Жайылган Камбар атаны,
Жылга ылдый айдап түшүрүп.
Жылдыра албай калыңга,
Жылкыдан тандап жүз күлүк!
Жээликкен оюм ишке ашпай,
Жер тиктеп калдым үшкүрүп...
Балкытып суудан сүздүрүп,
Балтыркан учун үздүрүп.
Бардыгын жыйып Камбардын,
Бадал ылдый түшүрүп.
Бараандуу калың бералбай,
Быштыдан тандап жүз күлүк!
Баары калды ишке ашпай,
Эми,
Баш чайкап турам үшкүрүп...

Көөнүмө салдың жалынды,
Көйгөйлүү дартка малыңды.

«Көксөгөн сүйүүм сенде» – деп,
Көңүлүм саган багынды.
Көлпүгөм десем жыргалга,
Көкүрөк өрткө кабылды?!
Махабаттын азабы,
Маңдайга бүткөн зарымбы?!
Ичиме салдың жалынды,
Из чыкпас өрткө кабылды.
«Издеген сүйүүм сенде» – деп,
Илгиртпей көөнүм багынды.
Искейм деп гүлүн жыргалдын,
Илдетке жүрөк малынды.
Ышкыдан азап көп тартмай,
Ырасмий тагдыр зарымбы?!
Төрөнүн кызы Бейдаба,
Төп кепке эч барбадың.
Төрвөлжүн * болуп турсам да,
Төгүлүп көңүл салбадың.
Тагдырга ушул жазылса,
Тартпаска аны айла жок,
Теңиримдин барманын!
Кан кызындай Бейдаба,
Кыйгай да көзүң салбадың.
Канчалык беттеп барсам да,
Кепжешкенге ** барбадың,
Көтөрбөскө айла жок,
Кудайдын минтип салганын!?

---

* *Төрвөлжүн* – көлдөлөң.

** *Кепжешкенге* – сүйлөшүүгө, сырдашууга.

«Жээренче» элге эр жетип,
Жерим Өзгөн–Ош болду.
Жексур турмуш үйрөттү,
Жеткизбей узап озгонду.
Жулкунуп сүрдүм канчасын,
Жутунуп бактым тосконду.
Жароокер өзүң көргөндө,
Жигиттик демим козголду.
Жетимдиктин кээриби,
Жалтанчаактык коштолду.
Жалындуу сүйүүм айталбай,
Жалоондугум токтолду.
Жалтайлатып турат бейм,
Жазмышым саа кошконду?!
Тагаларда чоңоюп,
«Тамырым» Өзгөн–Ош болду.
Тайгалак турмуш үйрөттү,
Таймаштан жиреп озгонду.
Талашып сүрдүм канчасын,
Таалайымды тосконду.
Таанышпай капыс жолуккан,
Таасирден жүрөк токтолду.
Татына жүзүң көргөндө,
Ташкындап денем козголду,
Тарбиянын кемиби,
Тартынчаактык коштолду,
Тайсалдатып турат бейм,
Тагдырым саа кошконду...
Жыланды башы Алкымдан,
Көч чыкты көп жүк артынган.
Көрүнүп турдуң балбылдап,

Көч ичинде калкыңдан!
Жоон топ жигит бейүмүт,
Жүрүптүр калбай артыңдан.
Жалжал көз сендей көрбөпмүн,
Жалал-Абад, Анжиян жалпыңдан.

Жолуккан жерден карегиң,
Жоодурап мага тартылган.
Жуураттай уюп кетипмин,
Жооптуу мындай «тартууңдан»!
Жиреп өтүп кеп айтпай,
Жүрөксүп, сүрдөп тартынгам?!
Жок жерден келген бактымды,
Жылоолой албай калтыргам?!
Жемимден далай кургалтты,
Жетимдик деген ант урган!?
Суу төгүлбөс сур жорго,
Суйсалтып тойго мингемин.
Суурулуп чыгып көп элден,
Сыныңа толсом дегемин.
Суусар сындуу Бейдаба,
Сүзүлүп көзгө илбедиң!?
Аргымак мүчө алп жорго,
Алчактатып мингемин.
Атылып чыгып калкымдан,
Арзууңа толсом дегемин.
Ай-чырайлуу Бейдаба,
Анткеним көзгө илбедиң!?
Жамалыңды көп айттым,
Жарашыгың төп айттым.
«Жакшы көрөм неге?» – деп,

Жылдырып секин кеп айттым!
Жылмайып күлүп тим болуп,
Жыргатпай, кайра муңайттың!?
Сулуулугуң көп айттым,
Сурмасын көзүң төп айттым.
«Сени ойлоп азаптанам!» – деп,
Сыйкантып секин кеп айттым!

Сырдуу күлүп тим болуп,
Сүйүнттөй кайра муңайттың.
Бажыраң көз гүл бийкеч,
Башкача сүйдүм калкымдан.
Бейдаба сага жетсем – деп,
Байуулу болдум талпынган.
Баамыңа алып койбодуң,
Баанектеп жүрсөм артыңдан.
«Боздогон ырчы» атыктым,
Бойтумар сенин дартыңдан.
Борумуңду сүрөттөп,
Бугумду эстей жүрөт – деп,
Бир кап ыр жазып калтыргам!
Абада торгой сайраган,
Арман көп ичте кайнаган.
Ай чолпон сени угаар – деп,
Арзуумду ырдайм кайрадан!
Күнгөйдө торгой сайраган,
Күйүт көп ичте кайнаган.
Бейдабам сени ойлосом,
Бейпага түшөм кайрадан!
Көйнөгүңдүн саймасы,
Көз жоосун алган күлбадам.

Көздөрүң калат алалбай,
Көнчөгүң толо сыргаңан!
Көздөшкөн кезди сен менен.
Көпкөгө эстеп жыргагам!
Кардыкканча көмөкөй,
Көркөмүңдү сыпаттап
Ырдаганым – ырдаган!
Ырдай да берем кайрадан!...

# ЫРЛАР

## Алтын-Чөйчөгүм

Айтылуу Алтын-Чөйчөгүм,
Ак булут челген «өркөчүң».
Айтууга арзыйт чынында,
Алтынга теңдеш өлчөмүң.

Тоолоруң тоого уланган,
Турпатың турса кубанам.
Бөксөдөн чыккан булактар,
Бөксөрбөй дайра кураган.

Төрлөрүң алтын бүт баарың
Төшөлгөн килем – «Макмалым»,
«Дүйнөдө мындай жер жок» – деп,
Төшүңө оонап мактандым.

Кийиги миңдеп саналчу,
Калтарын Шумкар алуучу.
Жомоктоп айтып жүрүүчү,
«Жунгли» сенде – «Каначуу»

Табият менен жан сырдаш,
Тарттырып сүрөт калем каш.
Эзелки тарых жазмасын,
Энчилеп берген – «Саймалы-Таш».

Өзгөртпөй өзөн алабын,
Иримдеп күчтөп агымын.
Өзөгүн жарып өрөөндүн,
Өркөчтөп агат Нарыным.

Кошулуп Нарын дайрага,
Толкуса көлдүн добушу.
Бермети болгон өрөөндүн,
«Беш-Көлүм» жердин соорусу.

Сүрүнөн сүрдөп арстандын,
Сүрөттөп айта албасмын.
Турпаты – «Бугу» тоосунда,
Тургансыйт атам Манастын.

Айтылуу Алтын-Чөйчөгүм,
Арбытыр байлык өлчөмүң.
Айталам мактап ааламга,
Алтындан бүткөн чөлкөмүң.

## Апамдын мүрзөсүндө

Ардагым апам кутманым,
Ал жайдан келı ис уктадың.
Жамынып бопбоз топурак,
Жалгызың муңун укпадың.

Арман жыл ошол аргасыз,
Атадан калып жапжалгыз.
Дүйнөдөн кечип мен үчүн
Дулдулум болдуң чарчагыс.

«Карысам багат балам» – деп,
Карч урдуң кара жаныңды.
Чымчылап таап тойгуздуң,
Чондогой курсак кардымды.

Ал мезгил өттү. Эр жеттим
Алгамын сүйүп колукту.
Убайым кылбай сени биз
Узартып бердик кол-бутту.

Дөөлөттүү ошол «тактыңды»,
Demиңден издеп таптыңбы?
А бирок менин ыйыгым,
А дүйнө сапар тарттыңбы?
Сүтүңдү актаар кезиңде,
Соолуттуң менин бактымды.

Жазданып көрдүн ташына,
Жатасың менден жашына.
Жүрөктөн чыккан ушул ыр,
Жуурулду мончок жашыма.

## Жаштыгымдан бир элес

Өңүбүз ууз жаш эле,
Өткөрдүк жандап жакшы эле.
Өктөмү күчтүү улан кез,
Өкүнсө келгис жаш беле?

Балдардын кээси шок эле,
Бирок да «пас ой» жок эле.
Көргөндү өрттөп жиберген,
Көздөрү күйгөн чок эле.

Түшкөнү көлгө барчубуз,
Түртүшүп суугa салчубуз.
Катарлаш оонап жылаңач,
Күнөстөп кумга жатчубуз.

Күрөшкөн сайын күрөшүп,
Кумарга аябай талчубуз.

Кыздар да назик апаппак,
Кылыгын анын ким тапмак
Бөрсөйгөн төштө алмасын,
Бөөдө эле кимге жыттатмак .

Кымча бел кыздар куурчактай,
Качырбай кармап бурчатпай.
«Кан күйөө» боло калчубуз,
Канатты жая кучактай.

Чапкылап басса конч-кончту
Чачтары бутун оролтчу.
«Ө» тамга көзү кылгырган
Өзгөчө мени ойлонтчу.

Көөнүмө толук жакканы,
Күлгөнү жарчу асканы.
Күн кечтеп ага шашчумун,
Көңүлдө сырды айтканы.

Бөлөккө болуп колукту,
Бүгүн ал капыз жолукту.
Салына албай калтырайт,
Саркечтүү сайма жоолукту.
Сагынуу менен эстедим,
Санаамдан кеткис жорукту.

Мезгилдер өттү ченебес.
Мен деле андан кем эмес .
Жалдырай көздөн өткөрдүм
Жаштыгымдан бир элес.

## Уулума айткан насаат сөз

Теңирим берген тун балам
Тентеги тынчып турбаган.
Текебер салып кетсе да
Тек коюп, чертип урбагам.

Бапестеп баккан бул балам,
Бейбашы бей-жай турбаган.
Бедели бекем болсун – деп,
Бетинен сүйүп, урбагам.

Балжууран жаштык кези өтүп,
Бaратат балтыр эти өсүп.
Жанымда жүрсөң барчындай,
Жүрөгүм балкыйт, жан көшүп.

Кучакка батпай кубанчым,
Кыйырга кетип кулачым.
Жобурап тилейм Кудайдан,
Жолумду жолдоп улашын.

Абайла сага аз калды,
Айланып учса асманды.
Тууруңа кептер кондуруп,
Турмуштан үйрөн басканды.

Менин да атам кезинде:
«Медерим балам эсирбе!
Дегдеймин урпак өсүшүн»
Дегени турат эсимде.

Бактыга мени карт кылган,
Балдарың чубаар артыңдан.
Аталап турса неберем.
Айланып кетем затынан.

Өксүүңдү элге билгизбе.
Өкүнүү жагын эч билбе.
Өзөктү тиреп турса да
Өөнүңдү айтпайм эч кимге.

Көп-көп түй балам көңүлгө,
Караба кайыл өмүргө.
Жалкоолук деген ат менен,
Жамаатка жаман көрүнбө.

Карап ал Насил ырымдан,
Кабар ал дайым ыймандан.
Көрсөткөн сыйды атаңа
Көрөсүң кайра балаңдан.

## Атаң сага садага

Бакдөөлөт байкең жөлөгүң
Бал күлкүлүү Бекзаадам.
Бүгүн сага жыл маалы
Бут шилтечи бир кадам!

Канаттуудан калкалайм,
Тумшуктууга чокутпайм.
Сыркоолобой сергек жүр,
Жүрөгүмдү чочутпай.

Чарчап келсем чаалыгып,
Чап жабыша сагынып.
Жыттап канам, эс алып,
Жыпар мончок тагынып.

Ата наамын өчүрбөй,
Ата жолун жолдогун.

Бакыт изде эмгектен,
Басып аска жолдорун.

Мезгил өтсө сен дагы,
Мендей ата болосуң.
Базар болуп балдарың,
Бакыт үйгө коносуң.

Күлчү, каткыр дагы да,
Кубат берсин жаныма.
Аталайсың алыстан,
Атаң сага садага!

## Небереме

Күлкүсү күмүш неберем
Кубанчым толо сен менен.
Көрсөм – деп балам баласын
Көксөткөн мени сен белең.

Жүзүңдөн сүйсөм неберем,
Жүрөгүм эргип термелем.
Кубантып мени койгонго,
Кудайга чексиз тен берем!

Манайы жарык неберем,
Маңдайдан сылап мен келем.
Жагымдуу жыпар жытыңды,
Жыттагым келет дембе-дем.

Жайнаган жарык маанайың,
Жалбарып жыттап алайын.
Сагынткан мени заматта,
Садагаң кетип калайын.

Өмүрүн берсе кудайым,
Бак-таалай сага каалаймын.
Байкеси болгон Байэлдин,
Агасы болгон Нурэлдин.
Алдыңа кетип калайын.

Бактыңа келсе убактың
Бабалар жолун уланткын.
Атанын уулу дедиртип
Чоң атаңды кубанткын.

Асылын сыйлап эл кебин,
Атыңды койдум Нуртегин.
Өкүмү күчтүү Кудайым,
Уулума өмүр, Кут бергин!

## Тумарым

Топчу гүлүм Тумарым,
Топ-топ баскан убагың.
Тоту куштай көркүңө,
Толкунданып турамын.

Тойпоңдогон Тумарым,
Тун кызымдай туямын.
Тоо гүлүндөй жытыңа,
Таңсык менин кумарым.

Торгой үнүн Тумардын,
Талыкпастан угамын.
Кайра-кайра өпсөм да,
Канбайт менин кумарым.

Тили таттуу Тумарым,
Таяталап турарым.
Өрүк гүлүн көргүчө,
Өтүп барат курагым.

Жаркын маанай Тумарым,
Жарык чачып турарым.
Ар-намыстуу улай көр,
Ата-баба туягын.

## Тулпар ат

*(2014-жыл. Жылкы жылында)*

Жаныбарым тулпар ат,
Жал куйругу жайкалат.
Жалпы элиме апкелди,
Жаңы жылдык салтанат.

Шуу-шуу учса шумкар ат
Шамал жетпей арданат.
Күлүктүгү анткени
Саяпкерден тапталат.

Жылжыйт жорго Ак боз ат,
Жал куйругу ак бубак.
Көркөмүнө сөз жетпейт,
Сулуу кыздай суйкаят.

Сүттөй аппак чар-тарап,
Аба таза чаңкаят.
Даңкан учса туяктан,
Дабышынан жалтанат.

Куюн сымал чуркашы
Көз алдыма тартылат.
Мөрөй алып келатат
Манас минген «Тайтору» ат.

Сызып учкан «Окторум»
Сын-сыпатың эң сонун.
Алып учуп кубантат
Аттардан алга озгонуң.

Бакыт,Тынчтык артынат,
Бак даарыган Камбар ат.
Береке сузган жыл берсе,
Баш байге алып даңктанат!

## Бактылуу экен, Бакы аке

Бакы аке, бактың бар экен,
Бактылуу адам зор бекен.
Серептеп көрсөм айлымда,
Сизге тең инсан жок экен.

Баратсаң дагы картайып,
Басканың түптүз кайкайып.
Боюна өңү жарашкан,
Бой жеткен кыздай даңкайып.

Теминип эмгек өтөгөн,
Эл жүгүн төөчө көтөргөн.
Көз жоосун алып заңкайган,
Имарат курдуң көптөгөн.

Келбеген ойго кайдагы
Кыштоодо сарай жайнады.
Маалында куруп жылуу жай,
Малчынын болдуң ардагы.

Байсалдуу жолдо өмүрү,
Булактай тунук көңүлү,
Сиңирип эмгек элине,
Сыйланып келдиң өгүнү.

Жакында жакшы кеп уктум:
Алкышын алып эл-журттун.
Тарыхына дубандын
Жазылыптыр деп уктум..

Турмуштан эч бир кемибей,
Туягың өстү тирендей.
Жаныңызда жубайың,
Жаңы эле келген келиндей.
Жакшылык Кудай кут кылып,
Жаныңыз болсун темирдей!

## Аскараалы агага

Аскараалы агабыз,
Андан биз үлгү алабыз.
Балы да, малы көп экен,
Анын байлыгын кантип танабыз.

Бакыт да, байлык тең өскөн.
Баарынан балы көп өскөн.
Аракет, эмгек жагынан

Асакеге,
Атайда жок ко теңешкен.

Кыйласын кырды ашса да,
Карасаң, чачы капкара.
Арааны жүргөн мезгилди,
«Арстан» деп койгон ат тура.

Сексендеп жашка барса да,
Сылаган мурут капкара.
Күлгүн өмүр кезиндей
Анын,
Күлкүсү чыгат каткыра.

Токсондон ашып калса да,
Төбөдө чачы капкара.
Качанкы сөздү жатка айткан,
Карылык деген жат ага.

Жүргөнү шайдоот жапжаштай,
Жүрөгү деле нак жаштай.
Тендештирип көргөндө
Асаке,
Тун балаң менен жашташтай.

Алтындай өмүр өтсө да,
Акылга калчап иш кылган.
Ак ниет асыл эмгеги
Асакемдин,
Акындык бакка туш кылган.

«Байлык колдун кири» – дейт,
Ал эми балдарың өмүр пири – дейт.
Акындын жазган ырлары,

Артында жанган дили – дейт.
Ырыңдан алсаң кубатты,
Асаке,
Рухуң таза кирдебейт.

## Ырыскыдан калтырбасын Теңирибиз

Көчөмдүн көркү болгон карыларым,
Кулак салчы, мен силерге кайрыламын.
Күлгүн жашымдын гүлү калбай
Кубулууда. Мен ошого кайгырамын!

Төрүмдүн набаттуу ак сакалы,
Татаал жолун жашоонун көп басканы.
Кабыргаңар кайыша карайсыңар,
Тагдырдын өткөнүнө көз салганы.

Айлымдын салабаттуу карылары,
Ай, Күнүңөр учуп барат улам ары.
Көркү кетип жүзүңдү бырыш баскан,
Ким эле каалап турсун мындай жанды.

Кезинде ишибизден балбан элек,
Күндөрүн оор согуштун айткым келет.
Кой кайтарып, эгин айдап, машак терген
Келечек балдарыңа болду белек.

Капкара чач агарды купкуу болуп,
Кулак укпайт, калгандай кулку толуп.
Кылаарга ишибиз жок үргүлөйбүз,
Көзүбүздүн кычыгына уйку конуп.

* * *

Кээ бир күн онтотуп басып калат,
Карт өпкө көк жөтөлдөн азып барат.
Басбасаң да ак дилден кубанасың,
Балтырыңдын шишиги калса тарап.

Көтөрө албай оор жүктү белим ооруп,
Күйүктүрүп көөдөндөн жүрөк тооруп.
Калгандыктан карт денем алсызданып,
Коркомун, бараткандай өмүр соолуп.

Айтылып бүтпөйт биздин арманыбыз,
Арзуунун кыр жолунда калганыбыз.
Андан да «дед-домуна» дегдеңдетип,
Оо, Кудай!
Жетелеп баргызбасын балдарыбыз!?

Мезгил учат билинбей кубалашып,
Мээнет тарта келебиз илкий басып.
Карысак да өмүргө тоё элекпиз,
Калсак дале 90дун белин ашып.

Кезинде, карылыкка жеткирсе деп тиленгенбиз,
Карылыктын дөөлөтүнө темингенбиз.
«Карысы бардын ырысы бар» – дейт элибизде,
Калтырбасын ырыскыдан Теңирибиз.

## «Аалам» эркин газетасына

Абыкеевдин «Ааламы» сермеп канат,
Алды-артын карана учуп барат.
Атанып: «Демократия аралы» – деп,
Аруу менен бет алганы ушу тарап.

Чолпонбектин «Ааламы» сызып барат,
Чолпон Айга жетсем деп кагып канат.
Чоң борбордон чогулган калемгерлер
Чындыкты айткан чылк эле демократ.

Эне тилин өчүрбөй шамын жага,
Эркиндиктин « Ааламы» барат жана.
Эң биринчи аздектеп ийги жагын
Эл-жеринин өксүгүн көрүп даана.

Көп болду, мээни чагып ойлоп келем
Коом деген адамча «ооруйт» билем.
Уксам экен!
Улукмандай «Ааламдан»,
Келечекте ал кеселди соолуйт! – деген.

## Уюган арманым бар

Туш-тарабы бийик тоолор торогон
Түрлүү чөпкө бөксөлөрү оронгон.
Туу чокуну турак кылган «Сайма таш»,
Даңазалуу менин Тогуз-Торомдон.

Орто Азия жунглиси– Кан-Ачуу
Бүт кыргызга даңкы чыккан дагы ушу.
Алла Таала жасаганбы ак дилден,
Алтын-Чөйчөк алтын өзү турушу.

Өрөөнүмдүн кең жайлоосу Ор-Казган
Өтөгүндө малын жайлап эл баскан.
Алдаке, Беш-Көл, Кууган-Төр, Үч-Зындан
Ар биринин тарыхы бар, зор дастан.

Кычырата дарбазасын талкалап,
Жанболотту алып келген Кытайдан.
Жамы журтка Алп Тоок аттуу белгилүү
Элин баккан тилек кылып Кудайдан.

Найза сунбай, кылыч чаппай жоолорго,
Теңиримдин чеби бар Тогуз-Тородо.
Тайлак баатыр коргоп Кытай, Кокондон,
Тастыкталып изи калган тоолордо.

Алардын баарын санап өтө албадым,
Аталар өтөөсүнө жете албадым.
Жүрөк кандан сызылтып ыр жазалбай
Калды ичимде уюган зор арманым!

# МАЗМУНУ

**Повесттер**
Абаскандын арманы ........ 4
Сүтак ........ 40
«Бөйрөк-Кайың» ........ 40
Мааданбек карыя ........ 58
Жалгыздык ........ 82
Кордолгон сүйүү ........ 103
Боздогон боз чымчык ........ 140

**Аңгемелер**
Мимоза ........ 152
Менин медичкам ........ 162
Неберем жана келгин куштар ........ 178
Ак өпкө болдум ........ 185
«Алтын-Чөйчөк» жөнүндө аңыз сөз ........ 189
Торгой чечен ........ 237
Чодуев Чортектин чоң жолу ........ 249
Бейдаба ........ 255

**Жаңы ырлар**
Алтын-Чөйчөгүм ........ 282
Апамдын мүрзөсүндө ........ 283
Жаштыгымдан бир элес ........ 284
Уулума айткан насаат сөз ........ 286
Атаң сага садага ........ 287
Небереме ........ 288
Тумарым ........ 289
Тулпар ат ........ 290
Бактылуу экен, Бакы аке ........ 291
Аскараалы агага ........ 292
Ырыскыдан калтырбасын Теңирибиз ........ 294
«Аалам» эркин газетасына ........ 295
Уюган арманым бар ........ 296

Көркөм-адабий басылма

**Бобукеев Рыскулбек**

**ТАГДЫР ОЗУЙПАСЫ**

*Повесттер, аңгемелер, ырлар*

Бишкек, «Турар» басмасы

*Кыргыз тилинде*

Редактору *Ж. Теңирбергенова*
Компьютердик калыпка салган жана
мукабаны көркөмдөгөн *Р. Төлөбеков*

Басууга 19.08.2015-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 60x84 $^{1}/_{16}$
Көлөмү 18,75 б.т. Заказ № 1318. Нускасы 1000.

---

«Турар» басмасынын басмаканасында басылды.
720031, Бишкек шаары, М.Горький көчөсү, 1.



**БОБУКЕЕВ РЫСКУЛБЕК**

*1943-жылы Тогуз-Торо районунун Казарман кыштагында туулган. 1967-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетинин журналистика бөлүмүн бүтүргөн. Эмгек жолун «Советтик Кыргызстан» газетасында корректор болуп баштаган. 1968-жылы Тогуз-Торо райондук «Жеңиш Туусу» газетасында жооптуу катчы, 1970-жылы областтык «Нарын правдасы» газетасынын өз кабарчысы болуп иштеген.*

*1978-жылдан кийин партиянын Тогуз-Торо райкомунда инструктор, райондук маданият бөлүмүнүн башчысы, райондук «Жеңиш Туусу» газетасынын редактору, кайрадан аталган газетанын жооптуу катчысы болуп иштеп келген. Тогуз-Торо районунун «АРДАКТУУ АТУУЛУ», КРнын маданиятынын мыкты кызматкери.*